ИРИСОВ ПАЙЗИЛДА

# ЫРЧЫЛАР ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

83.3(2Ки)7
И80

Ирисов Пайзилда

# ЫРЧЫЛАР ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

*Жогорку окуу жайларынын кыргыз тили жана адабияты адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби*

Оңдолуп, экинчи басылышы

3808
БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
861057

Бишкек - 2004

ББК 83
И – 80

Басмадан Кыргыз Республикасынын билим берүү жана маданият министрлигинин 2003-жылдын 27-майындагы № 450-1 буйругу менен чыгарылды.

Жооптуу редактор: проф. Ж. Шериев

**Ирисов Пайзилда**
И – 80 Ырчылар чыгармачылыгы: Окуу китеби. – Б.: «Бийиктик», 2004. 212 бет.

ISBN 9967-505-73-7

Окуу китебинде кыргыз элинин тарыхында кеңири өнүгүп келген ырчылык өнөрдүн пайда болушу, функционалдык өнүгүшү жана көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачылыгы жөнүндө сөз болот. Окуу китеби кыргыз тили жана адабияты адистиги боюнча окуп жаткан студенттерге, аспиранттарга жана жалпы эле окурмандарга сунуш кылынат.

И 4603010000 – 01 ББК 83 ББК 83

ISBN 9967-505-73-7

© Ош мамлекеттик университети
© Ирисов П., 2004.

# КИРИШҮҮ

Ырчылар чыгармачылыгы фольклор менен жазма адабияттын ортосундагы өткөөл сыяктуу көркөм чыгармачылыктын тарыхый өнүгүп келген түрү болуп саналат. Кыргыз элинин көп кылымдык тарыхында ырчылык өнөр үзгүлтүксүз өнүгүп жүрүп олтурган. Ошол узак мезгил ичинде бул өнөрдүн көрүнүктүү өкүлдөрү, ырчылардын түрдүү типтери жана функционалдык багыттары пайда болгон. Ошого жараша ырчылар чыгармачылыгынын көркөмдүк-поэтикалык өзгөчөлүктөрүн, тарыхый өнүгүү доорлорун, ири өкүлдөрүнүн чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн камтыган окуу китептери же монографиялык изилдөөлөр аз, же болгон эмес. Мындай багытта сөз кылып жатканыбыздын себеби мезгил өткөн сайын мурда айтылган ойлор, көз караштар, бирин - экин эмгектер өсүп жаткан талаптарга жооп бербей калууда.

Улуу Жеңижоктун бир томдук ырлар жыйнагына[1] жазган баш сөзүндө Чыңгыз Айтматов ырчылык өнөрдү изилдеп, кеменгер ырчылардын чыгармачылыгынын кыргыз элинин рухий өнүгүшүндөгү маани-маңызын ачып берүү адабиятчы-изилдөөчүлөрдүн милдети деп көрсөтөт. Мында жазуучу Жеңижок сыяктуу ырчылардын улуу мурастары көп кылымдык руханий мурас экенин, аларды адилет баалап, изилдеп, өз баасын берүү мезгили келгенин баса белгилейт.

Ырас, адабиятчы-окумуштуулар көптөгөн ырчылардын (негизинен, совет мезгилиндеги - П. И.) чыгармачылыгын камтыган эмгектерди жаратышкан. Айталы, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Калык, Алымкул, Осмонкул ырчылардын чыгармачылыгы боюнча Ж. Таштемировдун, С. Байхожоевдин эмгектери бар. Ал эмгектер бул ырчылардын чыгармачылыгын таанып-билүүдө, маани-маңызын ачып берүүдө чоң роль ойногон жана ырчылар чыгармачылыгынын мындан ары изилденишине жол салган. Ал эми 1988-жылы ошол кездеги Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун илимпоз-

---

[1] Жеңижок. Ырлар. – Ф., 1982

дору тарабынан жарык көргөн «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери» изилдөөнүн андан аркы тереңдеши катары эмес, ошол деңгээлди жалпылоочу гана милдетти аткаргандай таасир калтырат. Мында кеп аталган эмгектин деңгээлинин өйдө-төмөндүгү жөнүндө эмес, анын изилдөө жолундагы ошол мезгилге чейинки түшүнүк - көз караштарды жалпылоо менен чектелгендигинде. Ошол эле учурда ар жагы тээ отузунчу жылдардан тартып эле көрүнүктүү ырчылардын чыгармачылыгына байланыштуу эмгектер, макалалар жазылып келген. Изилдөөчүлөрдүн катарында жалаң адабиятчы - изилдөөчүлөр эмес, жазуучулар, тарыхчылар, философтор, тилчилер да болушкан. Алар ырчылардын жашаган мезгили, өмүр жолу, көз караштары жана белгилүү бир юбилейлерди өткөрүү жөнүндө көп эле жазышкан. Ошол эле учурда ал эмгектер бирдиктүү бир идеологиялык же бийликтеги идеологиянын көзөмөлү астында жаралгандыктан, ырчылар чыгармачылыгы жөнүндө толук жана обьективдүү баа берүүдөн алыс болгон. Тоталитардык бийлик учурунда андан башкача болушу да мүмкүн эмес эле. Анткени улуттун тарыхына, андагы окуяларга, инсандарга кызыгуу мындай турсун, ошол идеология сунуш кылган гана багытта бааланууга, ошол көз караштан гана чечмеленүүгө тийиш эле. Андан башкача болуп, ал көрүнүштүн маани - маңызын кененирээк ачып берүүгө умтулуу, демек улутчулдуктун көрүнүшү катары бааланып, жергиликтүү партиялык уюмдардын негизги иши ушул багыттагы көзөмөл болуп эсептелген. Ошого байланыштуу вульгардык социология өкүмчүл бийлик аткарып, бардык көрүнүштөн таптык умтулууну гана көрө билген. Мындай позиция боюнча В.И.Лениндин: «Ар бир улуттук маданиятта карама-каршы эки багыт: эзүүчүлөрдүн жана эзилүүчүлөрдүн мүдөөлөрүн көздөгөн багыт болот», - дегени негизги жобо катары кабыл алынган. Ал эми жыйырманчы жылдары Владимир Маяковскийдин: «Жаңы революциялык искусство гана керек, Пушкин, Толстойлордун кереги жок» деген жобосу үчүн Ленин өзү аны башка чапкандай кылып, өз тамырынан ажыраган искусство өнүкпөйт деген таризде сокку урбады беле. Бийликтеги идеология орустун классикалык адабиятына тийбей туруп, башка элдердин дээрлик бардыгынан улутчул интеллигенттерди, улутчул акын - жазуучуларды таба билип, алар жөнүндө сөз кылгандарды да жазалаган.

Ырчылык өнөрдүн тарыхында мына ушундай түшүнүктөрдүн натыйжасында Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтар эчак көздөрү өтсө деле эскини эңсеген ырчылар деп айыпталган. Аларды «заманчыл ырчылар, замана агымынын өкүлдөрү» катары түшүндүрүп ке-

лишкен. А чынында, өз заманы, деги эле заман жөнүндө ырдабаган ырчы болбойт. Анткени ар кандай ырчы картайып, айталы, алтымыш жашка келгенде сүйүү, сулуу кыздар, жаштык жөнүндө эскерүү формаларында ырдаса да, негизинен, өткөндөгүнү учурдагыга, ал эми «кемчиликтерге» толгон учурдагыдан бузулуп бараткан келечекти «көрө» билип салыштырышат. Башкача айтканда, жаш кезиндеги турмушту жаркын же идеал заман катары кабыл алышат. Бийликтеги идеологиянын талабы менен муну эскини, болгондо да эзүүчүлөрдүн бийлигин эңсеген кылып көрсөтүшкөн. А чындыгында, ошол эле Калыгул, Арыстанбек, Молдо Кылыч жана башка толгон ырчылар бийлик өкүлдөрүн, байларды, манаптарды эң адилетсиз типтер катары сындашкан, же калың эл менен карама-каршы келген адамдар катары, нравалык тазалыгы жок инсандар катары алардын кулк-мүнөздөрүн айыпташып, туруктуу образдарга айлантышкан. Албетте, алардын Арзымат сыяктуу эшик ырчылары да болгон. Алар өз кожоюнунун баскан - турганынан тартып, үй - бүлөсүнө, мал-жанына чейин мактап, анын көңүлүн аччу эрмеги болгондуктан, эч качан эл эсинде сакталган эмес. Ошондуктан жогорудагы аталган заман жана бийлик жөнүндө ырдаган ырчыларды бүтүндөй эзүүчүлөрдүн бийлигин эңсеген деп айыптоо туура эмес.

Ырас, алар заман жөнүндө көбүрөөк ырдагандыктан заманачыл ырчылар деп аталганы жүйөлүү. Анткени алардын тематикаларында дал ошол заман жөнүндө ырдоо негизги орунда турат. Андай темада ырдоо коомго, андагы өзгөрүштөргө байланыштуу болгондуктан, бардык замандарга тиешелүү формада жана мазмунда болуп, бирде өнүгүп, кайра басаңдап келген. Демек заман жөнүндө ырдоону бир алкакка салып, чек коюуга мүмкүн эмес. Себеби ырчы уруу башчысынын бийлиги жөнүндө ырдоо менен деле өз заманы жөнүндө өз түшүнүгүн чагылтпай койгон эмес.[1] Ал эми заманачыл ырчылар орто кылымдарда ошол кездеги коомдун өнүгүшүнө, андагы карама-каршылыктарга, социалдык адилетсиздикке карата өзгөчө берилүү менен ырдашып, ошондон ушундай ырдоо салты пайда болгон. Ошого жараша кийинки замандардагы ырчылар мурдагылардын ырларын жогору баалашып, ырчынын талантынын, устаттыгынын критерийи катары баалашкан. Борбордук Азияда жашашкан тектеш түрк элдеринин көркөм сөз өнөрүндө да ушундай болгон.

Бийликтеги идеологиянын таасири астында ырчылардын көз караштары гана эмес, жалпы эле эл тарыхы бурмаланып, «оңдолуп»

---

[1] Бул жөнүндө караңыз: КСЭ. II т. – Ф.,1977. 559-560-беттер

жүрүп олтурганы, ал жөнүндө башкачараак көз караштагылар айыпталып келгени белгилүү.

Ошол шартта ырчылардын чыныгы чыгармачылык өзгөчөлүгү, аткарылма поэзиясы, ага байланышкан төгүп ырдоо өнөрү, анын психологиясы, ой жүгүртүү жана талант табияты жөнүндө изилдөөлөр болгон да эмес, болушу да мүмкүн эмес эле. Анын ордуна төгүп ырдаган ырчылардын чыгармачылыгын да, жазма профессионал адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармачылыгын да бирдей же бир катарга коюп талдоо калыптанган.

Төгүп ырдаган ырчы оозеки чыгармачылыктын өкүлү болгондуктан, алар фольклордук - эпикалык мазмунда ой жүгүртүшүп, бардык көрүнүштөрдү, адамдарды, окуяларды ошол негизде элестетишкен. Айталы, Токтогул Ленинди ырдаганда «Жетигиң Ленин куткарды, Жезиттин жаккан отунан», «Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду» деп, социалисттик революциянын теоретик уюштуруучусун эмес, эпикалык баатырды элестеткен. Ал эми Токомбаев сыяктуу реалисттик жаңы адабияттын өкүлдөрү образдык ойлоо менен чыгарма жаратышкан. Алардын чыгармалары ырдоо же концерт катары угуу жолу менен эмес, окуу, терең ой жүгүртүү жолу менен кабыл алынат. Бул - талашсыз чындык. Бирок көркөм сөз өнөрүнүн бул эки түрү тең бирдей изилденип келген. Чындыгында, төгүп ырдоону изилдөө үчүн ырчылык өнөрдүн салты, чыгармачылык психологиясы менен тереңден тааныш болуп, ошол багытта жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдүн тажрыйбасына таянуу талап кылынат. Мында да ырчылык өнөрдүн өзүнө таандык касиеттерин, аткарылма өнөр экендиги менен тыгыз байланышта гана алардын чыгармаларындагы идеяларды байкоо зарыл. Башкача айтканда, ырчынын талантын, төгүп ырдоо психологиясын анын идеяларынан ажыратып кароого мүмкүн эмес. Ага кошумча татаалдык түзө турган дагы бир жагдай - ички аң-сезимге (подсознание - П. И.) же парапсихологияга таандык касиет. Демек, ырчы төгүп ырдап жаткандагы көркөмдүк-поэтикалык акцияда терең, айталы, философиялык идеяларды аңдабай эле төгө берет. Бул оңой менен изилдөөгө болбой турган, жогоруда сөз болгондой, Лениндин революционер экендигин билбей туруп эле, аны туура ырдагандай көрүнүш. Башкача айтканда, ырчы ырдай турган обьектисин терең жана туура аңдап - билбесе да, өзүндөгү көркөм каражат системасына жана дискурсивдик маалымат казынасына таянып, интуиция жолу менен төгө берет. Ал эми көркөм каражаттар, салттык идеяларды ичине алган формулалар ырчылар тарабынан кеңири, кимге болбосун колдонула берген. Маселен, Абылкасым Жутакеевдин «Ленин

кошогу» деген айтылуу ыры 1924-жылы Ленин өлгөндө анын идеяларына бекем баш кошкондукту даңазалоо, үгүттөө ниетинде кыйла эле кызмат кылган десек болот. А бирок акындын ошол ырынан «Ленин» деген сөздү алып салсак, кадимки эле элдик кошоктун тексти келип чыгат, же ал сөздүн ордуна башка кишинин атын атап ырдаса да, ал ыр өз милдетин аткара берет. Демек, ырчынын эс тутумундагы (память - П. И.) даяр көркөм каражаттар менен ыр саптары жөнөкөйдөн татаалга чейинки идеяларды чагылтууга кызмат кылат. Бул турмуштук же сырткы шартка жараша таасирге ээ болору ушул кошоктон байкалып турат.

Ырчылык өнөргө таандык мындай көрүнүштөрдү «Улуу Лениндин өлбөс - өчпөс образын түзгөн» деген сыяктуу сыпаттама сөздөр менен туура келген «ачылыштар» жасала берген. Мындай формулалардын тегин, колдонулушун, көркөм каражаттарын, тарыхый маани - маңызын, кылган кызматын кошо талдоо болбогондуктан, изилдөөчүлөр тарабынан айтылган ойлор үстүртөн жана ишенимсиз болуп, көптөгөн суроолор жоопсуз калып келген.

Кантсе да ырчылар чыгармачылыгы боюнча көзгө көрүнөрлүк эмгек катары 1988-жылы чыгарылган «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктерин»[1] айтуу керек. Мында да биринчи максат - талаш-тартыштардан алыс болуу. Ошон үчүн «очерктер» деп аталат. Очерктин алкагы да, чыныгы илимий изилдөө эместиги да алдын-ала белгилүү болуп, эч кандай орчундуу сын же талаш-тартыш пайда кылбайт. Ошону менен катар «Очерктер» 50-60-жылдардагы түшүнүктөрдүн деңгээлинде жазылып, биографиялык маалыматтарга, бул ак, бул кара дегендей талдоолорго бай. «Легендарлык акындар» деген глава ошол жакты, алыскы тарыхты изилдөөнүн зарылдыгын туюнтуп, калган биографиялык очерктерге караганда дурус деп айтарлык.

Биз мындай ойлорду айтуу менен ал очерктер жыйнагын сынга алуудан алыспыз, ал максатыбыз да эмес. Биздин максат - кыргыз тарыхында көп кылымдар бою өнүгүп келген ырчылык өнөрдү ошол очерктер жазылган мезгилден кийинки изилдөө этабы башталганын, анын зарылдыктарын белгилөө. Ырас, очерктин алгылыктуу жактарына көз жумуп койгондой таасир калбас үчүн аны жок дегенде санап өткөнүбүз оңдур.

Биринчиден, «Очерктер» эл арасында кеңири белгилүү ырчылардын чыгармалары боюнча бай маалыматтарды камтыган.

---

[1] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф.: Илим, 1988.

Экинчиден, эмгекте ар бир ырчынын чыгармачылык өзгөчөлүгү, алган орду, чыгармалары туура бааланып, аларды мындан ары изилдөө зарылдыгын туюнтуп турат.

Үчүнчүдөн, баш сөздө айтылгандай, мурда түрдүү себептер менен изилденбей келген ырчылардын чыгармаларын изилдөөгө жол ачат.

Төртүнчүдөн, изилдөөнүн али кол тие элек жактарын, багыттарын белгилөөгө, изилдөө обьектилерин кеңейтүүгө шарт түзөт.

Эгемендүүлүктүн шарапаты менен мурда изилденбей келген Калыгул, Молдо Нияз, Арстанбек, Молдо Кылыч, Нурмолдо, Молдо Багыш, Казыбек сыяктуу көрүнүктүү ырчылардын чыгармалары жарыяланды. Мунун өзү ырчылык өнөр жөнүндөгү түшүнүктөрүбүздү байытып, жаңыча жана көп жактуу изилдөөнүн зарылдыгын дагы бир жолу айкындап отурат.

Төкмө ырчылардын чыгармачылыгы көп жылдардан бери жогорку, орто окуу жайларында жана орто мектептерде окутулуп келе жатат. Бирок жогоруда белгиленгендей изилдөө иштеринин али бийик деңгээлге жете электигинен улам окуу иштери, колдонмолор жазыла элек. Буга байланыштуу кыскача оюбузду биз да өз кезегинде айткан элек.[1]

Маселенин дагы бири - терминдер жөнүндө. Ырчылык өнөрдү окутуп-изилдөө иштери акырындап жолго коюлуп келатканда терминдер жөнүндө айтылган ойлорду да талдап көргөнүбүз оң. Түпкүлүгүндө кыргыздар кеңири колдонуп келген термин - «ырчы». Бирок, кийин «акын» деген термин да көп колдонулуп, экөө бирдей эмгектерде, макалаларда жазылып келет. Ал аталыштарга канааттанбагандар «төкмө», «төкмө акын», «төкмөчү» деген жасалма терминдерди да колдонуп жатышат. Терминдердин колдонулушу, айрыкча башаламан колдонулушу белгилүү бир татаалдыктарды түзбөй койбойт.

Академик К. К. Юдахин «О киргизском термине «акын»[2] деген макаласында ал терминдин тегине, тарыхына, казак-кыргыздарда колдонулушуна карата ойлорун айткан. Анын тарыхый аныктамасы боюнча «акын» деген терминдин төркүнү уйгур тилинде. Ырас, терминдер тилден тилге жөн эле көчүп өтө бербейт. Бул термин эң оболу жаңы туулган балдарга жакшы тилекте ат коюуга байланышкан. Маселен, «Зуннакун», «Турдакун», «Муслимакун» же жөн эле «Акун»,

---

[1] Актуальные вопросы методики преподавания национального языка и литературы вшколе и вузе. Ырчылар поэзиясын жогорку окуу жайларында окутуу жөнүндө. Макала. Илимий конференциянын материалдары. – Ф., 1982. 40-42-беттер

[2] Юдахин К.К. «О киргизском термине «акын» Китепте: «Академику Гордлевскому В.А. К его 70-летию», – М., 1953, 325-бет

«Акын», «Акынбек» ж. б. Ал эми балага ат койгондо тилек кыла турган касиеттер жөнүндө түшүнүктөр болуу керек. Дал ушул жагынан алганда уйгур тилиндеги «акун», «ахун», «ахунд» сөздөрү менен XVII кылымдан баштап, «эл билген», «эл башкарган», «элди баш коштурган» деген мааниде калк арасындагы кадырман кишилерди аташкан. Уйгур элинин тарыхында алар акылман, ойчул, эл турмушун оңдоо же эркиндикке үндөө жагынан өтө таасирдүү кишилер болуп, алардын таасири, атак-даңкы коңшулаш түрк элдерине белгилүү болгон. «Ырчы» деген термин менен катарлаш «акын» термининин колдонула башташы калыптанган. Кеп терминдердин кайдан келгендигинде же кайсы тилден кайсы тилге өткөндүгүндө деле эмес, кеп ал терминдердин колдонулушунда. Албетте, байыркы «ырчы» аталышы туура да, так да, ийкемдүү да жана жагымдуу да. Бирок эч кимге «ырчыны» колдонуп, «акынды» таштагыла деп таңуулого да болбойт. Анан калса «поэзия» деген сөздү кошуп айтуу менен азыркыга чейин «Акындар поэзиясы» деген туруктуу сөз тизмеги жашап келет. «Акындар поэзиясы» болгондо, негизинен, поэзия жөнүндөгү түшүнүк болуп саналат. Ырчылар өз ырларын ырдашат. Ырлардын тексттери, ырларга таандык эл арасында жашап жаткан ырлар поэтикалык жыйнактарга да кирет, демек ал ырлар окурмандарга да, угуучуларга да бирдей жетет. Ошентсе да анын негизги касиети - «ичинен» чыгарып, төгүп ырдашы. Айталы дегенибиз - ырчынын ырдашы жалаң эле поэзия эмес, жандуу чыгармачылык, ойлом жана чыгармачыл психология.

Дагы бир аталыш - «Ырчылык өнөр». Бул да ырчылык өнөрдү көбүнесе таланттуу инсандардын шык-талантын, ырдоо өзгөчөлүгүн чагылтууга багытталып, ошол касиеттерди биринчи орунга коет. Мында поэтикалык өзгөчөлүктөр, поэтикалык идеялар көз жаздымында калат.

Мындай аталыштардын тилибизге кирип, колдонулуп жатышына орусча ой жүгүрткөн, орус тилдүү адабиятчылардын «Акынская поэзия», «Импровизаторское искусство» деген курулмалары да таасир эткен. Андан биз оңой эле «Акындар поэзиясы» же «Төкмөлүк өнөр» деп которуп алганбыз. Ошол эле учурда пассивдүү болсо да колдонулуп жүргөн «Ырчылар поэзиясы» деген курулма да талапка толук жооп бербейт. Ошондуктан жогорку жана орто окуу жайларында окутулуп жаткан бул сабакты «Ырчылар чыгармачылыгы» деп айтканыбызда туура болчудай. Бул түшүнүк ырчылардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн да, чыгармаларын да камтыйт. Башкача айтканда, ырчыларды өзүнө таандык жеке чыгармачылыкка ээ болгон

талантту инсандар катары таанып, идеяларын, өз заманына карата мамилелерин, көз караштарын, өмүрү менен чыгармачылыгын кеңири изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Улам мезгил өткөн сайын, айрыкча эгемендүүлүк алгандан кийин элибиздин тарыхына үңүлүп кирип, рухий-социалдык өнүгүшүн көп жактуу изилдөө зарылдыгы келип чыкты. Ошол талапка ылайык тарыхчылар, философтор, коомдук илимдин башка тармактарын изилдөөчүлөр бул ишке жапа тырмак кирише башташты. Ырчылар чыгармачылыгына байланыштуу мындайча бир талашсыз чындыкты айтпай коюуга болбойт. Кыргыз элинин бүткүл ишеним-ынанымдары, жашоо, табият жөнүндөгү түшүнүктөрү фольклордук чыгармаларда чагылып келгени талашсыз. Бирок, фольклордогу түшүнүктөр менен идеялар - кылымдар бою келе жаткан туруктуу (статикалык) идеялар. Ал эми ырчылардын ырларындагы ошол эле идеялар - тынымсыз ырдалып, биринен бирине өтүп, жаңыланып, байып олтурган (динамикалуу) идеялар.

Ырчылар чыгармачылыгынын тарыхында түрдүү типтер, жанрлар, өлбөс-өчпөс чыгармалар жаралып, фольклор менен чыгармалардын карым-катышы эч качан үзүлгөн эмес.

Качан гана кыргыз жергесине ислам дини таралганда (тарыхчылардын маалыматы боюнча, биринчи жолу кыргыздар караханийлер заманында Сатук Буура хан Абд аль-Керимдин буйругу менен, андан соң династиялар алмашып олтуруп, экинчи жолу ислам динин Кокон хандыгына киргенде кайрадан кабыл алышкан), жазманы үйрөнгөн кыргыз ырчыларынын арасынан ырдаганын жазып алчу жазгыч ырчылар чыккан. Алар айталы, Молдо Нияз, Тоголок Молдо, Молдо Кылыч сыяктуу ырчылар, негизинен, төгүп ырдаган ырчылар болуп, өз ырларын кагаз бетине түшүрүп, элге окуп берип таратышкан. Алар фольклордук чыгармаларды, элдик көркөм сөз мурастарын жазып алып жыйноо жагынан да көрүнүктүү роль ойношкон. Бирок алардын чыгармачылык өзгөчөлүгү жөнүндө да изилдөөлөр жокко эсе. Болсо да анын жазгычтыгы жөнүндө эмес, өмүр таржымалы, чыгармалары жөнүндө изилдешкен. Бул да өз алдынча жалпылоону, алардын чыгармачылык психологиясына байланышкан касиеттерди, төгүп ырдаган ырчылардан айырмачылыгын аңдап-билүүнү талап кылат. Ошону менен бирге азыркы шартта мурда түрдүү себептер менен чыгармачылыгы изилденбей келген же тыюу салынган ырчылардын чыгармалары жыйналып, жарык көрө баштады.

Мына ушул сыяктуу фактылар ырчылар чыгармачылыгы боюнча жогорку окуу жайларынын кыргыз филологиясы адистигинде окуп

жаткан студенттер үчүн атайын окуу китебин түзүү зарылдыгы келгенин айгинелеп олтурат. Ушул максатта биз 1997-жылы көп жылдык окутуу, изилдөө тажрыйбаларга, пайда болуп жаткан тексттерге таянып, атайын программа түзүп чыгарган элек.[1] Ырас, мурда деле фольклор жана кыргыз адабияты боюнча чыгарылган программаларда ырчылар чыгармачылыгына да орун берилип келген. Аларды да эске алуу менен, ырчылык өнөрдүн өзгөчөлүктөрүн, өнүгүү доорлорун, изилденишин жана орто кылымдардан берки өкүлдөрүн камтыган программа түзүүгө аракет кылганбыз.

Эми ошол программанын негизинде ырчылар чыгармачылыгы боюнча эки маселени, атап айтканда, жалпы тарыхый теориялык жана жекече чыгармачылыкты талдаган окуу китебин түзүүнү ылайык көрдүк.

Ырас, бул алгачкы аракет болгондуктан, сөзсүз түрдө кемчиликтер болбой койбойт. Айрыкча, тарыхтын тактала элек этаптары, доорлору жана кыргыз ырчыларынын чыгармачылыгына мүнөздүү психологиялык, философиялык маселелерди изилдөө тажрыйбасынын жоктугу сөзсүз түрдө ишибиздин мазмунуна таасир этиши талашсыз.

Анан калса, кыргыз профессионал жазма адабияты боюнча түзүлгөн программалар, окуу китептери боюнча да бир топ талаш-тартыштар пайда болгон. Маселен, «тиги жазуучу программага эмне үчүн кирет да, бул жазуучу эмне үчүн кирбейт, ошончолук чоң окуу китебинен тиги жазуучуга мынча орун берилет да, бул жазуучуга андай орун берилген эмес» деген сыяктуу талаштардын изи суутганына аз эле убакыт болду.

Ырчылар боюнча деле ошондой талаштар чыкпай койбойт. Анткени, эң оболу - адабиятчылардын түшүнүктөрү ар түрдүү жана ошого жараша деңгээлде. Бирок андан да күчтүү «аргумент» - жердешчилик. Мындан өткөн илдет жок. Мунун таасири ушунчалык, деги көпчүлүк эмгектерде авторлор обьективдүүлүктөн алыстап, теңдемечиликке бет бурушат. Же болбосо Калыгулдан тапкан философиялык идеяларын Ысак Шайбековдон да «табат». А чындыгында, бул ырчылык чыгармачылык өзгөчөлүгү тарыхый окуяларды талдап эмес, ырга айлантып айтып берүү менен байланышкандыгын, мындагы идеялар философиялык рационалдуу ой жүгүртүү эмес, элдин башына түшкөн кайгылуу окуяны баяндап берүү аркылуу ага боорукердик сезимин билдирүү экендигин, ал аркылуу жазгыч акын терең гуманизмдин көмүскө туруп, өзү жеткире айтпаган түрүн чагылтып жат-

---

[1] П. Ирисов. Ырчылар чыгармачылыгынын программасы. ЖОЖдордун кыргыз филологиясы факультетинин студенттери үчүн. – Ош., 1997

кандыгын билип турса деле бирдей баалоого умтулушат. Баарынан да мындай мисалдардын арбындыгы өкүнтөт.

Үчүнчүдөн, эгемендүүлүктүн шарапаты менен кыргыз тарыхында же ырчылык өнөрдүн тарыхында кандай гана инсан болбосун «улуу» деп көрсөтүү, ар кандай жол менен актап көрсөтүү аракеттери башталды. Сыягы бул процесс да азыркы багыты менен көпкө созулат көрүнөт. Бул, албетте, иргеп-ылгап чыгып, адилет баалоодон алагды кылып, алыстатпай койбойт. Ал деле азыркы өнүгүшүбүзгө мүнөздүү көрүнүш. Аны баштан кечирмейин кийинки сапаттык деңгээлге өтүү мүмкүн эмес.

Төртүнчүдөн, белгисиз ырчылардын, акталган ырчылардын чыгармаларын жыйноо, тактоо, изилдөө иштери бир беткей же бир багытта - жалаң гана даңазалоо багытында – жүрүп жатат. Мында да алардын өмүрүнө, чыгармачылыгына байланышкан маалыматтарды жыйноодо да бурмалоолорго жол берилбейт деп айтуу кыйын. Айтор жандуу процесс башталды. Анын жүрүшү улам тактыкка, объективдүүлүккө умтулуу менен коштоло бермекчи. Ошондой жол менен гана сапаттык жакка өтүшүбүз камсыз болот.

Ушуга байланыштуу дагы бир ой - окуу китебине, мындан аркы программаларга тарыхта белгилүү болгон ырчыларды тандап кийирүү маселеси. Мында табигый түрдө ар бир ырчынын деңгээлине, идеяларына, чыгармаларына жараша тандалышы - бештен белгилүү нерсе. Бирок көпчүлүк ырчылардын эл эсинде сакталган атакдаңкы гана бар, бирок чыгармалары аз. Бул айрыкча орто кылымдагы кыргыз ырчыларына мүнөздүү. Ал эми азыркы ырчылардын чыгармачылыгына кайрылсак, алар азыркы заман, бийлик, нарк-насил, мораль-этика маселелери «мени ырда» деп «сураныл» турса деле, Токтогулдун, Жеңижоктун, Калыктын, Осмонкулдардын кеңири белгилүү ырларын, айтыштарын кайра кайталап аткаруу менен чектелишет. Натыйжада алар өздөрү жараткан мыкты чыгармалары менен эмес, башка ырчылардын ырларын аткаруу, аларды элдин эсине салып эскерүү менен белгилүү болуп келе жатышат. Изилдөө үчүн бул да өзүнчө татаалдык түзбөй койбойт. Китепте мындай көрүнүштөрдү да талдоого аракет жасалат.

Ырчылар чыгармачылыгы кыргыз элинин көөнө тарыхында анын тарыхый окуялары, өнүгүшү, ой жүгүртүүсү, жалпы ишеним-ынанымдары менен байланышта өнүккөндүктөн, тарых, философия, фольклор боюнча жарык көргөн илимий эмгектер, көркөм сөз өнөрү, айрыкча, анын оозеки (аткарылма) түрлөрү боюнча башка элдерде (айрыкча, тектеш элдерде) пайда болгон илимий-теориялык изилдөөлөр

бизге көмөк көрсөттү. Бирок өзүбүздүн изилдөөчүлөрдүн эмгектери жакындан жардам берип, багыт берүүчү кызмат аткарды. Ал эми бул өнөрдүн узак тарыхында атайын изилдөөлөр болбогондуктан, кай бир ойлор, бүтүмдөр жана корутунду пикирлер белгилүү ченде божомол, гипотеза түрүндө айтылды. Андай ойлор салт түрүндө шилтемелер менен коштолуп жүрүп олтурушу абзел болчу. Анын ордуна эркин ой жүгүртүү, кененирээк түшүндүрүү ыкмаларын кийинки доорлордо жашаган ырчылардын ырларынан ылайыктуу мисал келтирүү менен далилдөөгө аракет кылдык.

Жогоруда терминдер жөнүндө сөз кылганда ар бир учурда ыңгайына жараша терминдерди колдоно билүү, тактык үчүн анын зарылдыгын айтып өттүк. Ошентсе да, «ырчылар чыгармачылыгы» жана «ырчылык өнөр» деген курулмалардын колдонулушу орундуу жана ийкемдүү экендигин дагы бир жолу белгилейбиз. Анткени, термин-дин биринчисинде ырчылардын жеке чыгармачылыгы жана чыгармалары жөнүндө көбүрөөк сөз болсо, «ырчылык өнөр» дегенде жалпы эле кыргыз тарыхындагы бул өнөр - ырчылык талант, ырчынын ой жүгүртүүсү жөнүндө сөз болору айдан ачык болду.

## ЫРЧЫЛЫК ӨНӨРДҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Ырчылар чыгармачылыгы дегенде кыргыз элинин тарыхында даярдыксыз төгүп ырдоо жолу менен чыгармалар жараткан инсандардын көркөм-поэтикалык өнөрүн түшүнөбүз. Бул сабакта ошол өнөрдүн тарыхын, өзгөчөлүктөрүн жана өнүгүшүн окуп үйрөнөбүз. Сабактын предмети болуп кыргыз тарыхында жашап өткөн жана азыр жашап жаткан ырчылардын ырлары саналат. Ошондой эле бул сабактын алдына койгон максаты - ошол узак тарыхта пайда болгон чыгармаларды, андагы ырчылардын идеяларын талдап үйрөнүү.

Көчмөн элдердин тарыхында фольклордун ойногон ролу, алган орду эбегейсиз зор. Дүйнөдөгү көчмөн уруулардын далайын изилдеп, байыркы мифологиялык - анимисттик түшүнүктөрдүн пайда болушу аркылуу этнография илиминин өнүгүшүнө чоң салым кошкон XIX кылымдагы англиялык окумуштуу Эдуард Тейлордун ролу теңдешсиз. Анын анимизмди диндин пайда болушундагы негизги булак катары эсептеген теориялык бүтүмдөрү күмөндүү болгону менен, ал топтогон ченемсиз бай маалыматтар өзүнөн өзү баалуу. Эң кызык жери Эдуард Тейлор орус окумуштууларынын кыргыздар жөнүндөгү маалыматтары менен кеңири тааныш болгон сыяктуу. Ал минтип жазат: «Русские в Сибири, прислушиваясь к разговору грубых кир-

гизов, были поражены безпрерывным потоком поэтической импровизации этих варваров и говорили: «Что бы эти люди ни увидели, у них все вызывает новые фантазии».[1] Биринчиден, бул - кыргыздардын тарыхында төгүп ырдоо салтынын күчтүү өнүккөндүгүнүн, айрыкча XIX кылымда чексиз бийиктикке жеткендигинин далили. Ал эми «грубые», «варвары» дегенин орустар барганда чочулагансып, ал эми кой союп, конок кылса «варвар» катары салыштырмалуу, маданиятсыз болуп көрүнгөнү байкалат.

Кеп кыргыздардын андай болуп көрүнгөнүндө эмес, төгүп ырдап, бардык нерсеге поэтикалык фантазиясы менен карап, ыр жаратканында.

Окумуштуунун бул айткандарынан кыргыз ырчыларынын чыгармачылыгы жана анын XIX кылымдагы деңгээли жөнүндө элестете алабыз.

Бул маалымат аны менен эле чектелбейт. Мында ырчылык өнөрдүн келип чыгышы, өнүгүш тарыхы жөнүндө да логикалык ой жүгүртүүгө мүмкүндүк бар. Бир гана түшүндүрмө берчү жагдай: Тэйлор да XIX кылымдагы илимий адабиятта туруктуу мүнөзгө ээ болгон батыш Сибирден тартып, Борбордук Азияга чейинки чөлкөмдө жашаган түрк элдеринин «кыргыз» деп аталышын колдонот. Бул балким, анын ошол элдерди бири-биринен айрып билбегендиктен, орус окумуштуулары колдонгон аталышка таянгандыгы. Чындыгында, аталыш деле, ал элдердин айырмачылыгы деле окумуштууну анчейин кызыктырбайт, көңүл бурчу негизги маселе - кыргызбы, башкабы төгүп ырдоо болуп, аны Тэйлор байыркы мифтердин пайда болушундагы бирден бир каражат катары карагандыгы. Ырас, мифтердин пайда болушуна негиз болуп берчү нерсе - байыркы түшүнүктөр. Алар өз учурунда табият көрүнүштөрү жөнүндө ой жүгүртүүдөн келип чыгат. Ой жүгүртүүнүн ичине түрдүү деңгээлдеги таасирлер да кирет. Маселен, коркуу, таңдануу, кубануу ж.б. Ал эми ошол таасирлерден улам пайда болгон түшүнүктөрдү кийинки муундардын кабыл алуусуна жеткирүүдө жана бекемдөөдө төгүп ырдоонун жана ырчылык фантазиянын ролу, чынында да, Тэйлор айткандай, эбегейсиз чоң. Анткени ал байыркы түшүнүктөрдү, канчалык адепки уютку болбосун, идеялык-көркөмдүк жагынан байытып, анын таасирдүүлүгүн күчөтүп жүрүп олтурат. Бир эле мисалды - «Кожожаш» эпосун алып көрсөк, анын идеялык катмарында байыркы анимисттик түшүнүктөрдөн тартып, мифке айланганга чейинки узак тарыхты

---

[1] Э. Б. Тэйлор. Первобытная культура, – М., 1989, 141 бет

көрүүгө болот. Ал байыркы адамдардын, мейли канча муун өтпөсүн, аракети менен эмес, биринчи иретте ырчылардын өнөрү менен өлбөс-өчпөс эпоско айланган.

Кыргыз тарыхында өнүгүп келген ырчылык өнөр - дүйнөлүк масштабда же жалпы адамзат жараткан искусствонун системасында да өзүнө таандык орду бар көркөм поэтикалык өнөрдүн бири. Анын кылымдар бою жашап келип, өз тарыхында албан-албан «Манас» сыяктуу эпосторду жаратышы (аны жандуу өнөргө айлантышы) бүткүл бир элдин бардык ишеним-ынанымдарын, менталитетин чагылтып келиши - бул өнөрдү дүйнөлүк деңгээлде баалоого негиз боло турган факторлор. Дагы бир жагдай жөнүндө айтпай коюуга болбойт. Көркөм чыгармачылыктын психологиясын же 60-жылдары кеңири колдонулган «психология мышления» деген багыт боюнча изилдөө жүргүзгөн илимпоздор дал ушул ырчылардын төгүп ырдап жаткан процессин изилдешкенде алардын иштери абдан натыйжалуу болмок. Ал окумуштуулардын көпчүлүгү америкалык, европалык психологдор болгондуктан, ырчылар жөнүндө түшүнүктөрү да жок эле. Ошондуктан алар математик-окумуштуулардын, чыгаан шахматисттердин ой жүгүртүүсүн изилдөө менен чектелишкен. Болбосо, айталы «Манас» айтуу, ырчылардын өз ара айтышы, төгүп ырдашы алар үчүн чети оюлгус «материал» болуп бермек да, ошол илимдин мазмундуу өнүгүшүнө өбөлгө түзмөк. Чындыгында, андай өбөлгө болуш үчүн да өзүбүздө ушул багыттагы изилдөөлөр болуп, орус тили аркылуу башка чөйрөгө да жеткен болуу керек эле. Маселен, анын да далил-фактылары бар эле. «Манас» эпосун кыргыз тилинде окубай туруп эле орус тилинде сыпаттап жазылган эмгектер боюнча сюжет-образдары менен таанышып чыккан В. Жирмунский «Введение в изучение эпоса «Манас» деп эмгек жазбадыбы.

Ырчылык өнөр ошончолук көп тармактуу өнүккөн өнөр болгондуктан, биринчи иретте анын кантип пайда болгону жөнүндө суроо туулат. Ырас, фольклордук, байыркы бешик ырлары, эмгек ырларынын келип чыгышын теоретиктер биринчи иретте ыргакка, уйкашка, эмоцияга байланыштырышат. Элдик ырлардын, анын туруктуу обонтексттеринин аткарылышы жогоруда айтылгандай статикалуу мүнөзгө ээ болуп, адепки келип чыгышы жана өнүгүшү турмуштук зарылдыктар менен коштолгону талашсыз. Ал эми ырчылык өнөрдүн, ырчылардын пайда болушу – жандуу процесс же динамикалуу көрүнүш. Тил менен кеп, же сөз өнөрү адамдын өзүнүн өнүгүшүнө байланыштуу дайыма эле болуп келген сыяктуу ырчылык өнөрдүн элементтери, жөнөкөй түрлөрү жана этаптары да дайыма эле болгон. Бирок ыр-

чынын ырдаганы катардагы угуучулардын ырдаганынан айырмаланып, сапаттык белгилерге ээ болуп, өнөргө же чыгармачылыкка айланышы үчүн бир нече жагдай керек. Айталы, мурдатан белгилүү элдик фольклордук ырларды күнүмдүк рухий турмушта, той-жыйындарда аткарып келишет. Ошол бир калыптагы аткаруу да угуучулар тарабынан бааланат, жактырылат, же тескерисинче, кайдыгер калтырат. Эң негизгиси, ырчылар аларды жөн эле ыр угуп, эмоционалдык канааттануу менен чектеп койбой, угуучулук активдүүлүккө да үйрөтөт. Угуучулар белгилүү ченде ырчынын ырын баалоочуларга жана сындоочуларга айланышат. Дал ушунун өзү эле ырчыларды да жакшы ырдоого, жагымдуу ырдоого түртөт. Алар мурда белгилүү гана ырларды аткарып жүрүшсө, эми алар өз репертуарын байытууга, элдик ырлардын ар түрдүүлөрүн аткарууга өтүшөт. Сыягы, бул да тарыхый узак жашаган процесс болуу керек. Анткени аткаруучулук өнөр – али көркөм чыгармачылык же чыгарма жаратуу өнөрү эмес. Башкача айтканда, аткаруучуулуктун өзү деле – жөнөкөйдөн татаалды көздөй өнүккөн, көркөмдүк-эстетикалык сапатка, жеке чыгармачылыктын элементтерине ээ болгон өнөр. Бул жагынан алганда аткаруучулуктун да жекече талантка, инсандык психологияга байланышкан касиеттери бар. Мисалы, кыргыз комузчулары же дүйнөлүк музыканын чебер аткаруучулары кайталангыс талантка даяр чыгармаларды аткаруу менен жетишкен. Маселен, өзүнө чейинкилердин күүлөрүн аткаруу менен, Карамолдо улуу өнөргө ээ болгон. Ал укмуштай чеберчилик менен аткарган күүлөр анын өзүнө ыйгарылып, аткаруучулук өнөрү анын жеке чыгармачылыгына айланган. Дүйнөдөгү көптөгөн скрипач же пианисттердин чыгармачылыгы жөнүндө да ушуну айтууга болот. Ал эми кыргыз ырчылары жөнүндө дал ушундай деп кесе айтуу кыйын. Анткени аларга чейинки кээ бир санат, насыят, терме ырларын аткаруу өзүнчө салт болуп келген. Бирок түпкүлүгүндө ырчы биринчи иретте өзүнүн ыр чыгаруусу менен же төгүп ырдашы менен бааланат. Ошол эле учурда терең идеяларды, жалпы элдик мүдөөнү чагылткан санат-насыят, терме ырларын аткаруу менен да, алар көөнөрбөс атак-даңкка жетишкен. Демек, аткаруучулук өнөрү да жеке чыгармачылык пайда болгонго чейинки жана аны менен биротоло туташып кеткен көрүнүш. Көрүнүктүү ырчылардын кайсынысын албайлы, аткаруучулукту өзүнүн жеке чыгармачылыгы менен терең байланыштырганын көрөбүз. Бул жерде негизги айталы дегенибиз - ырчы жеке чыгармачылыкка ээ болгонго чейин же жалпы эле ырчылык өнөрдүн пайда болушунда дал ошол аткаруучулуктун көп жактуу ролу болгондугун белгилөө.

Аткаруучулук өнөрү ырдоого шыктуу индивиддердердин ой жүгүртүүсүнө, эске тутуусуна, аткаруусуна жана жалпы аткаруу чеберчилигине таасир этип, ырчынын ырчы болушунда чоң роль ойнойт.

Ырчынын ырчы болуп калыптанышы да элдик ыр болобу, башка ырчылардын ырлары болобу эл арасында аткарып ырдоо менен башталат. Бара-бара анын ырчылык шыгы калыптануу менен, өзү да кошуп ырдаганга үйрөнөт. Ырчылардын бири-бирине окшобогон жеке касиеттери бар сыяктуу эле алардын ырчы болуп калыптанышы да эч качан бири-бирине окшош болбойт.

Көркөм чыгармачылыктын психологиясы боюнча балада поэтикалык-көркөмдүк алгачкы шык, жөндөмдүүлүктөрдүн ойгонушу түрдүү шартка жараша болот. Маселен, жалбырактардын желге кыймылдашы аны көрүп турган кичинекей же бешикте ойгоо жаткан балада түрдүү реакция пайда кылат. Эгерде ошол замат энеси келген болсо, андан кийин ошол аракет көп жолу дал ошол мезгилде кайталанган болсо, балада эненин элеси, жагымдуу үнү анын таанып-билүүсүнөн тартып, түрдүү эмоцияларынын чыгышына, энеге карата сезимдеринин күчтүү болушуна алып келет. Ал эми жалбырактардын кыймылы эненин жагымдуу элесин түзүүчү элементтин ролун аткарат. Андан ары бешикти бир ыргакта терметүү, ага эненин алдей айтышынын бир тактта коштолушу сыяктуу фактылар да балада ыргакты сезүүнү калыптандырат. Андан ары, маселен, Жеңижокту же Токтогулду ошол бала деп эсептесек, анда алардын ат мингенин, комуз чертип үйрөнгөнүн, ырчылардын ырдаганын, ата-энелеринин аларга жагымдуу мамилесин ырчыларга алып барып, өздөрүнүн үмүттилектерин айтышын элестетип көрсөк, алардын ырчы болуп кетишин оңой эле түшүнөбүз.

«Манас» айтуучулардын дээрлик бардыгы түш көрүп, түшүндө Каныкей менен Бакай же Манастын өзү кайрылып, анын манасчы болушун айтканынан улам манасчы болуп калгандарын эскеришет. Бул да – чыгармачылык психология менен көркөм-поэтикалык ойломдун акылга сыйбаган кереметі. Мында да улуу эпостун ар бир кыргыздын ойломун, жан дүйнөсүн ээлеп алган фантастикалык күчү көрүнүп турат.

Кыргыздар кылымдар бою көчмөн эл болгон. Көчүп-конуп жашоодо отурукташып жашаганга салыштырмалуу фольклордун ролу алда канча жандуу жана жогору болот. Тарыхый изилдөөлөргө таянсак, көчмөн турмушта көркөм-поэтикалык фантазиянын өнүгүшүнө, үзгүлтүксүз иштешине ыңгайлуу шарт түзүлөт. Анткени көчмөн турмушта табият кооздугуна суктануудан тартып, жашоонун түрдүү

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
...ерситета

көрүнүштөрү менен тирүүлүктүн жыргалын сезүү, мал-жанга канааттануу сыяктуу рухий турмуштун «кыймылдаткыч күчтөрү» дайыма аракетте болот.

Ал эми көчмөн турмуштун өзү адамдардын бири-бирине жардамдашуу, жакшы мамиледе болуу, жер-жайыттарды тандап жамаатташ болуу, каршылашкан топторго каршы биргелешип күрөшүү, куда-сөөк болуу сыяктуу турмуштук зарыл аракеттерге жыш толуп, уруулардын келип чыгышын шарттайт.[1] Бирок бир нерсе дайыма эсте болуу керек: уруулар эч качан бир мезгилде келип чыкпайт жана бирдей өнүкпөйт. Уруунун өз алдынча бекем этникалык топ болуп калыптанышы үчүн да далай мезгил өтүүсү абзел. Адатта уруунун биримдик негизде өнүгүшү жана бекемделиши үчүн анын тарыхый окуяларын, инсандарын, каада-салтын иргеп-ылгап, ошол топтун кызыкчылыгы үчүн кызмат кылдыра турган жандуу аракеттердин болушу зарыл. Биринчи иретте ал милдетти эң адилеттүү деп аталган санжырачылар аткарышат. Алар - эс тутуму жагынан катардагы угуучулардан айырмаланып турган оозеки сөз өнөрүнүн өкүлдөрү. Эгерде фольклор же сөз өнөрү кийинки замандарда өнүккөн көркөм жазма адабияттын көп кылымдык өзөгү болсо, санжыра өнүккөн тарых илиминин өзөгүн түзөт. Бирок санжырачынын чыгармачылыгы же өнөрү уруунун өз алдынчалыгы, тарыхый окуялары, адамдары жөнүндөгү маалыматтарды эскерип, көркөмдөп айтып берүүдөн турат да, башка уруунун ошондой маалыматтары менен аралаштырып жибербей, дайыма алардын так болушу үчүн кам көрөт.

Санжырачылардын маалыматтары да угуучуларга өтө таасирдүү болуп, алар андагы айтылгандарды чыныгы маалымат катары сактап, жактап алганга аракет кылат. Санжырачылар уруунун калыптануу жана өнүгүү тарыхында маанилүү роль ойноп, белгилүү деңгээлде ал процесске өз салымын кошот. Бирок алардын тематикалык багыт жагынан чектелгендиги умтулууларынын жана аракеттеринин бир жактуу болушун шарттайт. Буга байланыштуу уруунун рухий турмушу тиричиликтин өнүгүшү менен кеңейип олтурат да, дал ошол рухий турмушта жаңы зарылдыктардын пайда болушуна алып келет.

Бирок уруунун калыптанышынан тартып, бүткүл тарыхында негизги роль ырчыларга таандык. Анткени ал уруунун турмушундагы бардык окуяларды, фольклордук чыгармаларды, мифтик тексттерди, түшүнүктөрдү, адат-салтты ошол уруунун кызыкчылыгы үчүн

[1] Бул жөнүндө караңыз: Абрамзон С.М. Киргизы и их этно-генетические и историко-культруные связи. – М., 1971.

дайыма сактап, аткарып, алардын унутулбай жашай беришине шарт түзүшөт. Дал ошондуктан кыргыз урууларынын тарыхында ар бир уруунун өз ырчысы болгон. Ал бир гана ырчы эмес, тарыхый жагынан да, бир эле мезгилдеги саны жагынан да уруу ырчылары өз уруусуна анын салттарына чыныгы берилген ырчылар болуп, бул өнөр көптөгөн кылымдар бою ошол багытта өнүгүп келген. Анын репертуары, тематикалары, «программалык» түшүнүктөрү өз уруусу менен чектелген. Өз уруусун даңазалоо, башка уруулардан жогору коюу ырчынын чыгармачылык милдетине кирген. Андай багыттагы милдеттер кеңейип олтуруп, маселен, башка уруунун кемчиликтерин ырдоо же анын ырчысы менен айтышуу аркылуу ырчынын жекече кадыр-баркын көтөргөн. Уруу ичинде же уруулар аралык кадыр-баркы көтөрүлүп, атак-даңкы чыккан ырчы уруу башчысынан да таасирдүү болуп, уруунун сыймыгына айланат.

Ошол деңгээлге жеткирүүчү ырчылык касиеттер кайсылар?

Биринчи иретте, албетте, урууга түздөн-түз байланышкан темалар. Бирок, эң негизгиси - ырчылык өнөрдүн сапаттык деңгээлин аныктоочу жанрлар: санат-насыят, терме ырлары, айтыш ырлары, айтыштардын ичинен алым-сабак жана суроо-жооп айтыштары өзгөчө жогору бааланат. Анткени уруу ырчылары башка уруунун ырчысы менен айтышканда ар кандай ыкма колдонуп, жеңүүнү гана көздөйт. Ошондуктан айтыштын мындай түрлөрү интеллектуалдык мазмуну боюнча башка түрлөрдөн жогору турат да, мындай айтышка бардык эле ырчы түшө бербейт. Анткени мындай айтышка түшүү үчүн элдик мораль-этика, акылман ойлор, тарыхта жашап өткөн акылман инсандардын идеялары же философиялык ойлору менен тааныш болуп, диний түшүнүктөрдү да билген болушу зарыл. Андай темада ырдоо жалпы элдин мүдөөсүнө туура келгендиктен, алар тараптан колдоого жана жактырууга ээ кылат.

Демек, ырчылык өнөрдүн катардагы аткаруучулуктан өнүгүп чыгышы өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Дегинкисинде «ырчы» дегенде ырдагандын баары эле ошондой түшүнгөн мезгил болгон. Анткени мында татаал нерсе жок: «ыр» өз алдынча түшүнүк, ал эми «ырчы» - ырдай турган киши. Бул «орок» - «орокчу», «өтүк» - «өтүкчү» дегендей «ырчы» атакка конушундай жөнөкөй түшүнүк эмес, алда канча татаал түшүнүк. Көркөм чыгармачылыктын тарыхы жана пайда болушу жөнүндөгү илимде «индивидуалдык (жекече) чыгармачылык» деген түшүнүк бар. Көркөм чыгармачылыктын кайсы түрү болбосун ошондон өзүнө гана таандык чыгармачылык касиеттерге ээ болгон же болбосо калк керектөөчү чыгармалар жарата алган инсанды ошон-

дой киши деп эсептешет. Андай киши өзүнүн күнүмдүк турмушунда чыгарма жаратуу менен алек болот да, массалык пайдалануучулардан ошонусу менен айырмаланып турат.

Ырчылык өнөрдүн тарыхына ой жиберип көрсөк, дал ошондой мезгил IV-VIII кылымдарга болжолдуу түрдө туура келет. Биз мында эмнеге таянабыз? Байыркы орхон-енисей жазма эстеликтери, кыргыз ханы Барсбектин урууларды баш коштурууга жасаган аракеттери, жалпы эле талоончул душмандарга каршы күрөшүү тактикасы унутулбай, же биротоло калып кетпей муундан муунга патриоттук, адилеттик түшүнүк-сезимдер катары калыптанышы логикалык негиз болуп берди. Муну сыпаттап көрөлү.

Дегеле шарттуу түрдө ырчылык өнөрдүн өнүгүү тарыхын мындай доорлорго бөлүштүрүү жана тарыхый өнүгүүнүн маалыматтарына таянуу аз да болсо түшүнүгүбүздү кеңейтет.

Маселен, кыргыз тарыхындагы түшүнүктүү ажо Барсбек жөнүндө ырчылар даңазалап ырдаган эмес, же болбосо Орхон Енисей жазма эстеликтери байыркы калыбындай акылмандар тарабынан түзүлгөн эмес деп четке кагууга, ага далил кана, эмне үчүн цитата келтирилбейт деп талап кылуу да логикага туура келбейт. Каралып жаткан маселеге түздөн-түз тиешеси бар маалыматтар болбогондуктан, кыйыр түрдөгүсүнө же болжолго таянууга туура келерин жогоруда белгилегенбиз. Мына ошол мезгилдеги түркий тилдердеги элдердин поэзиясы жөнүндө профессор И.В.Стеблеванын изилдөөлөрү да эң оболу дал ушундай божомолдоолордун, салыштыруунун жана логикалык ой жүгүртүүнүн негизинде пайда болгон.[1] Ал эмгектерде да жөнөкөйдөн татаалды көздөй же изилдөөнүн чыныгы илимий жолу менен изилдөөчүнүн аргументтерин ишенерлик деңгээлге жетип, ошол процесстер жөнүндөгү туура түшүнүктөрдүн калыптанышын шарттап отурат. Маселен, 1965-жылы жарык көргөн «Поэзия тюрков VI - VIII веков» деген эмгегинде И.В.Стеблева байыркы түрк адабияты жөнүндө анын таралуу чектери, текстик өзгөчөлүктөрү, стилдик жактан оозеки поэзияга жакындыгы сыяктуу маселелерди козгойт. Ал эми 1976-жылы чыккан «Поэтика древнетюркской литературы и ее трансформация в раннеклассический период» деген эмгегинде мурдагы ойлорду, божомолдорду далил менен аргументтик деңгээлинде пайдаланат.

Бул демек, туура ой жүгүртүү менен логика айкашканда ишенимдүү натыйжа чыгаарын далилдеп турат. Ошол эле учурда мын-

---

[1] Стеблева И.В. Поэзия тюрков VI-VIII-веков. – М., 1965

дайча ыкмалар аркылуу жаралган бүтүмдөр менен далилдердин баасы барган сайын артып отурары, эң негизгиси, кийинки алда канча сапаттуу изилдөөлөргө шарт түзөрү бештен белгилүү. Ошону менен бирге азыркы учурдагы изилдөөлөр ар кандай идеологиялык кысым-тыюулардан эркин болгондуктан, өзүбүздө, коңшулаш элдерде жана алыскы чет өлкөлөрдө пайда болуп жаткан ой-пикирлер менен байып, такталып жүрүп олтурат. Маселен, белгилүү адабиятчы академик А. Эркебаевдин жаңы эмгеги[1] буга мисал боло алат.

## ЫРЧЫЛЫК ӨНӨРДҮН ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮШҮ ЖАНА ПСИХОЛОГИЯСЫ

Ырчылык өнөрдүн тарыхый өнүгүшүн болжолдуу түрдөгү доорлорго бөлүштүрүп кароо да ошол өнөрдүн, уруунун рухий социалдык турмушуна байланыштуу өнүккөндүгүн билдирет. Башкача айтканда, бул да өзүн актаган ыкма болуп саналат.

Эң оболу уруулук доордун тарыхындагы IV-VIII кылымдарда ырчы сыяктуу аткаруучулар элдик оозеки чыгармачылыктын нускалуу үлгүлөрүн ылгап-тандап алып, эл арасында аткарып жүрүшү дал ушул доордо өз чыгармачылыгына ээ болгон ырчылардын пайда болушуна алып келген. Анын эң биринчи шарты - ошол аткаруучулар ар бир уруунун тарыхына (санжыра), оозеки чыгармачылыгына таандык маалыматтарды, көркөм үлгүлөрдү аткарууда бири-бири менен табигый эрегиште болуп, башкача айтканда, бири-биринен өтүүгө умтулган чыгармачыл абалда болуу ал аткаруучулардан ырчыларды калыптандырган.

Ал ырчылардын чыгармачылык өзгөчөлүгү, ой жүгүртүүсү жөнүндө эмнелерди айтууга болот? Ал көп жагынан катардагы аткаруучулардан репертуарынын бай экендиги менен айырмаланат да, ошонун негизинде үзгүлтүксүз ырдап жүрүүдөн анын чыгармачылык ойлому калыптанат.

Чыгармачылык ойлом (творческое мышление - П. И.) образдык-элестүү ой жүгүртүү болуп саналат.

Мында да түшүндүрүү зарылдыгы пайда болду. Чындыгында, көркөм чыгармачылыкка мүнөздүү ой жүгүртүүнүн эки тиби бар. Биринчиси - лиро-эпикалык фольклордук ой жүгүртүү. Мында катардагы жөнөкөй ой жүгүртүүдөн айырмаланган көркөм элестетүү ой

[1] Эркебаев А. Малоизученные страницы истории киргизской литературы. – Б., 1999

жүгүртүүнүн, айталы, биринчи этабына мүнөздүү фольклордук ой жүгүртүүнүн касиеттери арбын. Буга ырчылар көп мезгилдердин ичинде өздөрүнүн репертуарын байытып, тынымсыз аткаруунун натыйжасында жетишишет. Өзү аткарып жаткан чыгармадагы образдарды, идеяларды ырчы жагымдуу көрүнүштөр, жаркын салыштыруулар жана элдик ырларга мүнөздүү элестүү поэтикалык көркөм каражаттар менен «жасалгалап» жүрүп олтурат.

Ошол кездеги ырчылардын ыр жаратуу (ырдоо) өнөрүнө ой жүгүртүүнүн ушул тиби мүнөздүү. Ал эми образдык ой жүгүртүү реалисттик көркөм чыгарма жаратуучуларга мүнөздүү. Анын өзүнчө изилдене турган жолдору болуп, ал иштин бизге түздөн-түз тиешеси жок.

Ырчылардын өзүнө мүнөздүү ой жүгүртүүсүнүн калыптанышында фольклордук чыгармалардын, сюжеттердин, образдардын, мифтердин, жомоктордун ролу эбегейсиз чоң. Сыягы, фольклордук, айрыкча укмуштуу-мифтик, баатырдык сюжет-образдар ырчынын ой жүгүртүүсүнө көп жактуу таасир этип олтуруп, көркөм апыртууга (гиперболизациялоого - П. И.) алып келген. Ал эми баштапкы мезгилде көркөм апыртуу кээ бир эпизоддорду, каармандарды гана сүрөттөөгө багытталып олтурса, улам мезгил өткөн сайын андай ойлом аткарылып жаткан чыгарманын бардык катмарларын камтып олтуруп, ырчылык өнөрдө ошол доорлордо пайда болгон эпикалык ой жүгүртүүгө алып келет.

Албетте көркөм чыгармачылыктын, айрыкча биз сөз кылып жаткан ырчылык өнөрдүн тарыхында пайда болгон эпикалык ой жүгүртүү мезгилдин өтүшү менен гана эмес, өзүнө гана мүнөздүү татаал процесстердин натыйжасында калыптанган. Ал жөнүндө өз алдынча сөз кылабыз.

Ырчылык өнөрдүн өнүгүү тарыхындагы алгачкы доордо ой жүгүртүүсүнө, алган багытына жана талант деңгээлине жараша ырчылардын типтери пайда боло баштайт. Эпикалык сюжеттерди, мифологиялык укмуштуу образдарды көбүрөөк айткандыктан, алар эпос айтуучулар, лиро-эпикалык көлөмдүү ырларды аткаруучулар, орто көлөмдүү поэма, дастандарды жана ырларды аткаруучулар жана терең идеялуу мораль, этика, философия багытындагы ырларды аткаруучулар болуп, түрдүү багыттагы типтер пайда болот. Алардын аталышы да нускоочу, санатчы, жомокчу сыяктуу алган багыттарына байланыштуу колдонулган.

Экинчи доор жөнүндө. Болжол менен VIII-XIV кылымдар. Бул доор ичинде кыргыз урууларынын ири-ири уруулук биримдиктери пайда болот. Алардын пайда болушун тарыхчылар талоончул сырткы душ-

мандардын жоортулдарынан улам деп түшүндүрүшөт. Бул да турмуштук зарылдыктан келип чыккан көрүнүш. Байыркы Барсбек бириктире албаган уруулардын баш кошуусу эки себептен ишке ашкан. Биринчиден, албетте талоончулардын тынымсыз жоортулу. Экинчиден, уруу мүчөлөрүнүн аң-сезими ошондой кагылышуулардан пайда болгон жеңиштерге байланыштуу бекемделип жүрүп олтурган. Анткени, ага чейинки уруу башчыларынын баш коштурууга жасалган аракеттери рухий-социалдык умтулуулар менен коштолгон эмес. Андай умтулуулар адатта уруулар өнүгүшүндө жайбаракат процесс болуп саналат. Аны тездетүү же баш кошууну ишке ашыруу үчүн ошол биримдикке аракет жасаган инсандардын же уруу башчыларынын кадыр-баркы даңазаланып, ошол аракеттер туура бааланып, элдик аң-сезимде орун алуу керек. Ал эми мындай болушу үчүн ошол инсандардын аракеттеринин көзгө көрүнгөн натыйжасы болушу эп. Дал мына ошондой натыйжа кыргыз тарыхында 840-жылы пайда болду. Ага чейин 758-жылы Уйгур каганаты Эне-Сай кыргыздарын каратып алгандан кийин, кыргыз уруулары баш кошууга муктаж болуп, 840-жылы аларды биротоло талкалап, алар түндүк-чыгышка, түштүккө, түштүк-батышка качып кутулушат. Бирок баш кошкон кыргыздар качкан уйгурларды бардык жерде талкалашат. Кыргыз тарыхында чоң окуялардын бири болгон бул окуя уруулардын умтулууларын актап, алардын аң-сезимине да бекем таасир эткен. Анткени бул кезде уруу ырчыларынын кадыр-баркы көтөрүлүп, баатырларды, жогоруда айтылгандай, эпикалык маанайда сүрөтөөгө өтүшөт. Ал эми уруу башчыларын алардын урууларды баш коштурууга жасаган аракеттери үчүн, акылман иштери жана сапаттары үчүн даңазалап ырдай башташат. Мындайча ырдоону буга чейинки ырчылык өнөрдүн өнүгүшүндөгү салттык көрүнүштөрдүн бийиктикке чыгышы катары түшүнүү керек. Анткени уруу ырчылары эми өз уруусунун байыртан келе жаткан мифтик баатырларын, уламыштарын, баатырлар жөнүндөгү жомокторун кеңейтип, толуктап ырдай башташат. Азыр белгилүү болгон кыргыз эпосторун карап көрсөк, дээрлик бардыгында биринчи иретте кайсы урууда экендиги белгиленип, андан соң таржымалы, баатырдыктары баяндалат.

Экинчи доордун чындыгын далилдей турган жаңы факты - «Манас» эпосунун миң жылдыгынын өткөрүлүшү. Бул жөн эле эпостун юбилейи эмес, эпосто көп кылымдар бою өнүгүп келген идеяларды, рухий умтулууларды терең изилдөөнүн натыйжасында өткөрүлгөн мамлекеттик акция болуп саналат.

Чындыгында эле, мындан миң жыл мурда атактуу Жайсаң Үмөт уулу – кыргыз тарыхындагы баатырларды даңазалоо салтында ыр-

даган көрүнүктүү ырчы. Бул ырчы жөнүндө бир нече макала жазып, санжыралардан анын дарегин издеп, маалыматтар жыйнаган окумуштуу - Сапарбек Закиров, көрүнүктүү фольклорист, санжырачы жан, фольклор жыйноо жана изилдөө ишине чоң салым кошкон окумуштуу. Анын маалыматтары боюнча, Жайсаң Үмөт уулу кушчу уруусунан чыгып, IX кылымда жашап өткөн ырчы болгон.

Жайсаң ырчынын кыргыз ырчысы болгонун, ал Батыш Сибирде жашаган байыркы кыргыз урууларын баш коштурган Кыргызханды мактап ырдаганын, анысы менен кыргыз урууларынын баш кошуусунун зарылдыгын негизги идея катары ырдагандыгын С. Закиров санжыралык маалыматтардын негизинде далилдеп көрсөткөн.

Ал маалыматтарды Жайсаңдын «Манас» айткандыгы, кырк чоронун бири Ырамандын ырчы уулу Манас баатырдын ырчысы болгонун салыштырып, Жайсаң ырчынын мезгилинде уруу башчылары менен баатырларды даңазалоочу ырчылар көп болгонун аныктаган.

Бул маалыматтардын негизинде окумуштуу ошол кездеги ырчылык өнөрдүн күрдөөлдүү өнүгүшү жөнүндөгү ойлорду айтат.

Биздин кошумчаларыбыз мына булар: ар кандай көркөм өнөрдүн функционалдык өнүгүү тарыхында жаңылануу, оожалуу же кайра жаралуу процесстери жүрүп келген. Ал ошол өнөрдүн элге кызмат кылып өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүнө, тарыхый-социалдык жана рухий-социалдык шарттарына байланыштуу. Азыркы дүйнөдө белгилүү искусстволордун тарыхына үңүлүп көрсөк, буга оңой эле ынанууга болот. Аны менен бирге, С. Закиров белгилегендей, кыргыз уруулары Батыш Сибирден тартып, Теңир-Тоого чейинки чөлкөмдө жашагандыктан, Борбордук Азиядагы түрк урууларынын көркөм сөз өнөрүндөгү жаңылануу процесстери менен бир мезгилде кыргыздардагы ырчылык өнөрдүн жаңыча өнүгүшү да белгилүү бир идеяларды жаратпай койбойт. Айталы, иран тилдүү элдердин көркөм сөз өнөрүндө даана көрүнгөн кайра жаралуу процесси аларга жакын жашаган түркмөн, азербайжан адабияттарына да таасир этиши же өз алдынча бир мезгилде болуп өтүшү мүмкүн. Эң кызык жери дүйнөлүк адабият менен искусствонун тарыхынан кайра жаралуу процесстерин изилдеген теоретиктер андай процесстердин сөзсүз түрдө таасирленишин көп учурда четке кагышып, алардын турмуш-тиричиликтеги типологиялык көрүнүштөргө байланыштуу боло тургандыгын көрсөтүшөт. Мындай жобого таянсак (таянбай коюуга да болбойт - П. И.) IX-X кылымдарда иран-тажик адабиятынын классиктери Абулкасым Фирдоусинин «Шах-Намесиндеги» бийлик жана бийлөөчүлөр жөнүндөгү, Абдулло Рудакинин поэзиясындагы жүрүм-турум, мораль,

этика жөнүндөгү, Омар Хаямдын ырларындагы заман, адам, жашоо жөнүндөгү идеялары менен ошол эле Жайсаң ырчынын уруу башчыларын, баатырларды (Манасты - П. И.) даңазалаган идеялары бир мезгилде бир типологиялык процесстерден улам чыгып жатканы даана байкалып турат. Мындан улам айталы деген оюубуз - кыргыз элинин рухий-социалдык өнүгүшүнүн зарылдыктары ырчылык өнөрдүн ошол зарылдыктарга ылайык өнүгүшүнө алып келди. Эми ырчылардын көрүнүктүүлөрү заман өзгөрүштөрү, бийликтин адилеттүүлүгү жана адилетсиздиги жөнүндө ырдай башташты.

Ири-ири уруулук биримдиктер (маселен: оң, сол, ичкилик - П. И.) көркөм сөз өнөрүнүн гүлдөп өнүгүшүнө алып келди. Ар бир кыргыз уруусунан чыккан ырчылар жана ырчылардын типтери да өздөрүнүн чыгармачылык багыттарына жараша өз урууларынын эпикалык эстеликтерин, лиро-эпикалык дастан-поэмаларын, санжыраларын, мифологиялык сюжет-образдарын кайра жаратып, ошол биримдиктеги адамдардын рухий казынасына кошо баштагат. Бул мезгил ичинде жеке чыгармачылыкка ээ болгон ырчылар, санжырачылар, жомокчулар, чечендер жана сынчылардын өнөрү биротоло калыптанат. Алар уруудан урууга, элден элге барып, өз чыгармаларын аткаруу менен эл мүдөөсүнө туура келген идеялардын таралышына жана бул аркылуу уруулук аң-сезимдин бекемделишине таасир эте баштагат. Бул кездеги уруулук аң-сезимдин катмарына байыркы макал-лакаптардагы, чечендик сөздөрдөгү жана элдик санат ырларындагы асыл ойлор ырчылардын санат, насыят жана терме ырлары аркылуу сиңе баштайт. Азыр кыргыз философиясынын тарыхын изилдеген окумуштуулар өз эмгектеринде бул процессти чагылта башташты.

Рухий-социалдык турмуштун өнүгүшү пайда болуп жаткан ырларды, майда жанрдагы чыгармаларды, ири эпикалык мазмундагы эстеликтерди иргеп-ылгап, баалап, алардын мазмунуна жана андагы идеяларына жараша кабыл ала баштайт.

Ал идеялардын тынымсыз байып, кеңейип олтурушуна Караханийлер династиясынын бийликке келиши да оң таасир эткен. Себеби Батыш Сибирден Борбордук Азияга чейинки территорияны ээлеген түркий тилдеги көчмөн элдер эң оболу арабдардын, андан кийин иран тилдүү сакманийлердин династиялары жоюлгандан кийин, бийликке жетишишип, алардын көркөм маданиятындай өнүгүүгө умтулушкан. Албетте, көчмөн калк кескин түрдө андай маданиятка жетишпесе да, анын өлбөс-өчпөс үлгүлөрүн жарата алышкан. Маселен, атактуу Махмуд Кашгаринин «Диван лугат ат-түрк» («Түрк тилдеринин сөздүгү») деген сөздүгү араб-фарси маданиятынын деңгээлине

көчмөн түрктөрдүн да маданиятын көтөрүү зарыл деген асыл мүдөө менен жаралган. Ал эми ошол эле мезгилде атактуу акын Юсуф Хас Хажиб Баласагунинин «Кудатгу билиг» («Кут билим») поэмасы – дал ошол деңгээлге көтөрүлүшүнүн өлбөс-өчпөс эстелиги. Бул эки гениалдуу эмгек – көчмөн түрктөрдүн кайра жаралуу доорунун үлгүлөрү. Бирок болжолдуу түрдө 992-жылы бийликке келген караханийлердин ханы Сатук Буура хан мусулман динин кабыл алып, түркий урууларды биримдигин бекемдеп, андан ары 1211-жылга чейин гана бул династия жашап калат. Тарыхый маалыматтарга караганда, Караханийлер карлуктар түзгөн династия болуп, анын составына Теңир-Тоо, Жети-Суу чөлкөмүн ээлеген оң, сол кыргыздары, Сыр бойлорунда жашаган ичкилик кыргыздары кирген. Ошондой ар түрдүү башка түрк уруулары менен бузулбас бекем биримдиктин көпкө созулушу да мүмкүн эмес эле.

Бул мезгилде, айрыкча династиялар биринен-бири күчтүү, биринен-бири канкор болуп, бийликке жетүүнүн түрдүү айла-амалдарын колдонушуп, алар тез-тез алмашылып турган. Мындай абал оозеки чыгармачылыкта (ырчыларда) да, жазма адабиятта да заман, бийлик, адилетсиздик жөнүндөгү идеялардын алдыңкы чекке чыгышына алып келди. Ислам дини менен анын нраво-этикалык салттары менен таанышып калган эл арасындагы ырчылар бийликтин адилетсиздигин, социалдык теңсиздикти ырдап да, айтып да чыгышты.


Чындыгында, кайра жаралуу процесси дегенде чыгармалардын, образдардын, фольклордук эстеликтердин жаңыланышын гана эмес, бүткүл идеялардын да жаңыланышын эске тутуу керек. Анткени жай да болсо, өсүп бара жаткан аң-сезим ар кандай идеянын кенен да, терең да чагылышына же сунушталышына муктаж. Ошол эле учурда аң-сезимдин мындай муктаждыгын анын ошол өнүгүү процессинен ажыратып кароого да болбойт. Бул көрүнүш - туташ, өз ара байланышкан процесс. Муну мындай мисалдын негизинде талдап көрөлү. Байыркы замандардан бери кыргыздар табиятка жакын, анын көрүнүштөрүн баалап, барктап жана пайдаланып жашап келишкен. Демек, жайлоо, мал, тоонун абасы менен суусу, жаныбарлары кыргыздардын табият жөнүндөгү, анын ажырагыс бөлүгүн түзгөн жан-жаныбарлар жөнүндөгү түшүнүгүн, мамилесин калыптандырган. Ал түшүнүктөр боюнча адам да, жан-жаныбарлар да, айлана-чөйрөнү түзгөн өсүмдүктөр да Жер Эненин «балдары», башкача айтканда, анын туташ бөлүгү. Анын баарын Жер Эне өзү багат, бапестейт, жашашына шарт түзөт. Жылдын төрт мезгили да ошол жашоого байланышкан.

Мына ушул жөнөкөй түшүнүктөр фольклордук чыгармада чагылып келген. Ал эми фольклордон орун алган жөнөкөй түшүнүктөрдүн тереңинде жаткан көмүскө идеялар аткаруучулар менен ырчылар тарабынан өнүктүрүлүп олтурган. Сыягы, бул эң байыркы түшүнүктөр байыркы адамдардын таанып-билүү жана көркөм фантазиясы менен бекемделип, туруктуу идеялардын булагына айланган. Ошол идеялардан улам табият көрүнүштөрүн, жан-жаныбарларды аео сезими, аларды адамдын өзү менен бир катарга коюп, тең укуктуу деп таануу калыптанат. Жогоруда белгилегендей, мындай көз караштар узак тарыхка ээ. Анткени табият көрүнүшүнүн таасиринен улам жаралган алгачкы түшүнүк аң-сезимде кайталанып олтуруп, көз карашка айланганча, көп кылымдар өтөөрү талашсыз. Ал да түз сызыктуу өнүгүү эмес, анда да түрдүү баалоолор, аңдап-билүүнүн этаптары өтөт.

Кыргыз фольклорундагы көрүнүктүү эстеликтер катары белгилүү болгон «Карагул ботом», «Кожожаш» чыгармалары кеңейип отуруп, өзөк идеяны - табиятты аео идеясын жана аны кантип сактоо керектигин, ал сакталбаса, Жер Энени колдоп (жашатып) турган Көк Теңир жаза колдонорун туюнтат. Биз жогоруда буга чейин далай мезгил өтөөрүн айттык эле. Мына, жан-жаныбарларды кыргандыгы үчүн ушунчалык аеосуз формада жаза колдонуу керек экендигин туюу үчүн, чындыгында да, бүтүндөй аң-сезимде терең өзгөрүштөр болушу зарыл. Ошол туюмдун жол-схемасын ойлоп көрсөк, натыйжа мындай болот: Эң оболу нечендеген доорлор ичинде жан-жаныбарларды үйрөтүү, ал эми жапайыларын азык үчүн, кийим үчүн, үй эмеректери үчүн пайдалануу иштери калыптанат. Бакма жаныбарларга жана жапайы жаныбарларга алардын пайдалуулугуна жараша мамиле, алардын сын-сыпатын баалоо өнүгүп олтуруп, аң-сезимде алардын касиеттери тууралуу түшүнүктөр келип чыгат. Бирок адамдар ар түрдүү болгон сыяктуу эле мамилелер да ар түрдүү болору өзүнөн өзү түшүнүктүү. Маселен, күлүк аттар, алгыр куштар, ошондой эле жырткыч айбандардын коркунучтуулугу тууралуу да жомоктор, уламыштар жаралат. Адамдардын рухий турмушу алардан түрдүү образдарды жаратат. Ошол эле айбандардын жырткычтыгы, бакма айбандарды алардан коргоо жана азык оокатка кескин муктаждыктар мергенчиликтин (аңчылыктын) пайда болушуна алып келет. Мунун да даңазалуу чеберлери чыкканда же жапайы айбандар эпсиз кырыла баштаганда, адамдардын аң-сезиминдеги жан-жаныбарлардын да колдоочусу (пири) бар, алар адамдар менен тең укукта жашашы керек деген сыяктуу тотемдик жана анимисттик түшүнүктөр карамакаршылыкка (кагылышууга) келет. Мындан ары байыртадан бери

көмүскө, элементардык формаларда өнүгүп келген жан-жаныбарларды аео, алар менен ынтымакта жашоо жөнүндөгү түшүнүктөр кадыресе гуманисттик идеяларга, табият менен гармонияда жашоо зарыл экендигин чагылткан идеяларга чейин өсүп жетет.

Гуманисттик жана жан-жаныбарларды аяп, алар менен ынтымакта жашоо идеялары да – сыягы, «Кожожаш» менен «Карагул ботомго» чейин өнүккөн идеялар. Анткени бул чыгармаларда ал идеяларды бузгандыгы үчүн жазалоо идеялары жатат. Бул идеялар - кадыресе философиялык идеялар. Анткени адамдын өзүнүн табият көрүнүштөрү менен ынтымактыкты бузуп, жан-жаныбарлардын Колдоочусунун (тотем, пир - П. И.) бар экендигин унутуп, аларга каршы кыянаттык кылгандыгын жана ал кыянаттык үчүн сөзсүз түрдө жазалана тургандыгын айгинелеп турат. Мындан көрүнүп тургандай, философиялык-гуманисттик идеялар ал эпосту аткарган ырчылардын жараткан идеялары эмес, алардын ошол көмүскө ырларды баалап, сактап, элге дайыма айтып берип жүргөн идеялары болуп саналат. Ырчылар дээринде рационалдуу ой жүгүрткөн чыгармачыл инсандар болгондуктан, айрыкча кийинки доорлорго мораль, этика, нравалуулук жаатында кадыресе турмуштук (бытовой) философиялык идеялардын тарапкерлери жана жаратуучулары болушкан. Ал эми жогорудагы мифологиялык чыгармалардагы көмүскө идеялар - антропоморфтук (байыркы адамдардын табиятта улуу күчтөр, дух, теңир, кудай башкарып турат деген түшүнүктөрү - П. И.) идеялар. Бирок ырчылар чыгармачылыгындагы философиялык идеялар да сенек көрүнүш эмес. Андагы ишеним, ынаным, бүтүм, корутундулар априордук формада пайда болуп, туруктуу түшүнүк катары жашай берет. Бирок коом жашоосундагы ар кандай көрүнүш катары ырчылар өз ойлорун кеңейтип, байытып келгенин «Кожожаш» эпосу менен «Карагул ботомдогу» өзөк идеялар далилдеп турат. Мунун болжолдуу схемасы мына мындай:



**№1 өзөк идея**: Теңир алдындагы ыйык милдет - ал жараткан бардык жан-жаныбарларга каршы кыянатчылык кылбоо.

**№2 өзөк идея**: Жан-жаныбарларга, бардык жандууларга кыянатчылык кылуу - Теңир берген тең укуктуулукту бузуу, кесирлик.

**№3 өзөк идея**: Теңирдин жазасына кабылуу.

Бул идеялар - түпкүлүгүндө Адам ата, Обо Энеден бери келаткан туруктуу идеялар. Алар туруктуу формасында нечендеген кылымдарды басып өтүп, орто кылымдарга жеткенде гана, же ырчылар чыгармачыл инсандарга айланганда гана тереңдеп, аны жеткирүүнүн (чагылтуунун) түрдүү ыкмалары пайда болгон. Маселен, «Кожожашта» Кожожаш мерген жасаган кыянатчылыгы үчүн аскада калуу менен жазаланды. Ал эми «Карагул ботомдо» Кожожаш сыяктуу эле Ашыр деген мерген беш уулдуу болгон да, төрт уулу түрдүү кырсыктарга кабылып көз жумушкан. Уулдарынын эң кенжеси, эң сүйкүмдүүсү Карагулду эликтин терисинен жасалган тонун кийип, уктап калган жеринде өзү элик экен деп атып алган болот.

Жазалоонун мындай формаларынын түпкүрүндө тотемдик түшүнүк - жан-жаныбарлардын колдоочуларынын каргышы жатат. Ырчылар бул чыгармалардын сюжетин жана образдык системасын кеңейтип олтуруп, Теңирдин жазасы деген түшүнүккө чейин жеткиришкен.

Ал эми күнүмдүк турмуш-тиричилик, азык-оокатка болгон муктаждык да оомалуу-төкмөлүү дүйнөнүн өзүндөй бирде басаңдап, бирде кескин күчөп, адамдарды жашоо үчүн ар кандай ыкмаларды колдонууга алып барган. Айрыкча көзгө атар мергендер, аңчылар өз уруусун оокат-азык менен камсыз кылып да, жанда жок чеберчилиги менен да уламышта айтылып калгандай атак-даңкка жетишишкен. Ошондуктан алар жөнүндөгү чыгармаларда аларды жан-жаныбарларды кырган катары ачык күнөөлөбөйт, баштан-аяк даңазалап олтуруп, жазаланууга жеткиришкен. Жазалоонун формасында да аларды аео идеясы бир катарда туруп, ошого жараша ырчылар алардын трагедиясын баса көрсөтүшсө да, айласыздыктын (атмосфера безвыходности - П. И.) шартында калтырышат. Чындыгында, мындай шартка кабылтуу менен, жанынан ажыратуу (өлтүрүү) бир эле катарда турат. Бирок, биринчиден, ырчылар заман өзгөрүштөрүнө ылайык, жалпы эле гуманисттик идеялардын аң-сезимде бекемделишине ылайык, экинчиден, эл арасында ырдап жүрүп, угуучулардын психологиялык кабылдоосун жакшы билгендиктен, өздөрү даңазалап жаткан каармандарды аео сезими менен сүрөттөй башташат. Ага кошумча ырчылар чыныгы гуманисттик өнөрдүн өкүлдөрү болгондук-

тан, ар кандай ыкмалар аркылуу атактуу мергенди мыкаачылык өлүм менен эмес, «жумшак» же «адамгерчиликтүү» өлүм менен жазалашат. Кожожашты ырчылар (аткаруучулар) аскада калтырганын, Ашыр мергенди жалгыз баласын өзү атып алышы менен жазалоо - ырчылык өнөрдөгү гуманизм идеяларынын салты десек болот.

Орто кылымдагы кыргыз ырчылары өз урууларынын тарыхындагы идеялык улуу мурастарды аткаруу менен бир эле мезгилде оозеки чыгармалардын интеграциясына, жайылтылышына, бардык уруулардын рухий мурасы болуп калышына жетишишет. Идеялар, көркөм нарк-насилдер бир уруудан экинчи урууга өтүп, аралашканда ырчылар мурдагы деңгээл менен канааттанбай, башка формаларды колдонууга да бет бурушат.

Бул жагынан атактуу Асан Кайгынын ырлары ачык мисал боло алат. Ал жан-жаныбарларды аеонун эпоско чейинки, түздөн-түз ырдоо менен эле чагылта турган формасын колдонот. Ал жөнүндө Асан Кайгынын чыгармачылыгы боюнча атайын сөз кылганыбызда айтылат.

Орто кылымдагы кыргыз ырчыларынын чыгармачылыгы жөнүндө маалыматтар аз болгондугуна карабай, ал мезгилди бул өнөрдүн тарыхындагы эң маанилүү, эң мазмундуу учур десек болот. Анткени бул мезгилде ырчылык өнөр улуттук менталитеттин бардык өзгөчөлүктөрүн ичине алган, заман өзгөрүштөрүнө жараша келип чыккан рухий-социалдык идеяларды чагылткан жана жалпы гүлдөп, өнүккөн көп функционалдуу өнөргө айланат. Анын кеменгер өкүлдөрү турмуштун бардык жактарын чагылтып, өз өнөрү менен кыргыз элин, анын тарыхын, окуяларын, атактуу инсандарын даңазалап, коңшулаш урууларга да таанылат. Ошол эле учурда кыргыз элинин көп кылымдар бою өнүгүп келген ишеним-ынанымдарын жана ой жүгүртүүлөрүн философиялык-гуманисттик идеялардын деңгээлине көтөрдү.

Бул ойлорду далилдөө үчүн ошол ырчылардын чыгармачылыгы менен таанышып көрөлү.

Эң оболу орто кылымдардын башталышында жашап өткөн Жайсаң ырчы жөнүндө жогоруда азыноолак сөз кылдык. Азырынча колдо бар маалыматтар биз атап өткөн С.Закировдун «Акындар чыгармачылыгынын тарыхындагы» жана ал кишинин өзүнүн «Кыргыз санжырасы» деген чоң эмгегиндеги очерк менен чектелет. Ошондуктан ал маалыматтарды башкачараак формада кайталоодон мазмун өзгөрбөйт деген бүтүм менен анын заманындагы ырчылык өнөрдүн бийик деңгээлин белгилөө менен чектелебиз.

Демек, Жайсаң уруу ырчыларынын өз уруусунун баатырларын даңазалаган салттын алкагы менен чектелбей, бардык уруулардын кызыкчылыгына жана мүдөөсүнө жооп берген идеяларды чагылтууга жетишет. Ушунун өзү орто кылымдагы же Жайсаңдан кийинки мезгилдеги ырчылык өнөрдүн ошол деңгээлде өнүгүшүнө негиз салат.

Ырчылар турмуш-тиричиликтин майда маселелери менен катар заман, бийлик, байлык, адилеттүүлүк, адилетсиздик, замандын оош-кыйыштары жөнүндө да маанилүү идеяларды чагылта башташат. Маанилүү идея дегенибиздин өзү - ырчылардын эл жөнүндөгү же кадыресе демократтык идеялары. Алардын мазмунунда калың элге боорукердик кылуу, анын ал-абалын ырдоо, баалоо, бийлик менен элдин ортосундагы мамилени талдоо негизги орунду ээлейт.

Бул багытта атактуу Кетбука ырчынын чыгармачылыгы өзгөчө орунда турат. Ал XIII кылымда жашап өткөн. Дүйнөнү дүрбөткөн Чыңгызхан 1217-жылы Борбордук Азияны талоонго учуратып, басып алат. Анын мыкаачылыгы, залимдиги жөнүндө укмуштуу уламыштар жаралып, ошол замандардан бери анын ысымы эл эсинен кетпей, ченемсиз атак-даңк менен жашап калат. Учу-кыйырсыз территорияны Чыңгыз хан балдарына бөлүп берип, өз бийлигин бекемдеп, жаңы-жаңы жерлерди басып алуу үчүн чабуулун токтоткон эмес. Анын тун уулу Жуучу хан башкарган улуска кыргыздар да кирген. Бул жөнүндө атактуу тарыхчы В.В.Бартольддун «Очерки истории Семиречья» деген эмгегинде эскертилет. Уламыштарда айтылган маалыматтар боюнча, Кетбука атактуу ырчы, чебер комузчу болгон. Ал Жуучу хан өлгөндө Чыңгыз ханга угузуу үчүн эч ким даай албай турганда, эл алдындагы ыйык милдетин аткарып, угузууну өз мойнуна алат. Чыңгыз хан дайыма сулуу кыздарды, жигиттерди ар күнү ырдатып, бийлетип, анан өлтүртүп турчу экен. Бир күнү анын алдына карт комузчу кирет да, унчукпай комузун черте баштайт. Күүдөн чочулаган Чыңгыз хан айтып чертүүнү талап кылат. Анда чал кайма-на формада табышмактуу ырдай баштайт. Бул кыргыз фольклорунда өнүгүп келген угузуу ырларынын үлгүлөрүнөн эле. Кетбуканын ыры Чыңгыз ханга ушунчалык катуу таасир этет: ал ачуу кыйкырык менен буйрук берип, Кетбуканын оозуна коргошун куюп өлтүртөт, комузун да талкалайт. Чыдамы кеткен Чыңгыз хан Борбордук Азиядан биротоло кетип, жүрүшүн Батышты көздөй улантат. Бирок 1227-жылы өлөт.

Бул тарыхый маалыматтар эчак бештен белгилүү болуп калган. Биз үчүн, чындыгында, бул маалыматтар эмес, анын өзөгүндө турган улуу ырчы Кетбуканын чыгармачылыгы кызыктуу. Айталы анын

ырындагы угузуу ырларына мүнөздүү поэтикалык көркөм каражаттар, элестүү сөздөр, ал ырдын жанрдык-салттык өзгөчөлүктөрү, мелодикасы жана аткарылышы, биринчиден, Кетбуканын ырчы катары таасирин, чеберчилигин айгинелеп турса, экинчиден, Батыш Сибирдеги түрк уруулары менен монголдордун фольклорундагы аткарылма жанрлар жалпылыкка ээ болгонун далилдейт. Демек, түшүнүүгө эч кандай тоскоолдук жоктуктан Чыңгыз ханга октой тийген. Ал эми угузууга бел байлаган Кетбуканын бул даанышмандыгы жөнүндө көптөгөн уламыштар жаралган. Алардан Кетбуканын бүткүл кыргыз элинин, бардык уруулардын ырчысы деңгээлине чыгып, акылман идеялары жана инсан катары даанышмандыгы менен бардык түрк элдерине белгилүү болгону айкын болуп олтурат.

Кетбука жөнүндө ой жүгүртүп олтурсак, ошол доор адамдары өз алдынча кызык элестейт. Карапайым масса менен Кетбука сыяктуу инсандардын ортосундагы аң-сезим, түшүнүктөр чоң ажырымда болгону айтпаса да түшүнүктүү. Мындан да түшүнүктүү болушу үчүн тажик акындары Омар Хаям менен Абулкасым Фирдоусини алып көрөлү. Алар жазган философиялык мазмундагы ырларды, айрыкча, «Шах-Намени» катардагы адамдар билген да эмес, түшүнгөн да эмес десек чындыкка жакын болор эле. Анын сыңарындай Кетбуканын, Токтогул ырчынын, Асан Кайгынын идеялары карапайым угуучуларга жеткен учурда да, көп жагынан түшүнүксүз бойдон калса керек. Бирок алардын идеяларын терең түшүнүү өз алдынча маселе да, алардын өнөрүн, жашоосун, умтулууларын угуучу катары көрүп туруп сыймыктануу - өз алдынча маселе. Кыргыздар жашап келген түрдүү коомдо чыгармачыл инсан менен массанын ортосундагы идеялык түшүнүшүү да өзүнчө маселе. Байыркыны коюп, азыркыларды алганда деле атактуу чыгармачыл инсандар массанын кабылдоосунда сыймыктануу сезимдери менен гана жашайт. Бул сыяктуу маселелердин бардыгы коомдун интеллектуалдык өнүгүшүнө байланышкан маселелер болгондуктан жана ар бир муун өзүнүн шартына жараша түшүнүктөрүнө ээ боло тургандыгын эске алсак, дал ушунун өзү адамзат тарыхында өз алдынча илим катары (философия, эстетика, герменевтик ж. б.) жашап калганы бекеринен эмес экенине ынанабыз.

Кошумчалап айтарыбыз, көркөм чыгармачылыктын же илимдин тарыхындагы чыгаан инсандардын идеялары, чыгармалары таанып-билүүнүн татаал жолу менен гана аңдалат жана өздөштүрүлөт. Мунун өзү дал ошол инсандардын ондогон муундардан кийин деле уламыштарда, жомоктордо унутулбай жашап келе жатканын түшүндүрүүчү бирден бир негизги шарт. Андай аңдап-билүү – адам-

дардын муундары өсүп-өнүгүп келе жаткан сыяктуу эле түбөлүктүү көрүнүш.

Демек, Кетбуканын Чыңгыз ханга карата ырдалган ырынын жана күүсүнүн сакталып калышы, унутулбай бизге жетишинин өзү:

а)анын ырчы гана эмес, чыгаан инсан болгондугун;

б) көркөм өнөрдү жеке өнөр катары гана эмес, элге кызмат кыла турган, элдин мүдөөсүнө ылайык идеяларды чагылта турган чыгармачылык катары кадырлап келгенин;

в) демек, ырчылык өнөрдү заман, коом жана эл жөнүндөгү идеяларды жайылтуучу кызмат катары түшүнгөнүн;

г) булардан көрүнүп тургандай, ал өзүнүн гана кызыкчылыгын ойлобой, бардык адамдардын жашоосун ойлоп, аларды аяган ойчул инсан болгонун көрсөтүп турат.

Албетте, адамдардын нечендеген муундары өтүп, анын чыгармалары унутулса да, аты унутулбай келгенинин өзү бул айтылгандарды ырастап турат.

Орто кылымдардагы кыргыз ырчыларынын көрүнүктүүсү Токтогул ырчы болуп саналат. Ал жөнүндөгү учкай болсо да маалыматтар эл эсинде сакталып, жашап келген. Эң оболу ырчылардын санат ырларында жана макал-ылакаптар курамында айтылып келген «Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол» же «Токтогулдай ырчыны айт, Толубайдай сынчыны айт» деген варианттарды алалы. Бул саптар пайда болгон мезгилден бери өзгөрүлбөй жашап келе жатат десек чындыктан алыс болот. Анткени мында да бир жолу күтүлбөгөн жерден айтылып, ошол бойдон азыркы кыргыз тилинин өзгөчөлүктөрүнө туура келип жашап калышы мүмкүн эмес. Мында да фольклор менен тилдин аны алып жүрүүчү эл катары өнүгүп, өзгөрүлүп келиши жөнүндөгү талашсыз чындыкты эске тутуу керек. Орто кылымдардагы түрк тилиндеги жазма эстеликтерди азыркы түрк тилдеринин кимисине болбосун салыштырып көргөндө эле арадан өткөн кылымдардын таасири менен тилдердин чексиз жаңыланганын көрөбүз. Болбосо, дагы эле «Манасты» алып көрүп, тили, сюжет-образдары жагынан ал Жайсаң жараткан «Манас» эмес экенин түшүнүүгө болот. Анткени алгачкы сюжети, мазмуну жана тили да бизге өзгөрүп, жаңыланып, жүрүп олтуруп жеткен.

Анын сыңарындай Токтогул ырчы менен Толубай сынчы эң мурда көрүнүктүү инсандар катары эл эсинде сакталып, тыбыштык сырткы окшоштугу да түрткү берип, туруктуу учкул сөздөргө айланган.

Токтогул ырчы жөнүндө Тоголок Молдо жазып алган маалымат учурунда илимпоздорго деле таасир эткен болуу керек, айтылуу

адабиятчы, «Манасты», манасчылардын чыгармачылыгын изилдеген Калим Рахматуллин, азыркы адабиятчылар Сапарбек Закиров, Абдыганы Эркебаев жана оштук журналист Мурзапар Үсөн уулу акындын чыгармачылыгы жөнүндө ар түрдүү макалалар жазышып, маалыматтар беришкен.[1]

Бул маалыматтар ар түрдүү жана ошонусу менен баалуу. Анткени ошол эле ар түрдүүлүк ырчынын чыгармачылыгынын кыргыздардын рухий-социалдык турмушуна чексиз таасир эткенинен кабар берип турат. Маселен, Тоголок Молдо жазып алган Токтогулдун ырынан үзүндү жана анда айтылуу Жаныбек ханга каршы ырдап, аны бийликтен түшүрүп, иниси (орус тарыхчысы профессор В. И. Бугановдун маалыматтары боюнча, баласы) Бердибекти хан көтөрүшү буга далил боло алат. Бул өз алдынча салмактуу маалымат.

Экинчи маалымат К. Рахматуллинге таандык. Аталган эмгектеги макаласында изилдөөчү Токтогулдун улуу манасчы болгонун, мындан беш жүз жыл мурда жашаганын келтирет. К.Рахматуллиндин макаласындагы маалымат менен «Манас» энциклопедиясындагы маалымат да үндөшүп турат. Экөөндө тең Токтогул өзүнө чейин айтылып келген Манас жөнүндөгү уламыштардын негизинде бир бүтүн чыгарма жараткан деп айтылат. Бул да ырчынын чыгармачылыгынын дагы бир багыттагы маанисин билдирет.

Оозеки көркөм сөз өнөрүндө муундан муунга өтүп жашап келген уламыштардын негизги касиети - анда сөз болгон адамдар же тарыхый инсандар жөнүндө айтылган ойлордун барган сайын баалуу боло бериши. Ошонун негизинде жаңы изилдөөчүлөр жана кызыгуучулар жандуу аракетке келишет. Токтогул ырчы жөнүндөгү уламыш сөздөр да ал жөнүндөгү маалыматардын ар түрдүү болушуна жана дайыма кызыгуу пайда кылышына алып келген. Уламыштардын ар түрдүү мазмунда болушу да Токтогулга карата жалпы элдик сыймыктана турган мамиленин бийик экендигинен. Белгилүү фольклор изилдөөчү жана санжырачы С. Закиров да Токтогул ырчы жөнүндө эң оболу 1981-жылы чыккан «Эл чыгармачылыгы - эл кенчи» деген китебинде «Токтогул, Жайсаң жөнүндө» деп макала жазып, Токтогулдун чыгар-

---

[1] Тоголок Молдо. Чыгармалар. 1-2-т. – Ф., 1973. 1-т., 122-123-б.; Рахматуллин К. Творчество манасчи. Китепте: «Манас» - героический эпос киргизского народа. – Ф., 1968, 75-148-б.; Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б, 1996, 353-б.; Эркебаев А. Малоизученные страницы истории киргизской литературы. – Б, 1999, 88-б.; Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф, 1988, 18-б.; «Заман Кыргызстан» гезити. М. Үсөндүн байыркы Токтогул ырчы жөнүндөгү макаласы. – 1993, 1-15-б.; «Манас» энциклопедиясы. – Б, 1995, 2-т., 284-б.

мачылыгы жөнүндө санжыралык маалыматтардын негизинде ишенерлик ойлор айтат.

Окумуштуу жогоруда аталган «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери» деген чоң эмгекте да Б. Кебекова менен бирге «Легендарлык акындар» деген өзөк макаланы жазып, Токтогул ырчы жөнүндө өз ойлорун тереңдетет. Ал эми 1996-жылы жарык көргөн «Кыргыз санжырасында» окумуштуу бул ырчы жөнүндөгү ошол эле макаласын Токтогулдун өзүнө арнап, «Токтогул ырчы» деген ат менен чыгарат, мазмунуна өзгөртүүлөр кийирет.

Эгерде Тоголок Молдонун ырынан тартып, бул багыттагы маалыматтар акырындап кеңейип, толукталып олтурса да, оштук журналист Мурзапар Үсөндүн «Заман-Кыргызстан» газетасына жарыяланган макаласы улуу ырчы жөнүндөгү буга чейинки түшүнүктөрүбүздү кыйла толуктап салды. Ал журналисттик кызматы менен Тажикстандын Кожент шаарында мейманканада Төрө деген аксакал менен таанышып калат да, ал кишиден орто кылымдагы Токтогул ырчы жөнүндө айтып берген сөздөрүн угат. Ал аксакалдын айтымында Токтогул айтылуу Амир Темирдин тушунда жашаган көрүнүктүү ырчы болуптур. Анын атасы Сайдали-Карван деген баткендик соодагер киши болуп, соода-сатык менен Самарканга кербенин айдап барып турчу экен. Токтогул жаш кезинен эле кыпчактардын (өз уруусу) саз деген музыкалык аспабында жакшы ойноп, төгүп ырдаган ырчы болгон экен. Ошол мезгилде Бужун айлынан чыккан Акмырза сулуу экөө бирибирине ашык болуп жүрүшөт. Бирок Амир Темир Акмырзага үйлөнөт да, Токтогулдун өмүрү трагедиялуу жашоого туш болуп, хандын зынданына түшүп, көрбөгөндү көрөт. Хан ырчынын Акмырзага угуза ырдаганынан жинденип, өлтүрүүгө жарлык чыгарса да, өлтүрүүгө батынбайт. Анткени ырчынын атак-даңкы хандын атак-даңкынан жогору эле да, коомдун бардык катмарларына бирдей таасирдүү эле. Ашынган деспот, залим хандын азаптуу башкаруусунда жашап жаткан калк үчүн анын мүдөөсүн көздөгөн, ал мүдөөнү тайманбай ырдаган ырчы, албетте, бирден бир жөлөк болмокчу.

Бардык маалыматтарда Токтогулдун башкаруу чөйрөсүнө, жалпы эле бийликтин адилетсиздигине каршы ырдаган ырчы катары берилиши дал ушуну менен түшүндүрүлөт. Ошону менен бирге Токтогул ырчынын үзүндү иретинде бизге жеткен ырларында орто кылымдардагы ырчылык өнөрдүн өнүгүшүнө мүнөздүү терең философиялык, гуманисттик, социалдык мотивдердин болушу да муну толук далилдеп турат.

Жогорку маалыматтар боюнча, Токтогул ырчы кыргыз уламыштарында Алтын Ордонун ханы, кыргыз жомокторунда залим хан ка-

тары айтылып жүргөн Жаныбек хандын тушунда да, Амир Темирдин тушунда да жашаган. Жаныбек хан качан туулганы белгисиз, бирок ал 1357-жылы өлгөн. Бул жерден кененирек түшүнүк болушу үчүн тарыхка кайрылалы. XIII кылым башында Чыңгыз хан Европанын чегине чейин басып алып, улуу монгол империясын түзөт да, улустарга бөлүп, алардын башчылыгына балдарын коет. Анын 14 баласы болгон. Ал империя кийинчерээк Батыйдын тушунда (XIII к. 40-ж.) Алтын Ордо деп аталып, Батыш Сибирден тартып, Хорезмдин түндүк тарабы, Волга бойлорунан тартып, Дунайга чейинки территорияны кучагына алат. Ондогон хандыктарга бөлүнөт. 1256-жылы Батый өлүп, анын ордуна Борко хан олтурат. Бул кезде мурда негизги дин деп эсептелген шаманизмдин ордуна ислам дини колдонула баштайт. Ага себеп болгон Боркону бийликтен түшүргөн Ногой хан эле. Ал хандыктардын башына каалаган кишисин коюп, каалаган күнү жок кылып турган. Өзү Дон, Днепр, Дунай бойлоруна чейин жетип, көчмөн турмушта, бирок бардык хандыктарды бекем баш ийдирип туруу үчүн ошондой абалда жашаган. Бирок ал өзүнүн ашынган мыкаачылыгы менен башкарып, бүткүл империяны бекемдесе да, орус княжестволорунун жана ага баш ийген башка чөлкөмдөрдүн нааразылыгы күчөгөндөн күчөп олтурат. Алтын Ордо начарлай баштайт. Бийликке Өзбек хан келет. Ал 1312-жылдан 1342-жылга чейин бийлеп, Ордону кайра бекем империяга айлантат. Өзбек ханды анын баласы, жогоруда сөз болуп келген Жаныбек хан алмаштырат. Ал 1342-жылдан 1357-жылга чейин бийлейт. Ал 1357-жылы өлтүрүлүп, анын ордуна баласы Бердибек такка олтурат. Булар айта берсе түгөнгүс маалыматтар. Орус тарыхчыларынын маалыматтары боюнча, Жаныбек хан өлгөндөн кийин 70-жылдардын аягына чейин 25 жолу хандар алмашылат. Түрк тилинде сүйлөп, ислам динин тутунган Алтын Ордонун эң оболу Сарай-Бату, андан бир кылым өткөндө Сарай-Бөркө деген борбор шаарлары болуп, алар төмөнкү Волганын бойлоруна жайгашкан эле.

Бир эле баракка жазылган ушул маалыматтар ошол замандын канчалык каардуу, канчалык таасирдүү, канчалык түркүн окуяларга жыш болгонун элестетип турат. Бул айтылгандардан мындай жыйынтык чыгарабыз: демек түрк тилдүү элдердин фольклоруна, көркөм сөз өнөрүнө ал окуялардын, андагы адамдардын образ болуп, сюжет болуп кириши сөз кылбаса да түшүнүктүү. Мына, Токтогулдун, Толубайдын, Жээренче чечендин, Асан Кайгынын казак, татар, каракалпак, башкырт, ногой элдеринин оозеки поэтикалык чыгармачылыгында да кездешкени дал ошонун далили болуп саналат.

Бул жагынан алганда Токтогул ырчынын Жаныбек ханга да белгилүү болгону талашсыздай көрүнөт. Тоголок Молдо да Жаныбек ханга карата ырдатып жатпайбы. Бирок Жаныбек хан өлтүрүлгөндөн кийин баласы Бердибек тактыга олтуруп жатат. Анын үстүнө Тоголок Молдо Бердибекти Жаныбектин иниси кылып көрсөтөт. Бул маалыматты көркөм чыгармачылыкка таандык фантазиянын жемиши деп эсептеп, Токтогулдун даанышмандыгын Жаныбектин каардуулугу менен да көрсөтүүнү каалоодон келип чыккан десек болот.

Кантсе да Токтогул ырчынын Амир Темирге байланышкан тагдыры чындыкка жакын болуп турат. Муну кайра - кайра далилдеп олтурбай же башкалар тапкан маалыматтарды кайталай бербей, С. Закировдун китебин карагыла деп койгонубуз туура болчудай. Анткени ырчылык өнөрдү мыкты билген окумуштуу Токтогул ырчынын кайсы уруудан экенин, кандайча жашаганын, анын Тимурга көбүрөөк байланыша турганын ишенерлик далилдеп берет. Оштук журналисттин жазган макаласы да муну кошумча түрдө далилдеп турат.

С. Закиров маалыматтарды салыштыра талдап олтуруп, мына мындай бүтүм чыгарат: Токтогул ырчы 1320-жылдары туулган. Темир кыргыз жергесин таалоонго учуратып, баарын мусулман динине өткөрүү үчүн Ысык-Көлдүн калкын чаап алып, өз мүдөөсүн ийкемдүү түрдө аткаруу максатында элге жарыя кылат. Бирөөнү хан кылып, анын буйругу менен ойдогусун аткармак болот. Кыргыздын катаган уруусунан Мажит дегендин уулу Кудаян Амир Темирдин буйругун аткаруу милдетин мойнуна алат. Хан аны Өзгөнгө алып келип, ордо салдырып, хан көтөрөт. Кудаяндын залимдиги чектен аша берет. Кыргыз элинде ага каршы ырлар пайда болот. Алардын көпчүлүгү Токтогулга таандык эле. Токтогулдун ошончолук кеңири белгилүү жана таасирдүү ырчы болгонун ырларындагы негизги мотивдер кашкайта көрсөтүп турат.

Биринчи, социалдык адилетсиздик жана андан элдин жапа чегиши. Муну ырчынын Амир Темирдин өзүнө карата айткан саптарынан көрөбүз:

*Амириң күчтүү болсо,*
*Жанымды аларың бар.*
*Бирок мен жалынбаймын,*
*Тагдырга таарынбаймын.*
*Өлтүрсөң, өлөрүм бар,*
*Өлбөөчү өнөрүм бар.*

*Астырсаң денем калар,*
*Ырларым оттой жанар.*[1]

Ушундай эле бийликтин адилетсиздигин, залимдигин Токтогул Кудаян ханга карата ырдаган ырында да кеңири чагылткан. Мында он эки муундук саптар менен адатта обон созуп, аспапта өзү коштоп эмес, кара ыр деп жайбаракат айтып берүү менен аткарылчу ыкманы колдонгон. Бул да ырчынын чексиз талантынан кабар берип турат.

*Кудаяндын тушунда куурап калдык,*
*Куургуч баштуу кожону туурап калдык.*
*Айыпсыз ата-энени кыргын чалып,*
*Ысар-Көлөп сүрүлүп, чуулап калдык.*[2]

Элге зордоп дин үйрөтүү, кыргынга учуратып, бөтөн эл, бөтөн жерге сүргүнгө айдоо замандын өксүгү, замандын каары экендигин ырчы эң маанилүү идея катары чагылтат.

Экинчи бир маанилүү мотив - нравалык тазалык, адамдык бийик нарк-насил, тирүүлүктүн улуулугу. Бул мотив да Токтогулдун бүткүл чыгармачылыгын ээлеп, оргуштап чыгып, жаш-карысына карабай, бардыгын бийлеп, мүдөөлөрүн канааттандырган.

*Жакшыңа салам айтам,*
*Жашоодон кабар айтам.*
*Өлгөнгө көңүл айтам,*
*Тирүүңө өмүр айтам.*

*Дос көрсөң сырым айтам,*
*Жаңшаган ырым айтам.*
*Мен дагы дүйнө салып,*
*Өмүрдөн бир күн кайтам.*[3]

Баарынан да Токтогулдун Амир Темирдин зынданында жатып, Акмырзаны эңсеп ырдаганы – нравалык тазалыктын үлгүсү. Ал чыныгы элдик ырлардын мотивинде ырдалган. Мындан анын төкмөчүлүк чеберчилигин, элдик поэзияга жакындыгын көрүүгө болот:

*Көзүмдү жумсам түш көрөм,*
*Көктөгү учкан куш белең.*
*Кайберен болуп бутаңа,*

---

[1] «Заман-Кыргызстан» гезити. – 1993, – 1-15-апрель
[2] Үзүндүлөр С. Закировдун китебинен алынды.
[3] «Заман-Кыргызсиан» гезити. – 1993, – 1-15-апрель

*Качан бир жүрүп туш келем.*
*Арманда жатып түш көрөм,*
*Айланып учкан куш белең.*
*Ак марал болуп бутаңа,*
*Акмырзам, качан туш келем.*[1]

«Соңку ыр» деп аталган ыры да ырчынын бүткүл идеялык кудуретин, адамдык бийик наркын чагылтып, ага карата жалпы элдик берилгендикти, урматтоону билдирип турат. Мына:

*Ырымдан башка дүйнөм жок,*
*Ырдасам дүйнөм күйгөн жок.*
*Аларда сени, Акмырзам,*
*Аксатты келип тийген ок.*

*Капаска түштүк экөөбүз,*
*Сайрашып жүрүп өтөбүз.*
*Ширинин татпай дүйнөнүн,*
*Чырактай бир күн өчөбүз.*[2]

Мисалдардан көрүнүп тургандай, Токтогул орто кылымдардагы эң көрүнүктүү кыргыз ырчысы болуп, анын чыгармачылыгынан бийликтин адилетсиздиги, замандын теңсиздиги, жөнөкөй адамдардагы адамды адам кылган бийик нравалык сапаттар чагылат. Анын ырлары мейли биздин заманга көбүрөөк санда жетпеген дейли, бирок келтирилген үзүндүлөрдөгү идеялар эле Токтогулдун кандай ченөлчөмдөгү ырчы болгонун айгинелеп, туман баскан орто кылымдарды жарытып турган нур сыяктуу көрсөтүп турат.

Бирок биз анын ырларынын бизге жетпей калганына канчалык өкүнбөйлү, эгемендүүлүктүн шартында, коңшулаш өлкөлөрдүн архивдеринен анын ысмына байланышкан жаңы маалыматтар, анын ырлары табыла берерине бекем ишенсек болот.

Орто кылымдардагы гана эмес, жалаң кыргыз ырчылык өнөрүнүн гана эмес, деги эле башка элдерде да өнүгүп келген оозеки көркөм сөз өнөрүнүн улуу өкүлү катары эсептелген ырчы - Асан Кайгы десек жаңылышпайбыз. Ал өз идеяларын чагылтуу жагынан да, угуучуларга жеткирүү жагынан да, баарынан мурда идеяларынын терең маанилүүлүгү жагынан да замандаш ырчылардан алда канча жогору турат. Ошол эле учурда ал Борбордук Азия элдеринде гана эмес,

---

[1] «Заман-Кыргызстан» гезити. – 1993. – 1-15-апрель
[2] Ошондо

казак, кара калпак, ногой элдеринде да атактуу ырчы болгону, азыркыга чейин анын ырлары муундан муунга өтүп жашап келе жатканы ошол ойду далилдеп турат. Анан калса анын улуулугуна таңдана өз оюн айтып, изилдегендердин катарында атактуу Чокан Валиханов, Мухтар Ауэзов, Сакен Сайфуллин, Алкей Маргулан жана Б. Кенжебаев, Х. Суюншалиевдер болгон, ал эми К.Мамбетов, А. Тажимуратов сыяктуу каракалпак окумуштуулары да Асан Кайгынын чыгармачылыгы жөнүндө өз ойлорун айтышкан. Албетте кыргыз адабиятчылары да (Б. Кебекова, С. Закиров, А. Эркебаев) Асан Кайгынын бизде сакталып калган үзүндү ырларына жараша улуу акындын чыгармачылыгы жөнүндө сөз кылышып, өз заманынын даанышманы, ойчулу болгондугун белгилешкен.

Түшүнүктүү болуш үчүн изилдөө жагдайына мүнөздүү болгон бирин-экин ойду айтпай коюуга болбос. Анткени бардык эле изилдөөчүлөр үчүн мүнөздүү көрүнүш Асан Кайгыга таандык гуманисттик философиядагы өзөк идеяларга бет буруп бара албагандык. Кыргыз гана эмес, казак, кара калпак изилдөөчүлөрү да Асан Кайгынын бүткүл чыгармачылыгы жана идеялар системасы өзүнө чейинки кылымдар бою өнүгүп келген гуманисттик идеяларды жашоонун жаңыча жаңырыгы катары туюнтканын этибарга алышпаган. Анын ордуна, айталы илдет болуп калган өз элинин тарыхына ыйгарып, өз элине таандык кылып көрсөтүү тенденциясы жогору турат. Адатта биздин адабиятчылар бул жагынан да тизгин талаша алышпайт. Балким ошонусу жакшыдыр. Анткени жамап-жаскап олтуруп, өзүнө таандык кылып көрсөтүү үчүн кеткен убаракерчиликтин ордуна дал ушул идеялар изилденсе баалуу эмгектер жарала турганы талашсыз.

Борбордук Азиядагы түркий элдердин тарыхында алардын атактуу инсандары жараткан баалуу мурастар ошол элдердин бардыгына таандык. Бирок бул чындык баарына эле жага бербейт жана колдоого алынбайт. Балким коомдук көрүнүштүн азыркы этабында бул жөнүндө сөз кылуунун өзү пайдасыздыр, балким, улутчулдук, улуттук кекирейүүчүлүк өз улутун чектегендик экенин жакынкы мезгилдерде түшүнүү кыйындыр. Кантсе да атактуу инсандарды, көркөм мурастарды өз элине ыйгарып алуу, өз элиники кылып көрсөтүү ал үчүн орду түбү жок ойдон чыгарылган маалыматтарды келтирүү азыркы учурда кызуу жүрүп жатат. Бул процесс көпкө созулат. Өкүнүчтүүсү - улам кийинки муундарда туура эмес түшүнүктөр калыптана берет да, карама-каршы же далилсиз талаш-тартыштарга алып келет. Ал жагын жөн коелу да, Асан Кайгыга кайталы.

Асан Кайгы, мейли казак фольклору менен, мейли каракалпак фольклору менен байланышпасын өз чыгармачылыгында «Кожожаш», «Карагул ботом» сыяктуу эстеликтердеги өзөк идеяларды, сыягы бул эпосторго чейин өнүктүргөн ырчы болгон. Анткени бул эстеликтерде адамдын жан-жаныбарлар менен, демек Теңир баарын тең жараткан Жер үстүндөгү жандуулар менен болгон ынтымакты (гармонияны) бузушу кыянатчылык катары аң-сезимде айыпталып, Адам өз катарында тургандардын колдоочусунун каргышына калганы баяндалат. Аң-сезимде мындай жыйынтыкка келип, аны көркөм чыгарманын ичиндеги образдар кылып сүрөттөөнүн өзү - Асан Кайгы сыяктуу ойчулдардын мурдатан келе жаткан идеялык салты. Маселен, Асан Кайгы курт-кумурска, жан-жаныбарларды аяйт, аларга боорукердик кылат, ага кайгырат, ыйлайт. Мына ушул Адамдын катарында турган жандууларга болгон мээрим, боорукердик биротоло сакталбады, анын бузулушу күчөгөндөн күчөй берди. Акыркы Сур эчкилердин тукум курут болушуна алып келди. Үндөө, чакыруу, туюнтуу Адамдын кыянатчылыгын токтото албады. Анан Адам акылы Адамды ошол кыянатчылык үчүн жазалоо зарылдыгын туйду. Бул да көп кылымдарды басып өткөн бүтүм.

Мындай проблемалар менен идеяларды коомдун жалпы деңгээлинен алда канча жогору туруп, анын өксүктөрүн ар бир адамдын, ар бир жаныбардын азап-тозогу катары туюп, аны чечмелөө зарыл экенин билген инсан гана көп жактуу түшүнө алмак. Асан Кайгы - дал ошондой феномен инсан.

Бизге жеткен ырлары боюнча ой жүгүртүп көрсөк, Асан Кайгы терең идеялардын гана эмес, ырчылык өнөрдүн да (чеберчиликтин) генийи болгон экен. Бул жагына астейдил назар салып байкап көрсөк, Асан Кайгы өзүнө чейинки көрүнүктүү өлбөс-өчпөс ырларын эсине сактап, өз идеяларын ошол саптарын өзгөртүп колдонуу менен ырдаганы көрүнүп турат. Эгерде биз анын кеңири белгилүү жан-жаныбарларга, курт-кумурскаларга карата аео сезими менен ырдаган ырын анын идеялык-көркөмдүк кредосу катары карасак, кийинки мезгилде табылып жарыяланган ырларында салттык санат ырларындагы моралдык-этикалык, адилеттүүлүк, адилетсиздик, бийлик, байлык, эң негизгиси, жашоо философиясы орун алат. Демек, Асан Кайгы санат-насыят ырларынын салттык алкагын кеңейтип, анын мазмунуна курт-кумурскаларга чейин бардык жандууларды тирүүлүктүн азабын тартып жаткандар катары сүрөттөп, жалпы эле жашоону бир бүтүндүк деп туюнтат. Ал эми форма жагынан ошол идеяларды санат ырлары аркылуу да, ырдоо эмес айтуу формасында да, демек чектелбеген негизде берет. Көптөгөн ыр

саптары обондуу ыр эмес, макал-лакаптар катары кабыл алынат. Демек, Асан Кайгы үчүн биринчи иретте адамдардын акыл-эсин козгой турган, жашоонун жакшы жактарын, кадыр-баркын баалай турган, ошолор аркылуу ар бир адамга нравалык тарбия берип, тиричилигин, рухий турмушун жакшырта турган жакка буруу каралат.

Ырларын талдап көрөлү. Кыргыздар арасында сакталып, бизге жеткендеринде да, казак тилиндеги үлгүлөрүндө[1] да ырчылык өнөрдүн жанрларына мүнөздүү көркөм нарк, терең идеялуулук, тыбыштар менен сөздөрдүн көркөм симметриясы бекем сакталат. А. Эркебаев өз китебинде келтирген үзүндү ырларда дал ушул касиеттер артыкчылык кылат да, кыргызча чыккан китепте акын жашаган замандан бери жашап, оздон оозго, муундан муунга өтүп, бизге жеткенче тилдин өнүгүшү менен жаңыланышы байкалат. Аны мындайча түшүнөбүз. Асан Кайгынын ырларынын текстине көңүл бурсак:

*Эдил бол да, Жайык бол,*
*Эч ким менен урушпа.*
*Жолдошуңа жоо тийсе,*
*Жаныңды аяп тырышпа!*[2]

Мындагы «Эдил бол да, Жайык бол» деген сап калган саптар менен түздөн-түз байланышы жок десек болот. Анткени бул саптардагы Эдил Волга дарыясынын ошол кездеги аты, ал эми Жайык Урал дарыясынын 1775-жылга чейинки аты болуп саналат. Эгер Эдил менен Жайык деген сөздөр ал дарыялардын аты эмес эле кыргыздын «Адыл», «Жайык» деген сөздөрү десек, анда маанилерди жакындаштыруу кыйын. Айталы «Эч ким менен урушпа» деген насаат сөзгө үндөө үчүн кай себептен «адыл бол» (мейли аны «адилет» деп түшүнөлү) деш керек. Ал да төгүп ырдап жатканда айтылып кетиши мүмкүн, ал эми «Жайык бол» дегендин маанисин «Март бол» деп түшүнсөк да «Жайык бол» дегендин өзү кыргыз тилинде кезикпеген курулма. Ошондуктан бул сөздөр Алтын Ордонун доорундагы эки дарыянын эски аттары экендиги талашсыздай туюлат. Болгону Асан Кайгынын адепки ырдаган ырына ошол эле сап калып калган да, калгандары миңдеген санат ырларынын арасында жок болуп кеткен же өзгөрүлүп кеткен.

---

[1] А. Эркебаевдин «Малоизученные страницы истории киргизской литературы» деген китебинде Асан Кайгынын ыры деп келтирилген үзүндүлөр, сыягы, казак окумуштуусу Х.Суюншалиевдин «Казахская литература VIII-XVIII веков. – А-А, 1989. деген китебинен алынган. Бирок ал жөнүндө айтылбайт.

[2] Легендарлуу ырчылар жана сынчылар. – Б., 1994, 9-б.

Кандай болгондо да бул саптар Асан Кайгы жөнүндө, анын түркий элдерге белгилүү болгондугу жана түшүнүгү жогору болгондугу жөнүндө кеңири маалымат берет. Ошол эле учурда ал, балким, кайсы элге же кайсы жерге барбасын, ошол элдин тилинде ырдай билген ырчы болушу да мүмкүн. Маселен, казак ырчыларынын кыргызча, же кыргыз ырчыларынын казакча ырдаганы сыяктуу эле Асан Кайгы үчүн ошончо жерлерде ырдап жүргөн болсо, ошол тилдерде ырдоо кыйын болбосо керек.

Санат ырларында да ошол доордун, башкача айтканда, байыркы санат ырларына мүнөздүү стилдик өзгөчөлүктөрү бар:

*Айылдагы жамандар,*
*Эл кадырын не билсин!*
*Көчүп-конуп көрбөгөн,*
*Жер кадырын не билсин!*[1]

Мындагы «не билсин» деген курулма азыркы «кайдан билсин» дегендин орто кылымдарда жалпы түрк тилдерине мүнөздүү формасы. Асан Кайгынын Жаныбек ханга карата ырдаган ыры болобу, жанжаныбарлар жөнүндөгү ырлары болобу сакталып калышы, көчүрүлүп жазылышы, жатталып алынышы жагынан да түрдүү өзгөрүүгө дуушар болгон.

Асан Кайгы орто кылымдардагы турмуш зарылдыгы менен пайда болгон идеялардын бардык тутумун чагылткан. Жогоруда белгилегендей, ал ойчул-прагматик же турмуштук ар кандай көрүнүштөрдөн терең маани, философиялык ой чыгарган ырчы болбогондо, анын атак-даңкы мынчалык кеңири чөлкөмдө маалым болуп, ырлары жана ал жөнүндөгү маалыматтар бизге жетпеген болот эле.

Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып турган материалдардан алынган мына бул саптар атайын талдоону талап кылбай эле, Асан Кайгынын ойчул-философ экенин далилдеп турат. Мисалы:

*1.Адам өлсө-өлүк, жан өлбөйт,*
*Жакшынын өзү өлсө да сөзү өлбөйт.*

Мындагы адам өлсө жөн эле өлүккө айланып калса да, анын жаны (духу) өлбөйт дегени - философиянын тарыхында болуп келген спиритизмдин «жан» жөнүндөгү түшүнүктөрдүн кыргызча варианты же көрүнүшү. Ал илим адамдын денеси биологиялык өлүмгө кабылса да, анын жаны өлбөйт деп түшүндүрөт. Мында тактай тур-

---

[1] Легендарлуу ырчылар жана сынчылар. – Б., 1994, 9-б.

ган нерсе - Асан Кайгы «жан өлбөйт» деген түшүнүктү талдап, далилдеп көрсөтүүнү максат кылбайт, аны менен жумушу деле жок, анын айтайын дегени - экинчи саптагы адам өзү өлсө да, артында башкалар үчүн үлгү болчу сөзү, акылы, жакшы жүрүм-туруму жөнүндө эскерүүлөр калат деген ой. Башкача айтканда, адам өмүрүнүн баасы же маңызы - артында калчу рухий байлык, башкалар үчүн жасаган асыл иш. Андай болушу үчүн адам өзүнө ыйгарылган тирүүлүктө (жарык дүйнөдөгү жашоосунда) жакшы нерселерди жасоого умтулуп, колунан келишинче аларды жасашы керек, жакшы жашап өтүшү керек. Дал ушул жөнөкөй турмуштук (прагматизм) философия - Асан Кайгынын негизги түшүнүгү.

*Бай мактанса, бир жуттук,*
*Баатыр мактанса, бир октук!*[1]

Мында Асан Кайгы жүрүм-турумдун нравалык жагын байлыктан да, баатырлыктан да жогору коюп, тирүүлүктө адамдын адамдыгын аныктай турган нерсе - байлык эмес, түбөлүк калчу нравалуулук же адеп-ахлак жагынан эсте каларлык, башкаларга үлгү болорлук касиет. Ал эми байлык, баатырдык дегендериң «бир жуттук» жана «бир октук», башкача айтканда, алар убактынча гана көрүнүш, алар менен мактанууга болбойт.

Көптөгөн ыр саптарында Асан Кайгы «ачуу - душман, акыл - дос» деген принципти карманып, адамдарды сабырдуу, чыдамкай, акылэстүү болууга үндөп келген. Ал эми Жаныбек хан сыяктууларга «Кулуң көп сени өлтүрөр» деген бир эле сап менен кайрылып, баа берет.

Ар кандай жагынан алганда да Асан Кайгы - орто кылымдагы ырчылык өнөрдүн алыска-алыска көрүнгөн асман мелжиген туу чокусу десек болот.

Экинчи доор ичинде көрүнүктүү ырчылардын катарында турган Жээренчедей чечендер, Толубайдай сынчылар болгону белгилүү. Деги эле көркөм сөз өнөрү бул доор ичинде замандын оош-кыйыштарына, бийлик менен байлыктын кыянатчылыктарына карабай, адамдардын аң-сезим, нравалык касиет-тарбия жагынан кайра жаралышына алып келген. Ал эми Жайсаң, Кетбука, Токтогул, Асан Кайгы сыяктуу ырчылар, Толубай өңдүү сынчылар, Жээренче чечендер акыл-ойдун кыймылдаткыч күчтөрү же мотивдери болушкан.

Мына ошол күрдөөлдүү өнүгүштө көчмөн түрк урууларынан чыккан Махмуд Кашгари, Юсуп Баласагун сыяктуу кеменгер ойчулдар өз эмгектери менен ошол процесске баалуу салымдарын кошушкан.

---

[1] Бул саптар да «Легендарлуу ырчылар жана сынчылар» деген китептен алынды.

Үчүнчү доорго мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү карап көрөлү. Бул доор XIV-XVIII кылымдарды кучагына алат, бирок кыргыз адабиятынын да, ырчылык өнөрдүн да тарыхында дээрлик изилденбеген мезгил десек болот. Деген менен ал мезгилдин изилденбегени маалыматтардын жоктугуна же окумуштуулардын ыкшоолугуна байланыштуу эмес, бул мезгилдеги коомдук-социалдык, рухий-көркөмдүк өнүгүштүн өзгөчөлүгүнө байланыштуу дегенибиз чындыкка жакын болот. Адатта коомдук илимдер жакынкы эле тоталитардык идеология бийликте турганда, эң оболу ошол идеологияга түздөн-түз байланышкан тарых, философия, саясий экономика сыяктуу илимдер дың бузуп, коомдук илимдин башка түрлөрүнө идеялык база түзүп, ошол негизде гана башка илимдер өнүгө турган. Эгемендүүлүктүн шартында кыргыз тарыхы да, философиясы да ар түрдүү багытта, жаңыча өнүгө баштап, бирок мурдагыдай багыт берүүчү ролдун ордуна идеялар менен маалыматтар берүүчү ролду аткарып келди деп айтууга болот. Бирок калган илимдер али ага таянуудан да, четке кагуудан да алыс болуп, бир даары дагы эле ошол илимдердин идеология жагынан жол көрсөтүүчү болушун күтүп тургандай. Ушундай шартта аталган доордун тарыхы да, көркөм сөз өнөрү да али изилденүүдөн алыс бойдон калууда.

Мындай шартта дагы да болсо өнүгүүнүн логикасына, мыйзам ченемдерине бет бурганыбыз дурус.

Бул мезгилде ырчылык өнөр элдин рухий турмушунан бекем орун алып, ырчылардын кадыр-баркы өсүп, рухий-социалдык турмушка таасири күчөп олтурат. Ырчылык өнөргө карата элдин аң-сезиминде касиеттүү жана табият тартуулаган ыйык өнөр катары эсептеген мамиле бекемделет. Ар бир уруунун өз ырчысы менен сыймыктанышы күчөйт. Бирок ырчылар мурдагыдай орто кылым ырчылары жараткан салт боюнча заман өзгөрүштөрү, бийлик, байлык, жүрүм-турум жөнүндө ырдоо багытын аз да болсо өзгөртө башташат.

**Буга эмне себеп болду?**

Негизги эле себеп – орто кылымдагы ырчылар чыныгы чыгармачылык активдүүлүк менен ырдаган шарттын өзгөрүшү. Айталы, бийликке каршы, Чыңгызхандай залим хандарга каршы ырдоо да нравалык мазмунда акылман хан же боорукер бий жөнүндө, аларды ашкерелеп ырдоонун ордуна, аларды боорукердикке үндөө кайрымдуу бийлердин образын мактап ырдоо формалары пайда болот. Бул да мыйзам ченемдүү көрүнүш эле. Уруу ырчылары өз уруусунун рухий-көркөм бай мурасын кайра жандантып, сыягы эпикалык поэмаларды аткарууга тарыхый окуяларды ырга айлантуу ар бир уруунун рухий

турмушундагы маанилүү окуяга айланат. Ырас, ар бир уруунун тарыхындагы окуялар, алар жөнүндөгү легендалар жана уламыштар ырчынын чыгармачылыгында да чоң мааниге ээ болуп, коом турмушу жөнүндө ырдоо экинчи планга өтөт. Анткени убактынча болсо да залим хандардын, элди эзген бийлик төбөлдөрүнүн заманы өтүп, кыргыздардын турмушунда, айрыкча рухий турмушта өткөндүн запкыларын аңдап-билүү, жаңы муундарды өткөндөгүнүн жаркын салттары менен тарбиялоого умтулуу аракеттери жаңы зарылдык катары турмуштан орун алат.

Эпос аткаруучулук өз алдынча чыгармачылыкка айланып, ырчылар өз уруусунун гана чеги менен чектелбей, башка урууларды да аралап ырдап, ырчылык өнөрдүн интеграциясы кайрадан жандана баштайт. Ошол эле учурда идеялык жактан да утурумдук эмес, түпкүлүктүү идеяларды окуялуу ырлар жана жаркын образдар аркылуу чагылтуу ырчылык өнөрдүн негизги өзгөчөлүгү болуп калат. Дал ушул мезгилде элдик түшүнүктөрдө заман, коом, бийлик жөнүндө утопиялык түшүнүктөр кайрадан жаңырып, ырчылар аны «Кедейкан» сыяктуу дастан-поэмаларда чагылтышат. Турмушта болгон лирика-трагедиялык окуялардын, адам тагдырынын, алардын жаркын умтулууларынын, нравалык тазалыгынын үлгүлөрү катары ырчылар «Кыз Мактым», «Ак Саткын менен Кулмурза» сыяктуу өлбөс-өчпөс дастандарды, алардагы образдарды жаратышат.

Бул мезгилде кыргыздар ойрот-жунгарлардын талоончул жортуулдарына дуушар болуп, кайрадан баатырдык эпосторду жаратуу өнүгө баштайт. Ошол эле мезгилде орто кылымдардын башындагы уруу баатырларын даңазалоо салты жаңы шартка ылайык кайра жанданып, ал баатырлардын кайсы урууга таандык экени биринчи иретте эпостордун башталышында эң зарыл атрибут катары көрсөтүлө баштайт. Мурда уруу баатырларын ырдоо ар бир уруунун атын чыгаруу, тарыхын даңазалоо негизги орунда болсо, эми уруулардын биримдигин бекемдеп, талоончул душмандарга каршы духун көтөрүү максатында ырдала баштайт. Айрыкча «Манас» эпосун Жайсаңдын мезгилинде жомокчулар аткарып келишсе, бир чети эпостун өнүгүшүнүн таасири менен эми атайын «Манас» айтуучулар аткара башташат. Мында, албетте «манасчы» деген термин да канчалык кийин чыкпасын, өз кезегинде «жомокчу» аталып, «Манас» айткан улуу инсандардын чыгармачылыгын жана өзүнө таандык касиеттерин чагылтып турган. Жомокчу менен манасчы – көп жагынан маанилеш түшүнүктөр. Келип чыгышы жагынан жомокчу – узак тарыхтан бери келе жаткан түшүнүк. Бирок эпос аткаруучу же

бир эпостук сюжетти окуя-образдары менен аткарып ырдай ала турган чыгармачыл инсан орто кылымдардын башынан калыптана баштап, жомокчу атка конгон. Ал туруктуу салтка айланып, Сагымбай Орозбаковдун тирүү кезине чейин жеткен. Өкүнүчтүүсү «жомокчу» деген түшүнүктү азыркы муундагы билимдүү эле адамдар да бир гана жомок же жөө жөмөк айтуучу (сказочник) катары түшүнүп калышты. Ал эми эпос айткандар дегенде «Манас» айтканды гана түшүнөбүз. Чындыгында жомокчу «Кожожашты», «Эр Төштүктү», «Эр Табылдыны» да аткарган. Мындай өзгөрүү түпкүлүгүндө «Манас» эпосунун өнүгүп олтуруп, кеңири боло башташына байланыштуу. Мында жомокчулардын да муундан муунга өткөн сайын эпостон эпизоддорду гана эмес, бардык бөлүктөрүн аткара турган талант деңгээли негизги роль ойногону байкалат. «Манас» бара-бара жомокчунун эс тутумун биротоло ээлеп алып, анын жомокчу атын калтырып, манасчы атка өтүшүнө түрткү берген.

Дал ушул ырчылык өнөрдүн өнүгүшүнүн үчүнчү доорунда ырчылык өнөрдүн тутумунда эпос айтуучу алдыңкы чекке чыгып, эпостук салттын жаңырышына алып келет. Рухий турмушта эпостун өзү да, аны аткаруучулук да кеңири белгилүү боло баштап, ар бир ырчы өз репертуарында төгүп ырдоо менен гана чектелбей, белгилүү эпостордун да аткаруучусу болуп калышат.

Чындыгында эле, ырчылык өнөрдүн өнүгүшүнүн бул этабында деле чоң ырчылар болгону талашсыз. Өнүгүү процесси токтоп калууга мүмкүн эмес. Бир гана айырмасы бул мезгил ичинде ырчыларда эпикалык ой жүгүртүү кеңири өнүгүп, алар эпикалык жана лиро-эпикалык эпос, дастандарды көбүрөөк аткарышып, чыгармачылыктын багытын көбүрөөк ушул жакка бурушкан.

Бул мезгилде коомдогу башкаруу жана бийлик чөйрөсүнө түрдүү бийлер, манаптар келишип, алар көркөм сөз өнөрүн өз кызыкчылыгы үчүн пайдалана башташат. Ошого байланыштуу ырчылык өнөрдүн жалпы курамындагы сынчылык жана чечендик өнөрү да кеңири өнүгүү жолуна түшөт. Атактуу Санчы сынчынын ысмы алыска тарайт. Аны менен бир мезгилде жашаган Алдаш Белек уулу (1720-1780), андан кийинчерээк Калыгул Бай уулу (1785-1855) көркөм сөз өнөрүнүн мазмунун да, формасын да рухий турмуштун зарылдыктарына ылайык жаңы багытта өнүктүрүшөт. Ырчылык өнөр мактоо, көңүл ачуу, даңазалоо каражаты гана болбой, заман проблемаларын аңдапбилүүнүн, алар жөнүндө ой жүгүртүүнүн да куралына айланат. Башкача айтканда, орто кылымдагы ырчылык өнөр жараткан салттар кайрадан багыт берүүчү көркөмдүк-идеялык күчкө айланат.

Төртүнчү доор ырчылык өнөрдүн XVIII-XX кылымдар ичиндеги өнүгүшүн кучагына алат. Бул мезгилде жашаган ырчылар жөнүндө алардын ар биринин чыгармачылыгы жекече талдангандыктан, бул жерде алар жөнүндө атайын токтолуунун зарылдыгы жок деп ойлойбуз.

Бул доордогу ырчылык өнөргө мүнөздүү белгилер кайсылар?

Эң оболу ырчылардын күнүмдүк турмуш маселелери менен катар заман, жашоо, коом жөнүндөгү идеяларды өз ырларында кеңири чагылтышы. Буга байланыштуу ырчылардын санат, насыят, терме ырлары өзгөчө мааниге ээ боло баштайт. Мындай ырларда бийлик, социалдык адилетсиздик, адеп-ахлак жөнүндө, турмушта болуп жаткан окуяларга байланышту ойлор чагыла баштайт.

Ислам дининин таасири жөнүндө да бир эле мезгилде ар түрдүү пикирлер кезигет. Ырчылар ислам динин өздөштүрүү процессин Кокон хандыгынын адилетсиз бийлиги менен байланыштырып баалашса, ошол эле учурда орустардын келишине байланыштырып, каапырлар менен бирге жашоону азап-тозоктун булагы, Жараткандын жазасы катары ырдашкан.

Коомдук турмуштагы мындай өзгөрүүлөрдөн карапайым эл гана жапа чегип, социалдык-экономикалык оор абалда калышкан. Эл аралап ырдап жүрүп, бул абалды өз көздөрү менен көргөн ырчылар эмпирикалык түрдө ошол абалдын күнөөкөрлөрүн айыптап ырдашат. Коомдун өнүгүшүн так түшүнө албагандыктан, алар негизги күнөөкөрлөр байлар, байлыкка умтулгандар деп түшүнүшөт да, алардын аракеттерин бузулуунун белгиси деп, ага жүрүм-турум, адеп-ахлактагы өзгөрүштөрдү да байланыштырышып, акыр замандын белгилери катары ырдашат. Акыр заман мотиви орто кылымдардан бери жазма адабиятта да, ырчыларда да өнүгүп, кеңири ырдалып келгендиктен, жаңы шартка жараша кайрадан ырдала баштайт.

Бул жерде дагы бир учур жөнүндө айтпай кетүүгө болбойт. Ырчылар заман жөнүндө ырдашканда мурда ырдалып келе жаткан салтка таянып, андагы идеялар эске түшүп, өз мезгилинин орчун маселелери менен байланыштырып ырдашат. Анан калса ырчылар заман жөнүндө ырдаганда, алардын баары эле замандын оош-кыйыштарын ойлоп, ошону ырдоону максат кылып алып ырдашпайт. Алар жаш кезин эстешет, андагы жаркын окуяларын, көргөн күндөрүн чексиз жакшылыктын мезгили деп ойлошот да, учурдагы же өзүнүн картайган мезгилиндеги абалы менен салыштырып, арман мазмунунда ырдашкан. Бийлер, байлар жөнүндө да мурдагылар жакшы эле деп, учурдагыларга наразылык катары ырдашкан. Алардын баарын бийлик идеологиясы өкүм сүрүп турганда оңой эле «экини эңсеп,

эзүүчүлөрдүн бийлигин кайра орнотууга умтулгандар» деп, заман жөнүндө ырдаган ырчылар деп күнөөлөп чыгышкан. Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтар эки-үч жолу күнөөлөнүп, аларды оозго алгандар жазаланган, бирок ошончо жолу акталган. Бирок совет мезгилинде ырчылык жөнүндөгү түшүнүктөр Токтогул Сатылгановдон гана башталып, андан мурдагылар жөнүндө сөз болгон эмес.

XIX кылымда Кокон хандыгы кыргыз жергесинде бийлигин бекемдөө үчүн ислам динин пайдаланган. Жер-жерлерде мечит, медреселер салынып, аң-сезимде ислам дининин эрежелери бекемделген. Кыргыз жаштары арабча тамга таанып, окуганды өздөштүрүп, мунун таасири менен жазгыч ырчылар пайда болгон. Алардын чыгармачылык өзгөчөлүгү кандай эле?

Алар төгүп ырдаганга жөндөмдүү, фольклордук алкакта ой жүгүрткөн, бирок эл арасында ырдаган ырларын жазып алып, сактаган жана окуп берген ырчылар болгон. Алардын бардыгына бирдей баа берип, бирдей өлчөмгө салуу мүмкүн эмес. Маселен, мына бул айтылгандар Тоголок Молдонун чыгармачылыгына мүнөздүү дейли. Ошол эле учурда бул өлчөм Молдо Нияздын чыгармачылыгына анчейин туура келбейт. Анткени Молдо Нияздын төгүп ырдаганы күчтүү. Өзү жазып калтырган стилинен да, андагы маалыматтардан да анын төкмөчүлүгү ачык көрүнүп турат. Ошондуктан «жазгыч ырчы» же «жазгыч акын» дегенде, мейли ал өмүр бою ырдаган ырларын кол китеп кылып жазып алсын, бирок ал эл аралап барган жерлерде төгүп ырдаган жана дал ошол ырдаганы анын чыгармачылыгынын негизги белгиси болуп саналат. Ага салыштырмалуу Молдо Кылыч менен Тоголок Молдодо төгүп ырдаганга караганда өз оюндагысын жамактатып эл алдында ырдабай эле жазып алып окуп бергени, же жөн эле жазуу аркылуу сактаганы алда канча даана байкалат. Эң негизгиси - ар бир жазгыч ырчынын чыгармачылыгы жеке өзүнө таандык касиеттерге ээ.

Алардын чыгармачылыгынын эң баалуу жагы өз деңгээлине жараша маалыматтарга бай экендиги.

Мында айтып кое турган нерсе: алардын чыгармачылыгына мүнөздүү өзгөчөлүктөр ар бири жөнүндө сөз болгондо кеңири айтылмакчы.

Демек, жазгыч ырчылардын чыгармачылыгы да ырчылык өнөрдө пайда болгон мыйзам ченемдүү жана маанилүү көрүнүш.

XIX кылымда байлар менен кедей-кембагалдардын ортосундагы социалдык ажырым алда канча өсүп отуруп, кадыресе карама-каршылыкка жетет. Бул да ырчылар чыгармачылыгында чагылбай

койбойт. «Эшик ырчы» жана «эл ырчы» деп мурдатан эле аталып келген ырчылар ырдоо тематикалары, багыттары жагынан айырмаланышып, биринчи аталгандар Токтогул айтышкан Арзымат ырчылар болуп, кийинкилери Токтогулдар болушкан. Табигый түрдө Арзыматтар өздөрү даңазалашкан ээлери менен кошо жок болушкан. Ал эми Токтогулдар өздөрү менен ырдаган эл менен кошо түбөлүк жашап калышкан. Ырас, Токтогулдардын чыгармачылык орду жана ойногон ролу жөн эле эл үчүн же элди ырдагандыгы менен бааланбайт. Андай элдик ырчылар биринчи иретте бийликтегилерди даңазалоо романтикасынан бошонуп, биротоло эл тарабына өтүп, анын мүдөөлөрүн, муктаждыктарын, умтулууларын, азап-тозогун ырдагандыгы менен бааланышат.

Чындыгында эле, ырчылык өнөрдүн тарыхында өнүгүп келген эл жөнүндөгү гуманисттик идеялар XIX кылымдын экинчи жарымында кадыресе демократтык багытта өнүгүп отуруп, андай ырчылар «демократ акындар» же «демократ ырчылар» деп аталышкан. Бирок андай ырчыларды совет мезгилиндеги изилдөөчүлөр гана ушинтип аташып, эмгектеринде жазышкан.

Андай ырчылар өз идеялары, чыгармачылык аракеттери, угуучуларга таасири менен XIX кылымдагы коомдук өнүгүшкө жана аң-сезимге жакшы шарт түзө алышкан. Алардын ырларында моралдык-этикалык, гуманисттик-философиялык идеялар орун алып, ошол багыттагы элдик түшүнүктөрдүн чагылышы деп эсептелген. Бул маселелер да атайын бөлүмдө толугураак каралмакчы.

Төртүнчү доорго мүнөздүү көрүнүштөрдүн бири - совет мезгилиндеги ырчылык өнөр. Анын да өз алдынча тарыхы, өнүгүү өзгөчөлүгү бар. Жаңы мезгилдеги мындай өзгөчөлүктөр ар бир ырчынын чыгармачылыгына байланыштуу айтыла турган болгондуктан, ал маселелер жөнүндө кыскача токтолуп көрөлү.

Жаңы мезгилде ырчылар чыгармачылык жагынан бир жагы жакшы, жагымдуу абалга, экинчи жагынан кыйын абалга дуушар болушту. Маселен, совет бийлиги жаңы орногон мезгилде бүткүл эл сабатсыз кезде, басма сөз, радио, дегеле маалымат каражаттары жок кезде алардын милдетин ырчылар аткарышты. Айталы Токтогулдун «Кандай аял тууду экен, Ленindей уулду», «Жашасын, Кеңеш өкмөтү», Тоголок Молдонун «Кедейлерге насыят» деген ырлары, Лениндин 1924-жылда өлгөндүгүнө байланыштуу Абылкасым Жутакеевдин, Токторалы Талканбаевдин ырлары ар кандай партиялык чакырык, үгүт-насыят иштеринен алда канча таасирдүү да, түшүнүктүү да болучу. Чындыгында эле, ырчылар совет бийлигин көптөн бери эңсеген ади-

лет бийлик деп түшүнүшкөн да, ошондой кабыл алышкан. Эң оболу ырчылар чын жүрөктөн совет бийлигин, Ленинди, тарбияны ырдап чыгышканда ошондой эле көрүнгөн. Бирок 30-жылдары жаңы маданий мекемелер, филармония, театрлар уюштурулуп, жазма поэзия өнүгө баштаганда, ырчылар мурдагы жападан жалгыз көркөм сөз өнөрүнүн өкүлдөрү катары алдыңкы сапта келе жаткан абалынан ажырап, катардагы өнөрлүүгө айланат. Көптөгөн ырчылар филармония менен театрдын артисттери болуп калгандан кийин, алар өзү каалагандай эмес, атайын көрсөтмө менен партиянын саясатына, коммунисттик идеологияга ылайыктуу ырдай башташат. Бара-бара алар мындай шартты өздөштүрүшүп, ал үчүн акы (гонорар) ала башташып, биротоло партияны, анын жетекчилерин, көрүнүктүү ишмерлерди, белгилүү даталарды, майрамдарды гана ырдашып, ырчылык өнөрдүн философиялык мазмундагы, мораль-этика багытындагы санат-насыят ырларын ырдабай калышат. Ошол эле учурда артист болбогон, калк ичинде гана ырдап жүргөн Барпы сыяктуу ырчылар партиялык темада же жаңы турмуш көрүнүштөрүн ырдашса да, ырчылык өнөрдүн нукура салттарын сактап ырдай беришет.

Ырчылардын чыгармачылыгына 30-жылдардын аягындагы репрессиялуу көрүнүштөр да таасир этпей койгон эмес.

Ырас, ырчылар турмушта ишке ашып жаткан, ошол кездеги коллективдик чарба деген сыяктуу совет бийлигинин кадамдарын, айрыкча согуш мезгилинде майдандагы кыргыз жоокерлерине барышып, тылдагы эмгекчилердин арасында, алардын күжүрмөн эмгегин даңазалоо менен жалпы патриоттук духту көтөрүүгө кызмат кылышкан.

Алардын чыгармачылыгына партиялык көзөмөлдүн болушу ырчылык өнөрдүн салттык жанрдык түрлөрүнүн форма жана мазмун жагынан өзгөрүшүнө алып келди. Жогоруда айтылгандай, санат ырлары өзүнүн терең идеялуулугуна жараша, анын өзү бийлик идеологиясына көп учурда карама-каршы келерин билген ырчылар андай ырларды ырдабай калышты. Маселен, Калык, Алымкул, Осмонкул жана алардын замандаштары, шакирттери деген ырчылардын алгылыктуу санат ырлары жок. Ал эми айтыш жанрынын курч мазмундуу түрлөрү жоголуп, анын ордуна саламдашып ырдашуу, мазмуну жагынан бири-бирин кемсинтпей этият болуп ырдоо бул жанрга мүнөздүү белгилерден болуп калды. Андан калса эки ырчы айтышуу үчүн алдын ала теманы тандашып алып (же андай тема аларга таңуулanып) ырдай турган болушту.

Ырчылардын ырларын адилет баалоочулар - угуп олтурган угуучулар. Мурдагыдай жыйын болуп, эл топтолуп уккан ырлар, айтыш-

тар филармонияга, театрга келген көрүүчүлөр менен, радиодон угуучулар менен жана китептен окуучулар менен алмашылды. Бул да ырчылар чыгармачылыгына көп жагынан таасир этти. Оозеки аткарылма же ырдалма поэзия окулма поэзияга жол бошото баштады. Мындай шартта ырчылардын ырлары өздөрүнүн негизги көркөмдүк-эстетикалык касиеттеринен ажырап, алардын тексттери А. Токомбаев, Т.Үметалиевдердин образдык (же элестетип ойлоо) ой жүгүртүү аркылуу жазылган, окурманга багытталган чыгармалары менен бир катарга коюлду.

Мындай шартта жазма адабияттын дүйнөлүк масштабдагы мыкты үлгүлөрү менен оозанган окурмандарды ырчылардын ырлары канааттандырбай калды.

Ага байланыштуу ырчылар жаңы милдетти аткарып калышты. Алар эми өлбөс-өчпөс ырчылык өнөрдүн улуттук өнөр экендигин ири-ири салтанаттарда, майрамдарда, жолугушууларда даңазалай турган, улуттун өзгөчөлүгүн билдире турган өнөргө айлантышып, тагыраак айтканда, таанымал ырчылар ушундай роль аткарып калышты. Бул да өзүнчө мааниге ээ. Анткени, чынында эле улуттук сезимге таасир этип, сыймыктануу сезимин пайда кылат. Мында ырчылык өнөрдөн алыстап калган угуучулар күтүлбөгөн жерден жоготконун тапкандай абалга түшөт да, шаңдуу аткарылышына ыраазы болушат. Маселен, республикалык деңгээлдеги салтанатта, башка өлкөлөрдөн коноктор келгенде жөнөкөй эле куттуктоо мазмунундагы ырчынын ыры бүт улутту дүрбөтүп, сезимин козгойт. Бирок антип бүткүл элдин атынан чыгып ырдаганга атактуу ырчы алдын-ала тандалып алынат да, ал ошол салтанатта ырдоо үчүн көп даярдыктан өтөт.

**Калган ырчылар кантип ырдашы керек?**

Алар искусство менен маданияттын дүркүрөп өнүгүп, ошого байланыштуу ырчылык өнөр алардын бир звеносу гана болуп калгандыктан жана турмуштук көрүнүштөрдү кошуп (төгүп) ырдоо азыркы угуучулардын татым-талабына шайкеш келбей калгандыктан, төгүп ырдоого жөндөмдүү, ары тажрыйбасы деле бар ырчылар мурдагы ырчылардын ырларын, айтыштарын, даяр текстерин аткарууга өтүштү. Мунун да белгилүү ченде маани-маңызы бар. Бирок төртүнчү доордун акырында, башкача айтканда, азыр ырчылык өнөр ушундай абалга дуушар болду.

Эгемендүүлүк көп жагынан кайра жаралууну түшүндүрөт. Демек, азыркы шартта спонсор-демөөрчүлөрдүн, меценат-колдоочулардын жардамы менен ырчылык өнөр өзүнүн кайра жаралуу этабына

келиши мүмкүн. Кийинки мезгилдерде өткөрүлүп жаткан конкурстар, мелдештер буга далил боло алат.

Болжолдуу түрдө алынган ырчылык өнөрдүн өнүгүшүнүн төрт доору мына ушундай.

Эл ичи өнөр кенчи дегендей таланттуу ырчылар калк арасында бар экендигин, аларды элге таанылтып, ырчылык салтты азыркы эл сыймыктана турган деңгээлге көтөрүүгө мүмкүн экендигин таланттуу жаш ырчылар Жеңишбек, Элмирбек, Атантай жана башкалар далилдеп олтурат.

## ЫРЧЫЛЫК ӨНӨРДҮН ФУНКЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮШҮ

Ар кандай көркөм өнөр же искусство коомдун өнүгүү тарыхында көптөгөн функцияларды аткарат. Ырчылык өнөр да кыргыз элинин тарыхында ошондой роль ойногон. Демек, анын функционалдык өнүгүшү дегенде ырчылык өнөрдүн өзүнө гана таандык аткарган тарыхый милдеттерин түшүнөбүз. Ал милдеттер практикалык жагынан да, рухий-социалдык жагынан да бирдей маанилүү. Ошондуктан ал милдеттер жалпы адамзатка таандык дүйнөлүк искусствонун өнүгүшү жөнүндө илимде «функционалдык өнүгүү» деп аталат. Ал өнүгүү искусство жаралган чөйрөдөгү элдин турмуш-тиричилигине байланышып, ошонун зарылдыгы менен ишке ашып олтурат. Демек, ал өнүгүү ар бир элдин көркөм өнөрүндө бири-биринен айырмаланган абалда болот.

Кыргыз элинин тарыхында ырчылык өнөр да ошондой функционалдык өнүгүшкө ээ болгон.

Өз өнүгүшүнүн узак тарыхында ырчылык өнөр аткарган негизги функцияларды талдап көрөлү.

### 1. Ырчылык өнөрдүн таанып - билүү функциясы

Адамдын өзүнүн адам болуу тарыхын айлана-чөйрөдөгү дүйнө менен кошо өзүн-өзү таанып-билишинин тарыхы деп жазышат окумуштуулар. Таанып-билүү - чындыгында эле, адамдардын тарыхындагы да жана жеке турмушундагы да татаал көрүнүш. Анткени бул көрүнүш коом тарыхындагы адам баласы жараткан илим-билимдин тарыхын камтыйт. Ал эми анын өзү ар бир адамдын өз жашоосундагы билим алышынан турат.

Таанып-билүү айлана-чөйрөдөн, адамдардын өз ара мамилелеринен жана тарыхты билүү аркылуу ишке ашат. Ал – аңдап-билүүдө

чагылтылган обьективдүү дүйнөнүн элеси. Адамдын аң-сезимине же жөн эле кабылдоосуна жеткен маалымат (информация) - аңдап-билүүнүн алгачкы кадамы. Демек, адамдын ой жүгүртүүсүнө түрткү берүүчү нерсе - маалымат. Алынган маалымат адамдын билим жана кызыгуусун пайда кылып, мындан улам пайда болгон билим турмуш чындыгынын андан да терең жана ар түрдүү көрүнүштөрүн аңдап-билүүгө мүмкүндүк берет. Таанып-билүүнүн мындай үзгүлтүксүз абалда өнүккөн процесси андан пайда болгон натыйжаларды жана ыкмаларды күнүмдүк турмушунда колдонууга кеңири мүмкүндүк берген. Айталы, адамдар жаратылыш өзгөчөлүктөрүн, өсүмдүктөрдү, жаныбарларды изилдеп, өз жашоосунда пайдалана баштаган. Мына ушул жалпы мыйзам ченемден кыргыздар да четте калган эмес, ошол стадияны басып өткөн. Анын рухий турмушунда да ошол процесске байланышкан, бирок кыргыздардын көчмөн турмушуна, ишеним-ынанымдарына жараша ыкмалары жана таанып-билүү булактары пайда болгон. Эл оозеки чыгармаларында фольклордук түшүнүктөгү маалыматтар, ойлор, элестер берилип, ал туруктуу жана өнүкпөгөн абалда болот. Анткени андай түшүнүктөр статикалык абалда кабыл алынган бойдон жашайт. Качан гана ырчылар пайда болгондо алар ошол көрүнүштөргө «жан киргизген» сыяктуу. Башкача айтканда, таанып-билүүнүн жаңы динамикалуу деңгээли жаралат. Мында ырчы угуучуларга элементардык формага салынган, бирок көп маанилүү маалыматты берет. Мисалы, атактуу Арстанбекте мындай ыр саптары бар:

*Устаранын мизинде,*
*Оодарылган дүнүйө!*

Эң оболу ырчы устаранын мизин XIX кылымда кыргыздар жашаган коомдун элеси катары чагылтат. Мында ырчы замандын адилетсиздигинен тартып, азап-тозогу, акыр замандык белгилерди, ислам дининин рухий-нравалык тазалыгына орустардын (каапырлардын) зыяндуу таасири сыяктуу санап бүткүс маалыматтарды көмүскө айтат да, экинчи сап менен аны чексиз күчөтөт. Демек, дүнүйө, заман, тирүүлүк «устаранын мизинде» ары-бери оодарылып жатат - өлүп жатат. Өтө коркунучтуу жана аянычтуу дүйнөнү элестетип ырдоо аркылуу Арстанбек угуучулардын таанып-билүүсүн динамикалык абалга жеткирип, ой жүгүртүүсүн гана эмес, психологиясын да дүрбөтүп жатат. Бул фольклордогу «кыймылсыз» маалыматка караганда алда канча жандуу жана таасирдүү. Эгерде «кыймылсыз» маалыматта таанып-билүү процесси түз сызык менен өнүгүп, деңгээли төмөн болсо, ырчынын ырында андай маалымат толуп жаткан кошумча маанилерге ээ болот.

Албетте, ырчылык өнөрдүн таанып-билүү функциясынын маани-маңызын түшүнүү үчүн кыргыз элинин бүткүл өнүгүү тарыхын (жок эле дегенде ырчылык өнөр пайда боло баштагандан берки тарыхын) элестетип көрсөк, анын аң-сезиминин, түшүнүктөрүнүн, ишеним-ынанымдарынын, айталы XX кылымдын башына чейинки деңгээлге жетиши далилдеп турат. Андан кийинки жаңы мезгилде адамдар таанып-билүү жаатында илим-билимди, жаңы технологияларды, искусство, маданият, адабият чыгармаларын пайдаланууга өттү. Бирок ырчылык өнөр да өз ролун башка нукта, башка формада өнүктүрө баштады. «Манасты» аткарган жомокчулар да, тарыхта өз чыгармачылыгын өнүктүрүп келген ырчылардын катарында турган сынчылар менен чечендер да угуучулардын таанып-билүүсүн, ойлом-таанымын өстүрүүдө чоң роль ойногон. Аларды ырчылык өнөрдөн, аны таанып-билүү функциясынан бөлүп кароого болбойт.

Ырчылык өнөрдүн бул кызматы өнүккөн сайын адамдардын рухий дүйнөсүнө, аң-сезимине көп жактуу таасир эте турган касиетке ээ болуп олтурат. Бул аркылуу угуучулар өздөрүнүн аң-сезиминде топтолгон эмпирикалык билими менен өзүн-өзү аңдап-билүүгө (самосознание - П.И.) жетишип, билгендерин башкаларга да жайылта турган шарт түзүлөт. Маселен, «Манасты» уккан угуучу жок эле дегенде анын сюжетин, образдарын билип алып, аны өз сөзү менен айтып бере ала турган мүмкүнчүлүккө ээ болот.

Таанып-билүү аркылуу ырчылар байыркы уруулар баш кошуп бириккенден кийин, алардын көркөм мурастары интеграцияланып же аралаш жашай баштап, бул функция угуучулардын таанып-билүүсү үчүн мурдагыдан да кеңири таасир эте баштайт.

Демек, ырчылык өнөрдүн таанып-билүү функциясы бул өнөрдүн тарыхында көп жактуу таасир этип, кыргыздардын өзүнө таандык салттарынын, көркөм сөз өнөрүнүн, ал аркылуу жаралган улуу эстеликтердин тарыхта сакталып калышына, масштабдуу өнүгүшүнө шарт түзгөн.

Эскерте кетчү бир жагдай: ырчылык өнөрдүн өнүгүү өзгөчөлүгүнө мүнөздүү болгон бардык функциялар өз алдынча терең илимий изилдөөгө татыктуу. Анткени анын ар биринин узак тарыхы, ойногон ролу бар. Демек, анын ар бирин бул чакан китепте кеңири талдоого мүмкүн эмес. Ошондуктан биз ал функциялардын ырчылык өнөрдүн тарыхында өнүгүп келген түрлөрүн студенттерге багыт берүүчү деңгээлде гана талдап жатабыз. Алардын ар бирин кеңири талдоо зарыл экендигин туйган жаш изилдөөчүлөргө аз да болсо жол ачылса, биз өз оюбуздун ишке ашканы деп түшүнөбүз.

## 2. Ырчылык өнөрдүн коомдук - социалдык функциясы

Кыргыз тарыхында ар бир ырчы өз чыгармачылыгына, стилине, көз караштарына жана алган багытына ээ болгон инсан болуп келген. Демек, андай ырчылардын коомдогу ойногон ролу талашсыз көрүнүш.

Ырчынын же ырчылык өнөрдүн мындай багыттагы ролу дайыма терең мааниге ээ болуп, коомдук аң-сезимдин көп жактуу өсүшүнө таасир эткен. Ырчылар эң оболу социалдык адилетсиздик, коомдун өнүгүшүндөгү терс көрүнүштөр, айрыкча, бийликтин жалпы элдик мүдөөгө кайчылаш келген жактары жөнүндө бардык эле замандарда ырдап келишкен. Албетте, тарыхтын алыскы тереңине үңүлүп карасак, адамдар жамаат болуп, топ болуп, анан уруу болуп жашаганда деле өздөрүнө жараша коому, өздөрүнө жараша жашоо проблемалары болгон. Демек, алар оозеки чыгармачылыктын ыр, макал-ылакап, жомок сыяктуу жанрларында чагылтылып келген. Албетте, мындай фольклордук жанрлардагы көбүнесе жеке керт башка байланыштуу айтылган ойлор белгилүү бир жамааттын же уруунун тарыхында болгон окуяларга байланыштуу айтылган ойлорго караганда жөнөкөй жана көнүмүш деңгээлде болгон. Качан гана ал ойлор бир маанилүү окуяга байланыштуу ырчылардын ырларында айтылган болсо, ал алда канча таасирдүү да, ийкемдүү да болуп, бат кабыл алынат.

Мына жогоруда сөз болгон 840-жылы кыргыздардын уйгурларды жеңип, уруулар биримдигин чыңдашы ырчылардын, уруу башчылардын жасаган иши боюнча баалап, бийлик жөнүндөгү коомдук түшүнүктүн жаңыланышына таасир эткен. Андан кийинки орто кылымдардагы атактуу кыргыз ырчыларынын заман, бийлик, байлык, социалдык адилетсиздик жөнүндөгү ырлары коомдо ошондой идеялардын туруктуу болушуна жана багыт берүүчү күчкө айланышына алып келген. Ошол эле учурда коомду жаңылоо жагына таасир эткен андай идеялар ар бир инсандын туруктуу түшүнүгүнө айланып, муундан муунга өтүп, идеялык мурас катары жашаган. Улам мезгил өтүп, коом өнүккөн сайын андай идеялык мурастар жаңы муундагы ырчылар тарабынан байып, жаңыланып жана өнүгүп жүрүп олтурган. Маселен, орто кылымдагы ырчылардын идеялык салттарын (улантылышын) Санчы сынчынын, Алдаш Белек уулунун, Калыгул Бай уулунун чыгармаларынан көрөбүз. Баалуу же маанилүү идеялар санат ырларында ырдалып, кайсыл ырчыда өтө чебер аткарылса, ошонун атак-даңкы чыгып, андай ырлар угуучулардын дайыма уккусу келгендей кызыгуусун пайда кылган. Андай чебер ырчы бардык эле жерлерге тынымсыз бара берүүгө мүмкүн эмес. Ошон үчүн жаш

шакиртин жиберет же өзү ээрчитип ала барат да, эл алдында ырдатат. Угуучулар мындай шартта устаттын өзүнүн ырдашын, болгондо да эл арасында белгилүү болуп калган санат ырын ырдоосун каалашат. Устат үчүн бул шакиртин элге чыгаруунун (өзүнчө эле презентациялоонун) ыңгайлуу учуру десек болот.

Муну мынчалык токтолуп айтып жатканыбыздын себеби, ырчылык өнөрдүн дал ушундай шарттан улам пайда болгон бири-биринин ырларын аткара турган салты жөнүндө айтмакчыбыз.

Устат ырчы шакиртин элге тааныштыруу үчүн өзүнүн элге белгилүү ырын ырдатса, анын шакирти адегенден эле баалана баштайт. Сөзсүз шакирт гана ырдайт деген да туура эмес. Анткени элге белгилүү ырчы анын ырдап берүүсүн өтүнгөндө өзүнүн эң жакын санаалаш ырчы досун суранат да, ал ырдайт. Мындай салтты атактуу Жеңижоктун «Токо, сен айтып кой, ырымды» деген ырынан билебиз. Ал ырында Жеңижок отуз эки ырчыны атап, бардыгын «Бу да айталбайт ырымды» деп баа берип келет да, Токтогулга кайрылып, ушул ырын ырдайт. Мында айталы дегенибиз, демек ырчылар бири-биринин ырын аткарышып келген да, угуучулар арасында кеңири белгилүү ырлар көптөгөн ырчылардын репертуарларына кирип, туруктуу аткарыла берген. Бул салт муундан муунга өтүп, санат ырларындагы канаттуу саптар иргелип олтуруп, кимге таандык экендиги белгисиз болуп кеткен. Мындай ырлардын, айрыкча орто кылымдардан кийин эл арасында улам кийинки ырчылардын аткаруусу менен, элдин каалоосу менен сапаттык жактан оңдолуп олтурат. Натыйжада коомдук-социалдык идеяларга жыш, ошол себептен элдин эсинде кимдики экендигине карабай сакталган ырлар же ыр саптары кездешет. Коомдун турмушуна түздөн-түз байланышкан андай ырлар кадыресе философиялык мазмунда же философиялык идеяларды кучагына алат. Ырчылык өнөрдүн коомдук-социалдык функциясы коомдук аң-сезимдин көркөм сөз өнөрү өңдүү түрлөрү менен тыгыз байланышта өнүгүп, түрдүү идеяларды жаратып, угуучуларга жеткирип, алардын аң-сезимине жана ой жүгүртүүсүнө терең таасир этүү менен коомдун өнүгүү процессине жана жаңыланышына салым кошот.

Коомдук-социалдык функция ырчылар чыгармачылыгында туруктуу өнүгүп келген заман жөнүндөгү идеяларда ачык-айкын көрүнөт.

Ырчылык өнөрдүн өнүгүү доорлору жөнүндөгү бөлүмдө заман мотивиндеги ырлардын орто кылымдарда өнүгүшү тууралуу айтканбыз. Ырас, замана ырлары ырчынын өзү үчүн да, угуучулар үчүн да кызыктуу жана маанилүү. Ошол себептен сөз болуп жаткан функцияда заман жөнүндөгү ырлар негизги орунда турат. Албетте, коом-

дук-социалдык турмуштун өзгөрүшү же ал-абалы жөнүндө ырдоо ырчынын кадыр-баркынын өсүшү үчүн эффективдүү кызмат кылат. Бирок бул функция башка тематикадагы ырлар аркылуу да өз багытын кеңейтип өнүгө берген. Маселен, заман, коом, бийлик жөнүндө эмес, мораль-этика, адеп-ахлак, сүйүү жөнүндө ырдашса деле, кайра эле ырчылар коомдун өнүгүшү, ал-абалы тууралуу ойлорун көмүскө же башкача формада чагылтышкан. Мына «Ак Саткын менен Кулмырза» элдик поэмасын нечендеген муундагы ырчылар ырдашып келишкен. Бизге жеткен бир нече вариантын салыштырып көрсөк, эң мыктысы Барпынын варианты болуп чыгат. Мындан кайра эле ар кандай маанилүү чыгарма көп кылымдарды басып өтүп, тазаланып, элдик мүдөөгө ылайык образ-сюжети менен сапаттык жакшы деңгээлге жетери көрүнүп турат. Ошол өнүгүү тарыхында андай чыгарма нечендеген муундагы адамдарды дүүлүктүрүп, жаркын идеялары менен алардын жан дүйнөсүн тазартып, эргитип келди. Деги эле аталган поэманын бул жагынан ойногон ролун аңдап-билүү өз алдынча изилдөөнү талап кылат. Адамдарды диний түшүнүккө, бийликтин азап-тозогуна, замандын адилетсиздигине карабай, сүйүү, бакыт жөнүндөгү алардын жаркын түшүнүктөрүн, ысык сезимдерин даңазалап келди. Дал ушунун өзү адамдардын коомго, бийликке карата мамилелерин өзгөртүп, жаңылаган. Жаңылаганы же өзгөрткөнү ушул - нечен кылымдардан бери сүйүшкөн жаштардын бири-бирине умтулушун эч кандай бийлик же адилетсиз коом жеңе албай тургаyын далилдеп келет. Жаштар карасанатай бийликтин, заман адилетсиздигинин курманы болушса да, өздөрүнүн тазалыгын, улуу сезимге берилгендигин сактап калды.

Бул дагы коомго таасир этип, анын идеялык, нравалык жактан байышына, аз да болсо түшүнүктөрдүн жаңыланышына алып келди. Мында «жаңылануну» коомдогу социалдык төңкөрүш катары эмес, аң-сезимде туруктуу пайда болгон идея, сезим, түшүнүк менен толукталуу деп түшүнүүбүз керек. Айталы, буга чейин андай идея, образ, сезимдер жок эле же аз эле, эми байыды, толукталды, жаңыланды. Башкача айтканда, коомдук аң-сезим белгилүү ченде жаңы деңгээлге көтөрүлдү.

Мындан да тагыраак болушу үчүн бийлик жөнүндөгү же бийликке таасир этүүчү мисалдардан алып көрөлү.

Уруулар биримдиги же андан мурда уруулар пайда болушу менен бийлик да аны сактап калуунун аракетинде (сакчылыгында) болуп, ага ылайык далай ыкмаларды ойлоп таап колдонгон. Адамдардын мүдөөлөрүнө дал келбесе же кайчылаш келип, анын эркиндигин

бузса, андай бийлик атуулдардын нааразылыгын пайда кылат. Ал өз кезегинде өсүп, өнүгүп олтуруп, ошол бийликти кандай жол менен жакшыртуунун жолдорун издейт. Жогоруда айтылгандай, кыргыз фольклорундагы, андан кийин ырчылар чыгармачылыгында өнүккөн утопиялык идеялар («Кедейкан» эпосу - П. И.) да дал ошол бийликти, бийлик башкарып турган коомду өзгөртүү максатын көздөгөн идеялардан болуп саналат.

Ырчылык өнөрдүн коомдук-социалдык же коомду жаңылоочу функциясына эң сонун мисал мына бул:

*Туура бийде тууган жок,*
*Туугандуу бийде ыйман жок.*

Алды менен бул саптардын теги жөнүндө. Мындай идея бийлик пайда болгондон тартып эле болуп келген. Бул да тазаланып, дал ушул эффективдүү абалына жеткенче далай ырчынын акыл-эс элегинен өтүп такталган.

Эң оболу бул саптар Калыгулга ыйгарылып келген. Кийинчерээк айтылуу адабиятчы, маркум Зияш Бектенов ырчылардын ырлар топтому «Мурас» аттуу китепке Алдаш Белек уулу (1720-1780-жылдар) жөнүндө маалыматтарды, ага таандык ырларды жарыялаган. Анда бул саптар ошол ырчыга ыйгарылып жүрөт. Чындыгында, бул саптардын кайсыл ырчыга таандык экендиги анчейин деле мааниге ээ эмес. Себеби негизги маани ушул саптардын нечендеген муундардын (анын ичинде жөнөкөй адамдар бар, ырчылары бар, сынчылары бар, ойчулдары бар), акыл-эсинде бекем орноп, бүткүл элдин бийлик жөнүндөгү кодексине айлангандыгында. Бул саптарда катылган идеялар бир эле бийликтин, бийлик өкүлдөрүнүн тазалыгы, адилеттүү болушу жөнүндөгү түшүнүктөр менен чектелбейт. Чындыгында, бул заманды, коомду өзгөртүү, жакшыртуу жөнүндөгү, бардык адамдарга теңдик жана бейпилдик түзүү жөнүндөгү ойлорду да камтыйт. Коом, бийлик жана башкаруу системасы жашап турганда мындай идеялар дайыма таасирдүү болуп жашай берет. Бийликтегилердин өз тегерегине жакындарын тартуу, бийликти өз кызыкчылыгы үчүн пайдалануу башкаруудагы орчундуу илдет жана терс көрүнүш катары айыпталып келген.

Албетте, бийлик да, бийликке карата мамиле да өзгөрүп турары талашсыз. Бирок ал – башка маселе. Биз ырчылык өнөрдүн тарыхында коомдук турмуш маселелери жөнүндөгү элдик түшүнүктөгү, алардын мүдөөлөрүнө туура келген моделдерди гана карап көрдүк. Демек, ырчылар бул багытта коомдун жакшы сапаттагы өнүгүшү, жаңыланышы жөнүндө ырдашып, ал процесске жандуу таасир этип келген.

### 3. Ырчылык өнөрдүн философиялык функциясы

Адатта ырчылык өнөрдүн тарыхында айрыкча анын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачылыгында философиялык багыттагы идеялар кеңири чагылып келген. Ал гана эмес, азыр эгемендүүлүктүн шартында республикадагы окумуштуу философтор кыргыз элинин байыркы философиясынын тарыхын кеңири изилдешип, фольклор менен ырчылар чыгармачылыгына таянып жатышат. Чындыгында, дүйнөлүк философиянын тарыхын алып карасак, байыркы гректер, кытайлар, арабдар философиялык ойлорун көркөм сөз өнөрү, фольклор жана адабият аркылуу чагылтышкан. Эгерде мезгил жагынан аларда философия кыргыздарга караганда алда канча мурда өнүгүп келсе, кыргыздарда орто кылымдарда гана фольклордогу прагматисттик идеялар ырчылар тарабынан философиялык ойлорго өсүп жетип, жандуу ой жүгүртүүгө айланган.

Ырчылык өнөр коомдук турмушта пайда болгон жөнөкөйдөн тартып, эң татаал жана эң маанилүүсүнө чейинки ойлордун кенчи.

Эң оболу көп мезгил жашаган макал-ылакаптардагы, жомоктордогу, сынчы менен чечендердин сөздөрүндөгү «кыймылсыз» ойлор ырчылар тарабынан тынымсыз ырдалып отуруп, тазаланып, такталып, жандуу философиялык ойлорго айланган. Ал эми ырчылар кадыресе философиялык ой жүгүртүүгө ээ болушкан.

Философиянын тарыхын изилдөөчүлөр да көп учурда талаш пикирлерди жаратышкан. Маселен, искусство менен адабиятта чагылтылган философиялык идеяларды философиялык категориялардын түздөн-түз чагылышы катары эсептеп келишкен. Өнүккөн адабият менен искусствонун андай ролун байыркы гректерден Платон, немец классикалык философиясынан Гегель көрсөтүшкөн. Гегелден мурда жана андан кийин философия өнүгүп олтуруп, өз алдынча коомдук аң-сезимдин бир түрүнө жана өз алдынча илимге айлангандыктан, анын да көп кылымдык изилдөнүү тарыхы бар. Ал тарыхта миңдеген багыттар, мектептер, проблемалар өз мезгилинин орчун маселелери, улуттук өзгөчөлүктөрү болуп келген. Чындыгында, аларда илимдин, маданияттын жана адабияттын эң мыкты өнүгүшү менен бирге философия да, философиялык ой жүгүртүү да, философия илиминин аныктама категориялары да иштелип чыккан. Эгерде философиянын тарыхый өнүгүшү коомдун рухий-социалдык турмушуна, адабият-маданияттын өнүгүшүнө байланыштуу өрүш алса, кийин философиянын өзү кайрадан алардын сапаттык өнүгүшүнө, мазмундуулугуна жана багытына таасир этчү булакка айланган.

Кыргыз ырчыларында да улуттук менталитетке ылайык ошол касиеттердин белгилерин, философиянын прагматизмге байланышкан деңгээлин көрөбүз.

Философиялык түшүнүктөр кыргыздарда деле өзүнө жараша системага айланганын көрүүгө болот. Бирок анда дүйнөнү же обьективдик чындыкты философиялык таануу аркылуу аны илим деңгээлине жеткирүү, изилдөө эмес, жогоруда айтылгандай, айлана-чөйрө көрүнүштөрү, күнүмдүк турмуш практикасынан келип чыккан жагдайлар жөнүндөгү философиялык ой жүгүртүү болуп саналат. Ошондуктан кыргыз философиясынын тарыхында ойчулдар, чечендер, сынчылар жана ырчылар негизги роль ойногондуктан, стихиялуу материализм алгылыктуу орунда болуп келген.

Стихиялуу материализм дегендин өзү табият көрүнүштөрүн, замандын оош - кыйыштарын, адам турмушу менен умтулууларын обьективдүү закондордун негизинде эмес, (анткени алар ал закондорду илимий негизде билишпейт), сырткы көрүнүшүнүн таасири аркылуу ички мазмунду болжолдоо жолу менен кадыресе туура ойлорду айтуу болуп саналат. Өнүккөн элдердин тарыхында бул эчак басылып өткөн жол же этап болсо, кыргыздардын тарыхында бул дайыма уланып келген көрүнүш болгон.

Стихиялык материализм дегенде, демек, билбей туруп, туура ой айтуу дегенди түшүнсөк болот. Айталы, ырчылар коомдун социалдык-экономикалык өнүгүшүн билбей туруп эле, ошол коомдун тарыхы, учуру жана келечеги жөнүндө туура ойлорду өздөрүнүн ишеними катары чагылтышкан.

Албетте, ырчылар чагылткан философиялык түшүнүктөрдүн баары эле стихиялык материализмдин үлгүлөрү эмес, андагы идеялар көптөгөн түрлөрү менен сакталып же жазылып калбаса да, алардын турмуштук көрүнүштүн ар түрдүүлүгү сыяктуу эле түрдүү багыт-мазмунда болгонун танууга болбойт. Маселен, адам турмушу, анын умтулуулары, жашоо, өлүм-өмүр, тирүүлүк жөнүндөгү ырчылардын философиялык идеялары бөтөн булактардын же дин сыяктуу көрүнүштөрдүн таасиринде болгон эмес. Мунун баарын ырчылар жараткан ырлардын өзүнөн көрөбүз.

Кайра кайталап, эске салчу нерсе - айрыкча өтө көп жактуу маанигe ээ болгон, мазмундуу, философиялык ырларда ырчылардын ар бирине таандык стили, көркөм каражаттары байкалбайт. Анткени бул ырлар бир ырчыдан экинчи ырчыга өтүп, же устаттан шакиртке өтүп жашай берет. Көп мезгил ичинде оңдолуп, бардык адамдардын да, жалпы адамзаттын мүдөөсүнө туура келген да деңгээлге жетип туруктуу жа-

шоого өтөт. Буга мисал катары орто кылымдардагы макал-ылакаптардын санат-насыят ырларына айланышын, Алдаш Белек уулу, Калыгул Бай уулу сыяктуу ойчул ырчылардын ырларынын рухий-социалдык турмуштун кодексине (эрежелерине) айланышын көрсөтүүгө болот. Ошондуктан андай ырлардын бирөөлөргө таандык экендиги анчейин мааниге ээ болбой, андагы идеялардын таасири, ойногон ролу, өлбөс-өчпөс идеялардын булагына айлангандыгы негизги орунда турат.

Бир нече багыттагы мисалдарды алып көрөлү:

*Осмо кетет каш калат,*
*Оомат кетет баш калат.*
*Бетеге кетет бел калат,*
*Бектер кетет эл калат.*

Пайда болушу же тарыхый жагын алганда байыркы кыргыздардын түбөлүктүү менен күнүмдүк жөнүндөгү түшүнүктөрүнөн өрүш алган. Орто кылымдагы чечендик сөздөрдө мунун «Суу үстүнөн ага берет, таш астында жата берет» деген формадагы варианттары болгон.

Лексикалык жагын алсак, «осмо», «оомат», «бектер» деген сөздөргө караганда бул түштүк регионунан чыккан ырчыларга таандыктай өңдөнөт. Бирок жогоруда айтылгандай, ырчылардын эң жакшы ырлары кимдики же кайсы жерден экендигине карабай ырдала берери белгилүү. Буга дагы бир мисал катары Барпынын атактуу «Чери жазылат» деген ырынын кээ бир саптары Калыгулдун жарыкка чыккан ырларынын арасында жүргөнүн айтсак болот. Тактык үчүн айтып коюу зарыл: «Чери жазылат» ыры да көп ырчылар ырдап жүргөн ыр болуп келген. Кийинчерээк жыйноочулар тарабынан аралашып кетиши мүмкүн.

Философиялык жагын алсак, бул ырдын идеясы форма менен мазмун жөнүндөгү эмпирикалык түшүнүк болуп саналат. Башкача айтканда, ырчы форма менен мазмундун философиялык маани-маңызын илим катары билбесе да, убактылуу нерсе менен түбөлүктүү нерсенин катышын, айырмасын, практикалык маанисин билет жана ал үчүн ошол эки нерсени катар коюп, салыштырып ырдоо салты бештен белгилүү. Эң башкысы: ал сыяктуу ырлар түрдүү формада көп кездешет. Мисалы:

*Булбулдун мукам үнүн айт,*
*Чөбүн айтпай, гүлүн айт.*

Мындагы уйкаштык үчүн алынган эки сапта тең форманы, жарашыкты жана коздукту даңазалаган идея жатат. Ырчынын оюу боюн-

ча, дайыма эле мазмун менен канааттана бербей, форма, сулуулук менен жан дүйнөнү жыргата билүү зарыл. Анын зарылдыгын атайын көрсөтүп, туюнткан саптар да кездешет. Мисалы:

*Ак-караны ылгап айт,*
*Адилетти жыргап айт!*

Мындагы «ак-караны ылгоо» форма менен мазмун жөнүндөгү ойлордун философиялык-социалдык мазмунга өтүшү катары кабыл алынат.

Мындай катар коюлган саптар «жаман-жакшы», «ак-кара», «өлүм-өмүр», «бар-жок» сыяктуу формаларда кездеше берет. Мунун өзү ырчылар философиялык маңызды чексиз көп формаларда ырдай беришкен дегенди билдирет.

Ырчы жашоону, адамзат турмушун ойлоп туруп, андагы бири туулуп, бири өлүп жатканды мындайча элестетет.

*Кептеркана дүнүйө,*
*Толуп кетип баратат.*
*Бири учса, бирөөсү,*
*Конуп кетип баратат.*

Эң кызык жери – дал ушул элестин өзү ырчылык өнөрдүн көркөмдүк-концептуалдык кызматы. Башкача айтканда, көркөм сөз өнөрүн изилдеген окумуштуулардын ар кандай көркөм чыгарма аны жараткан кишинин турмуштук концепциясы деген ойлоруна ырчылардын мындай ырлары толук туура келет.

Жыйынтыктап айтканда, ырчылар көп кылымдар ичинде реалдуу жашоонун (аны ырчылар «Көрүнөө өмүр» деп эң туура айтышат) философиялык же туруктуу акыл-эстик формаларын жаратып келишкен. Ал эми мындай турмуштук мааниси терең формулалар нечен муундардын тутанган турмуштук жолу, жашоо принциптери, атуулдук позициясы катары кызмат кылып, алардын тартип-таалимине, кулк-мүнөздүн сапаттык алдыңкы үлгүлөрүн өздөштүрүүгө жардам берген. Ошол эле учурда ырчылык өнөрдүн философиялык-концептуалдык функциясынын чектерин аныктоого мүмкүн эмес. Себеби бул функциянын тарыхы ырчылык өнөрдүн же жекече ырчылык чыгармачылыктын пайда болушу менен бирге башталып, нечендеген доорлорду, карама-каршылыктуу замандарды басып өткөн. Ар бир замандын бири-биринен айырмаланган мораль-этикасы болгондугун эске алсак, бул функциянын чексиздигине, ар түрдүүлүгүнө жана идеяларга жыш экенине ынанабыз. Ошол идеялар да мезгил менен

тарыхтын катмарында басылып калбай, иргелип-ылганып отуруп, бизге жылт эткен үлгүлөрү гана жетип отурат. Дагы бир жагы - бул функция ырчылык өнөрдүн мазмунун, багытын, идеялык көрөңгөсүн аныктап, ырчыны терең маанилүү көз караштарды, акыл-эс менен аң-сезимге таасир эте турган идеяларды ырдоого үйрөткөн.

Ырчы жараткан идея угуучунун рухий турмушунан орун алат, жашоосунда дайыма карманар тутканын ролун аткарат, муундардын интеллектуалдык жана акыл-эстик тарбияланышына кызмат кылат. Ал эми жалпы кыргыз тарыхын алсак, ырчылык өнөрдүн дал ушул функциясынын тасири менен кыргыз философиясы түптөлгөн.

Бул функцияга түздөн-түз байланышы бар, бирок атайын функциянын деңгээлине жетпеген ырчылык өнөргө таандык касиет-келечек турмушту болжолдоп ой айтуучу жана ишеним пайда кылуучу кызматтар. Чындыгында да, ырчылардын эмнени ырдап, эмнени ырдабай тургандыгы же тема тандашы - өзүнүн иши. Алар өз ырларында келечек жөнүндө да өз ойлорун аз болсо да чагылтып ырдашкан. Бул багытта ырдоо да кеңири өнүкпөгөнү менен ырчылар келечекте жакшы заман болору, же тескерисинче, замандын бузулушу жөнүндө түрдүү идеялар жаратышкан.

Көркөм сөз өнөрүнүн бул багыттагы функциясын изилдеген илимпоздор улуу инсандар жараткан чыгарма-эстеликтерди гана эсте тутушуп, алардын коомдук процесске таасир этишине гана таянышат. Буга токтолгонубуздун себеби мына мында. Албетте кыргыз ырчылары канчалык таланттуу болушпасын, алар сөздүн азыркы маанисинде эл аралык деңгээлге чыга алышкан эмес. Бул өзүнөн өзү түшүнүктүү. Бирок бүткүл адамзаттын рухий мурасын түзгөн чыгаан инсандарынын идеялары ар бир коомдун илим-билим деңгээлине, сабатсыздыгынын жоюлушуна жараша ошол чөлкөмдөргө жеткен деп эсептейли. Маселен, Данте, Достоевский, Пушкин, Фейхтвангер же Моцарт, Бетховен, Чайковскийлердин өлбөс-өчпөс чыгармалары үгүт, аткаруу, которуу жолдору менен келечек турмушту болжолдоп туюнтуу аркылуу адамдарда жаркын идеяларга карата ишеним пайда кылган жана кылып жатат. Бул түшүнүктүү. Ошол эле учурда, айрыкча алар чыгармаларын жараткан мезгилде, алардын ушул багыттагы идеялары массанын калың катмарына жеткен эмес. Айталы, сабатсыздыгы жоюлбаган миллиондогон калк үчүн чындап келгенде андай инсандардын бар жок экени да белгисиз болгон. Аларды ак сөөктөрдүн чөйрөсү гана окушкан же угушкан. Коом, адамзат өнүккөн сайын алардын идеялары таанылып, жаңы-жаңы түшүнүктөрдү жарата берери, демек түбөлүк жашай бериши - алардын талашсыз артык-

чылыгы. Ал эми булардын катарында чыгыштын ири акындарынын, ойчулдарынын чыгармалары мечит, медреселерде окулуу менен таанылып, идеялары жайылтылган. Бирок анда деле калың масса салыштырмалуу четте калган, же ислам динине байланышта гана «акыр заман», «кыямат кайым» идеяларын билишкен.

Буларга салыштырмалуу кыргыз ырчылары өз угучуулары менен дээрлик бирге болушкан. Демек, алардын ар кандай идеялары менен тааныш болушкан. Ошондуктан угуучуларда келечек жөнүндө түшүнүк, ой жүгүртүү бир калыпта болсо да жашап, келечек жөнүндө утопиялык, пессимисттик жана оптимисттик багыттагы ой-түшүнүктөр болгон. Маселен, коомду жакшыртуу үчүн башкаруучу эзилгендерден болсо деген утопия (кыялга батуу), баары бир акыр заман болот деген үмүтсүздүккө батуу (пессимисттик) жана жарк эткен адилет замандын болушунан үмүт кылуу (оптимизм) идеяларын эстеп көрсөк жетиштүү болот.

Демек, кыргыз ырчыларынын Асан Кайгы, Калыгул сыяктуу өкүлдөрүнүн салмактуу идеялары да кыргыз угуучуларынын келечек жөнүндөгү түшүнүктөрүн кеңейтип, алардын ишенимдерин арттырган. Тилекке каршы, алардын идеялары коомдук өнүгүүгө жараша кыргыздардан алыска чыккан эмес.

Жогоруда айтылгандай, илимпоздор бул багыттагы илимий бүтүмдөрүн фантастикалык мазмундагы чыгармалар менен далилдөөгө умтулушат. Мисалы, «Суу асты менен 80 миң км.», «Аэлита», «Гиперболоид инженера Гарина» деген чыгармалардагы сюжет, образ, идеялардын келечектеги илим, техниканын жетишкендиктери менен далилденип олтурганын билдиришет. Биздин оюбузча, кыргыздардын өз деңгээлине жараша Калыгулдун алды жактагы турмуш жөнүндө айткандары да ушундай эле мааниге ээ. Мында да улуу ойчул адамзат ушинтип өнүгө берсе, келечекте алардын түшүнүктөрүнүн, өз ара мамилелеринин өзгөрүлүшү келип чыгат, ата салтына карама-каршы келет деген ойлору айдан ачык болуп, терең изилдөөгө татыктуу. Анын да адамдардын кийиниши, жүрүш-турушу, нравалык деңгээли өзгөрүлө берип, кооптуу замандын белгилерин билдирет деген ойлору да азыркы турмуштан көрүнүп олтурат.

Ырас, ырчылардын бул багыттагы идеялары кантсе да жалпы элдик же кадыресе демократтык мүнөз алып, алардын турмушун, азап-тозогун ырдоо менен гуманизмге, боорукердикке багыт алат да, адамдарда келечек жөнүндө оптимисттик ойлоону жана жашоого ишеним менен кароону үзгүлтүксүз калыптандырган. Алардын бүтүмдөрүн диний идеялар, эрежелер да өзгөртө алган эмес.

## 4. Ырчылык өнөрдүн информациялык - коммуникативдик функциясы

Таанып-билүү функциясы жөнүндөгү бөлүмдө айтылгандай, ырчылык өнөр кыргыздардын көп кылымдык тарыхында бай маалыматтардын да, маанилүү идеялардын да жандуу булагы болуп келгенин билебиз. Анда таанып-билүүнүн өнүгүшүнө байланыштуу сөз болсо, эми андай маалыматтардын ырчынын угуучуларга таасири, белгилүү бир идеяларга баш коштуруусу, ынандыруусу жана идеяларга түздөн-түз байланышпаган касиеттери жөнүндө сөз болмокчу.

Ырчы төгүп ырдап жатат дейли. Угуп олтурган угуучулар миң түркүн сезимдерден тартып, кеңири маалыматтарга чейин ар түрдүү ойлордон тартып, коомдук маанидеги идеяларга чейин, ал гана эмес, ырчынынын ырынын сапаты, көркөмдүгү, ырдоо өзгөчөлүгү, үнү, манерасы жөнүндө да өз алдынча маалымат алышат. Ал эми маалыматтардын көптүгү жана ар түрдүүлүгү угуучуларда, ошондой эле ар түрдүү багыттагы ойлорду жана түшүнүктөрдү жаратып, аларды активдүү ой жүгүртүүгө алып келет. Ал эми ар бир угуучунун активдүү ой жүгүртүүсү алдыңкы идеялардын өз ара биригишинин же жакындашуусунун негизги шарты болуп саналат. Демек, бул функциянын негизги тарыхый касиети же ойногон ролу ошол көркөм өнөр жашап турганда чектелбейт да, жоюлбайт да, тескерисинче, өнүгө берет. Маселен, бир замандарда уруу ырчысынын ырлары ошол уруунун турмушунун алкагында гана жашаган. Уруулук коом өнүккөн сайын уруулар аралык мамилелер да өнүгүп, интеграциясы күчөгөн. Бул процесстин натыйжасында уруунун рухий байлыгы, тарыхы, салты, үрп-адаты башка уруулардын байлыктары менен байып, аң-сезимдин, түшүнүктөрдүн өсүшүнө ар бир уруунун тарыхын билип алууга кызмат кылган да урууларды жакындаштырган. Бул багытта изилдөө жүргүзгөн окумуштуулар көркөм сөз өнөрүнүн чыгармаларын, айрыкча, тексттерди семантика же белгилердин жыйындысы деп аташат. Азыркы заманда жазма жолу менен жаралып жаткан чыгармалар ошол ыкмалар менен изилдөөгө ылайыктуу. Ал эми фольклордук же аткарылма поэзиянын семиотикалык байлыгы ага караганда башкача жол менен изилдене тургандыгы талашсыз. Бул функцияга таандык белгилерди санап көрөлү.

1. Ырчынын ырдап жаткан ыры угуучуларды көптөгөн идеялар менен тааныштырат.

2. Ырдагы жаркын элестер же элестүү сөздөр угуучуну кумарлантат.

3. Ырчынын чеберчилиги да угуучуда ар түрдүү сезимдерди пайда кылат, эргитет.

4. Сөз өнөрүнүн улуттук өзгөчөлүгү, анын тарыхы, көрүнүктүү өкүлдөрү угуучунун эсине түшүп, сыймыктануу сезимин пайда кылат.

5. Ошол ырдалып жаткан ырдын өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөр да өз алдынча белгилерди (касиеттерди) кучагына алат. Алар да угуучуларга көп жактуу таасир этип, алардын түрдүү түшүнүктөрүн калыптандырат.

6. Коом, илим, маданият, информация өнүккөн сайын адамдардын түшүнүгү, аң-сезими, кабылдоосу жана эске тутуусу да өзгөрүлүп, өнүгүп турары өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Андай өнүгүүнүн натыйжасында адамдардын рухий-социалдык турмушу, анын мазмуну, формалары, идеялык-көркөмдүк мурастарга карата мамилеси, баалоосу да улам жаңыланып олтурат. Жаңы шартта кыргыздар да ошондой жаңылануугa дуушар болуп, кылымдар бою өнүгүп келген ырчылык өнөргө карата түшүнүктөр, мамилелер, аңдап-билүү да өзгөрдү. Ал өзгөрүү да бир калыпта жүргөн жок. Бийлик идеологиясы күчтүү таасир этип турганда, ырчыларды да кедейлердин ырчысы, байлардын ырчысы деп тапка бөлүп карашкан. Чыгармаларын талдоо же чыгармачылыгын баалоо жагынан жаңы жазма адабиятты талдаган ыкмалар менен теориялык жоболор колдонулду. Мунун өзү да туура эмес натыйжаларга алып келген. Айталы, ырчыларды кадимки илим, билимдүү адис философтор, адис саясатчылар же адис тарыхчылар катары карап баалашкан. Чындыгында, алар канчалык терең маанилүү ойлорду айтышпасын, алар биринчи иретте турмуштук тиричиликтик деңгээлде угуучуларды маанилүү идеяларга үндөө максатында ой жүгүртүшкөн. Болгондо да ал идеяларды белгилүү бир закон же кармануугa зарыл болгон категория катары туюнтушпайт, жөн гана асыл ой катары ырдашат. Ал эми ошол ойлорду уккан угуучулар андан ары ырчынын чыгармачылык кудурети, таланты, атак-даңкы жөнүндө ой жүгүртүшүп, ар түрдүү идеяларга дуушар болот. Бул да – информациялык булактардын бири. Деги эле ар түрдүү ырчыны угуудан угуучу чексиз маалымат байлыгына ээ болот. Айталы, жалпы эл тарыхы, уруулар тарыхы, үрп-адат, окуялар, баатырлар, акылман адамдар, айтор, мында да ар бир ыр маалымат булагы болуп чыга келет. Кыргыздардын тарыхында да башка элдердегидей эле дүйнө тааным түшүнүктөр, көз караш, аң-сезим ар бир доорго, анын шартына жана талабына ылайык өнүгүп келгендигин да көп жагынан дал ушул ырчылык өнөрдүн информациялык-коммуникативдик функциясынан көрөбүз.

Ырчылык өнөрдүн бул функциясы – таанып-билүү жана тарыхый өнүгүү жагынан көп жактуу роль ойноп, өз алдынча изилдөөгө муктаж маселе. Ошондой изилденгенде гана биз ырчылардын элдик түшүнүктөгү философияны, мораль - этиканы, дүйнө таанымды өнүктүрүүдө ойногон ролун жана чыныгы маани-маңызын түшүнө алабыз.

## 5. Ырчылык өнөрдүн тарбиялык функциясы

Тарбия иштери адамзат пайда болгондон эле өнүгүп келген. Эң оболу тарбиянын практикасы, анын ыкмалары өнүгүп олтуруп, андан соң ал жөнүндөгү жаңы-жаңы ойлор, идеялар, ыкма багыттар өнүгө баштаган.

Кыргыз фольклорундагы тарбиялык идеяларды чагылткан чыгармалар рухий турмушта канчалык маанилүү жана таасирдүү болгону менен, андагы идеялар ырчылар чыгармачылыгында гана жанданып, активдүү роль ойной баштаган.

Фольклордогу тарбиялык идеялар - туруктуу статикалык абалдагы идеялар. Ал жандуу же динамикалык абалдагы идеялар. Башкача айтканда, айталы жомоктордогу, эпостук образдардагы, макал-ылакаптардагы тарбиялык идеялар балдарга айтып берүү же тажрыйбалуу кишилердин сөзүндө кошо айтылуу жолу менен жашап, жалпы мааниге ээ болгон. Ал эми ырчылар чыгармачылыгында тарбиялык идеялар дайыма ырдалып, практикалык мааниге ээ болуп келген.

Көп кылымдарга созулган тарыхында ырчылар чыгармачылыгы тарбиялык идеяларды өзүнө таандык ар түрдүү жанрларда жана түрлөрдө чагылтып, эң маанилүү функцияны аткарышкан. Ошол эле учурда бул функциянын көп жактуу мааниси бар. Маселен, ар бир муунга рухий турмуштун шартына жараша тарбиялоонун эң жөнөкөй элементтеринен тартып олтуруп, адамга бир ирет гана берилчү жашоодо кандай адам болуу керек, жакшы адамдын баалуу жактары кайсылар, жашоо жыргалы деген эмне, кыргыздардын ал жөнүндөгү түшүнүктөрү классикалык гедонизмден кандайча айырмаланат деген өңдүү маселелерге чейин чагылтылып, бул багытта кадыресе философиялык жалпылоолорго жетишкен.

Бул тарбиялык идеялар ырчылардын ырларындагы жөнөкөйдөн татаалды көздөй өнүгүшүнө мүнөздүү жалпы белгилер болуп саналат. Чындыгында, ырчылар тарбияга байланыштуу өз ойлорун ар кандай ырларында чагылтышкан. Ал гана эмес кандай гана темада ырдашпасын, тарбия маселеси белгилүү ченде айтылбай койбойт. Бул – талашсыз чындык. Айталы, сүйүү темасындагы ырларда деле жаш-

тардын кулк-мүнөзүндөгү жагымдуу белгилер үгүттөлөт. Өлүм жөнүндөгү ырларда, ошондой эле адамдык мүнөздүн тирүүлүктөгү кадыр-баркы ырдалып, угуучуларга, ырчылар өздөрү айтышкандай, көрүнөө өмүрдүн улуулугу жөнүндө, жарык дүйнөдө жакшы жашоо жөнүндө өтө таасирдүү ойлорду билдиришкен. Ал эми байыркы тарыхка көз жиберип, көчмөн турмушту элестеткенибизде, да ар бир жашты салттык негизде, башкача айтканда, узак тарыхта калыптанган салттык жүрүм-турум эрежелери менен тарбиялоо жашоодогу биринчи зарылдык катары эсептелген. Демек, кандай болгондо да тарбия маселеси – ырчылык жөнүндөгү өзөк маселелерден.

Тарбиялык функцияда да ырчылар дин же башка рухий турмушка таасир этчү булактардан алыс болуп, элдик салттын тарыхында иштелип чыккан асыл эрежелердин негизинде өз идеяларын жаратышкан. Тарбиялык багыттагы ырлардын тематикаларын талдап көргөндө эле ырчылар чыгармачылыгынын тарыхый ойногон ролу көрүнө калат. Маселен, балдардын акыл-эстүү болуп өсүшү үчүн же бактылуу жашоосу үчүн ал сөзсүз түрдө эмгекти сүйүп, эмгек кылууга жаштайынан үйрөнүп, жетилиши керек. Бул аксиомалык чындык дээрлик бардык ырчылардын ырларында бар.

Эмгек, эмгек кылуу, сыягы, байыркы ырчыларда жашоонун зарылдыгы катары туюнтулуп ырдалган. Эгин оруп жыйноо, мал багуу жөнүндөгү фольклордук ырларда андай эмгектин пайдасы, практикалык зарылдыгы биринчи көрсөтүлөт. Ал эми ырчылар андай ырлардын маанисин тереңдетип отуруп, эмгек кылууну адамдын эң жакшы касиети же адамдын акыл-эстүү экендигин билдирүүчү негизги касиет катары туюнтушкан.

Кыргыздардын көчмөн турмушунда түрдүү уруулар ортосундагы же талоончул душмандар менен болгон кагылышуулар эл-жерди коргоодо чакырган патриоттук ырлардын чексиз көп пайда болушуна алып келген. Ал көлөмдүү ырлардан тартып эпосторго чейинки бардык чыгармаларда кездешип, ырчылардын да, угуучулардын да сүйгөн темасы болуп калган. Бул – тарбиялык идеялардын эң орчундуу жана маанилүүсү. Анткени патриоттук темадагы ырлар жаштарды өз эл-жерин сүйүүгө, аны коргоону ыйык милдет катары түшүнүүгө тарбиялап, ошол эле учурда бүт элдин же уруу мүчөлөрүнүн кебелбес биримдигин да камсыз кылган. Ошол себептен мындай темадагы ырлар да, ири көлөмдөгү эпостор да элдин рухий турмушунда бекем сакталып, ырчынын чыгармачылыгынан да туруктуу орун алган.

Тарбиялык идеялар жеке турмуштук маселелерди чагылткан ырларда да кеңири кездешет. Маселен, сүйүү, үй-бүлө, жаштардын

өз ара мамилелери жөнүндөгү ырларда да назиктик, сылыктык, сыйлашкандык, бири-бирине болгон мээрим, ички сезимдердин тазалыгы даңазаланган. Мындай мазмундагы ырлар да эл арасында ырдап жүргөн ырчылардын репертуарын байытып, чыгармачылык кадыр-баркын көтөргөн.

Албетте, турмушта оңдун терси, жакшынын жаманы болгон сыяктуу эле карама-каршы мүнөздөр болору талашсыз. Ырчылар ата салтына, элдик тарбияга туура келген мүнөздөгү асыл сапаттарды даңазалап, үлгү катары көрсөтүү менен, терс мүнөздүү типтерди, жүрүм-туруму начар жалкоолорду, үй-бүлөнүн куту боло албаган кыз-келиндерди ашкерелеп ырдашып, тарбиялык идеяларынын өтө таасирдүү болушуна жетишкен.

Коомдук жана жеке турмушка байланышкан тарбиялык ырлар менен катар, ырчыларда жүрүм-турумдун, демейдеги иш аракеттин, ал гана эмес сүйлөөнүн да этикасын сактоого арналган ырлар көп кездешет. Андай ырларда жүрүм-турум маданияты, адамдар ортосундагы мамилелердин ынактыгы жөнүндө ырдалат. Мисалы:

1. *Азаматтын жакшысы,*
   *Азыраак сүйлөп, көп тыңшайт.*
2. *Акыл айтсаң тыңшабайт,*
   *Акмактын көркү жемеде.*
3. *Өтүп кеткен иш үчүн,*
   *Өкүнүп балаң урбагын.*
4. *Туура сүйлөп, түз жүрсөң,*
   *Кадырың болот калкыңа.*

Ырчылык өнөрдөгү дагы бир өтө сылык, өтө назик айтылган идея – адамдардын бири-биринин көңүлүн калтырбоо. Бул - өз ара мамилелердин эң бийик маданияты. Ошондуктан мындай идеялар орто кылымдарда жеке турмуш ар кандай кыйынчылыктарга дуушар болгон учурда адамдардын бирин-бири колдоо зарылдыгынан пайда болгон. Андай ырлардын ошол кездеги үлгүсү катары мына бул саптарды айтууга болот:

*Калган көңүл - чыккан жан,*
*Кайрылып келбейт ордуна.*

Мында деги эле бирөөнүн көңүлүн калтыруу жеткен наадандык катары бааланып, аны өлтүргөн менен барабар деген ой жатат. Мунун Токтогулга жеткендеги үлгүсү бул:

*Көңүл калар кеп айтпа,*
*Ooру менен картаңга.*

Токтогул бирөөнүн көңүлүн калтырбоо жөнүндөгү идеяны ушундайча чагылтып, ошол эле учурда көңүл калтырган наадандын болжолдуу тибин эки сап менен ошол эле саптарга улай түзөт:

*Жанын сатат кээ адам,*
*Жарым чөйчөк талканга.*

Андай типтерге берилген баа чексиз катаал.

Албетте, ырчынын ырчысы бар дегендей, көп ырчылар мындай тематикадагы ырларды атайын маани берип, өзгөчө бир чөйрөдө же зарыл шартта эмес, демейдеги ырлардай эле ырдай берет. Ал эми Калыгул, Молдо Нияз, Токтогул, Жеңижок, Барпы сыяктуу ырчылар андай мазмундагы ырларды өздөрүнүн көкүрөк идеялары катары, адамдар арасындагы наадан, кара мүртөз, баркы жок адамдарды айыптоочу идеялар катары ырдашкан.

Мындай кеменгер ырчылар ырдаганда ошол эле идеялар ал ырчылардын бүткүл чыгармачылыгын башкалардан айырмалап турган терең гуманизмине байланышканы даана сезилип турат.

Ырас, ырчылардын гуманисттик идеялары эске түшкөндө, алардын гедонисттик идеялары жөнүндө жогоруда айтылган учкай ойлорду толуктоо зарылдыгы келип чыгат.

Гедонизм же жашоо жыргалы жөнүндө ырдоо же чыгарма жаратуу байыркы гректерде кеңири өнүккөн.

Кыргыз ырчылары да кыргыздардын тарыхый-социалдык жашоо шартына, менталитетине ылайык жашоо жыргалы жөнүндө кеңири ырдашкан. Андай ырларда жеке керт баштын эркиндиги, кыргыз турмушуна байланыштуу күлүк ат минүү, куш салуу, кыз сүйүү сыяктуу иштер жашоо жыргалынын элементтерин түзгөн.

Гедонизм да түпкүлүгүндө жарык дүйнөдө жашап жаткан адамдарга карата терең мээримдин, чын ыкластагы гуманизмдин бир бөлүгү болуп саналат. Бул да – ырчылык өнөрдүн маанилүү функцияларынын бири. Биз муну атайын көрсөтпөгөнүбүздүн негизги себеби: гедонисттик идеялардын ырчылык өнөрдө чагылышы кыргыз илимпоздору тарабынан изилдене элек. Бир гана 60-жылдардын башында Б. Аманалиевдин «О гедонистическом реализме Токтогула Сатылганова» деген макаласы жарык көргөн. Дүйнөлүк масштабда деле бул идеялар азыраак изилденген же изилденгендери бизге жете элек. Анын негизги себеби: материалисттик философияда гедонизмди идеализмдин бир бөлүгү катары, болгондо да адамдарды рево-

люциялык умтулуулардан алагды кылуучу көрүнүш катары карап келишкен. Ал эми бийликчил идеология бул багыттагы изилдөөлөргө же ой айтууга жол берген эмес. Чындыгында, адамдын личносту же жеке керт башы коомдук-социалдык умтулууларга гана байланышпай, ошол эле мезгилде жеке өзүнүн кебете-кешпири, келбети, сымбаты жөнүндө да кайдыгер болбой, алардын жакшы болушуна кам көрөт, жакшы кийинүүгө, жакшы көрүнүүгө, жашоонун өз түшүнүгүнө жараша жыргалын көрүүгө умтулат.

Ырчылар ошол умтулуулардын да чеги, нормасы бар экенин, ал чектен ашып кетсе ошол норманы бузуучу наадан катары көрүнөрүн белгилеп ырдап келишкен.

Демек, ырчылык өнөрдүн тарбиялык функциясы да ары көп жактуу, ары татаал көрүнүш. Сыртынан караганда ырчылар өздөрүнүн санат-насыят, терме ырларында тарбиялык маанидеги ойлорду ачык, айкын чагылта берет, а бирок ар бир идея же ыр – көп маанилүү жана өтмө маанилүү. Ошондуктан тарбия идеялары ырчылар чыгармачылыгында адамдын жашоосуна, кулк-мүнөзүнө жана адамдык сапаттарына байланыштуу ырдалып, ар бир ырчынын деңгээлине, ырдоо өзгөчөлүгүнө жараша чагылтылган. Маселен, жаштардын же деги эле адамдардын көптү билиши, акыл-эстүү болушу илгертен эле турмуштук зарылдык катары адамдардын түшүнүгүнөн бекем орун алган формула мына бул:

*Көп сүйлөгөн - чечен,*
*Көптү билген - көсөм.*

Мына ушул түшүнүктөрдөн өнүгүп олтуруп, орто кылымдардан тартып, Калыгулдун мезгилине, же башкача айтканда, акылман адамдардын жөн эле баалуу идеяларды айта берүү же ырдай берүү салтынан терең, жугумдуу идеяларды массага акылмандардын көкүрөк ою катары дааналап айтуу салтына өсүп жетет. Айталы:

*Көкүрөк сокур болгон соң,*
*Көз менен көрүп не пайда,* - деген идеялар акылмандардын оозунан чыкканда өтө таасирдүү жашоо принциптерине айланат. Демек, илим-билимге умтулуу да тарбиянын ажырагыс бир бөлүгү катары ырчылар тарабынан кеңири ырдалып келген. Токтогулдун:

*Мектепке атам берген жок,*
*Мааниге тилим келген жок,* - деген арманы да ушуга байланыштуу экени көрүнүп турат.

Тарбиялык функция ырчылык өнөрдө орчундуу өзөк маселе болуп келгендиктен, дээрлик бул темада ырдабаган ырчы болгон

эмес. Ал гана эмес, тарбия темасында ырдоо ырчынын чыгармачылык талантын жогору баалоочу критерийге (чен-өлчөм) айланган.

Бул тема өз алдынча изилдөөнү талап кылат. Кыргыз изилдөөчүлөрүнөн бул багытта эмгектенгендер арбын. Ошого байланыштуу биз ырчылардын тарбия жаатында ырдап келгенин, ал атайын функционалдык өнүгүү болгонун айтуу менен чектелебиз.

## ЫРЧЫЛЫК ӨНӨРДҮН ЖАНРЛАРЫ

Ырчылык өнөрдүн жанрлары дегенде ырчылык өнөрдүн же ырчылардын өздөрү ырдашып жүргөн жанрды же жанрдык түрлөрдү түшүнөбүз. Мында да фольклористикада колдонулуп келген «жанр» жана «жанрдык түр» дегендин өзү түшүндүрүүнү талап кылат. Ырчылык өнөрдүн жанры дегенде айтыш, санат-насыят, терме ырларын түшүнөбүз. Бул жанрлар ошол өнөр пайда болгондон тартып, ырчылар чыгармачылыгындагы туруктуу белгилери бар түрлөр катары жашап келе жатат. Фольклордун теориясын изилдеген окумуштуулар жанрдык белгилердин туруктуулугуна, мүнөздүү касиеттерине жараша «жанр» жана «жанрдык түр» («жанровый вид», «жанровое образование») деген терминдерди колдонушат. Анын тескерисин далилдеп талашкандар да көп. Биз үчүн алардын талашы эмес, тактыгы гана керек. Андай бүтүмгө таянсак, «айтыш» менен «санат-насыяттар» жанрга жатат. Бирок ырчылар лирикалык ырларды да, эпосторду да аткарышкан да! Аларды кантебиз? Ырчылардын аткаруусуна байланыштуу бул жерде бир аз талдоо керек болот. Маселен, лирикалык ырлар же эпостор фольклордук жанр экенине талаш жок. Ал эми ырчылар – өз чыгармачылыгына ээ болгон, бирок фольклордук алкакта ой жүгүрткөн типтер. Ошого байланыштуу ырчылар чыгармачылыгынын практикасында аткарылып жүргөн лирикалык ырларды же эпостук үзүндүлөрдү «жанрдык түрлөр» («жанровое образование») десек болот. Бирок жогоруда айтылган сунуш-ойлордон терең өзгөрүү деле болуп кетпейт, болгону «айтыш» жанрына салыштырмалуу гана ырчылардын лирикалык ырларды ырдашын же эпостордон аткарышын «жанрдык түрлөр» деп атоого боло турганын белгиледик.

Ырчылардын жанрларына токтолуп көрөлү. Эң оболу ырчылардын лирикалык мазмундагы ырларын алалы. Элдик лирикалардан айырмаланып, ырчылардын лирикасында индивидуалдык ой, сезим, түшүнүк даана байкалат. Бирок элдик ырларда деле негизги орунда

«Мен» турат да, ырдын башынан аягына чейин катышат. Элдик лирикада ким ырдабасын негизги идеядан тартып, ар бир көркөм сөз каражатына чейин сакталат. Ал эми ырчылардын лирикасында ырчынын өзүнүн табылгалары, кошумчалары, саптары арбын учурайт. Мисален, Токтогулдун ырларынан алып көрөлү. Мында да артка чегинүү жасоого туура келет. Анткени Токтогул сыяктуу көрүнүктүү ырчыларда идеялык-көркөмдүк чеберчиликтин нускалуу сапаттык деңгээли жаралган. Экинчиден, андай ырчылардын ырлары дээрлик баарыбызга белгилүү. Ушундай себептерден улам Токтогулдун, Жеңижоктун, Арстанбектин, Барпынын ырларынан тандап алсак болот.

Токтогулдун лирикаларынын ичинен анын атактуу «Алымкан» деген ыры калк арасында канча муун өтсө да алардын ой-сезимин козгоп, ырдалып келет. Дал ушул ырда элдик ыр менен ырчынын өз дилинен чыккан ырдын бири бирине төп келип толуктаган учурун көрөбүз:

*Букардын жолу бурулуш,*
*Бурулуп учат улуу куш.*

Бул саптар – элдик ырларда көп кездешчү, көп варианттуу үлгүлөр. Мындай ырларда бардык угуучуга, бардык адамдарга жалпы кабыл алына турган чындык айтылат. Башкача айтканда, мындай саптарды, айрыкча элдик ырлар рухий турмушта активдүү роль ойноп келген мезгилдерде ырдап жүргөн жөнөкөй адамдардын деле, ырчылардын деле репертуарынан арбын учуратабыз. Андан ары жеке сезимин, нукура ойлорун өзү көңүлдөнгөн бирөөгө билдирүү максатында кошуп ырдоого шыктуу адамдар элдик ырларга өздөрүнүн эргүүдөн же күчтүү сезимден улам пайда болгон ырларын кошуп ырдай башташкан.

Бул жөнөкөй формуланын качан, кайсы мезгилден пайда болгонун так айтууга мүмкүн эмес. Элдик ырлар дайыма жашап келген сыяктуу эле алардын качан, ким тарабынан пайда болушу белгисиз. Демек, аларды бүт эл ырдап, колдонуп келген.

Салттык бул эки сапка Токтогул:

*Бурулуп мага келе кет,*
*Алымкан,*
*Муңдууга салбай кыйын иш,* - деп жеке оюн кошот.

Чындыгында, бул саптар деле узак тарыхта ырдалып жүрүп, жеке адамдын абалын билдирүүчү жалпы үлгүгө айланып кеткен.

Ошол эле ырдагы: *Атка салган дилдейсиң,*
*Ачылган кызыл гүлдөйсүң.*

Бир күн оору, бир күн соо,
Алымкан,
*Азабың тартсам билбейсиң,* – деген саптардын акыркы экөөндөгү маани да ар ким колдонгон жалпылыкка ээ болгон үлгүлөр. «Алымкан» деген каратма сөз гана Токтогулга таандык экенин билдирип турат. Бирок ал сөздүн ордуна ар ким өзүнүн «Асылканын», «Арзыканын» коюп алышы мүмкүн. Демек, бул саптарда да жекелик менен жалпылыктын катышы көрүнүп турат. Ал эми ырчынын чыныгы эргүүсү менен элестетүүсүнөн, Алымканга болгон ашыктык кумарынан жаралган сап деп, «Ачылган кызыл гүлдөйсүң» деген сапты айтуу керек. Себеби мындай көркөмдүк-эстетикалык таасири бийик саптар жалаң кумарлануу менен гана эмес, чыныгы ырчылык талант менен жаралат.

Жеңижоктун Көксулууга карата ырдаган ырында, Барпынын «Мөлмөлүм», «Мырзайым», «Өзгөчөм» деген ырларында ал ырчылардын жеке инсандык сезимдери берилет. Бирок ал ырлар, мейли ошол ырчылар жараткандан баштап, карапайым миллиондогон адамдардын көкүрөк ырына айланган. Ырас, ырчылар жараткан ырларды эл массасы ырдап, пайдаланып жаткан соң, ал ырлардагы жаркын сезимдер, тунук ойлор алардын да ички дүйнөсүнөн бекем орун алып, нравалык, көркөм-этикалык, адеп-ахлактык тазарууга алып келиши талашсыз. Аталган ырчылардын (тарыхта алар сындуу ырчылардын аты сакталбаганы менен канчалык көп болгону классикалык кыргыз поэзиясынын деңгээлинен көрүнүп турат) калк арасында даңазалуу атакка конушу, элдик урмат-сыйга ээ болушу ошол ойду далилдеп турат.

Ырчылар чыгарган жана ырдаган лирикалык ырлар фольклордогу туруктуу лирикалык ырларга салыштырмалуу жандуу, ар бир кишинин сезим дүйнөсүн козгой турган касиеттери менен адамдардын рухий турмушунда бекем орногон лирикалык сезимдердин гимни десек болот.

Дал ошол ырлар (маселен, Боогачынын, Барпынын, Токтогулдун сүйүү лирикалары) адамдарды нравалык жактан тазартып, жашоо жыргалын сезе билүүгө үйрөткөн.

Хронология жагынан алганда да ырчылар коомдун тарыхый өнүгүшүнөн сыртта калышкан эмес. Алар өз чыгармачылыгында эл турмушунун көйгөйлүү окуяларын, адамдардын өз ара татаал маселелерин эпикалык мүнөздө чагылтууга аракет кылышкан. Башкача айтканда, ырчылар чыгармачылыгына эпикалык өзгөчөлүк да мүнөздүү.

Эпикалык өзгөчөлүк дегенде ырчылардын каармандарды, окуяларды эпикалык чен-өлчөмдө сүрөттөп, гиперболизациялык же реалдуу турмуштагыдан ашыра, фантастикалык касиетте көрсөтө билишин түшүнөбүз. Мында ырчынын лирикалык жана эпикалык ой жүгүртүүсү негизги ролду ойнойт. Ал бир эле мезгилде лирикалык сезимдерди, образдардын лирикалык дүйнөсү менен алардын эпикалык артыкчылыгын, жанда жок баатырдык жана фантастикалык касиеттерин кошо чагылтып, лиро-эпикалык мазмундагы чыгарма жарата алат. Ал ошол эле учурда өзүнүн эпикалык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнүн негизинде жана рухий турмуштун зарылдыгына ылайык эпикалык мүнөздөгү чыгармаларды да жарата билет. Бул учурда анын чыгармасы каармандарынын эпикалык мүнөзү, көркөм каражаттарынын эпикалык касиеттери менен айырмаланат.

Эпикалык жөндөмдүүлүк ырчынын ой жүгүртүүсүнөн да, көркөм каражат системасынан да, чыгармадагы образ-окуяларды сүрөттөшүнөн да көрүнүп турган болот.

Ошол эле учурда ырчылык өнөрдүн тарыхында эпикалык чыгарманын жана ой жүгүртүүнүн салты менен андай чыгармаларга гана мүнөздүү аткаруучулук өнөрү да калыптанган. Бул өнөр өзгөчө психолгияга ээ болуп, чыгармачылыктын тарыхында «Кожожаш», «Эр Төштүк», «Манас» сыяктуу эпостордун пайда болушуна алып келген. Өз кезегинде ошол аткаруучулук өнөрдүн рухий турмуштагы таасири күчөп, уруулук психологиянын бекемделишин, деги эле уруулардын талоончул душмандар алдындагы биримдигин күчөткөн.

Эпос аткаруу өнөрү өзүнө таандык чыгармачылык-психологиялык касиеттеринин улам калыптанып олтурушу менен, кыргыздардын тарыхында өз алдынча чыгармачылыктын тибине айланган. Өткөндөгү атактуу манасчылардын – Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин – чыгармачылыгы бул айтылгандарды айкын - ачык далилдеп турат.

Эпикалык ой жүгүртүү жана эпикалык чыгармачылык ырчылык өнөрдүн тарыхында байыркы кезде ар бир уруу өз тарыхын, менталитетин аңдап-биле баштаган кездерде калыптанып, уруулук аң-сезимдин андан аркы өнүгүү процесстерине активдүү катышкан.

Эпостун окуяларына, образдарына, идеяларына өзүнүн ой жүгүртүүсүн биротоло байланыштырган ырчылар үзгүлтүксүз ой жүгүртүүнүн натыйжасында салттык ырчылык чыгармачылыктын алкагынан чыгып, өздөрү билген эпосторду аткаруу өнөрүн өздөштүрүшүп, чыныгы эпосчулардан болуп калышкан. Бирок алардын чыгармачылыгынан салттык ырчылык өнөрү түшүп калган эмес.

Маселен, Сагымбай Орозбаков улуу манасчы боло туруп, эң мыкты санат ырларын ырдаган ырчы да болгон. Бирок Саякбай Каралаев «Эр Төштүк», «Манастардын» улуу аткаруучусу болсо да, эл алдында ырдап чыккан ырчы болгон эмес.

Ушундай эле чыгармачылык ар түрдүүлүк катары көптөгөн ырчылардын, негизинен, ири-ири төкмөчү боло туруп, репертуарында көрүнүктүү эпосторду же лиро - эпикалык поэмаларды аткарып келгенин көрсөтүүгө болот.

Бул айтылгандардан улам келип чыга турган жыйынтык мына бул: демек, ырчылар өз чыгармачылыгында лирикалык ырларды да, эпикалык чыгармаларды да аткарышып, ырчылык өнөрдүн жанрдык түрлөрүнө айлантышкан.

Ырчылык өнөрдүн эң көрүнүктүү жанрдык түрлөрүнүн бири - санат-насыят ырлары. Адатта элдик санат-насыят ырлары менен ырчылардын санат-насыят ырлары эки топту түзөт.

Ырчылардын санат-насыят ырлары көлөм, мазмун жагынан программалык идеялардын тутумун түзүп, элге абдан жагымдуу ырлар болуп саналат.

Бул ырлардын түрдүүчө аталып калышы алардын мазмунуна жараша болуп, «санат» дегенде тарыхый өнүгүүгө жараша көптөгөн маанини камтыган уйкашы бар учкул сөздөрдү, ырга айланган макалдарды түшүнүшкөн. Ошол эле учурда ал сөз тарыхты, доорлорду, заманды, элди да туюнткан. К. Юдахин анын беш түрдүү түшүндүрмөсүн берет.

Демек, санат ырлары ырчылык өнөрдүн тарыхында пайда болгон өтө маанилүү жана тасирдүү жанр. Аны ырдаган ырчылардын калк арасында кадыр-баркы бийик болуп, ашынган таланттын, акылмандыктын даражасын билдирген. Адатта андай ырчылардын санат ырлары элдик философияны, мораль менен этиканы, жүрүм-турум эрежелерин, акылмандыкты чагылтуучу булак болгон.

Эскерте кете турган нерсе: мындай ырлар жөнүндө функционалдык өнүгүү, ырчылык өнөрдүн философиялык идеялары жөнүндөгү бөлүмдөрдө жана ар бир ырчынын чыгармачылыгы тууралуу айтылганда да сөз болот.

Санат ырларына катарлаш «насыят» деген термин колдонулат. Бул сөз менен айтылган ырлар, негизинен, тарбия, адептүүлүк мазмунунда болуп, угуучулар арасында өтө белгилүү, ошондой эле ырчынын кадыр-баркын көтөрө турган касиети бар. Бирок терминдердин колдонушунда баш-аламандык дайыма эле болуп келген өңдүү. Анткени көптөгөн ырлардын тексттеринде санат ырларына да, насыят

ырларына да мүнөздүү белгилер, саптар аралашып кеткен жана эркин аткарыша берген. Насыят ырлары жөнүндө К. К. Юдахин андай ырлар дидактикалык поэма болгондугун белгилейт.

Бул ырларды «терме» деген термин менен да атап келишкен. Ырчылар санат, насыят жана терме ырларын ырдашканда алардын формасы, мазмуну жагынан чектелген эмес. Айрыкча, чыгармачылык эргүүнүн чокусу болгон экстазга жеткенде, ырчы токтоно албай, идеяларды «төгө» берген.

Санат-насыят ырларында совет мезгилинде «үгүт ырлары», «нускалуу ырлар» деген түрлөр да пайда болуп, бирок ал аталыштар биротоло жашап калган жок, азыр аз колдонулат.

Ырчылык өнөрдүн эң белгилүү жанры - айтыш ырлары. Айтыш жанрынын калыптануу жана өнүгүү тарыхы өтө узак. Байыркы уруу ырчыларынан тартып, ырчылар бири-бири менен айтышып, ырчылык жөндөмдүүлүгүн далилдеп келишкен. Алар өз айтыштарында уруунун кызыкчылыгын, жеке көз караштарын коргоп, айтышкан ырчысын жеңүү үчүн түрдүү ыкмаларды колдонушкан.

Ырчылар айтышы менен катар эл оозеки чыгармачылыгында адат-салт айтыштары да өнүгүп келген. Ал ырлар түрлөрү жана составы жагынан ырчылар айтышына жакын болуп, бирок тексттери туруктуу мүнөзгө ээ болгон.

Ырчылар айтышы бардык учурда ырчынын талантын баалоочу критерий болуп келген.

Ырчылар айтышынын суроо-жооп айтышы, алым-сабак айтышы, табышмактуу айтыш, кордошуп айтышуу, учурашуу же саламдашып айтышуу деген түрлөрү болуп келген.

**Суроо-жооп айтышында** ырчылар түрдүү багыттагы түшүнүктөрүн, көз караштарын айтуу менен, бири-бирине кезектешип суроо беришип, жооп күтүшүп ырдашат. Кайсы ырчы жооп таба албай калса, же туура эмес жооп берсе, ал жеңилүү ызасын тарткан. Ал ырчынын бүт уруусу, уруу башчысы кыйын абалда калган.

**Алым-сабак айтышында** ар бир ырчы татаал теманы, ырдоо ыкмаларын сунуш кылып, дал ошондой формада ырдоону талап кылган. Бул түр да эң татаал айтыш болуп, буга эң таланттуу ырчылар гана катыша алышкан.

Эң чоң же бүт элге белгилүү айтыштарда ырчылар суроо-жооп, алым-сабак, табышмактуу жана кордошуу айтыштарынын ыкмаларын колдоно беришкен. Жеңишке жетишүү үчүн ырчы бардык жөндөмдүүлүгүн колдоно алган.

Алым-сабак айтышы айтыш ырларынын ичинен эң авторитеттүү жана маданияттуу түр болуп, жеңүүчү чыныгы адилеттүүлүктүн негизинде гана жеңишке жетишкен.

Ырчынын аң-сезимин, ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын, турмуштун бардык маселелери боюнча түшүнүгүн сыноочу айтыш - **табышмактуу айтыш** болгон.

Мында да суроо-жооп айтышынын табышмактуу жана каймана формасы колдонулуп, айтышка түшкөн ырчылар бири-бирине татаал суроолор беришип, так жооп талап кылышкан. Табышмактуу суроолордо уруулардын тарыхы, диний түшүнүктөр, табият көрүнүштөрү түшүндүрүлүп, чечмелеп берүү үчүн сунуш кылынган. Андай суроолорго бардык эле ырчылар жооп таба алышкан эмес.

Уруулар ортосундагы карама-каршылыктар күчөгөн мезгилдерде же ырчылардын бири-бирине карата мамилесине жараша **кордошуп** айтышкан ырлар өнүккөн. Мында негизги максат атаандашын жеңүү гана эмес, аны кордоо, шылдыңдоо, ырчы катары беделин кетирүү, угуучулар алдында сындыруу максаты болгон.

Жаңы мезгилде санаалаш же бири-бирин сыйлаган ырчылардын чыгармачылыгында **саламдашып айтышуу** салты пайда болгон. Айрыкча жалпы элдин алдында, сахнада, театрда же телевидение-радиодо жалпы маданияттын этикалык эрежелерин сактоо менен, ырчылар саламдашып ырдашкан. Бирок мында да бири-бирине азил-тамаша айтуу, сөз менен чымчылашуу, юмор негизги орунда болуп, айтыштын мазмунун да, формасын да жагымдуу деңгээлге жеткиришкен.

## ЫРЧЫЛАР ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ИЗИЛДЕНИШИ

Кыргыз фольклору, кыргыздардын ыргактуу кеби жөнүндө X кылымдагы араб саякатчысы Абу Дулефтин айткандарынан тартып, атактуу Мулло Сайфаддин Аксыкентинин Манас жөнүндөгү маалыматтары белгилүү ченде ырчылык өнөргө карата табышмактуу түшүнүктөрдү пайда кылып, кызыгууну жараткан.

А. С. Пушкиндин досу Алексей Левшин үч бөлүктөн турган эмгегин жазып, Борбордук Азия элдеринин үрп-адаты, турган жери, тарыхы боюнча маалыматтар берген. Анда уруу башчысы бир жакка жөнөгөндө жана кайтып келгенде эшик ырчысы узатып ырдап, ырдап тосуп ала турганын жазат.

Ч. Валиханов менен В. Радловдун ырчылар жана эпос айтуучулар жөнүндөгү жазгандары да ырчылык өнөрдү изилдөөгө кызмат кылган.

Атактуу Мухтар Ауэзовдун, В. Жирмунскийдин, К. К. Юдахиндин, С. М. Абрамзондун, М. Богдановалардын ырчылар чыгармачылыгы жөнүндө изилдөөлөрү, ойлору, маалымат жыйноолору ырчыларды илимий изилдөөгө негиз салды.

Жаңы мезгилде акын-жазуучулар А. Токомбаев, Ж. Бөкөмбаев, К.Маликовдор да ырчылардын ыр жыйнактарын изилдешип, изилдөө иштерине өз салымдарын кошушкан.

Белгилүү окумуштуу Тазабек Саманчин Молдо Кылычтын чыгармачылыгын изилдеп, эмгектер жазган.

Согуштан кийинки мезгилде адабиятчы-окумуштуу Жаки Таштемиров Токтогулдун, Тоголок Молдонун, Барпынын чыгармачылыгы боюнча монографиялык изилдөөлөр жүргүзүп, көптөгөн эмгектер жараткан. Токтогулдун чыгармачылыгы боюнча гана беш китеп жазып, акындын чыгармачылыгы боюнча маанилүү илимий ойлорду жараткан.

Айтылуу философ Б. Аманалиев ырчылардын философиялык, социалдык түшүнүктөрүн кеңири изилдеп, изилдөөчүлөрдө илимий туура түшүнүктөрдүн калыптанышына түрткү берди.

Дагы бир философ окумуштуу К. Молдобаев ырчылардагы элдик демократтык көз караштардын табиятын, принциптерин изилдөө менен ырчылардын идеялары түрдүү багыттагы изилдөөлөр үчүн түгөнгүс кенч экендигин далилдеген.

Көрүнүктүү адабиятчылар Ш. Үмөталиев, С. Байходжаев, С.Закиров, Б. Кебековалар ырчылык өнөрдүн маанилүү маселелерин изилдешип, 1988-жылы «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктерин» чыгарууга жетишишкен.

Бирок изилдөө улам мезгил өткөн сайын өзүнүн жаңы талаптарын, сапаттык деңгээлин күн тартибине коет. Бул жагынан белгилүү адабиятчы К. Даутовдун Барпы жөнүндөгү изилдөөлөрү дал ошол талаптарга жооп бере турган деңгээли менен айырмаланат.

Ал эми академик А.Эркебаевдин жаңы эмгеги ырчылар чыгармачылыгын изилдөөнүн жаңы маселелерин козгойт. Дал ошол маселелер жөнүндө Чыңгыз Айтматов андан жети жыл мурда Жеңижоктун ырларынын бир томдугуна жазган киришүү макаласында кыргыз адабиятчыларынын алдына дал ошондой маселелерди изилдөө зарылдыгын милдет катары туюнткан эле.

Албетте, ырчылык өнөрдүн табышмактуу, психологиялык, философиялык маселелери али изилдөөнү күтүп жатат. Башка

өлкөлөрдөн кыргыз ырчыларынын чыгармачылыгы уникалдуу көрүнүш экенине көзү жеткен илимпоздор 1928-жылы эле түркологдордун Эл аралык конференциясына Осмонкул ырчыны чакырышкан. Ал эми 60-жылдары ошол сыяктуу эле эл аралык симпозиумга Саякбай Каралаев барып келген.

Андай окуялар чет өлкөлүктөрдүн акылга сыйбас көрүнүштөрдү кыргыз өнөрпоздорунун чыгармачылыгын жакындан көрүү аракетинен улам келип чыккан десек да, алардын кызыгуусу биздин илимпоздордун ырчылардын талантын, ой жүгүртүүсүн, психологиясын изилдешине түрткү берүүсү керек эле. Андай болбоду.

Ошол эле жылдары «Советский Союз» деген дүйнөнүн 17 тилинде чыгып турган эл аралык журналга Чыңгыз Айтматов атактуу манасчы Саякбай Каралаевдин чыгармачылыгы жөнүндө «Ал океан сындуу «Манастын» жарым миллион сабын жатка билет» деген ашкере даңазалап-үгүттөөчү макала жазды. Бирок макала Саякбайдын чыгармачылыгы боюнча жазылган ондогон эмгектерге караганда таасирдүү болгон.

Бирок бул фактылар, алар жөнүндө жазылган маалыматтар канчалык мыкты болбосун, алар ырчылардын чыгармачылыгы жөнүндөгү чыныгы илимий изилдөөлөр эмес эле. Ошол эле учурда ырчылар жөнүндө жазылган эмгектерде, негизинен, өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндөгү маалыматтар, чыгармаларынын жазма адабиятка мүнөздүү талдоо сыяктуу стреотип көрүнүштөр арбын эле. Ал жөнүндө жогоруда сөз болду.

Демек, ырчылык өнөрдү изилдөөнүн чыныгы илимий маселелери, уникалдуу табияты жөнүндөгү ойлор, көз караштар, бүтүмдөр али алды жакта десек талашсыз чындык болмокчу. Албетте, аталган эмгектер дал ошондой изилдөөлөргө өбөлгө түзүп, багыт берет. Анткени жаралган эмгектердин сапаттуу жакшы жактары менен да, кемчил жактары да мындан аркы сапаттык деңгээлдин жаралышына бирдей кызмат кылат десек болот.

## КӨРҮНҮКТҮҮ КЫРГЫЗ ЫРЧЫЛАРЫ

Кыргыз элинин тарыхында далай атактуу ырчылардын болгону талашсыз. Айрыкча байыркы ырчылар жөнүндө укмуштай легендалар, жомок сыяктуу маалыматтар сакталып калган. Изилдөөчүлөрдүн жаңы-жаңы муундарынын өкүлдөрү андай маалыматтарды арбын таба беришмекчи.

Эми бул жазылмалар логикалык түрдө өзүнүн экинчи бөлүгүнө келип жетти.

Көрүнүктүү кыргыз ырчылары жөнүндө ошол эле логикага таянып колдо бар маалыматтардын негизинде жазбай коюуга мүмкүн эмес. Эң оболу, ал ырчылар жөнүндөгү чыгармачылык же портреттик жазылмалар биринчи бөлүктөгү ойлорду далилдеп бермекчи. Экинчиден, ырчылар чыгармачылыгына кызыккандар үчүн, студенттер үчүн көрүнүктүү ырчылар жөнүндөгү маалыматтар пайдалуу болот деп ойлойбуз.

Албетте, көрүнүктүү ырчылар жөнүндө жазып жатып, анын толугураак болушуна умтулуу зарыл. Айталы дегенибиз атактуу Жайсаң, Кет Бука, Токтогул, Асан Кайгы сыяктуу кеменгер ырчылар жөнүндө атайын даректүү баяндарды жазсак, экинчи бөлүктү ошолор менен баштасак, логикага туура келмек. Бирок алар тууралуу ырчылык өнөрдүн өнүгүү доорлору жөнүндөгү бөлүмдө сөз кылганбыз. Ошол маалыматтар жетиштүү деп ойлойбуз.

## КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ (1785-1855)

Орто кылымдагы кыргыз ырчылары ырчылык өнөрдүн гүлдөп өнүгүшүнө жетишип, идеялык орошон салттарды жаратышкан. Ошол эле идеялар кийинчерээк кыргыздар калмактардын талоончул согушуна кабылып, Ысар, Көлөпкө (азыркы Тажикстандын Гисар, Куляб райондору) качкан сыяктуу окуялардан улам ырчылар кайрадан байыркы салтты, атап айтканда, баатырларды даңазалаган эпосторду, түздөн-түз оор турмуштун таасири менен жаралган трагедиялуу мазмундагы «Кыз Мактым», нрава-этикалык принциптерди баалаган «Ак Саткын менен Мырза уул» поэмаларын басымдуу түрдө аткарып калышат. «Манас», «Курманбек», «Эр Табылды», «Олжобай менен Кишимжан», «Жаныш- Байыш» эпостору элдин рухий турмушунда активдүү жаңыра баштайт.

Калың элдин азып-тозуп турган шартында дал ушул сыяктуу өлбөс-өчпөс чыгармалардын аткарыла башташы ошол кездеги ыр-

чылык өнөрдүн кандай абалда болгонун, кандайча өнүккөндүгүн далилдеп турат.

Бирок бул кырдаалда ырчылык өнөр биротоло жоюлуп кеткен эмес. Ал өнөр аш-тойлордун көркүн ачкан активдүү милдетинен алыстап, элдин башында турган оор абалдан улам трагедиялык абалды, моралдык-этикалык, патриоттук-нравалык принциптердин басаңдашын ырдай башташкан. Ал эми андай терең мазмунда ырдоо ар кандай эле ырчылардын колунан келе берген эмес.

Мына ошол тарыхый шартта атактуу кыргыз ырчысы, ойчул философу Калыгул Бай уулунун чыгармачылыгы калыптанат. Ал дээринен акылман болуп, бардык көрүнүштөрдү зирек ой жүгүртүү аркылуу баалап, турмуштун бардык жагдайы боюнча адамдар үчүн маанилүү идеяларды айткан.

Айткан дегенибиздин да жөнү бар. Анткени Калыгул биз түшүнгөн мааниде ырчылар сыяктуу ырдаган эмес. Ал эл чогулган жыйындарда өз ойлорун макал сөздөр сыяктуу айтып берген. Анткени анын терең философиялык мазмун-идеяларга жыш ырлары обон созуп ырдаганга эмес, жай абалда, ар бир угуучу кунт коюп угуп, таасир ала турган касиетке ээ болуп, айтып бергенге ылайыкташкан. Ырас, улуу ойчулдагы идеялар ага чейинки акылман ойчулдардын, чечендердин, сынчылардын, ырчылардын салтынан өнүп келе жаткандыктан, Калыгулдун угуучуларга таасири ченемсиз күчтүү болуп, анын калк арасындагы кадыр - баркы атактуу манаптардан да, уруу башчыларынан да жогору болгон. Мындай бир жагдайды алып көрөлү. Калыгулдун мезгилинде кантсе да башка ырчылардан Алдаш Белек уулу деген ошондой эле таасирдүү киши болгон. Бирок башка ырчылар жөнүндө маалымат жок. Же болбосо Калыгулдун ченемсиз атакдаңкынын далдаасында калып, көптөгөн ырчылар белгисиз бойдон калышы мүмкүн. Совет мезгилинде Калык, Осмонкул, Алымкулдар калк арасында чоң ийгиликтер менен ырдап жүрүшкөндө алардын катарында эле ырдап жүргөн Ысмайыл Борончиев ырчылык талантына карабай, анчейин бааланчу да эмес эле, белгилүү да эмес эле. Калыгулдун мезгилинде ошол сыяктуу кырдаал болушу мүмкүн.

Калыгул болжол менен 1785-жылы Ысык-Көлдүн күнгөй тарабындагы Карой-Сарой деген жеринде туулган. Ата-теги ири байлардан болгон. Эл аралап ырдап жүрбөй, жыйындарда акылман сөздөрдү ыр формасында айтып калганына бул да себеп болгон.

Коомдун өнүгүшү, заман өзгөрүштөрү жөнүндө дайыма ой жүгүртүп, ата салтынын жаңыланышына өкүнгөн таризде ырлар жараткан. Диний-нравалык түшүнүгү боюнча адамдарда адеп-ахлак,

тартип-таалим бекем болсо, турмуштун жакшы болушуна өбөлгө түзүлөт деген идеянын тарапкери болгон.

Ой жүгүртүү, көз караш системасы жагынан кенен түшүнүктөгү, калкка таасири күчтүү инсан катары жашаган.

Коомдук өнүгүштүн табигый заң-закондорун обьективдүү түшүнүүдөн алыс болгондуктан, ырларында наразылык мотивдери да болгон.

Кыргыз турмушунун, адамдардын өз ара мамилелеринин жакшы-жаман жактарын көп айтып, айрыкча жаш муундардын тартип-таалими, жакшы жашоосу жөнүндө жакшы идеяларды чагылткан.

Ырларынын маанилүү идеяларга бай экенин байкап отуруп, Калыгул акылман сөздөрүн орто жаштан өткөндө айта баштаганбы деген ойдо каласың. Анткени анын ырларына, идеяларына жаштыкка мүнөздүү жаркын эмоция эмес, токтоолук, акыл айтуу, сентенция мүнөздүү. Ал эми акыл айтуу турмуштан алган бай тажрыйбанын, замандын, тарыхтын түрдүү көйгөйлөрү жөнүндө акыл калчап, ой жүгүртүүнүн натыйжасында гана боло турган көрүнүш.

Калыгулдун бүткүл чыгармачылыгына ушул багыт мүнөздүү.

Советтер Союзу мезгилинде бийликтеги идеология анын көз караштарынан ашкере реакциячыл багытты, башкача айтканда, коомдун таптык өнүгүшүнө кайчылаш келген идеяларды гана көрүп, көп жолу аны айыпташкан.

Чындыгында, Калыгул - бүткүл чыгармачылыгы жана идеялары менен өз мезгилинен жаралган татаал көз караштагы инсан. Ал бай-манаптардын тукумунан боло туруп, алардын тарапкери болбой коюшу да мүмкүн эмес. Жогоруда келтирилгендей, ал өз идеяларын токтонгон мезгилинде чыгара баштагандыктан, адам катары жаш мезгилинде башынан кечиргендери өзгөчө жакшы көрүнүп, ал эми орто жаштан өткөндөгү турмушу өкүнүчкө толуп, армандуу болушу табигый көрүнүш.

Ошондуктан Калыгулду замана агымы деп аталган жасалма идеологияга байланыштырып, күнөөлөөгө болбойт. Анткени заман жөнүндө ырдоо, заманга нараазы болуу мотивиндеги ырларды чыгаруу ислам дини Борбордук Азияга орногондон тартып эле пайда болгону белгилүү. Башкасын койгондо да орто кылымдагы атактуу Ахмед Ясави, Сулайман Бакыргани деген түрк тилинде жазган акындар заман маселелерин өтө кеңири жазышкан. Орто кылымдагы кыргыз ырчылары да, биринчиден, кыргыздардын караханийлер бийлигинде болгондо, анан Чыңгыз хан басып алгандан кийинки көз карандылыктагы оор абалына байланыштуу заман жөнүндө ырдашса,

экинчиден, жогоруда аталган ырчылардын акыр заман жөнүндөгү ырларынан, ошондой эле ислам динindеги идеялардан таасир алышкан. Мунун өзү Кетбука, Токтогул жана Асан Кайгы ырчылардын катардагы ырчыларга караганда акылга сыйбагандай таасирдүү болушуна, тарыхта ойчул, философ, даанышман ырчы катары эл эсинде сакталып калышына негиз түзгөн.

Башкача айтканда, кылымдар бою иргелип, ыргалып, өнүгүп келген кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын нускалуу сөз берметтери мыйзам ченемдүү түрдө да, стихиялуу түрдө да улуу көркөм рухий байлыкка байланат.

Калыгул дал ошол байлыктын билерманы да, тескөөчүсү да, элди ошону менен тарбиялоочу гуманист да болгон.

Идеялары менен көз караштарынын калың элге, анын турмуш тиричилигинин оңолушуна багытталганы, эмгек кылып аракеттенүүнүн зарылдыгына, тартип-таалимдүү болууга, билимдүү болууга үндөгөнү анын чыныгы демократ экенин далилдеп турат.

Албетте, аны өзүбүздүн кээ бир окумуштуулар сыяктуу Гегелдин катарына коюп талдоого болбойт. Анткени Калыгул канчалык гениалдуу ойчул болбосун, ал кыргыздардын гана турмуш тиричилигине байланыштуу ой жүгүртүп, турмуштук философиянын алкагынан чыккан эмес. Ал гана эмес, Калыгул жана ал өңдүү башка ырчылар өздөрүнүн асыл ойлорун ырдоонун предмети катары гана туюнтушкан. Башкача айтканда, философиялык, мораль-этикалык даяр категориялар мында жок. Анын ордуна бардык эле адамдар баалуу деп эсептелген туткалуу түшүнүктөр, же болбосо маанилүү чындыктар бар. Аларды даңазалап ырдап, угуучуларды кызыктырып, алардын аң-сезимине жашоодогу асыл ойлор катары сиңирүүгө умтулат. Мунун өзү функционалдык жагын алганда деле өтө маанилүү. Ал эми адамдардын жалпы илим-билимден алыс болгонун, өнүккөн башка маданияттардан таасир албаганын эске алсак, Калыгулдун (ошондой эле ага чейинки башка ырчылардын да) идеялары, айтым сөздөрү, бир кезде орустун улуу демократы Николай Добролюбов айткандай, караңгылакта пайда болгон жарыктын нурларындай. Дал ушул кыргыз турмушунун шартындагы таасири жана мааниси менен алганда гана Калыгулдун ойчул катары да, ырчы катары да теңдешсиз алп фигурасы элестей түшөт. Ал чынында эле ошол алп фигурасына жараша роль ойногон. Ага чейин да, андан кийин да ойчулдук жагынан ага тең келген эч ким чыккан эмес. Бул талашсыз. Жогоруда айтылгандай, Калыгул өзүнө чейинки кыргыз ойчулдарынын, ырчыларынын бүткүл идеялык казынасын алып жүрүүчү болгону

талашсыз. Ошол эле учурда дагы бир талашсыз чындыкты айтпай коюуга болбойт. Айталы дегенибиз мына бул: Калыгулдун ченемсиз кадыр- баркы болгондуктан, карапайым адамдар өздөрүнүн рухий турмушунда аны баарынан жогору баалашып, ал эми кийинки муундагылар ар кандай учкул сөз, макал-ылакап, санат ырларды уккан болсо, баарын Калыгулга ыйгарып, анын аты менен айта турган оюн деле таасирдүү кылууга умтулушкан. Мунун өзү оңой эле туруктуу салтка айланып, мезгил өткөн сайын Калыгулдун атак-даңкы артып олтурган. Бул өз алдынча татаал процесс десе да болот. Анткени карапайым адамдардан тартып, бардык деңгээлдеги инсандар акылман сөздүн кадырын билип, жазманын жоктугу оозеки сөз өнөрүнүн таасирин андан бетер күчөтүп, Калыгулдун мезгилинде коомдук рухий турмушу оозеки сөз өнөрүнө өзгөчө муктаж боло баштайт. Ошол шартта Калыгулдун дин, тарых, заман өзгөрүштөрү жөнүндөгү маалыматтарды билиши аны андан бетер таасирдүү кылат. Ошол себептен ал санат ырларды, канаттуу ыр саптарын, акылман сөздөрдү, калк чогулган жерлерде айта турган болот. Андай өнөрдү маселдетип айтуу деп аташкан. Ал диний мектептерде, мечиттерде, отуруштарда кеңири колдонулган ыкма болуп, эң оболу тема тандалып, ал жөнүндө сөз башталып, акылман сөздөрдөн мисалдар келтирүү салты кеңири өнүккөн. Бул өнөрдүн да мыкты устаттары, чечендик өнөрдүн сынчылык, ырчылык өнөрдүн унутулгус үлгүлөрүн тандап, ылгап, эсинде сактап, эл алдында айтып олтуруунун, кыргыздардын оозеки көркөм сөз өнөрүнүн башкача сапаттык багытта өнүгүүсүнө шарт түзүшкөн.

Мында да Калыгулдун жеке ролу чоң. Андай болушуна өзүнө гана таандык психологиялык, инсандык, тубаса ой жүгүртүү өзгөчөлүгү мүмкүнчүлүк берген.

Эми Калыгулдун ой айтуу чеберчилигин, чыгармачылык акылмандыгын жалпак тилге салып талдап олтурбай эле, анын ойлорун багыттары боюнча ыр саптарынан көрсөк. Мында да белгилей кетчү нерсе Калыгул көпчүлүк учурда чындыктын эки жагын ар түрдүү формада туюнтат.

1. Адам, өмүр, жашоо жөнүндөгү ойлор:

*Өзөндүү сууга тал бүтөр,*
*Өлбөгөн жанга мал бүтөр.*
*Мал бүткөнчө эл кетер,*
*Ага-инидей дос кетер.*

*Куурай чыкпас куу такыр,*
*Куурай чыгып бергенде,*
*Кулун чуркап өтө албайт.*
*Мал бүтпөгөн куу жакыр,*
*Мал жыйылып бүткөндө,*
*Айдап журтка жете албайт.*

*Өткөн өмүр учкан куш,*
*Кайрылып келбейт үндөсө.*

*Тиш ырыскы-тил дөөлөт,*
*Тирүүлүк өзү бир дөөлөт.*

*Көкүрөк сокур болгон соң,*
*Көзү көрүп не кылат.*

2. Бийлик, заман, тарбия, ынтымак жөнүндөгү ойлор:

*Жакшы чыккан азамат*
*Элин билээр,*
*Элин билген ал адам*
*Билим билээр,*
*Эчен түрдүү адамдын*
*Тилин билээр.*

*Көңүлү тынаар көпчүлүк,*
*Көзгө толоор эр чыкса.*

*Улук адил болбосо,*
*Убара болот эл карып.*

*Ырыс алды – ынтымак,*
*Ынтымагың жок болсо,*
*Алдыңан таяр алтын так.*

*Тил албаган жаманга,*
*Акыл сөздөн муш жакшы.*

*Туура бийде тууган жок,*
*Туугандуу бийде ыйман жок.*

*Илгеркини карасаң,*
*Жаманын жакшы тилдеген.*
*Азыркыны карасаң,*
*Жакшысы илим билбеген.*

Бул мисалдардан көрүнүп тургандай, Калыгулдун ойлору өз заманы жөнүндө системалуу ой жүгүртүүдөн улам пайда болгон. Ал адамдардын жашоосу, жакшылыкка умтулуусу, тартип-таалими замандын жакшы болушун камсыз кыла турган булактар деп билет да, турмуш чындыгынын бардык көрүнүштөрүн бири-бири менен туташ байланышта деп түшүнөт.

Ошондуктан Калыгулдун идеялары дайыма баалуу, дайыма актуалдуу, демек, дайыма жашай берет.

## МОЛДО НИЯЗ (1823-1896)

XIX кылымдын башынан аягына чейин жашап өткөн көрүнүктүү кыргыз ырчысы жана жазгыч акын Молдо Нияздын өмүрү жана чыгармачылыгы бүткүл кыргыз элинин ошол кылымдагы умтулууларын, ой-санааларын, ишеним-ынанымдарын башка кыргыз ырчыларына караганда алда канча толугураак чагылтат. Анткени Молдо Нияз Борбордук Азия элдеринин тилдерин, үрп-адаттарын, социалдык алабалын абдан жакшы билип, саякаттап жүрүп өз көзү менен көрүп, өз ырларында сактап калган. Ал эми кеңири чөлкөмдүн тарыхый жагынан алганда, Молдо Нияз фарсы, чагатай, уйгур жана кыргыз тилинин диалектилерин жакшы билип, тарыхый инсандар, окуялар, уруулук салт-санаалар менен да кеңири тааныш болгон. Ошол маалымат жагынан болгон анын артыкчылыгы анын ырчылык өнөрүнүн негизги өзгөчөлүгүн түзгөн. Мындайча бүтүмгө келүүнүн себеби – акындын бардык чыгармаларындагы ченемсиз көп маалыматтар. Ал маалыматтар Кытайдан тартып, Чыгыш өлкөлөрүнүн, Борбордук Азия чөлкөмүнүн чегинде жайгашкан географиялык аттарды, диний түшүнүктөрдү, тарыхый этнографиялык үрп-адаттарды, өзү жакшы билген тарыхый инсандардын кулк-мүнөзүнө чейин камтыйт. Башка эч бир кыргыз акыны андай мол маалыматка ээ эмес.

Молдо Нияз жөнүндө расмий түрдө жазып чыккан академик Болот Юнусалиев болгон. Бирок ал киши тоталитардык саясаттын бийлиги өкүм сүрүп турган мезгилде Молдо Нияз жөнүндө белгилүү окумуштуу, партиялык кызматкер Азиз Токтобаевден элүүнчү жылдары маалымат алат да, изилдей баштайт. Бирок ал Молдо Нияздын ыр-

лары менен таанышып чыгып, ырлардагы орустарга каршы жана ислам динине байланышкан мотивдерин көрүп, анын тилин гана изилдеп, аны да кыргыз жазмасынын тарыхына байланыштырып өз ойлорун айта баштайт.

Молдо Нияз 1823-жылы, дагы бир маалымат боюнча 1820-жылы Кадамжайдын Шаймерден кыштагында туулган. Ал кыштак илгертен сыйынуучулар үзгүлтүксүз келип турган ыйык жер болуп, бир эле мезгилде мечит - медреселеринде ислам дининдеги нравалык, адеп-ахлактык асыл идеялар, турмуштук-философиялык ойлор калк арасына жайылтылып турган. Кылымдар бою колдонулуп салтка айланган жума күнү массалык намаз окуу учурунда дасыккан жана көптү билген, дин тарыхы боюнча аалым деп эсептелген илимдар кишилер ошол темалар боюнча сүйлөп беришип, диний китептерден окуялуу мисалдарды окуу менен, ишеним – ынанымдарын бекемдешкен. Динге байланыштуу айтылып жаткандыктан ал идеялар, айтылган тартип-таалим эрежелери карапайым адамдар тарабынан толук кабыл алынып, алардын ишенимине айланган.

Молдо Нияздын ырчылык өнөрү да ошол шартта калыптанып, бүткүл чыгармачылыгында нрава-этикалык идеялар, жашоо философиясы негизги багыт катары көрүнөт.

Ал ырчылык өнөрдү өз өмүрүндөгү негизги өнөр катары эсептеп, чыгармачылыгын угуучуларга ырдап берип көңүлүн ачуу үчүн эмес, калың элге заман көйгөйлөрүн билдирүү, алардын көз караштарына таасир этүү, адеп-ахлак жагынан тазартуу максатында колдонгон. Ошол асыл максатты Молдо Нияздын ар кандай темадагы, ар кандай көлөм мазмундагы ырларынан көрүүгө болот. Анын ырлары катмар-катмар идеяларды, элестүү курулмаларды камтып турат. Академик Болот Юнусалиев белгилегендей, акындын ырлары чексиз баалуу идеялары менен гана эмес, XIX кылымдагы кыргыз тилине мүнөздүү кооздук, байлык, эң эле назик сезимдерди чагылта ала турган ийкемдүүлүгү, демек, тарыхый-эстетикалык мурас катары баалуу.

Молдо Ниязды изилдөөчүлөр бүтүндөй жазма адабияттын баштоочусу катары көрсөтүп келишет. Бирок мунун өзү бир жактуулук жана кыргыз жазма адабияты мурда эле башталган болучу деген ойду далилдөө үчүн гана айтылып келет.

Деги эле жазгыч ырчылар кимдер болгон? Алар дээринде кадимки эле жамактатып ырдаган ырчы болушкан да, өз ырларын кат сабатсыздыгы жоюлуп, жаза билгендиктен, сактап коюу максатында көчүрүп жазышкан. Алардын кээ бирлери өздөрүнүкүн гана эмес,

эл ичинен уккан билгендерин да, фольклордук чыгармаларды да көчүрүп алып жүрүшкөн. Дагы бирлери жаңы мезгилде ыр китептерин чыгаруу мүмкүнчүлүгү түзүлгөндө, ырдаган ырларын жаза башташан. Мында айтып койчу бир жагдай: жазма адабияттын таасири менен чынында эле алар өз чыгармачылыгында профессионал жазма адабияттын денгээлине жакын чыгармаларды да жаратышкан. Бирок алар Алыкул Осмоновдогудай образдык ой жүгүртүүнүн денгээлинде эмес, фольклордук-эстетикалык алкакта, элдик элестүү көркөм сөз каражаттарын кеңири колдонуп ырдашат. «Жазгыч ырчы» же «жазгыч акын» деген түшүнүк да ашкере профессионал жазма поэзиянын изилдөөчүлөрү тарабынан мүмкүн болушунча анын башталышын тереңирээктен көрсөтүү максатында колдонулуп келгени талашсыз. Маселен, Молдо Нияздын чыгармачылыгына кайрадан кайрылып көрөлү.

Молдо Нияз биринчи иретте төгүп ырдаган ырчы болгон. Ал эми өз ырларын тамга билгендиктен, жазып алып, сактап жүргөн.

Албетте, дал ушул жазгычтардын да профессионал жазма адабияттын пайда болушу жана өнүгүшү үчүн ролу бар, Аны изилдеп гана чектерин аныктоого болот. Азырынча жазгыч ырчылар төкмөчүлөр менен жазма адабияттын ортосундагы өткөөл процессти гана айкындап турганын айтуу менен чектелебиз. Айталы дегенибиз, кээ бир адабиятчылар айтып жүргөндөй, Молдо Нияз сыяктуу ырчыларды жазма адабияттын баштоочусу кылып, алардын ырчылык өнөрдөгү опол тоодой ордун жок кылууга мүмкүн эмес. Башкасын айтпаганда да Молдо Нияз өмүр бою албан - албан идеяларды, инсандарды, окуяларды кайсыл жерге барбасын ырдап гана жүргөн. Аны өз ырларындагы жер аттарына караганда Жумгалда да, Кашкарда да, Алайда да, Чүйдө да угуучулар ырдатып угушкан. Ал Курманжан датка, Алымбек датка, Алымкул аталыктар жөнүндө ыр жазган эмес, ырдаган. Көптөгөн санат ырларын окуп көрсөк деле анын ырчы экени көрүнүп турат. Албетте, ал XIX кылымдагы тарыхый кырдаалды, социалдык ал - абалды көбүрөөк ырдап, заман көйгөйү катары, анын бузулуп баратышы катары ырдап, аш-тойлордо ырдаган ырчылардан жогору турган.

Молдо Нияз өз ырларын кол китеп катары көчүрүп, чыгармаларын сактап калган. Бирок ал көз жумгандан кийин анын жазмалары ар кимдин колуна түшүп жоголгон. Академик Абдыганы Эркебаевдин пикиринче, анын жазмаларын Орто Азиядагы ири шаарлардагы кол жазмалар сакталчу китепканалардан издөө керек. Анткени Самаркан, Бухара, Кокон, Анжыян, Ташкендеги ошондой китепканалар

уюшулган күндөн тартып эле азыркы күнгө чейин бардык чөлкөмдөрдөн ар түрдүү кол жазмаларды жыйнап кетишет.

Молдо Нияздын чыгармачылыгын изилдөө, ал жөнүндө ой айтуу элибиз эгемендүүлүк алгандан кийин гана башталды. Молдо Нияздын чыгармачылыгы жөнүндө изилдеп, пикир айтып иштиктүү аракет жасагандардын арасында академиктер Б. Юнусалиев, А. Эркебаев, акын, жазуучулар, кызматкерлер, чиновниктер бар. Бирок Молдо Нияз жөнүндөгү маалыматтарды жыйнап, тактап 1993-жылы анын «Санат дигарасттар» деген китебин жарыкка чыгарып, улуу ырчыны элге кайтарып алып келген белгилүү адабиятчы Омор Сооронов болду. Ал Молдо Нияз жөнүндөгү маалыматтарды чыныгы берилгендик менен изилдеп, жыйнап, сурамжылап, тактап отуруп, ошол жыйнакты түзүп чыкты. Анын жасаган иши Молдо Нияз жөнүндөгү билгендери чындап келгенде башка изилдөөчүлөрдүн бардыгынын иштерин кошкондогудан да көптүк кылат.

Омор Сооронов түзгөн Молдо Нияздын «Санат дигарасттары» акындын он басма табакка жакын көлөмдүү санаттары тарыхый, сыпаттап жазма маалыматардан, түшүндүрмөлөрдөн турат. Бул жагынан алганда да бул китепти Молдо Нияз жөнүндөгү чакан энциклопедия десек болот. Анткени бул китептен Молдо Нияздын жыйнакка кирген ар бир ыры, ар бир окуя, акындын ата-теги, бала-чакалары, анын ырын айтып берүүчүлөр жөнүндө да жазылмаларды окуйбуз.

Ал эми Молдо Нияздын санаттары Жеңижок, Токтогулдардын санаттарынан айырмаланып, Ботобай ырчы, Барпы Алыкулов сыяктуу ырчылардын санаттарына жакын. Башкача айтканда, ар бир санатта жеке (өз алдынча) идеясы күчтүү ыр саптары куралып олтуруп, терең идеялуу бүтүндөй бир теманы чагылткан жалпы идеянын катышын көрөбүз. Молдо Нияз бардык санаттарында, бардык ырларында ушул ыкманы колдонсо, башка ырчыларда жайынча ырдагандык, ошого ылайык баяндоо, стиль, көркөм каражаттар колдонулган.

Молдо Нияз ар бир идеяны күйүп бышкан чыдамсыздык абалдан улам туюнтуп жаткандай сезилет, ошол идеяларга жанталашып адамдарды чакырып жаткандай таасир калтырат. Ошол идеялардын акындын ырларындагы пресстелгендей жыш экендиги да алардын ырдалуу өзгөчөлүгүн түзгөн. Ал үчүн Молдо Нияз элдик же болбосо калайык-калктын мүдөөсүн чагылткан санат ырларына бардык адамдардын жашоосу, үмүт-тилектери азап-тозокко айланып бара жатат деген мотивдерди кийирүү менен байытат. Ал мотивдер да сан жагынан чексиз, сапат жагынан ар түрдүү. Сан жагынан көптүгү - Молдо Нияз терең ой жүгүрткөн ырчы катары турмуштун бардык жагын

камтууга аракет кылат, же болбосо жашоонун кайсы жагын албайлы, көйгөйлүү маселе көп экендигин элге дайыма айтып тургусу келет, алардын жашоодо жакшы болуп, жакшылыкка умтулуусун каалайт. Ал эми сан жагынан чексиз дегенибиз, Молдо Нияз, чындыгында, өз мезгилиндеги жана кыргыз тарыхында да билимдарлыгы же көптү билгендиги жагынан да башка ырчылардан жогору туруп, өз билгендерин адамдарга жеткирүү зарыл деп эсептейт. Мында да айтыла турган нерсе ырчылардын ырына мүнөздүү ыкмалардын арбын колдонулушу.

Маселен, салттык ыкма уйкаштыкты алалы. Мында да ырларындагы идеялардын жыштыгына байланыштуу ар түрдүүлүк арбын. Мисалы, паралеллизм. Муну окшош, маанилеш, карама-каршы маанилеш, бири-бири менен маанилеш эмес, же уйкаш сөздөрдүн колдонулган ордуна карай, көп учурда жалаң сырткы коздук үчүн колдонулган уйкаштар системасы десек болот. Мисалы «дүнүйө» деген сөздөн турган кайталама уйкашты алалы.

*Аманат жалган бул дүйнө,*
*Ада болбос оо дүйнө.*
*Беш күн өтөр бул дүйнө,*
*Бейиштин жайы оо дүйнө.*

Тыбыштардын, үндөрдүн уйкаштыгынын башында «дүнүйө» сөзү туруп, ырдын уккулуктуу болушун башкарат. Ырчынын идеясынын угуучу тарабынан жагымдуу кабыл алынышын камсыз кылат. Ага кошумча угуучу өзүнө тарткан күч - ырдагы идеянын түбөлүктүү идея экендиги. Угуучу жашоону, жарык дүйнөнү эсине түшүрүп, анын түгөнгүс экенин, диний чындык катары тиги дүйнөдө бейиш бар экенин эстегенде, албетте, ал күнүмдүк көр тиричиликтен бир азга болсо да «бошой» түшүп, байыркы гректер айткан «Катарсис» абалына, өзүнүн жан дүйнөсүнүн «тазарышына» дуушар болот. Жашоонун түбөлүктүү маселелери жөнүндө ойлонууга, ой жүгүртүүгө, ошол аркылуу рухий турмушунда таза болууга умтулуу аракетинде болот.

Деги эле угуучуларды, бардык пендени аракетчил, активдүү болууга үндөө же «үйрөтүү» Молдо Нияздын ырчылык да, инсандык да жана диний жагынан да негизги милдети, ыйык парзы болгон.

Адатта, адамзат тарыхындагы чындык катары да, кеменгер окумуштуулардын айтымы боюнча да жашоонун карама-каршы эки жагы тутумдаш болот эмеспи. Ошондон улам кыргыз ырчыларынын көз караштарындагы ырларында да бул чындык дайыма болуп келет. Маселен, ырчылардын кимиси болбосун, айталы бир эле мезгилде

жан талашып эмгектенүүгө, оокаттуу жашоого да, ошол эле учурда токтоо, сабырдуу болууга, байлыкка өтө эле берилип кетпөөгө үндөшөт. Ошол сыяктуу эле бир эле мезгилде бул дүйнөнүн жалган экендигин, тиги дүйнө гана реалдуу экенин да кайра эле бул дүйнөдө эле жыргап өт, өмүр кыска, өлгөндөн соң каласың деген идеяны түбөлүктүү чындык катары ырдашкан. Мунун өзү кыргыз ырчыларынын көз караштар системасында философиялык боолголор турмуштук деңгээлде гана калып калбай, андан өйдө көтөрүлүп, идея түшүнүктөрүн жөнөкөй болсо да жалпылоонун деңгээлине жеткиришкен. Дал ошондой ырчылардын көрүнүктүүсү Молдо Нияз десек болот. Анткени Молдо Нияз салт катары ырдап, көнгөн ырчылар сыяктуу эл аралап, аш-тойлордо көркүн чыгарып, калың элдин эрмеги болуп ырдаганда деле, же тематикасын тандап алып (мисалы, «Кымча бел» деген ыры), ырдаса деле жашоонун калкка туюнтууга зарыл деген маселелерин чагылтып ырдаган. Терең идеялуу ырдоо же заман көйгөйлөрүн ырдоо анын чыгармачылык стихиясын түзгөн.

Жогоруда айтылгандай, эки жактуу түшүнүктөрдү Молдо Нияз да өзүнө мүнөздүү чыгармачылык мазмунда чагылтат. Ал өз түшүнүктөрү боюнча бул дүйнө жалган, бул дүйнөдө жасаган иштер, өткөргөн өмүрүң тиги дүйнөдө реалдуу бааланат деген бүтүмдүн берилген тарапкери боло туруп, ушул эле реалдуу дүйнөнүн ырахатын, көйгөйлөрүн, оорчулугун жакшыртуу идеяларын арбын чагылтат. Аны далилдөө үчүн бир эле теманы алалы.

XIX кылымда жашаган кыргыздардын турмушундагы социалдык, нраво-этикалык кыйынчылыктар динге, орустардын Борбордук Азиядагы колониялдык саясатына байланыштуу болгонун эске түшүрсөк, жетишерлик далил келип чыгат. Молдо Нияз ойчул инсан катары бул тарыхый шартка дуушар болгон кыргыздардын турмуш абалын ырдаганда так маалыматтар менен, аларды сыпаттоо менен чектелип калбайт: ал бардык учурда ушул көрүнөө турмушту, анын адамдар ырахаттанып жашап жаткан шартын аяйт. Дал ушул аео сезимдеринен акындын философиясындагы эки полюсту - бир эле мезгилде көрүнөө турмушту жок деп эсептеген диний бүтүмдү да, анын бар экенин барктаган бүтүмдү да көрөбүз. Мында кеп - Молдо Нияздын бир ойдо болбогондугунда эмес, анын ойчул катары ошол эки карама-каршы чындыктын дайыма бар экендигин таанып, аны карапайым угуучуларга туюнтууга жасаган аракети. Ал эми Молдо Нияз-ды сөзсүз түрдө эле угуучуларга турмуштун татаалдыгын үйрөтүүчү катары кароонун өзү да - бир жактуулук. Ал жөн эле турмуш жөнүндө ой жүгүрткөн инсан катары да, ырчы катары да өз түшүнүктөрүнүн негизинде ырдаган десек да болот.

Көп учурда Молдо Нияздын ырлары, айрыкча анын тили түрдүү таасир калтырышы мүмкүн. Бул - кыргыз тилинин бай экендигин, ийкемдүүлүгүнүн, өнүгүү тарыхынын бир беткей эмес экендигин, демек, аны изилдөөнүн орчун маселелери эми баштала турганын айгинелеп жаткан факторлор. Буга байланыштуу кээ бир ойлорду айтпай коюуга болбойт. Биринчиден, Молдо Нияздын ойлору кадимки эле кыргыз ырчыларынын салттык санат ырларынан болуп саналат. Маселен, санат ырларын ырдаган ырчылардын классикалык үлгүлөрүндө: «Бул эмне болучу?», «. . . не болот?», «. . . кайда экен?» деген өңдүү суроолуу формулалар арбын учурайт. Молдо Нияз да ошол үлгүлөрдүн өзүнө таандык формаларын жараткан. Мында ырчынын өз мезгилинин талап-муктаждыгына ылайык өтө ийкемдүү үлгүлөрдү түзгөндүгү мына бул мисалдардан көрүнүп турат.

*1. Беш күн өтөр дүйнөдө*
*Белиңде пулуң барыда.*
*Бергенинен жакшы бар бекен?*
*Көзүңнүн нуру барыда*
*Көргөннөн жакшы бар бекен?*

*2. Түлкүнү инге киргизип,*
*Бүркүт келди каяктан?*
*Журтту жаман муңдатып,*
*Чүрчүт келди каяктан?*

*3. Асманда түнөйт көп жылдыз,*
*Ай түнөсө не болот?*

*4. Кара алачык ичинде,*
*Кантип жатса таң атат?*

*5. Рахбар болгон дүнйада,*
*Пир мааниси намине?*
*Хазир айтар санаттын,*
*Ыр мааниси намине?*

*6. Халал менен харам дейт,*
*Парк мааниси кайсыдыр?*
*Санат калган кадимнен,*
*Нарк мааниси кайсыдыр?*[1]

---

[1] Молдо Нияз. Санат дигарасттар. – Б., 1993, 46, 61, 69, 85-б.

Кантсе да жогорудагы мисалдар азыркы жаштар үчүн түшүндүрүп коюуну талап кылат. Анткени бул ырлар бир кылым мурда жаралган эмеспи.

Биринчи мисалдагы «Беш күн өтөр дүйнөдө» дегени кеңири белгилүү түшүнүк болуп, өмүрдүн кыскалыгын, тездигин, аздыгын белгилегени. Экинчи саптагы «Белиңде пулуң барыда» дегенде этнографиялык жагын алганда адамдар белине кур байланышып, акчаларын ошол куруна ороп сакташчу - ырчы ошону айтып жатат. Бирок өтмө маанисинде «байлыгың бар болсо» дегенди билдирет. Саптардын жалпы мааниси - байлыгың (акчаң) мол болсо, берип турсаң, бул - эң жакшы сапат дегенди туюнтат. Кийинки эки сап да мааниси жагынан аны кайталап, бирок ага символикалык жактан жакын идеяны туюнтуп турат: көзүң курч, демек жаш кезиңде, көрө берсең бул жарык дүйнө кандай жыргал деген мааниде.

Экинчи мисалда өкүмчүл, бийликчил «бүркүттөрдүн», бөтөн жактан келип башкарып жаткан «чүрчүттөрдүн» («дини башкалардын») кантип келип калганын айтып жатат.

Үчүнчү мисалда асман толо жылдыз, алар туруктуу, ал эми ай чыгат да, батат ж. б. көмүскө маанидеги өкүнүч айтылып жатат.

Төртүнчү мисалда кара алачык кедей-кембагалдардын үйү, анда алар кантип жашоосу жөнүндө, андан келип чыкчу адилетсиздик, азап-тозок жөнүндө ой айтылып жатат.

Бешинчи мисалда угуучуларга же өзү менен айтышып жаткан ырчыга берилүүчү суроолуу саптар. Эгерде айтышып жаткан ырчы болсо, ал суроолорого чечмелеп жооп берүү керек. Ал эми угуучуларга өзү ырдап жаткан болсо, ырчы өзү түшүндүрүп, айталы дүйнөдө башчы (рахбар) болгон кишини пир тутуп, же ага берилип, колдоп жашоо деген эмне, пир деген эмне (жашоодогу колдочу) бул түшүнүктөрдүн маанисин туюнтууга аракеттенет. Кийинки эки сап («азыр айта турган санат ырымдын мааниси эмне?») да ошол ойду далилдеп турат.

Алтынчы мисалда да ошол формада арам менен алал айырмасы эмне, санат ырлары илгертен бери эле ырдалып келет, анын наркнасили (маани-маңызы) эмнеде деген формада угуучуларга суроо салып, өзү түшүндүрө турган идеяларга көңүл буруууга үндөп жатат.

Тил жагынан болгон өзгөчөлүктөр да өтө маанилүү. Анткени адистилчилер үчүн лексико-семантикалык жагы гана эмес, Молдо Нияздын тилинин тарыхый-диалектилик, стилдик-көркөмдүк жагы да бардык кыргыз филологдору үчүн терең мааниге ээ. Талашсыз чындыкты айтып койгонубуз орундуудур - Молдо Нияздын тилин изилдөө

илимий маанилүү натыйжаларды гана бербей, ошол эле учурда тилчи-изилдөөчүлөрдүн таанып-билүү, изилдөө илимий билим жагынан түшүнүктөрүн алда канча байытат жана теориялык камылгасын кеңейтет. Муну атайын белгилеп жатканыбыздын негизги себеби-Молдо Нияздын тил байлыгынын чексиздиги. Ырларын окуп олтурганда бардык кыргыз диалектилерине мүнөздүү, же жалпак тил менен айтканда Молдо Нияз ырдаганда Жумгалдын, Суусамырдын, Кашкардын, Сузак, Базар-Коргондун, Ноокат, Кадамжай, Ош, Анжияндын угуучулары бирдей түшүнүп кабыл алган өзгөчө касиет бар. Башкача айтканда, ал ырларында нукура кыргыз тилинин кооздугу, байлыгы жана ийкемдүүлүгү менен бирге, диний-китептик тилдин лексикалык байлыгын да кеңири пайдаланып, идеялуулукка да, кооздукка да, тилдин байлыгына да жетишкен.

Молдо Нияздын чыгармачылыгын изилдөө, жыйноо, басмадан чыгаруу иштери эми гана башталып олтурат. Анын келечеги кең. Акындын кыргыздардын рухий-социалдык, философиялык-таанып билүү жана жалпы эле ырчылык өнөрүнүн тарыхынан алган ордун жана ойногон ролун аныктоо, баалоо иштери алды жакта.

Молдо Нияздын учкул саптарынан жогоруда келтирдик. Эми анын ырлары басылган китептерди сунуш кылабыз.

1. Молдо Нияз. «Мурас» ырлар жыйнагында. – Ф., 1990
2. Молдо Нияз. Санат дигарасттар. – Б., 1995

## АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУ (1824-1882)

XIX кылымдагы гана эмес кыргыз тарыхындагы эң ири ырчы, комузчунун бири – Арстанбек Буйлаш уулу. Ал эң оболу көрүнүктүү комузчу катары таанылып, бирок ырчылык өнөрү жагынан да баарынан озунуп чыккан ырчы болгон. Комузчулардын репертуарларында Арстанбектин классикалык күүлөрү, ал эми эл эсинде анын өлбөс-өчпөс ырлары сакталып калган. Ал ырчы катары өз мезгилинин татаалдыгын, адилетсиздигин, замандын бузулуп баратышын активдүү ырдап өткөн. Анын ырчылык, комузчулук өнөрү эрте калыптанат да, өтө кеңири чөйрөдө таанымал ырчы болуп калат.

Анын чыгармачылык таланты эрте калыптанат да, ал өз өнөрүн адаттагыдай көңүл ачуу үчүн гана эмес, турмуштагы кыйынчылыктарды, теңсиздикти көрүп, социалдык адилетсиздик, замандын оош-кыйыштары жөнүндө ырдай баштайт. Заман жөнүндө ырдаган ырчылар орто кылымдардан бери белгилүү болуп чыгышкан. Улам жаңы

муундагы ырчылар өзүнө чейинки ырчылардын заман жөнүндөгү ырларынын күчтүү таасиринде болуп, өз мезгилиндеги өзгөрүштөр менен салыштырып ырдай башташат. Орто кылым ырчыларынын асыл салттарын терең өздөштүргөн Калыгул заман жөнүндөгү ырларын жеке адамдын өмүрү, жүрүм-туруму, адеп-ахлагы менен байланышта чыгарса, акын идеяларын улантуучу Арстанбек коомдук турмуштагы өксүктөрдү, карама-каршылыктарды, өзгөрүштөрдү ырдоо менен чыгарган.

Бирок совет мезгилинде коммунистик идеология аны адилетсиз күнөөлөп, чыгармаларын элдин тарыхый-көркөм мурастарынан ажыратып салган эле. Жаңы мезгилде анын мурастары кайрадан адилет бааланып, элге кайтарыла баштады.

Акындын чыгармачылыгына карата ар түрдүү мамилелердин болгонуна байланыштуу анын чыгармачылыгы изилденген эмес. Анын ордуна «заманачыл» ырчы, өткөндү эңсеген инсан катары бааланып, чыгармаларын чыгарууга тыюу салынган. Ошол изилденбегендиктин кесепетинен улам бир оркойгон талаш маселе пайда болгон. Ал - акындын туулган жылы жөнүндөгү эки пикирдин болушу.

Ырчылардын жыйнагы болгон «Мурас» деген китепте Арстанбек 1840-жылы туулуп, 1882-жылы 42 жашында өлгөн деп жазылат.[1] Ал эми белгилүү адабиятчылар Тазабек Саманчин менен Батма Кебековалардын маалыматтары боюнча, Арстанбек 1824-жылы туулуп, 1878-жылы көз жумган.[2]

Кеп бул даталардын эки түрдүү болушунда деле эмес, кеп даталарга байланышылган аргументтердин тууралыгында. Талдап көрөлү.

Арстанбек Тазабек Саманчиндин жазганы боюнча, Бойлош бийдин токол аялынан 1824-жылы төрөлөт. Ошого жараша кемсинген кыйынчылык турмушта кой кайтарып жүрүп ырчы да, комузчу да болуп калыптанат. Эмдигиче илимпоздор бир ой айта элек, атактуу манасчылардын түш көрүп манасчы болгонундай эле, Арстанбек да түш көрүп ырчы болот.

Туулган жылына келели. Атактуу Жеңижок ырчы Арстанбек менен учурашканда өзүнөн алда канча улуу ырчы катары «Абам» деп ырдайт. Жазылганга караганда, Нурмолдо, Эсенаман сыяктуу ырчыларды жеңип, бүткүл кыргызга атагы чыгып, таанылып калган кези болот. Ал 1860-жылы туулганы анык десек, анда Жеңижок 18-20 жаш-

---

[1] Мурас. Ырлар. – Ф., 1990, 35-36-бб.
[2] Арстанбек. Ырлар. – Б., 1994, 7-б.

тагы кезинде Арстанбек менен учурашып жатат. Арстанбектин 1878-же 1882-жылы өлгөнү туура болсо, ал экөө ошол жылдары жолугушкан. Жеңижоктун «Аба» деп, Арстанбектин «балам» деп ырдаганына караганда да, Арстанбек 32-42 жаштагы ырчы эмес, 54-58 жаштарга келип калган, көп ырларынын мазмунуна караганда ары тажрыйбалуу, картайып бараткан ырчы экендиги көрүнүп турат. Бул талашсыз. Ошондуктан Арстанбектин 1824-жылы туулганы туурадай көрүнөт.

Ошол эле учурда Б. Кебекова да, Т. Саманчин да Арстанбекти өткөн кылымдын 60-70-жылдарына туура келген маалыматтарда жаңыдан элге таанылып келе жаткан бала ырчы катары сыпатташат. Мында да талашпай макул боло турган жагдайлар бар. Маселен, белгилүү Алымбек датка 1857-жылы Кудаяр хандын тактан түшүп, анын ордуна бир тууганы Малла хандын такка олтурушуна көмөк көрсөтөт. Алымбек датка вазир болуп дайындалып, Анжиян, Ош вилайеттерине ээлик кылып калат. Анын Арстанбектин атасы Бойлош бийди бир нече кишилери менен келсин деген буйругу менен саркерлерин (аскерин) жиберет. Бойлош бий Анжиянга жөнөгөндө баласы Арстанбек кошо бармак болот. Атасы бир чети жаш деп, ары токолунун баласы деп намыстанып таштамак болот. Ага көнбөй Арстанбек өзүнчө кетет. Анжыянда Алымбек датканын ырчы-комузчуларын бүт жеңип, атак-даңк, урмат-сыйга ээ болот. Ошону менен эле зынданга салынып, сурак берген атасын бошотуп алат.

Эгерде ушул жылдары Кокон хандыгына баш ийген бардык кыргыз жерлерине таанымал ырчы болуп калса, Арстанбек отуз жаштардан өтүп же кыркка жакындап калган болот. Мындайда алтымыш-жетимиш жаштарга келген көрүнүктүү ырчылардын алдында аны бала ырчы деп атоого болот. Ошол эле учурда аны Бойлош бийдин ээрчип барган баласы катары деле бала ырчы деп аташкан чыгар.

Демек, Арстанбектин 1840-жылы туулган дегенге караганда 1824-жылы туулган дегенибиз бир аз ишене тургандай таасир этет. Жеңижоктун ага учурашканында деле Арстанбек карт ырчы катары сүрөттөлөт.

Ырларынын философиялуулугу, замандын оош - кыйыштарын ырдашы, болгондо да көптү көргөндөй ошол орчун маселелерди баалап, талдап ырдашы Арстанбекти 1824-жылы туулган деген бүтүмгө ынандырып турат.

Атактуу казак ырчылары Каңтарбай, Сүйүмбай ырчылар менен айтышканы, казак султаны Тезек төрө алдында замандын бузулушу жөнүндө ырдаганы, Тоголок Молдонун чоң атасы Музооке менен, Ормон хандын уулу Сейилкан комузчу менен дайыма комуз черти-

шип турганынын өзү эле[1] Арстанбектин өткөн кылымдын орто ченинде атактуу ырчы болуп калганын далилдейт. Атасын бошоткону барганы да күчтүү таасири болгонун айгинелейт. Ал эми Сүйүмбай акын менен 1850-жылдары беттешкен деп жазылганын эске алып, жогоруда аталган «Мурас» жыйнагындагы 1840-жылы туулган дегенин ойлоп көрсөк, анда он жаштагы Арстанбек атактуу ырчы менен казак-кыргыз мамилелери, заман өзгөрүштөрү, башынан өткөргөн окуялары жөнүндө ырдап, анын адилетсиздигин, казактын кыргыздардан жеңилип калган талоончул бийлери Кененсары, Ноорузбайларды айыптап ырдашы мүмкүнбү?

Бул айтылгандардын баары чындыгында да Арстанбектин өткөн кылымдын ченинде бүткүл кыргыз жергесине гана эмес, казак ырчыларына да таанылган ырчы болгонун далилдейт. Булардын баары талашсыз.

Эми Арстанбектин өз ырынан алып көрөлү:

*«. . . Туура он алты жашымда*
*Жаратканды жар тутуп,*
*Жалгыз чобур ат минип,*
*Камчыланып бат жүрүп,*
*Атам Буйлаш артынан,*
*Саркерлердин сарпынан,*
*Анжыянга баргамын.*
*Комуз чертип, ыр ырдап,*
*Ордонун болгом эркеси,*
*Көп ырчынын серкеси,*
*Мендей барбы эр киши.*
*Алымбекти көргөмүн*
*Ордо хандын ичинен,*
*Өзгөчө көңүл бөлгөмүн.*
*Кокон менен Маргалаң,*
*Кошо жүрдүм аралап,*
*Хан датканы пааналап... »*[2]

Мында кайсы логикага таянабыз? Он алты жашында Алымбек даткага жолуккан болсо, анда ырчы 1840-жылдан да кийин туулган болуп жатпайбы.

Кептин баары ырчыларга мүнөздүү бир касиетте, атап айтканда өздөрүнүн өмүр жолундагы, чыгармачылыгындагы маанилүү учур-

---

[1] Бул тууралуу караңыз: Арстанбек. Ырлар. – Б., 1994, 17-б.
[2] Ошондо. 71-72-бб.

ларды, фактыларды ашыра мактоо, көкөлөтүп даңазалоо менен көрсөткөндүгүндө турат. Анткени бул көрүнүш да ар бир ырчынын жеке инсандык же адамдык логикасына эмес, чыгармачылык өнөрүнө таандык, атаандашын басынтууга багытталган салттык көрүнүш болуп саналат. Ошонун негизинде Арстанбек ушул саптарын төгүп олтурат. Демек, бул көркөм чыгармачылыктын теориясын изилдеген окумуштуулардын поэтикалык апыртуу (поэтическое гиперболизация - П. И.) жөнүндөгү бүтүмдөрүнө туура келет.

Жалпы жыйынтык мындай: өткөн кылымдын орто ченинде Арстанбек көрүнүктүү ырчы аталып, терең ой жүгүрткөн таанымал инсан болгон. Бул анын 1824-жылы туулгандыгын бекемдеп турат.

Арстанбек - кыргыз ырчыларынын ичинен заман өзгөрүштөрүн, бийликти, адамдардын үмүт-тилектерин, умтулууларын терең талдап, ар бир өзгөрүшкө, окуяга баа берип ырдаган ырчы.

Кыргыз ырчылык өнөрүнүн тарыхында бардык турмуш көрүнүштөрүн турмуштук философиянын деңгээлинде баамдап, кадыресе жалпы адамзаттык мааниде ой жүгүртө алган даанышман ырчылар болгон. Маселен, орто кылымдардагы Жайсаң, Кетбука, Токтогул, Асан Кайгы, алардын катарына улуу ойчулдар Жээренче чечен менен Толубай сынчыны да кошууга болот. Алардын дал ошол философиялык, адеп-ахлактык салтын уланткан Калыгулдун өнөрүн, идеяларын Арстанбек жөн гана өздөштүрбөй, өзүнүн тутунган ырчылык жолу катары эсептеп, ар кандай ырларында ошол салтын бекем сактаган. Маселен, жогоруда сөз болгон Сүйүнбай акын менен болгон айтышында да, Жеңижок менен учурашып айтышкан ырларында да өзүнүн санат-терме ырларындагыдай катмарланган өтө маанилүү идеяларды чагылтат. Андай идеялар дээринде ырчынын ой-санаасын түзгөн дүйнө таанымы болсо, бир эле мезгилде айтышка түшкөн учурда атаандашынын алдында анын ырчылык күчү, кадыр-баркы өйдө экенин далилдей турган арка-жөлөгү катары да роль ойнойт. Ошол эле Сүйүнбай менен айтышкан ырында:

*. . . Жаратkandын мыйзамы*
*Түн жаңырып күн болгон.*
*Күн айланып түн болгон.*
*Жамгыр жаап сел болгон*
*Булак агып, суу болгон,*[1] - деген саптары менен реалдуу турмуштун, табияттын өзгөрүү-өнүгүү мыйзамдарын санап, кан-

---

[1] Арстанбек. Ырлар, 1994, 70-б.

дай ырчы экенин билдирип, атаандашын оор абалга салат. Ырчынын чыгармачылыгынан маалым болгондой, ал айтышта Арстанбек далилдүү аргументтер менен Сүйүмбайды жеңе турган болгондо, аларды угуп олтурган казак-кыргыз бийлери жана айтылуу кишилери токтотуп калышат. Анткени чоң чыр чыгып кете турган болот.

Жеңижок менен айтышканда бири-бирин өтө урматтаган мазмунда, сылык-сыпаа кемсинтишпей ырдашат. Арстанбек Жеңижоктун аялуу жерин - бала көрбөгөндүгүн «Периштелер айт деди», айтпасам болбойт деп баштайт да, дале болсо, Жеңижоктун тагдырын ырдаганы менен өзүнүн дүйнө таанымын билдире турган саптарга өтөт:

*«. . . Көк Сулууну алам деп*
*Каргышка калып калыпсың*
*Артыңан бала ээрчибей*
*Көңүлүң толуп телчибей*
*Бир ташы кем шум дүйнө*
*Арман толор ичиң чок*
*Кабатыр болбо сөзүмө*
*Тоодой мүшкүл түшсө да*
*Толуктай калып көтөрөт*
*Таң калам адам күчүнө»*[1]

Жогоруда айтылгандай мында деле Арстанбек Жеңижокко куру сөздөр менен убактынча көңүлүн көтөргөндөн көрө дүйнөнүн түпкү чындыгын айтып, ынандырган артык экендигин белгилеп, өз оюн туюнтат. Бул Арстанбектин деги эле ой жүгүртүү жагынан тубаса талантка ээ экендигин далилдеп турат. Албетте, ал деле өз турмушунда жөнөкөй мазмундагы ырларды ырдаган чыгар. Андай ырлары унутулуп, жалаң өтө маанилүү ырлары сакталып калгандыр. Бирок чыныгы данеги сакталып, анын кабыгынын жок болушу, философтордун тили менен айтканда, мазмун калып, форма өзгөрүлө бериши жөнүндөгү ой Арстанбектин ырчылык өнөрүндө тутунган жол болгон.

Эл оозунда сакталып калган жыйырмадай көлөмдүү ырлары 1994-жылы өзүнчө жыйнак болуп, «Арстанбек» деген ат менен жарыкка чыккан. Анын чыгышында ар бир ыр саптарына чейин талдап, иргеп-ылгап, басмага даярдап чыгарган белгилүү окумуштуу Батма Кебекованын эмгеги зор.

Жыйнактагы ырлар менен бирдей мааниге ээ болгон атактуу Тазабек Саманчиндин «Арстанбек» деген макаласы. Анткени кезе-

[1] Арстанбек. Ырлар, 1994, 135-б.

гинде Арстанбек заманачыл аталып, анын атын атагандар да эчак көзү өткөн ырчы менен кошо айыпталган. Алардын арасында макаланын автору Т.Саманчин да бар эле. Эми бул макала андай айыптоолордун өзүн төгүнгө чыгарып, кеч болсо да адилеттүүлүктү орнотуп отурат.

Арстанбектин ырларынын мааниси терең, угуучулардын көңүлүн ачуучу эрмеги гана эмес, биринчи иретте алардын акыл-оюн козгоп, күч-кубат берип, аракетин үрөөчү таасирге ээ.

Адатта, айтыш ырларында ырчылар бири-биринин кемчил жерлерин сынга алып, жеңүү максатын гана көздөйт. Арстанбек Каңтарбай, Чоңду, айрыкча, казак акыны Сүйүнбай менен айтышканда да жеңүүнү эмес, маанилүү ойду, заман, эл турмушу, азап-тозоктуу жашоону ырдап, адамдарга таасир этет. Албетте, мындай мазмунда ырдай албаган, ой жүгүртө албаган ырчы жеңилүүгө дуушар болот.

Бийликтин адилетсиздигин, кыргыздардын адам чыдагыс абалда жашап жаткандыгын «Кокон бийлиги жөнүндө ыр», «Санат», «Кашкарга кире качкан бугуларга ырдаган» ырларында кеңири чагылткан.

Арстанбектин атагын чыгарган ыр - элге кеңири белгилүү «Тар заман» деген ыры. Сыягы, Арстанбек Калыгулдун ырлары менен кеңири тааныш болуп, анын ырдоо багытын өзүнүн тутунган жолуна айланткан. Калыгул «Акыр заман» деп, ашкере диний ой жүгүртүү менен орто кылымдагы улуу ырчылардын салтын улап ырдаса, Арстанбек Калыгулдун ой жүгүртүүсүнө, турмуш чындыгына таянып, замандын иш жүзүндөгү оорчулугун, социалдык адилетсиздигин кошуп ырдап, орто кылымда пайда болгон «Акыр заман» деген түшүнүккө «Тар заман» деген мотив-маани киргизет.

Арстанбектин «Тар заманы» Калыгулдун идеялары менен сугарылган, бирок заман көйгөйлөрү жөнүндө акындын өзүнүн ой жүгүртүүсү менен жаралган социалдык мотивдеги ыр болуп саналат. Ал Арстанбектин гана эмес, бүткүл кыргыз поэзиясынын тарыхында жаралган социалисттик-гуманисттик мазмундагы ыр. Андан Арстанбектин заманга, өз мезгилине наразылыгын да, кыргыз элин ойлоо сезимин да көрөбүз. Ошол эле учурда салт катары кыргыз поэзиясында өнүгүп келе жаткан жүрүм-турум салтынын бузулушун, адамдар ортосундагы мамилелердин бузулушун ырдап, адамдарды адилет болууга, ынтымакта болууга, бирин-бири колдоп-урматтап жашоого үндөгөн идеялар да бул ырда басымдуу. Эл-жердин өзгөрүшү, улам мезгил өткөн сайын мүдөөгө туура келбеген жаңы көрөлгөлөрдүн турмушка кирип жатышы ырчынын көркөм кабылдоосуна, психологиясына, аң-сезимине бүлүк салып, дилинде наразылык жаратkan.

Жаш кезинен эле калыптанган ырчылык өнөрү менен идеялык көркөмдүк ой жүгүртүүсүндө Арстанбек кыргыз ырчыларынын нускалуу тарыхый салттарын көп жактуу өнүктүрө алган. Анын бардык ырларында кыргыздар кылымдар бою идеал тутуп келген жүрүм-турум эрежелери, ишеним-ынанымдар, түшүнүк-туйгулар турмуштук философиялык ой жүгүртүү мазмунунда чагылтылат. Маселен, бул дүйнө бир бүтүндүккө ээ, ал адамдар үчүн – үй же түнөк. Анын бузулушу же оор абалга түшүшү - замандын бузулушу.

Мындай түшүнүктөрдү Арстанбек элдин башындагы реалдуу азап-тозок катары гана карабай (анткени мындай формада көптөгөн ырчылар ырдашкан), ошол эле учурда туруктуу идеялар катары да карап, тереңден жооп тапкысы, же угармандарга түшүндүргүсү келет. Мунун өзү ырчылык салтты жаңылап тереңдеткендик.

«Тар заман» ырында элдин күнүмдүк турмушундагы кыйынчылыктарды терип-тепчип саноо менен бирге, Арстанбек аларды философиялык мазмунда элдин эсинде дайыма кала турган элестүү салттар аркылуу чагылткан.

Арстанбектин ырлары - XIX кылымдагы кыргыз турмушунун күзгүсү. Аны изилдөө, жыйноо жана рухий мурас катары баалап-сактоо иштери улантыла бермекчи.

Эми Арстанбектин ырларына мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү даана чагылтып турган ыр саптарынан келтирип, студенттердин өз алдынча ой жүгүртүп, бүтүм чыгаруусуна сунуш кылабыз:

1. *Устаранын мизинде,*
   *Оодарылган дүнүйө.*

2. *Жорго жолдон суурулду,*
   *Кайран заман куурулду.*
   *Бей-бечера момундар,*
   *Баткак болуп жуурулду.*

3. *Адамзаттын билгени,*
   *Амал болот дечү эле.*

4. *Тирүүнүн көркү сый болот,*
   *Өлүүнүн көркү ый болот.*

5. *Кара сакал ак болду,*
   *О дүйнө кетер чак болду.*

*Кыл мурутум ак болду,*
*Кыямат кетер чак болду.*

6. *Эти кетти мойнумдун,*
*Эби кетти ойнумдун.*
*Эми күлгүнү кетти өмүрдүн,*
*Күл чогу өчтү өмүрдүн.*
*Миң кубулуп күлпүрган,*
*Уккан адам умсунган,*
*Мукамы кетти үнүмдүн.*

7. *Учар кушка бир канат,*
*Өмүрүм өттү бир замат.*

8. *Аз күнчүлүк өмүрдө*
*Аркы-терки теминип,*
*Аргымак атың жоорутпа.*
*Алабарман сөз сүйлөп,*
*Азамат көөнүн оорутпа.*
*Жетимге камчы көтөрбө,*
*Жесирдин отун өчүрбө.*
*Жалгызга камчы көтөрбө,*
*Жардынын отун өчүрбө.*

Арстанбектин жарык көргөн чыгармалары:

1. Арстанбек. «Мурас» ырлар жыйнагында. – Ф., 1990, 35-40-б.
2. Арстанбек. Ырлар. – Б., 1994.

## ЖЕҢИЖОК КӨКӨ УУЛУ (1860 – 1918)

Кыргыз элинин улуу ырчысы, ырчылык өнөрдүн теңдешсиз устаты Жеңижок Көкө уулу 1860-жылы Таласта туулган. Талас жергеси таланттуу ырчылардын мекени болуп, ырчылар калың элдин рухий-социалдык турмушунда көрүнүктүү роль ойношкон. Анткени ошол рухий турмушта фольклор менен ырчылык өнөрдөн башка таасир эте турган идеологиялык-көркөмдүк булак болбогондуктан, башка маданияттын таасири да дээрлик кабыл алынбагадыктан, бул жерде да көркөм сөз өнөрү кылымдар бою гүлдөп, өнүккөн. Айрыкча XIX кылымда бул өнөр коомдук турмуштун бардык жагдайына таасир эте турган деңгээлге жеткен.

Жеңижоктун ашынган чебер ырчы болушунда ал ырдай баштаган учурдагы дал ушул шарт өзгөчө роль ойногон. Дагы бир нерсе - көркөм чыгармачылыкта, айрыкча ырчылык өнөрдө табигый талanttын болушу эң биринчи зарыл шарт боло тургандыгы талашсыз. Ал эми ырчынын табигый таланты дегенде:

1. Өзгөчө ыңгайлуу шартта калыптанган көркөм интуициянын;

2. Өзүнө чейинки жана замандаш, ырчылык жагынан ага идеал көрүнгөн ырчылардын учкул саптарынан, жаркын ырларынан тартып мыкты чыгармаларына чейин эсинде сактап, дискурсивдик маалыматтарынын;

3. Ой жүгүртүүсүнүн ийкемдүүлүгү, кенендиги, тереңдиги сыяктуу тубаса касиеттеринин;

4. Чыгармачылык эргүүсүнүн, жашоо маселелери жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн укмуштуудай төп келишин түшүнөбүз.

Бул жөнүндө жогоруда сөз болгон. Ушул саналган касиеттердин бирөө жарымы гана төп келишпесе, бирдей деңгээлде болбосо, анда ал ырчы, чебер ырчы боло албайт.

Жеңижокто дал ушул касиеттер бирдей деңгээлде болуп, төп келгендиктен, ал өмүр бою чыныгы эргүү менен ырдап өткөн. Мындай бүтүм чыгарууга анын акактай кооз, идеялык-көркөмдүк симметрияга бай, куюлушкан ырлары күбө боло алат.

Таластык ырчылардын таасири менен табигый талантына жараша ал таланттуу ырчы болду дейли. Дагы бир кошумча жагдай жөнүндө айтпасак, бул оюбуз толук болбой калат. Ал - Жеңижоктун турмуш`тиричилиги жана аянычтуу тагдыры. Балким, ал таластык байлардын жек көрүүсүнөн улам Аксыга келбегенде, Көксулуу менен жашаган аянычтуу үй-бүлөлүк турмушу болбогондо, балким, мынчалык деңгээлге жетмек эмес. Ал эми Таластан тапталган ырчылык өнөрү Аксыда жагымдуу жагдайга, жаңыча орошон мазмунга дуушар болбогондо да, Жеңижок элдин рухий турмушунан мынчалык орун алып, өзүнүн опол тоодой ордун тапмак эмес.

Жеңижоктун поэзиясы аны ыр өнөрүнүн зергери катары теңдешсиз бийиктикке чыгарган. Мындагы дагы бир соолбос булак - элдик поэтикалык чыгармачылык.

Көптөгөн кыргыз ырчыларында фольклор менен болгон карымкатыш адилет бааланып, изилденип да келет. Бирок эч бир ырчыда элдик ырларды Жеңижоктой билген, Жеңижоктой өзүнүн идеялык-көркөмдүк жана сезимдик-эмоционалдык ой-абалына зергер колдоно билген касиет көрүнбөйт.

Бул жагынан алганда Жеңижок поэтикалык-ырчылык ойлому кынтыксыз өз ырларында ар бир сөздүн өз ордунда болуп, бардык

жагынан куллуруп турушуна жетишкен. Жеңижоктун чыгармачылыгында ырчылык өнөрдүн бардык жанр-түрлөрү кездешет. Алардын ар биринде дасыккан чеберчиликти, инсандык данышмандыкты көрсөтө алган.

Жеңижоктун «Балалык» деген ыры бардык эле ырчылардын балалык жөнүндөгү ырларынын өнүгүп жеткен чеги катары таасир этет. Анткени ырчы традициялык формада балалыктын өтүп кеткенине арман кылып, анын жаркын касиеттерин кайталап олтурбайт. Балалык кез жашоонун кунарсыз жыргал мезгили экенин, аны адам өмүр бою эңсеп-эстеп жүрөөрүн белгилеп, көрүнүктүү ырчыларды ошол бала кезди ырдабаганы үчүн күнөөлөйт. Күнөөлөгөнү да ырчылык өнөр үчүн маанилүү түшүнүк катары туюлат. Балалыктай кайталангыс жаркын мезгилди эмне үчүн ырчылар ырдашпайт, эмне үчүн жашоонун жыргал мезгилин даңазалашпайт деген таризде өз оюн билдирүү менен, Жеңижок ырчылык өнөрдүн маани-маңызын, ролун, ар бир ырдын мазмундуу болушун аныктап жатат. Жанрдык гана касиетин алганда да, бул ырда лирикалык сезимдердин жыштыгы, эпикалык мол ой жүгүртүүлөр арбын.

Ырчылардын туруктуу темаларынын бири - «Аккан суу». Жеңижок бул ырында да суунун көптөгөн касиеттерин ырдоо менен чектелбей, аны жашоонун негизги же жандуу символу катары чагылтып, философиялык жалпылоолорго келет. Санат-насыят ырларында адамдын жашоосу үчүн зарыл болгон адеп-ахлак нормалары, жашоонун маани-маңызы, өлүм-өмүр жөнүндөгү идеялар чагылган. Идеялардын таасирдүүлүгү, чагылуу ыкмалары жана көркөмдүүлүгү жагынан да ырчыга мүнөздүү сапаттык бийиктик сакталып, кайталангыс мурас сакталган.

Мында Жеңижоктун ар бир сөздүн маани-маңызына, идеясына, ырдагы ордуна жараша ылгай билген зергерлиги чоң роль ойногон. Ал өзүнө чейинки, өзүнө замандаш ири ырчылардын жана чексиз элдик поэзиянын орошон дүйнөсүнөн Жеңижокко гана таандык ырчылык стиль, көркөмдүк сапат, зергер чеберчилик жараткан.

Адатта көзү өткөндөн кийин ырчылардын ырлары мезгилдин өкүмдүгүнө баш иет - унутулат, ылганат, өзгөрүп кетет, жыйноого татаалдык түзүлөт. Ал эми ар бир муун алмашкан сайын, андай мурастарга карата мамиле-түшүнүктөр да ар түрдүү боло баштайт. Мунун далили катары эки нерсени салыштырып көрөлү: Токтогул 1933-жылы көз жумгандан кийин салыштырмалуу бат эле анын чыгармалары жыйнала баштайт. Унутула элек мезгилде башталган асыл иштердин натыйжасында акындын чыгармалары эки том көлөмүндө

жыйналып, сакталып калды. Ал эми Жеңижок 1918-жылы дүйнөдөн кайтып, андан бери жаңы кыргыз адабияты, нечендеген ырчылар, чыгармалар, маданияттын жаңы түрлөрү пайда болду. Бирок 1982-жылы анын ырлар жыйнагы жарык көргөнгө чейин анын ырлары ошончо узак мезгилдин катмарында унутулуп калбай, элдин рухий дүйнөсүндө, анын эс-тутумунда сакталып келген. Бул да Жеңижоктун поэзиясынын түбөлүктүү касиеттерин айгинелеп турат. Демек, чыныгы поэзия алтын сыяктуу өз баасын эч качан жоготпойт. Бул айтылгандардын баары айланып келип эле Жеңижоктун ырчылык өнөрдө теңдешсиз экендигин далилдеп олтурат. Дал ушул санатнасыят ырлары азыркы учурда кыргыз философиясынын тарыхын изилдеген окумуштуулар үчүн баа жеткис материал болуп жатат.

Жеңижок бардык ырчылар ырдап келгендей эле жердин көрүнүшүн өзгөчө берилүү менен ырдаган. Ал Аксы жергесинин кооздугун, ар бир жайлоосун, кокту-колотун, арча-кайыңдарына чейин ырдап, аларга суктануу менен реалдуу жашоо жыргалын даңазалайт. Муну ырчылык өнөрдүн тарыхында өнүгүп келген гедонизм же жашоо жыргалы жөнүндөгү идеялардын туу чокусу десек болот. Адатта андай идеялар турмуш-тиричиликке байланышкан философиялык идеялар болуп, ырчылык өнөрдүн тарыхында орун алып келген. Бирок көпчүлүк ырчыларда ал сүйүү, үй-бүлө, жакшы аял, жаман аял сыяктуу темаларда гана чагылтылып келген. Ал эми жердин көрүнүшү жөнүндөгү тема да кеңири өнүккөн тема болсо да, көп учурда туулган жердин кооздугуна суктануу, аны даңазалоо аракети менен чектелип келген. Ошонун өзү деле жашоонун жыргалы жөнүндөгү көмүскө ой жүгүртүү болгон. Ал эми Жеңижок андан өйдө көтөрүлүп, жердин көрүнүшүн тирүүлүктүн бейиши катары карап, мына мындай социалдык да, философиялык да бүтүмдөр чыгарат:

*1. Бечара менен кедейди,*
*Бага турган жер ушул.*
*Алсыз менен карыпка,*
*Жага турган жер ушул.*
*2. Жан-жаныбар, тоо-таштар,*
*Жаралган кандай керемет.*
*Жүгүрүп-чуркап балаңдай,*
*Жүрөбүз сени тебелеп.*

Жеңижок айтыш өнөрүнүн да ири чебери болгон. Ал далай ырчыларды айтыштарда жеңилүүгө дуушар кылып, «айтышарга теңи жок» деңгээлге жеткен. Сакталып калган тексттер боюнча ой

жүгүрткөнүбүздө да Жеңижок айтыштын бардык түрлөрү боюнча чыныгы чеберчиликти көрсөтө алган. Маселен, атактуу Нурмолдо менен айтышында диний-философиялык мазмунда, суроо-жооп формасында айтышып, татаал диний түшүнүктөр боюнча суроо салып ырдаганда ал жооп бере албай жеңилет. Ал эми Токтогул, Эшмамбет менен айтышканда айтышуунун жогорку маданиятын, чыныгы элдик мүдөөнү ырдаган ырчыларды, алар менен болгон өзүнүн бекем достугун, алардын калк арасындагы кадыр-баркын ырдап, айтыш өнөрүнүн маданиятын, ырчылар айтышканда бирин-бири кемсинтпей, келекелебей ырдоо зарылдыгын туюнтуп ырдайт.

Жеңижоктун Эсенаман менен айтышы талант жагынан теңдешсиз эки ырчынын гана өз ара айтышы эмес, деги эле айтыш өнөрүнүн тарыхындагы эң ири окуя катарында да элдин эсинде сакталып калган. Башкача айтканда, бул айтыштын формасы да, мазмуну да эки ырчынын даанышман ойчулдугун, жанда жок чеберчилигин айгинелеп турат. Эки ырчынын идеялар системасын, сөз тапкычтыгын, турмуштун түрдүү жагдайы боюнча бекем түшүнүктөрүнүн көп экендигин да көрүүгө болот. Бир гана нерсе ошол эки ырчыдагы бүтүндөй дүйнө таанымы кебелбес ички карама-каршылыгы менен кагылышып жатат. Экөөнүн тең бири-бирине койгон аргумент-дооматтары орундуу, жок эле дегенде кыргыздардын традициялык түшүнүктөрүнө толугу менен туура келет. Айталы Эсенаман Жеңижоктун Аксыга кетип калганын Талас жергеңди таштап кетип, бөтөн жерде чоочун киши болуп жүрөсүң, кыйналсаң алың сурарың ким деген айыптоо менен сындыргысы келет. Сыртынан караганда бул айыптоо ырларына жооп табуу мүмкүн эместей сезилет. Ал эми Жеңижок Аксы элинин боорукердигин, меймандостугун, аттуу-баштуу акылман кишилерин баса белгилеп, өзүнүн ал жерде кадыр-барктуу экенин айтып, Эсенамандын дооматтарын жокко чыгарат. Айыптоолор биринен бири күчтүү, биринен бири далилдүү болуп олтурса да, жооптор кынтыксыз так, андан бетер орундуу болуп олтуруп, жеңишке алып келет. Бул айтыш ырчылардын айтышуу тарыхында гана эмес, кыргыз элинин рухий турмушундагы унутулгус окуя болгондуктан, бүткүл кыргыз элине таралып, көптөгөн варианттары пайда болгон. Фольклор жыйнаган илимий экспедициялардын материалдары да муну далилдеп турат. Учурда бул айтыштын варианттарын Чүйдөн, Таластан, Аксыдан ар түрдүү кишилерден жазып алышкан.

Бул айтыш далай ырчыларды ырчылык өнөргө, анын ичинде айтыш өнөрүнө үйрөтүп, чеберчилигин өстүргөн. Ал эми изилдөөчүлөр үчүн да баа жеткис чыгарма катары кызмат кылып келе жатат.

Жеңижоктун дагы бир мыкты чыгармасы - «Жалгыз тал менен сүйлөшүү» деген ыры. Деги эле анын начар ыры жок. Ырчылык өнөрдүн классиги катары Жеңижоктун ар бир ыры классикалык ыр болуп саналат. Бирок бардык ырларынын ичинде дал ушул ыры тарыхый-теориялык мааниге ээ десек болот. Анткени дал ушул ырда ырчы салттык ыр жаратуу ыкмасынан, же көргөнүн көргөндөй ырдагандан жогору көтөрүлүп, кадыресе көркөмдүк-эстетикалык ой жүгүртүүнүн экспрессивдик-символикалык деңгээлине чыгат. Жалгыз тал - жандуу образ, ырчы өз башынан кечирген турмуштун көркөмдүк-поэтикалык элеси. Өз турмушунун өзгөчөлүктөрү, окуялары, ал-абалы боюнча жалгыз тал менен «сүйлөшүп», ырчы чыныгы поэтикалык жалпылоонун үлгүсүн жаратат.

Бул ыр өз алдынча чыгарма катары да, көркөм формасы жагынан да, жаралуу ыкмасы жагынан да ырчыларда чанда кездешчү ыр болуп, ырчылык өнөрдүн чексиз мүмкүнчүлүктөрүн далилдеп турат.

Ырларындагы маалыматтарга караганда, Жеңижок элдик поэзиянын үлгүлүү нускаларын да, анын ичинде эпикалык өлбөс-өчпөс «Манас», «Кожожаш», «Жаныш - Байыш» сыяктуу эстеликтерди да мыкты билип, өмүр бою эл арасында аткарып жүргөн.

Тутунган жол-жобосу, көз караштары жана чагылткан идеялары боюнча да Жеңижок чыныгы эл ырчысы болуп, демократтык принциптерде бекем турган.

Жеңижоктун үлгүлүү ырларынан кыскача үзүндү саптарды сунуш кылып жатып айтарыбыз, анын ырларынан ылайыктуусун тандап алуу дээрлик мүмкүн эмес. Себеби биринен бири ылайыктуу, биринен бири мыкты. Ошондуктан анын ырларында биз сунуш кылган төмөнкү мисалдардан да жакшылары бар. Аны тандап алуу ар кимдин өз иши.

*1. Өскөн жерим, айланам,*
*Өмүрүм сага байланган.*
*Сыпаттай берсем түгөнбөйт,*
*Сыныңды айтсам кайрадан,*

*2. Бетеге кетет - бел калат,*
*Калкып учкан булуттай*
*Замандар өтөт - эл калат.*
*Кандар өтөт - калк калат,*
*Укум менен тукумга*
*Уланышып нарк калат.*

*3. Бирөөгө кең, бирөөгө,*
*Тар экенсиң замана.*

*Бирөөгө жок, бирөөгө,*
*Бар экенсиң замана.*
*Бирөөгө бак, бирөөгө,*
*Зар экенсиң замана.*
*Көр турмуштун азабы,*
*Артып барат замана.*
*Адамзат көп түйшүк*
*Тартып барат замана.*
*Замана наадан караңгы,*
*Баалай албайт адамды.*

4. *Тескейге каккан куу казык,*
*Текенин эти жол азык.*
*Теңтушумдан кем болдум,*
*Теңирим, менде не жазык?*
*Күнгөйгө каккан куу казык,*
*Кулжанын эти жол азык.*
*Курдашымдан кем болдум,*
*Кудайым, менде не жазык?*

5. *Башчы болуп жүрсүн деп,*
*Баш жараткан дүнүйө.*
*Ооз, мурун, көз үстү,*
*Каш жараткан дүнүйө,*
*Кемтиги жок эч жерде,*
*Саз жараткан дүнүйө,*
*Акылманды ар элде,*
*Аз жараткан дүнүйө.*

. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

*Кор болбостон жүрсүн деп,*
*Акыл берген дүнүйө.*

. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .

*Көз алдыңда байкалып,*
*Болуп жаткан дүнүйө.*
*Бир бөксөрсө кайрадан,*
*Толуп жаткан дүнүйө,*
*Бири учса бирөөсү,*
*Конуп жаткан дүнүйө.*

6. *Калган көңүл - чыккан жан,*
*Кайрылып кайта келбеген.*

7. *Эстүү киши элим дейт,*
*Эл жактаган жеңилбейт.*

*8. Өмүр деген адамга,*
*Өлчөлүү экен - бир келет,*
*Тегин жерден өрт чыкпайт.*
*Бир ишке болот бир себеп,*
*9. Өлүм бир деген өрт экен,*
*Өзөккө түшкөн дарт экен.*
*10. Көп өксүбө өлүмгө,*
*Жан болгон жерде өлүм бар.*
*Баары болот өмүрдө.*

Жеңижоктун чыгармалары: 1. Жеңижок. «Эл ырчылары» деген жыйнакта. – Ф., 1981; 2. Жеңижок. Ырлар, – Ф.,1982; 3. «Мурас» ырлар жыйнагы. – Ф., 1990, 239-277-б.

## ТОГОЛОК МОЛДО (БАЙЫМБЕТ АБДРАХМАНОВ) (1860-1942)

Кыргыз элинин даанышман акыны Тоголок Молдо (Байымбет Абдрахманов) 1860-жылы Теңир-Тоонун ортосунда, Нарындын Куртка деген айылында туулган. Ата-энеден, бирден-бир канатына катып калкалоочу чоң атасы Музоокеден ажырап, бала кезинен кыйынчылыкта жашады. Адатта көптөгөн чыгармачыл инсандардын өмүр таржымалында «салттык» түрдө алардын оор балалык кези баса белгиленип, дал ошол абал ал инсандын чыгармачылыгы үчүн чоң роль ойногону айтылат. Бул да өз алдынча туура. Бирок чыгармачылыктын бир инсандын өмүрүндө эртеби-кечпи буркан-шаркан өнүгүп кетиши үчүн анын өзүнө таандык ойлом-психологиялык, көркөм табияттык шык-талантынын болушу негизги роль ойносо керек. Байымбеттин бала чагындагы турмушу, таланттуу ырчы-жомокчулардын чөйрөсүндө болушу анын чыгармачылыгын калыптандырып, жанда жок эмгекчилдигин, көп жактуу аракетин козгоп, кыймылга келтирген. Дээринде көркөм-поэтикалык туюму эрте ойгонгон Байымбет өзү жамактатып ырдагандан көрө элдик оозеки чыгармачылыктын баа жеткис үлгүлөрүн жазып алууну турмушундагы негизги милдети деп эсептеген. Ага түрткү берген нерсе анын бала кезинде айылдык молдодон араб жазмасын үйрөнүп алышы болгон.

Тоголок Молдо ырчы катары да эрте калыптанган. Аны өзүнүн ырларында эскерет. Бирок эл арасында жамактатып ырдап жүрсө да, ой санаасы элдик оозеки чыгармачылыкка бурулуп, эл арасында

«Манас» айтуу менен белгилүү болгон. Ага атактуу манасчы Тыныбек менен бирге болушу, андан бул улуу өнөрдү үйрөнүшү таасир эткен. «Манасты» изилдеген окумуштуулардын маалыматтары боюнча Тыныбек бала Байымбеттин «Манасты» аткарышын, жазып алышын көрүп, ага Тоголок Молдо деп ат берет.

Тоголок Молдо улуу эпостун үч бөлүгүн тең аткарып (толук болбосо да) үйрөнөт. Өз чыгармаларын да жаратат. Бирок бүткүл жазгандарын 1916 - жылдагы үркүндө жоготуп жиберет да, 1923-жылдан баштап кайра жаза баштайт. Бардыгы болуп анын айтымында «Манастын» үч бөлүгү боюнча 98 703 сап өлчөмүндөгү текстти жазып тапшырат. Ушунун өзү эле Тоголок Молдого унутулгус атак-даңк алып келмек. А бирок улуу эпосту аткарышы жана жазып алышы улуу акындын чыгармачылыгынын бир гана жагы.

Акындын чыгармачылыгындагы дагы бир баалуу өзгөчөлүк - турмушта азап чегип, чүнчүгөндөрдүн, адилетсиз эзилгендердин муңзарын чагылткан арман-кошокторду жазып алып, көп учурда алардын дал ошол социалдык теңсиздиктеги абалына жараша оңдоп жазып чыккандыгы болуп саналат.

Тоголок Молдонун мындай багыттагы ишмердиги кыргыз элинин социалдык аң-сезиминин ойгонушу жана өнүгүшү үчүн маанилүү роль ойногон.

Бүткүл кыргыз жергесин кыдырып, коомдук турмуштун бардык көйгөйлүү жактары менен тереңден таанышып, аны бардык чыгармаларында чагылтууга аракеттенет. Бул жагынан алганда Тоголок Молдо кайрылбаган турмуш жагдайы болгон эмес.

Тоголок Молдону демократ акын дешет. Ал дал ушул жагынан да башка, өзүнө замандаш ырчылардан алда канча жогору турат. Ал кайсыл жерге барбасын, кайсыл темада ырдабасын демократтык көз караштары анын негизги идеялык багыты катары көрүнөт. Коомдогу адилетсиз көрүнүштөрдү көрүп туруп, ал көрүнүштөрдүн негизги күнөөкөрлөрү болгон терс мүнөздөрдү сатирага салып айыптайт, тамсил формасында калкка түшүндүрөт. Элдик чыгармалардагы образдарды, типтерди курч чыгармаларында чагылтуу менен кыргыздар жашаган коомдун жалпы портретин түзөт. Бирок бардык учурда Тоголок Молдонун чыгармаларында ачык жана көмүскө формада өз элине болгон аео сезими даана байкалып турат. Ошол себептен ал балдарга арналган элдик ырларды жазып алса да, аны жөнөкөй гана жыйноо максатын көздөбөй, алардын жандуу тарбиялык маанисине көңүл буруп, жаш муундарга боорукердик сезимин билдирет. Бул Тоголок Молдонун ойчул гуманист экендигинин бир далили.

Акындын балдарга арнап жазып-жыйнаган чыгармаларына таянып, изилдөөчүлөр аны балдар адабиятынын негиздөөчүсү дешет. Ошол чыгармачылык ишмердигинин өзү аны XIX кылымдагы агартуучулардын да катарына кошот. Анткени ал жазманы колдонуу менен, жаш муундардын коомдук тарбия алышына же окуп билим алышына кам көргөн. Чыгармалары аркылуу ошол багыттагы идеяларын чагылткан. Чагылтуу ыкмалары жана колдонгон көркөм каражаттары жалпы эле жаш өспүрүмдөрдүн жана мектеп окуучуларынын кабыл алуу психологиясына туура келип, чыгармалардын окулушуна жана өздөштүрүлүшүнө өбөлгө түзөт.

Акындын чыгармалары жөнүндө сөз кылганыбызда, албетте, алардын кээ бир урунттуу жактарын гана алып, же ошолорго таянып жатабыз. Ал эми иш жүзүндө акындын ар бир чыгармасы полифункционалдуу, башкача айтканда, көп функционалдуу же көп маанилүү чыгармалардан болуп саналат. Маселен, «Кемчонтой», «Телибай тентек» поэмалары балдар үчүн ийкемдүү, образдары ачык, тарбиясы чоң чыгармалар болуу менен бирге, аларда балдардын тарбиясына кайчылаш келген терс мүнөздөр, кылык-жоруктар алынат. Демек, бул чыгармалар ошол эле тарбиялык функцияны түздөн-түз жана кыйыр түрдө да аткарып жатат.

Тоголок Молдонун жазгычтыгы да – өзүнө жараша татаал жана проблемалуу көрүнүш. Ал көп окуп, көптү билип, билгендеринин бирин да калтырбай жазып жүргөндүктөн, анын жазмачылыгы жөн гана кагаз бетине түшүрүп жазып калуу эмес, кадыресе чыгарма жаратуу каражаты болуп саналат. Анткени Тоголок Молдо билгендеринин баарын баалуу, маанилүү нерсе катары сактап калуу менен бирге алардагы образдарды акын катары жогору баалап, аларга башкача жоопкерчилик менен мамиле жасайт.

Мында чегинүү жасоого туура келет, себеби татаал маселени түшүндүрүү зарылдыгы пайда болду. Жазгыч ырчылар - кыргыз ырчылары менен жаңы профессионалдык жазма адабияттын ортосундагы өткөөл мезгилдин талабы менен пайда болгон чыгармачыл инсандар. Бул жөнүндө адабиятчы-изилдөөчүлөр чөйрөсүндө ачык талаш-тартыш жүрбөсө да кайчы пикирлер, ар түрдүү көз караштар жок эмес. Кеп XIX кылым менен XX кылым башындагы жазгыч ырчылар жөнүндө гана бара жатканын эсте туталы. Андай жазгыч ырчылар канча болсо ар биринин өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү да ошончо. Башкача айтканда, аларды бир катарга тизип, жазгыч деген бирдей системада кароо да татаал. Маселен, Тоголок Молдо менен Молдо Ниязды алалы. Тоголок Молдо жаш кезинде эл аралап ыр-

дап таанылса да, кийинчерээк билгендерин, уккандарын биротоло жазып ала турган ырчыга айланган. Ал эми Молдо Нияз ырдоо стилине, жыйнаган маалыматтарга караганда да, негизинен, төгүп ырдаган ырчы болгон. Өзүнүн эң мыкты, өзү өтө маанилүү деп эсептеген санат ырларын көчүрүп жазып, кол китеп катары жыйнак кылып, алардын кийинкилер үчүн сакталып калышына кам көргөн. Кайсы гана жазгыч ырчыны албайлы ушул сыяктуу айырмачылыктар арбын. Ленин өлгөндө элдик кошок ырына Ленин деген сөздү алмаштырып кошуп ырдоо менен атагы чыккан Абылкасым Жутакеев менен Токторалы Талканбаев да ушундай айырмачылыктарга ээ. Же болбосо бир эле мезгилде жашашкан Ысак Шайбеков - жазгыч акын, ал эми «Ашымжан» поэмасын жазган Осмонкул Бөлөбалаев - ырчы. Мындай белгилер өтө көп. Сыягы, мындай өзгөчөлүктөр ар бир инсандын чыгармачылыгына мүнөздүү белгилерден болуп, алардын өткөөл мезгилде жашап, жазманы чыгарма жаратууда колдоно билгени табигый эле көрүнүш болгон да, ал эми алардын чыгармачылыгынын профессионал жазма адабиятка (поэзияга) канчалык деңгээлде таасир эткени талаш да, татаал да маселе бойдон кала берген. Ал эми алардын калк арасында таасирдүү жана атактуу болушу алардын эл мүдөөсүнө, ошол мезгилдеги умтулууларына туура келген мазмундагы чыгармаларды жаратып, жыйнап, ылайыкташтырып жазып чыккандыгына байланыштуу.

Дал ушул чыгармачыл аракет Тоголок Молдодо айрыкча жандуу, акырына чейин үзгүлтүксүз жана натыйжалуу болуптур. Манасчы десең манасчы, санжырачы десең санжырачы, ошол эле учурда каймана форманы мыкты колдонгон тамсилчи, балдардын психологиясына ылайык чыгармаларды жараткан агартуучу болгону мунун далили болуп саналат.

Ошончо көп жактуу чыгармачылык акындын ой жүгүртүүсүнүн негизинде жаралып, кайра эле анын көз караштарын, инсандык мамилелерин, түшүнүктөрүн байытып олтуруп, аны XIX-XX кылымдагы кыргыз тарыхында жаралган ойчул-гуманистке, социалдык түшүнүктөрү жагынан чыныгы элдик демократка айланткан.

Анын чыгармачылыгын философтор менен тарыхчылардын, филологдор менен педагогдордун, адабиятчылар менен психологдордун бир кылымга жакын мезгилден бери изилдеп жатышы да ушуга байланыштуу.

Тоголок Молдо акындык чыгармачылыгында сырткы коздук менен жарашыкка, жада калса чыныгы поэтикалык чеберчиликке деле умтулбаган сыяктуу. Бирок анын ордун акындын чыгармаларындагы

идеялардын жыштыгы, алардын мезгилдин образын түзө билген бийик сапаты алмаштырыптыр. Мына ушул чындыктарды философтор Б. Аманалиев менен К. Молдобаевдин, адабиятчылар Ж.Таштемиров менен К.Асаналиевдин, педагогдор Ж.Койчуманов менен Э.Исмаиловдун, тарыхчылар А. Чукубаев менен Д. Айтмамбетовдун эмгектеринен көрүүгө болот.

Кыргыз эли, анын санжырасы, фольклору, тарыхы боюнча жыйнаган маалыматтары ченемсиз баалуу экендиги азыркы эгемендүүлүктүн шартында андан бетер баалуу болуп отурат. Дагы бир кызык жери: ар бир маалымат табиятына жараша мезгил өкүмүнө баш ийип унутулат, өзгөрүлөт, бул талашсыз. Ал эми Тоголок Молдо жыйнаган маалымат-фактылар тактыгы, тарыхый чындыкка дал келиши менен айырмаланат. Маселен, 60-жылдарга чейин орто кылымдардагы Алтын Ордонун тарыхындагы белгилүү инсан Жаныбек хан кыргыз илимпоздору үчүн жомоктордо айтылып жүргөн залим хандын образы катары белгилүү болгон. Тоголок Молдонун орто кылымдарда жашап өткөн Токтогул ырчы жөнүндөгү маалыматында Жаныбек хан (бул жөнүндө жогоруда сөз болгон - П. И.) тарыхый инсан катары айтылып, анын иниси Бердибек Жаныбектин ордуна хан болгону баяндалат. Чындыгында, ага деле анчейин көңүл бурушкан эмес. Көрсө тарыхый маалыматтарда Алтын Ордонун ханы Өзбек хан өлгөндө анын тактысына Жаныбек хан олтуруп, ал 1357-жылы өлтүрүлөт. Алтын Ордонун ооматы кетип, бытырандылыкка учурайт. Жыйырма жылдын ичинде 25 хан алмашып, кээ бир хан жылдап эмес, аз эле күндө жок кылынат. Тоголок Молдо Жаныбек хандын иниси деген Бердибек да сыягы кыска мезгилде жок болгон. Булардын баары азыркы орус окумуштуусу, профессор В.И.Бугановдун «Куликовская битва» деген китепчесинде берилген. Айталы дегенибиз - Тоголок Молдонун билгендери орус летописчилеринин маалыматтарына туура келип олтургандыгы. Бир гана айырма - Тоголок Молдо Бердибекти Жаныбектин иниси дейт, ал эми В. И. Буганов баласы дейт. Ал эми Токтогул ырчыны Жаныбек ханга каршы ырдатып, Тоголок Молдо анын хандыктан түшүшүнө себепкер кылса, жаңы маалыматтар боюнча Токтогул ырчы Амир Темирге каршы ырдаган.

Кандай болгондо да улуу гуманист, чыныгы элдик демократ Тоголок Молдонун көркөм чыгармалары кандай маанилүү болсо, анын жыйнаган маалыматтары менен жыйноочулук ишмердиги да ошончолук маанилүү. Мындан улам мындайча жыйынтык чыгарууга болот: Тоголок Молдонун бүткүл ишмердиги, идеялары, чыгармалары жаңы шартка ылайык, жаңыча илимий деңгээлде кайра изилденүүгө

муктаж. Ошондо гана улуу инсандын чыгармачылыгы өзүнүн татыктуу баасын алып, жаңы муундардын да, жаңы багыттагы изилдөөчүлөрдүн да зор кызыгуусун пайда кылабыз деген ойдобуз. Мунун өзү изилдөөчүлөрдү да сапаттык жаңы деңгээлде аракеттенишине алып келет.

Эми Тоголок Молдонун канаттуу саптарынан келтиребиз.

*1.Башында жаман көнүккөн,*
*Турпаты жаман өлүктөн.*
*Түбүнөн эмгек кылбаган,*
*Түйшүк кылбай көнүккөн.*

*2.Үйүңдө бекер жатканча,*
*Үйрөнсөң илим кат жакшы.*
*Сараңдык кылган бакылдан,*
*Сакылык кылган март жакшы.*

*3.Байымбеттин казалы,*
*Байыт кылып жазалы.*
*Жегичтерге убал жок,*
*Теңгеге ооду назары.*

*4.Бузуктун уулу чоң болду,*
*Букара журту кор болду.*

*5. Бул заманда не карып,*
*Ак матадан бөз карып.*
*Адилетсиз бийлердин,*
*Алдына келген сөз карып.*

*6. Эл сагынган курусун,*
*Ким билиптир мунусун.*
*Көрдүк бейм баштан өткөрүп,*
*Кесирлүү жаат урушун.*

*7.Кара өзгөй болбой жоо болбойт,*
*Шагылы болбой зоо болбойт.*
*Шайыры болбой эл болбойт,*
*Бейли жакшы кем болбойт.*

*8. Көкүрөк чечен болбосо,*
*Көзү көрүп не кылат?*

Тоголок Молдонун чыгармалары:

1.Тоголок Молдо. Чыгармалар. 1-2-томдор. – Ф., 1970

Анын чыгармачылыгы жөнүндө жазылган эмгектер:

1.Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. Ф. 1988. 297-317-беттер

2. Таштемиров Ж. Тоголок Молдонун чыгармачылык жолу. Ф., 1956

3. Асаналиев К. Тоголок Молдо. – Ф., 1975

4. Тоголок Молдо жөнүндө эскерүүлөр. – Ф., 1960

5. Советтик Кыргызстандын жазуучулары. – Ф., 1976, 536-544-беттер

## ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВ (1864-1933)

Кыргыз элинин улуу ырчысы, даанышман патриоту, элдин бардык мүдөөлөрүн ырдап чыккан Токтогул Сатылганов 1864-жылы ырчылардын мекени Кетмен-Төбөдө туулган.

Токтогулдун чыгармачылыгынын калыптануу булагы сөздүн кенен маанисинде эл турмушу болгон. Ал эми эл турмушунун ченемсиз көп жактары бар. Алардын дал ошол Токтогулдун чыгармачылыгына, ой жүгүртүүсүнө, инсандык кулк-мүнөзүнө жана иш-аракеттерине таасир эткен жактарын жөнөкөй эле атап көрөлү: түбөлүк соолбос булак болгон элдик оозеки чыгармачылык, элдик комуз күүлөрү, жез таңдай ырчылар Токтогулдун бала кезинен эле ырчылык шыгынын пайда болушуна, талантынын калыптанышына шарт түзгөн. Апасынын ыр-жомокторду айтып бериши, атасынын ырчылар ырдап жаткан той-маарекелерге алып барышы анда ырчылык өнөргө, комуз чертүүгө болгон кызыгуусун ойготкон.

Адатта адамда ойгонгон шык менен талант турмуш чындыгынан табылган теманы ишке ашыруу үчүн жол издейт. Мына бул жерде идиректүү инсан (бала, өспүрүм ж. б. курак) турмуш окуяларын, көрүнүштөрүн, адамдарды, алардын кулк-мүнөздөрүн ылгап-иргеп, өз чыгармасына ылайыкташтырат. Ырчылык чыгармачылыктын бул мыйзамы Токтогулда да бала кезинен калыптанып, адамдардын бири-бирине жасаган мамилелериндеги адилетсиздиктер анын көңүлүн көбүрөөк бурган. Ал багыт Токтогулдун жаш кезинде жаштык курактын жаркын ырлары менен күүлөрү анын делебесин козгоп, жан дүйнөсүн биротоло бийлеп алган мезгилде гана көмүскөдө калып, ал курактан өткөн соң акындын социалдык адилетсиздик жөнүндөгү түшүнүктөрүнө айланган. Ошол түшүнүктөрдүн калыптанышы Токтогул өз турмушунда андай адилетсиздиктерге кабылып, жапа чеге баштаган мезгилине тура келип, биротоло анын кебелбес көз карашына айланган. Ал эми анын ырчылык таланты кетмен-төбөлүк, таластык көрүнүктүү ырчылардын жагымдуу таасири астында калыптанган. Албетте, анын алгачкы кадамы ырчылыкка шыктуу жамакчы атасынын таасиринен башталган. Мындай жагдай Токтогулдун 12-13 жашында эле ырчы болуп калышына алып келген. Токтогулдун ырчылык өнөрүнүн булактары анын өнөрүн калыптандыруу менен бардык чыгармачылыгынын багыттарын биротоло аныктаган.

Токтогулдун жаштык ырлары да социалдык адилетсиздик менен коштолгон. «Насылкан» ырында жаштык арзуу сезимдери көкүрөгүнө жай бербей сыртка атырылып, тунук фонтан өңдүү туюлса, ошол эле мезгилде ырдаган «Жокчулуктун айынан», «Жүргөнүм

Кабак жер болду» ырларында Казанбак байдын кой-эчкисин кайтарган кездеги туйган адилетсиздиктер баяндалат. Бала Токтогулдун жаштык ырларындагы кусалык, ашыктык азабы деле турмуштун оордугуна байланышкан десек болот.

Жаштык сүйүү кумары атактуу «Алымкан» ырынан оргуштап чыгып, жаш ырчынын нравалык тазалыгын, сезимдеринин тунуктугун баса белгилеп, жыйынтыктаган сыяктуу. Ал эми «Арзыматка» деген ыры дал ошол адилетсиз турмуштун күнөөкөрлөрү болгон бай-манаптарды айыптоо жагынан, аларга кошоматчы болгон Арзымат сыяктууларды сындоо жагынан дал ошондой мааниге ээ. Бир кездерде жана азыр деле Арзымат деген ырчынын болгон-болбогону жөнүндө сөздөр чыга калат да, кымынча зарылдыгы жок талаш-тартыштардын пайда болушуна түрткү берет. Ырас, Арзыматты тарыхый инсан катары иликтөө - изилдөөчүлөрдүн иши. Ал эми Токтогулдун ыры - бүткүл Арзымат сыяктууларга карата арналган ыр. Бул кадимки эле «эшик ырчы» деген түшүнүктү билдирип, андай ырчылар Токтогул сыяктуу элди аркалаган ырчылардын жогоркудай бир эле ырдап койгон ыры менен жок болушкан. Арзымат сыяктуулар үлпүлдөп жанган шамга окшоп, адилеттиктин кичинекей эле желаргысына туруштук бербей өчүшкөн. Элдин эс-тутуму (эске сактоосу) элек сыяктуу: эл мүдөөсүн чагылткан, анын үмүттилегине туура келген ырларды ырдаган ырчылар сакталат да, ага карама-каршы келип, элдин эсебинен байыган, ары адилетсиздиктин алып жүрүүчүлөрү болгон адамдарга кошоматчылык кылып ырдаган ырчылар сакталбайт. Бул талашсыз чындык. Бирок кээде Токтогулду ашынган тапчыл, эзүүчүлөрдү жек көрүү жагынан теңдешсиз кылып көрсөтүү үчүн Арзыматты да өйдө көтөрүүгө умтулушкан. Ал үчүн Токтогулдун 1950-жылы жарык көргөн бир томдук жыйнагына:

*Арзымат, алышпагын балбан менен,*
*Балбанды жыга албайсың чалган менен*
*Ошону бир жыкпастан өтөмбү деп*
*Өмүрүң өтүп кетет арман менен,*- деген ырды түзүүчү өзү эле жазып кийирип, Токтогулдун Арзыматка карата ырдаганын көбөйтүп көрсөтүү менен аны абройлуу ырчынын деңгээлине чыгарып, Токтогулдун жеңишин андан бетер идеялуу кылып көрсөтүүгө умтулушкан. Тарых Токтогулга деле, Арзыматка деле өз энчисин берип, ордун аныктаган.

Токтогул тарыхтын татаал мезгилинде жашап, өзүнүн адилеттикти, калың элди аркалаган, кошоматчылык кылбаган инсандык касиети үчүн азап-тозокко түшкөн, жапа чеккен. Бирок тутунган жолунан эч качан айныган эмес.

Токтогулдун жаштайынан эле элге сүйкүмдүү ырчы болуп чыгышы анын чебер комузчулугуна да, аткаруучулук өнөрүнө да байланыштуу. Анын элдик оюн-зоокторддо дайыма ырдап, бук болгондордун эрмеги болгонун анын «Короо кайтарган кыз-келин тууралуу», «Турумтай менен Торгой», «Эселбай» деген түшүндүрмөлүү ыр-күүлөрүнөн билебиз.

Оюн-зооктун ашынган чебери болуу деле айланып келип инсандын нравалык тазалыгына, туу туткан идеяларына байланышат. Токтогул жаштык ырларында оюн-күлкүнү, кумарланууну, жаркын жашоону ырдаса деле адилеттүүлүк жадынан кетпейт. Маселен, 85 жаштагы Эселбайдын байлыгына чиренип, жаш кызды калыңга сатып алганын күүгө салып, кыз-келиндерге шылдыңдатып, күлкү чыгарса да, адилетсиздик катары айыптаганы мына бул саптардан көрүнүп турат:

*Санап-санап мал берип,*
*Сатып алдың, Эселбай.*
*Сары алтындай сулууну*
*Абийириңден ажырап,*
*Кантип алдың, Эселбай!*[1]

Жаш Токтогулдун бай-манаптарга, калың элди талап-тоноп байыгандарга, колунда байлыгы да, бийлиги да барларга каршы кебелбей ырдаганы анын чыныгы даанышмандыгын көрсөтүп, бардык түшүнүк, көз караштарынын бекем болушуна алып келген. XIX кылым кыргыз элинин социалдык жактан ойгонушунун кылымы эле. Калың элдин катмарынан чыгып, ошол катмар менен калыптанган Токтогул өз мезгилиндеги процесстердин күбөсү гана эмес, андагы адилетсиз көрүнүштөрдү айыптоочу да болгон. Ошондой ырчынын эл арасында ырдап жүрө бериши мүмкүн эмес эле. Ошол эле учурда аны жок кылууну ойлогон бай-манаптар ага батынган эмес. Себеби Токтогул таанымал ырчы болуп калган кезде бүткүл эл аң-сезими менен ырчыларды өтө жогору баалап, өздөрүнүн калкалоочусу катары карап калган. Ал эми ырчылардын ичинен да Токтогулга карата бүткүл элдин урмат-сыйы ченемсиз жогору эле. Карапайым эл Токтогулду эзүүчүлөрдөн өч алуучу деп түшүнүшкөн. Ошондуктан кетментөбөлүк манаптар Токтогулду жок кылуунун ыңгайлуу учурун күтүшкөн. Сыягы, бул күтүү да кыйла узакка созулган болуу керек. Бул мезгил ичинде Токтогул да ашынган талант ээси болуп, бүт кыр-

---

[1] Токтогул. Чыгармаларынын эки томдугу. 1-т. – Ф., 1968, 37-б.

гыз журтчулугуна таанымал, демек бүт элдин сыймыктанган ырчысы болуп калат. Окумуштуулар белгилешкендей кыргыз элинин бардык түшүнүктөрү, көз караштары, ой жүгүртүүлөрү оргуштап келип, дал ушул Токтогулдун ырларынан жол таап чыккан өңдүү.

Чындыгында эле, башка ырчыларга салыштырып келгенде да Токтогулдун жеке инсандык ойлору, эл турмушу жөнүндөгү ой жоруттуулары, жашоонун философиялык-гедонисттик, моралдык-этикалык маселелери боюнча түшүнүктөрү ачык, мол жана стихиялык материализмдин жоболоруна туура келет. Кээ бир ырчыларда элдик ырлардын нускалуу үлгүлөрү үстөмдүк кылат. Дагы биринде жеке өзүнүн ырдашы артыгыраак. Ал эми Токтогулда элдик ырлардын жалпы түшүнүктү билдирген саптары менен Токтогулдун өзү жараткан саптар бири-бирин толуктап, идеялык-көркөмдүк жагынан синтезделип (айкалышып) турат. Маселен,

*Дайранын көркү кемеде*
*Баланын көркү энеде* - деген элдик түшүнүктөргө кошулган:
*Акыл айтсаң тыңшабайт*
*Акмактын көркү жемеде* – деген саптар Токтогулдун ырдап жаткан учурунда жаралган деп айтсак болот.

Мындай көрүнүштөрдү да ар бир ырчынын идеялык-көркөмдүк ойломунан ажыратып кароого болбойт. Айталы Жеңижок элдик ырлардын нускалуу үлгүлөрүн көп билип, ошол ырлардын калыбында ой жүгүртүп ырдай турган деңгээлге жеткен. Ошондон улам элдин сүйүктүү ырчысы аталып, өңчөй ири ырчылардын арасында да кадыр-баркы жогору болгон. Ал эми Токтогул ошондой эле кадыр-баркка элдин, ал гана эмес ар бир жандын реалдуу турмуштагы мүдөө-арзууларын ырдоо менен жеткен.

Кашайган адилетсиз жашоону кантип оңдоо керек? Мына ушул суроо Токтогулду ойчул инсан катары дайыма ойлонткон. Бирок мында дайыма эсте тутчу нерсе: ал канчалык бул маселе жөнүндө ойлонбосун, ал ырчы бойдон кала берет. Ал коомдун социалдык-экономикалык же тарыхый-революциялык өнүгүшүн терең түшүнгөн илим-билимдүү революционер болгон эмес. Ал элдик демократ ырчынын деңгээлинде өз түшүнүк-сезимдерин ырларында чагылтып, болгондо да канчалык идеялары терең болбосун, аларды ырдоо менен гана угуучуларга жеткирген. Муну дайыма эсте тутуу зарыл дегенибиздин мааниси мына мында. Ырчылар чыгармачылыгын изилдөөнүн өзүнө таандык теориясы иштелип чыкпагандыктан, көп учурда изилдөөчүлөр ар кандай калпыстыктарга жол беришет. Маселен, ырчылардын философиялык же моралдык-этикалык идеяла-

рын изилдеп, талдаганда аларды кадимки эле адис философтор катары же ошол тармакта эмгектенген инсандар катары көрсөтүп калган учурлар бар. Ошондуктан ырчылар чагылткан идеяларды талдап, баалаганда стихиялык материализмдин чегинде, алардын ой жүгүртүүсүн элдик фольклор, ишеним-ынанымдар менен тыгыз байланышта караганда гана, бүтүмдөр адилеттүү болмокчу.

Айтып жаткан оюбуздан бир аз оолактап кетүүгө туура келди. Эми кайра өзүбүздүн токтогон жерден улантабыз.

1898-жылы тарыхта белгилүү Анжыян көтөрүлүшү чыгып, ага кыргыз-өзбек дыйкандарынан үч миңге жакын киши катышкан. Россиянын колониялык саясаты жана феодалдык бийликтин эксплуататордук саясаты, элдердин жакырчылык абалы анын чыгышына негизги түрткү болгон. Көтөрүлүш Россиянын куралдуу күчтөрү менен аеосуз түрдө басылган. Көтөрүлүш басылгандан кийин калк арасын тинтүү, тергөө, иликтөө иштери жүргүзүлөт. Мунун өзү жергиликтүү феодалдардын өзүнө жакпаган адамдарын жок кылып, кутулууга ыңгайлуу шарт түзөт. Ушул шартта кетмен-төбөлүк манаптардын ыймансыз аракеттери менен Токтогул да адилетсиз азап-тозокторду башынан кечирет. Түрмөгө түшүп, Сибирге айдалат. Эл-жерине болгон кусалыгы, анын аң-сезиминдеги «туулган жердин топурагы алтын» деген улуу күч түрмөдөн качырып, Сибирден туулган жерге жөө бастырып келтирет. Кайрадан түрмөгө түшүртөт. Бир тууган эли каражат топтоп, кайра бошотуп алат.

Ушул маалыматтардын өзү эле Токтогулдун өмүр таржымалын, чыгармачылыгын, инсандык-кулк-мүнөзүн, эң башкысы даңазалуу ырчылардын сабындагы ордун айгинелеп турат.

Эл оозеки чыгармачылыгы менен ажырагыс байланышта болгондугун анын «Кедейкан» поэмасы да далилдеп турат.

Поэма Токтогулдун өз оозунан эмес, анын шакирти Калыктын айтуусунда жазылып алынган. Поэма болжолдуу түрдө орто кылымдарда феодалдык бийлик аябай күчөп, акылман ойчулдар гана эмес, карапайым эл да бийликти кантип оңдоо керектиги жөнүндө ойлоно баштаган мезгилде пайда болгон. Анын сюжети Чыгыш элдеринин фольклорунда ар түрдүү деңгээлде айтылып келген. Бирок Токтогул ошол окуяга кайрылып, аны ырдоо менен өз алдынча чыгарма жараткан.

Чыныгы демократ боло туруп, ыймансыз бийликти кантип элге кайрымдуу кылуу керек деп, элди эзген бийликти жек көргөн Токтогул гана «Кедейканды» элге кайра жаратып бермек. Кеп Кедейкандын айла-амал менен бийликке жеткендигинде эмес, кеп адилеттүү

ханды тандап алып, элге боорукер бийлик жүргүзүүсүнө жетишүү. Токтогул ошол ойду поэмада негизги идея катары ишке ашырат. Кедейкан жетим болуп өсүп, азапка батып жүрүп, акыры Азимкан деген хандын тактысын алдап тартып алат да, хандын бардык байлыгын бүт элге, айрыкча кедей-кембагалдарга таратып берет. Элди эзгендерди жазалайт. Жетим кезинде багып алган кемпирди, төрт досун таап келет. Жомоктогудай элине кайрымдуу хан болуп жатып калат.

Албетте булардын баары - иллюзия, кыял. Илимпоздор муну утопия же кыялдан жаралган бийлик деп аташат. Бийлик менен каршылашкан Токтогул чындап эле эзилгендердин арасынан тандап, хандыкка жеткирсе, бүткүл жашоо оңолот деп үмүттөнгөндүр, ишенгендир. Кандай болгондо да Токтогулдун утопиялык ойлору анын бүткүл идеяларынын системасында көрүнүктүү орунду ээлейт.

Токтогул адамдардын жана коомдук турмуштун жакшыруусун дайыма ойлогон инсан болгон. Бардык чыгармалары жана ой-тилектери ушул маселеге кайсыл жагынан болбосун байланышып турат. Мейли, жаштардын жүрүм-турумун, өз теңин таап, жыргал жашоосун ырдайбы, бийликтин адилетсиздигин ырдап, ага наразылык билдиреби, адамдардын өз ара ынтымакта, бири-бирин сыйлап, урматтап жашоосун ырдайбы, айтор акындын чыгармачылыгынын бардык учурунда бул маселе негизги идея катары көрүнүп турат.

Көркөм чыгармачылыкта, анын ичинде ырчылык өнөрдө кашкайып көрүнгөн салттык ыкма - ырчынын айтпай туруп айткандыгы. Бул улутуна, тилине, динине, өлкөсүнө карабай бүткүл адамзаттык көркөм сөз өнөрүндө кеңири өнүккөн салт. Токтогул да мындан алыс болгон эмес. Анын эшен-калпаларга, бийлик төбөлдөрүнө карата ырдаган ырларында алардын кулк-мүнөзү, ач көздүгү, айла-амалдары ишенерлик ырдалып, угуучуларда зор канаттануу жана адилетсиз бийликтин жок болоруна ишеним пайда кылат.

«Беш каман», «Айдалып жөнөгөндө», «Токтогулдун төрөлөргө ырдаганы», «Кыйындык түштү башыма», «Айланган тоонун бүркүтү», «Ушундайбы, сурагың?», «Азапка түштү өмүрүм» жана башка көптөгөн туткун циклиндеги ырларында падышалык жана жергиликтүү төбөлдөрдүн бийлигин, мамилесин, ыймансыздыгын ырдап, алардын баары бир жок боло тургандыгын көмүскө туюнтат. Айрыкча «Айланган тоонун бүркүтү» деген атактуу ырында Токтогул көмүскө идеяны берүүчү символиканы кеңири колдонот. Маселен, «айланган тоонун бүркүтү» дегенин чексиз асманда шаңшыган эркиндик символу десек болот. Ал эми «ак жерден торго чалындым» - бул бийликтин күнөөсүздөрдү күнөөлөгөн адилетсиздиги, «Комузду күүгө келтир-

ген, колума кишен салындым» - эркиндикти, жыргал турмушту эңсеген (даңазалап жаткан) үмүт-тилектерим жоюлду дегени.

Бул жагынан Токтогулдун чеберчилиги башка ырчыларга караганда алда канча жогору. Бирок ашынган чеберчилиги, айталы көптөгөн айтыш ырларында даана көрүнүп, башка чоң маселени - акындын ырчылык маданиятын айгинелеп турат. Токтогул ырчылар менен айтышканда эч качан бири-биринин керт башын кемсинтүүгө, келекелөөгө же вульгаризмге (уят сөздөрдү колдонуп жеңүүгө) жол берген эмес. Бардык учурда ырчылардын жаатташып, кордошуп айтышкандарын ачык эле айыптаган. Көрсө ошол кезде деле ырчылар эки тарапка бөлүнүп алып, бири-бири менен каршылашып, ырдашчу экен. Токтогулдун биринчи томуна кирген «Тойдогу айтыш» деген түшүндүрмөлүү ыр буга мисал боло алат. Аркадан келген карыя ырчы Накенди Анжыян кыргыздарынын ырчысы Карамырза ашкере шылдыңдап ырдайт. Анын ырында шылдыңдай турган себеп деле жок, болгону Накендин карылыгы. Демек, ар кандай ыкма менен Накенди чүнчүтүп, ырдатпай коюу. Анда Токтогул бул адилетсиздикке чыдабай, Карамырзаны катуу сындайт:

*Анжыяндык, аркалык,*
*Баш кошконун айталык.*
*Алышкан итче кабышпай,*
*Аман-эсен кайталык.*
*Карамырза сөзүңдүн,*
*Калтысы чыкты байкалып.*

*Тегерете тийиштиң,*
*Тебеген чалпоо жылкыдай.*
*Карамырза качырып,*
*Каптай кирдиң тынчыбай,*
*Кадырлашсаң болбойбу,*
*Кабыргадан чымчыбай!*[1]

Мындай саптарды төгүп-төгүп Токтогул ырчылыктын да, айтышуунун да бийик маданиятын көрсөтөт.

Токтогулдун бул сыяктуу идеяларынын бардыгы айткандай көрүнөө өмүрдү (тирүүлүктү) баалоодон келип чыккан. Анын ойчулдугу да, философтугу да мына ушунда.

Кыргыз ырчыларынын эзелтен берки салты - тирүүлүктү даңазалоо. Бул өзгөрүлбөс, кебелбес байыркы:

---

[1] Токтогул 1-т. – Ф., 1968, 254-б.

*Тиш - ырыскы, тил - дөөлөт,*

*Тирүүлүк өзү - бир дөөлөт,* - деген туруктуу түшүнүктөн бери уланып келет.

Ислам дини орноп, бейиш же тиги дүйнөнүн жыргалы жөнүндөгү идеялар үстөмдүк кылып тараса да, кыргыздардын ушул эле жарык дүйнөдө жашоодон өткөн жыргал жок деген түшүнүктөрүн өзгөртө алган эмес.

Бул идея Токтогулда андан бетер бекем жана жыш. Адам жарык дүйнөгө жаралган соң, ал жыргап да, татыктуу жашап да өтүү керек. Ушул принципте бекем турган Токтогул жаштык ырларынан баштап эле жыргап-күлгөндү, бири-бирине мээримдүү болгон ынтымакты даңазалап, жашоодо ар нерсенин өз мезгилинде болгону жакшы деген ойдо турат. Мына бул саптар дал ошону далилдейт:

*Бирди тапсаң кийип өт,*
*Бирди тапсаң минип өт.*
*Жаш күнүңдүн ыратын,*
*Жаштыгыңда сүрүп өт,*
*Кубанышып бир жүрүп,*
*Курдаштын көөнүн билип өт.*
*Кары да бол, жаш да бол,*
*Кадырлашкын тирүүңдө,*
*Калат го бир күн алтын баш.*
*Казылган көрдүн түбүндө!*[1]

Ырас, мындай идеялар ар бир адамдын жүрүм-турумуна, жашоосуна байланышкан жол-жобо, эрежелер катары ырдалат.

Демек, акыл-эстүү, тартиптүү жашоо, башкаларды сыйлоо-урматтоо адамдыктын негизги касиеттеринин бири деп түшүнөт ырчы.

Токтогулду улуу ырчы, чыныгы элдик атуул катары көрсөткөн анын негизги идеялары - патриотизм. Мында Токтогул Сибирге айдалып, эли-жеринен ажырап, аны сагынып, куса болгондон улам чыгарган идеялар эле эмес, анын жаштайынан эле эл-жери менен сыймыктанып, муну жашоо жыргалы катары караган өзүнүн нукура түшүнүктөрү да болуп эсептелет. Маселен, туулган жер деп ырдаганда Токтогул деле башка ырчылардай жайлоонун кооздугуна суктанат. Бирок ал ойлорун жогоруда сөз болуп жаткан жарык дүйнөдө жашоонун бир жыргалы ушул деген таризде туюнтат.

Туулган жерди жыргап ырдоодон башталган патриоттук идеялар акындын туткун ырларында өзгөчө күч менен чыгат. Каңырык

[1] Токтогул. 1-т. – Ф., 1968, 218-б.

түтөткөн сезимдер, делебе козгогон муң бул ырларда өтө күчтүү. Аларды санап көргөндө деле жетиштүү болот. Мында бул ырларды шилтеме катары көрсөтүп белгилөөнүн да зарылдыгы жок деп ойлойбуз:

*1. Кош, аман бол, туугандар*
*Токтогул деп томсоруп,*
*Амалсыз карап тургандар.*
*Аман-эсен тургула,*
*Көз жашка бетти жуугандар.*
*Күнөөсүз менден айрылып,*
*Гүлүнүн шагы сынгандар.*
*2.Чоң Ийри-Суу, кең Арым,*
*Жерим калат окшодуң.*
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
*Сарттар, багыш туушкан,*
*Элим калат окшодуң.*

*3.Айдоого чындап мен кеттим,*
*Аман бол, эми кайран жер.*
*4.Сандаган кыргыз калың эл,*
*Сагынгандыр үнүмдү.*
*5.Элге барып өлсөм деп,*
*Тилеп кетип барамын.*
*6.Эңсеген элим аманбы?*
*Ээгимдеги сакалым,*
*Элсизде жүрүп агарды.*
*Булбулуң элем сайраган,*
*Муңканып айтам саламды.*
*6. Кайгылуу капам жазылды,*
*Кайрылып элим тапканга.*

Токтогулда мындай саптар сансыз. Темасы башка болгон ырларында деле ал эл-жерин сөзсүз кыстара кетип, бир төгүп албаса бугу жазылбаган сыяктуу.

Токтогулдун атактуу «Кербезим» деген ырын билбеген эч ким жок. Ал Токтогулдун көкүрөк ыры, өмүрлүк гимни. Ошол ырдагы мына бул эки сап:

*Тобуңдан кетсем аман бол,*
*Толгон кыргыз жергеси*

Токтогулдун патриотук ырларынын туу чокусу!

Токтогул жаңы заманды көрдү, ага кубанды, Ленинди баш кылып ырдады. Эркиндик алган эли менен сыймыктанды. Мазмундуу, кайгы менен кубанычка толгон өмүрүндө көптү көрдү. Шакирттерин тарбиялап өстүрдү.

1933-жылы ал көз жумгандан кийин анын чыгармачылыгы жапатырмак изилдене баштады. Ырлары жыйналып олтуруп, эки томдук көлөмүндө китеп болуп чыкты.

Александр Затаевич деген москвалык музыка изилдөөчү 1928-жылы Кыргыз өкмөтүнүн чакыруусу менен келип, көптөгөн элдик таланттардын обон-күүлөрүн жазып алып, «Кыргызстандын аспаптык 250 күүсү жана обону» деген ат менен Москвадан чыгарган. Анда Токтогулдун көптөгөн обон-күүлөрү бар.

Орус окумуштуулары Медина Богданова менен Виктор Виноградов да акындын чыгармачылыгын изилдеп, китептер жазышкан.

Ал эми кыргыз окумуштуулары, акын-жазуучулары 30-жылдардан тартып эле Токтогул жөнүндө изилдөөлөр, эскерүүлөр, түрдүү макалалар, көркөм чыгармалар жаза башташкан. Андан берки изилдөөчүлөрдүн арасынан философторду, музыка изилдөөчүлөрдү, адабиятчыларды, тарыхчыларды, саясий ишмерлерди, маданият кызматкерлерин көрүүгө болот.

Токтогулдун ысмы республикалык мамлекеттик сыйлыкка, филармония, мекеме-уюмдарга, мектептерге берилген. Улуу акын, патриот Токтогулдун өлбөс-өчпөс ырлары эли менен бирге жашап келет.

Токтогулдун жогоруда келтирилген учкул канат ырларына дагы мына буларды кошуп, окурмандарга ойлонуп көргүлө деп сунуш кылабыз.

*1. Өлбөй тирүү калбайсың,*
*Жан-аманат, ойлоп бак.*
*Ыркырашпа тирүүңдө*
*Ырыс алды – ынтымак.*
*2. Келериңде дүнүйө*
*Көкөлөп өскөн чынарсың.*
*Кетериңде дүнүйө,*
*Шамалдан качкан тумансың.*
*3. Ынтымак жакшы, ырк жакшы,*
*Ынтымактуу журт жакшы.*
*4. Жайкалган жалы болбосо,*
*Аттын көркү болобу?*
*Жакшы сөзү болбосо,*
*Карттын көркү болобу?*
*5. Эки эли тилим сүйлөсүн,*
*Эки эли тилим өзү эмес.*
*Ээрчиген добуш үндөсүн.*
*Эсилиң Токоң көзү өтсө,*
*Эсине алып ким көрөт.*
*Эңилчек баскан мүрзөсүн.*
*Элимден кетсе мейличи,*
*Эркинде элим гүлдөсүн.*

Токтогул Сатылгановдун чыгармалары:

1. Токтогул. Чыгармалар. 1-2-томдор. – Ф., 1968.

Анын чыгармачылыгы жөнүндөгү эмгектер:

1. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф., 1988, 63-93-беттер

2. Таштемиров Ж. Токтогул жана кыргыз адабияты. – Ф., 1974

3. Таштемиров Ж. Токтогулдун акындык чеберчилиги. – Ф., 1974

4. Токтогул жөнүндө замандаштарынын эскерүүлөрү. – Ф., 1965

5. Богданова М. Токтогул Сатылганов. – М., 1959

6. Самаганов Ж. Советтик Кыргызстандын жазуучулары. – Ф., 1976, 577-589-беттер

## МОЛДО КЫЛЫЧ ШАМЫРКАН УУЛУ (1866-1917)

Көрүнүктүү жазгыч акын Молдо Кылыч кыргыз коомунун өтө татаал мезгилинде туулуп, чыгармаларын өз түшүнүгүнүн негизинде ошол шарттын таасири астында жараткан. Ал 1866-жылы Кочкордо оокаттуу үй-бүлөдө туулган. Чоң атасы айтылуу Төрөгелди баатыр Ормон хандын кол башчысы жана кеңешчиси болгон. Андай тукумдан чыккан Молдо Кылыч диний мектептерден, молдолордон окуп, сабатсыздыгын жойгон. Өз атасы Шамыркан 1871-жылы элге таанылып калган учурда көз жумган. Окуган-жазганды үйрөнүп алгандан кийин, анын дилинде ырчылык өнөрү күчөп, турмуш көрүнүштөрүн, окуяларды, өзү билген маалыматтарды ырга айлантып жаза баштайт.

Кыргыз жергесине орустардын келиши, алардын үстөмдүк саясаты, карапайым элдин жакыр турмушу, уруулар ортосундагы чырчатактар, диний эрежелердин жана шарият закондорунун адамдар тарабынан бекем сакталбай жатышы Молдо Кылычтын инсандык да, акындык да түшүнүгүндөгү негизги маселелерден болуп калган. Бул маселелерди ырларында чагылтуу анын негизги милдети болуп, ушул багытта көп жактуу чыгармачылык ишмердигин жана мамилелерин көрсөткөн.

Турмуш көрүнүштөрүн чагылтууда, реалдуу жашоонун жыргалына суктанууда, социалдык адилетсиздиктерди айыптоодо да Молдо Кылыч чыныгы гуманист болгон. Бул жагынан анын граждандык позициясы айныбас, бекем. Өзүнүн чоң атасы Төрөгелди менен Ормон ханды инсан катары баалаганынан эле анын элдик акын экенин билүүгө болот. Алар жөнүндө Молдо Кылыч минтип жазат:

*Атымды айтсам ким билет?*
*Атамды айтсам эл билет.*
*Төрөгелди, Ормон деп,*
*Төгөрөктү соргон деп.*
*Төрөгелди, Ормондун*
*Жаман эле жүргөнү,*
*Жакшы болду кечикпей,*
*Бачымыраак өлгөнү.*

Көрүнүп тургандай, тууганына карабай, Молдо Кылыч эзүүчүлөрдү аеосуз айыптайт.

Молдо Кылычтын диний билими өтө терең болбосо да, динге берилгендиги, дин эрежелеринин бузулбай сакталышын каалагандыгы - анын ырларындагы негизги мотивдердин бири. Бирок ал мотивди акын жалпы заман жөнүндөгү көрүнүштөрдүн тутумунда карайт.

Заман жөнүндө ырдоо же чыгарма жаратуу көркөм чыгармачылыкта нечен кылымдардан бери өнүгүп келаткан көрүнүш. Ар кандай чыгармачыл инсан өз мезгили жана анын көйгөйлүү маселелери жөнүндө ойлонбой койбойт.

Молдо Кылыч да ошол салттан алыс болгон эмес. Болгондо да анын ырларынын так темасына карабай, бүткүл духу заман көйгөйлөрүнө байланыштуу. Чыгармачыл инсан катары Молдо Кылыч турмуштун мүмкүн болушунча көп маселелерин камтууга умтулган. Ошол себептен анын ар бир ырында түркүн-түркүн идеялар тутумдаш каралат. Бул анын негизги чыгармачылык өзгөчөлүгү болуп саналат. Мунун бир чети адабий чыгарманы стандарт үлгүсүндө түшүнгөндөр үчүн башаламан, чачкын, ар нерсени бир ырдаган чыгарма катары кабыл алынат. Ал эми тереңирээк караганда Молдо Кылычтын чыгармалары заман көйгөйлөрүн турмуштун бардык жактарынан көрө билип, алардын ар бирин адамдардын эсине салып, чыдамкай болууга, ата салтында жана мусулманчылыкта иштелип чыккан эрежелер менен жашоого үндөп олтурат. Өзү көрүп, күбө болуп олтурган заманды өткөн замандар менен салыштырып, азыркынын кемчиликтерин, өткөндөгүнүн артыкчылыгын көрсөтүп олтурат. Бул да мыйзам ченемдүү көрүнүш. Азыркынын (башкача айтканда, Молдо Кылыч жашап жаткан мезгилдин) кемчиликтери арбын. Алар жөн эле Молдо Кылычка жакпаган нерселер эмес, оңдоло турган, адамдар андай турмушта колдонбой турган чындыктар катары сүрөттөлөт. Ал эми, тескерисинче, жакшы көрүнүштөр ошол эрежелер сакталып, аларды адамдар бекем карманып жашаган мезгилдерде, демек, өткөн замандарда арбын эле.

Молдо Кылыч бул маселелерди өзүнүн айтылуу «Зар заман» деген көлөмдүү ырында чагылтат.

Дагы бир, сөз кезеги келгенде айтып койчу нерсе: дал ушул өткөндөгүнүн салттык эрежелери менен жашап, ар кандай «бузулуулардан» оолак болгонун ырдагандыгы үчүн Молдо Кылычты эскини эңсеген, эзүүчүлөрдүн бийлигин жактап, аларды кайра орнотуу идеясын жактырган деп айыпташкан. Кызык жери - Молдо Кылыч 1917-жылы өлгөн болсо, кантип ал ошол идеялардын тарапкери болот? Эңсеген учурда деле ал болгону бир ырчы болсо, кантип эзүүчүлөрдүн бийлигин көксөгөн же аны кайра орнотууга умтулган инсан болсун? Болгону ал - ырчы. Демек, ал өткөндөгүнү салыштырат, жакшы жактарынын өтүп кеткендигине өкүнөт. Булардын баары - сезим күүлөрү. Ал эми айыптоочулар үчүн бул жаңы мезгилдин бийликтеги идеологиясына кулдук уруп, жагынуучулуктун үлгүсү.

Айтылуу Калыгулду «акыр замандын» негиздөөчүсү, ал эми Арстанбек менен Молдо Кылычты ал идеяларды улантуучулар катары көрсөтүү улуттук көркөм мурастарды «чоочун» идеялардан тазалап, таптык негизде түзүү үчүн жасалган аракеттер эле. Эгемендүүлүк алардын баарына адилет баа берип, ар биринин тарыхый ордун аныктап берди. Чындыгында, ал мезгилде эмнелер гана болбоду. Аны кайра талдап олтуруунун деле зарылчылыгы жок.

«Зар заманга» келели. Бардык чыгармаларынын ичинен бул анын көкүрөк чыгармасы десек болот. Жогоруда айтылгандай, бул чыгармада санат-насыят ырларына мүнөздүү жүрүм-турумга байланышкан ойлор, заман көйгөйлөрүнө нааразылык, өкүнүч, бий-болуштар менен бай-манаптардын наадандыгын жектөө идеялары үстөмдүк кылат.

Бул идеялардын бардыгы Молдо Кылычтын түшүнүгүндө зар замандын белгилери. Ошол замандын жүзүн ырчылардын ой жүгүртүү өзгөчөлүгүнө мүнөздүү болгон ар нерсенин эки жагы бар деген принципте көрө билет.

*Биринчиси:* Мында зар заман болсо да тирүүлүк өзү дөөлөт дегендей ал жакшы, жагымдуу:

*Зар заманды карасаң,*
*Даамы татты казыдай,*
*Эч болбосо ширеси*
*Чекенденин ашындай.*

Экинчи учурда:

*Дин мусулман балдары,*
*Өз ичинен жоо болду.*
*Ошондой жорук болгон соң,*
*Замана кайдан оңолду.*

Же болбосо:

*Алык-салык көбөйүп,*
*Бей-бечара зарылды.*
*Шарият иши бүт калып,*
*Закон деген табылды,*[1] - деген сыяктуу көптөгөн белгилер менен замандын бузулуп баратышын сүрөттөйт. Көп дегенибиздин себеби балдардын атага баш ийбей, тартип-талимдин таасиринин кетиши, дин өкүлдөрүнүн адамдарды алдоо жолуна өтүшү, түрдүү салыктардын көбөйүшү сыяктуу белгилердин бардыгы «Зар заманда» дал ошол бузулууну далилдөөчү факторлор катары келтирилет.

[1] Мурас. Ырлар. – Ф., 1990, 41-182-б.

Молдо Кылыч диний билим-түшүнүгү салыштырмалуу терең болбогону менен, анын динге болгон ишеними бекем. Анын терең ишениминде эгерде элдин бардыгы шарият жолун жолдоп, дин эрежелерин бекем туткан болсо, заман мынчалык зар заманга айланбайт эле. Албетте, ал да өзүнүн чен-өлчөмүндө туура. Бирок замандын бузулуп баратышы - коомдун өзүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү закондоруна, ал-абалына байланышкан көрүнүш. Аны жазгыч ырчы жагымсыз көрүнүштөр катары түшүнүп, ырчы катары гана баалап, өз оюн билдирет. Айрыкча дин жолуна түшпөгөн адамдар - жаман адамдар. Маселен:

*1. Айтып келем сөз кылып,*
*Нечен түркүн адамды.*
*Китеп сөзүн тутпаган,*
*Дини катуу жаманды.*
*2. Шек келтирбе сөзүнө,*
*Китеп ачкан молдого.*
*3. Эч бир адам жетпеди,*
*Шарияттын баркына.*
*Ырайым кылып кудайым,*
*Ыйман берсин жалпыга.*
*4. Сабыр кылмак пендеден,*
*Ырыскы, насип алладан.*
*Он сегиз миң ааламды,*
*Кудай өзү ылгаган.*

Адам мүнөзүндөгү, туткан жолундагы терс көрүнүштөрдү тизмектеп санап келип, кудайга ишенүү гана жакшылык алып келет деген ойду билдирет акын. Адамдарды ишендирүү үчүн жашоо, анын тарыхы же өнүгүшү жөнүндөгү салттык ой жүгүртүүлөрдү да динге байланыштырып айтат. Мисалы:

*Бу дүйнөнүн белгиси,*
*Ай менен Күн, жылдызы.*
*Жети асман, кара Жер,*
*Жаркыраган күндүзү.*
*Адам ата, Оводон,*
*Ошондон карай белгиси.*
*Өлүп келет канчалык,*
*Нечен түмөн миң киши.*
*Пайгамбарлар баары өлдү,*
*Нечен азиз пенделер*

*Бул дүйнөдөн жөнөлдү.*
*Тобо кылсаң өткөрөр*
*Тоодой болгон күнөөңдү!*[1]

Диний түшүнүктөрдүн ичинен нравалык тазалыкты, адамдардын жакшы жашоосун колдогон эрежелерин кубаттап, ошого үгүттөйт да, ошол эле учурда дин эрежелерин бузган молдолорду сынга алат:

1. *Айталык акыр баянын,*
*Акылың менен карагын.*
*Орусту коюп айталык,*
*Мусулман жактын тарабын.*
*Ичип алды молдолор,*
*Капырың салган арагын.*
2. *Молдолор курсун акыры,*
*Баарынын бузук мүнөзү.*
*Акылы жаман баарынын,*
*Агарган менен төбөсү.*
*Башында туруп кор болду,*
*Пайгамбардын селдеси.*[2]

Бирок дале болсо аео сезими жай бербей, же дин ишенимин жогору баалап, молдолорду да, карапайым адамдарды да жакшылыкка үндөйт:

*Молдо болсоң көңүлүн,*
*Оорутпагын адамдын.*
*Динге залал келтирбе,*
*Текебердүү жаманды.*
*Карап жакшы окугун,*
*Калет кылбай куранды.*
*Чакырбас жерге барбагын,*
*Сооп иштен калбагын.*
*Доорон болсо талашып,*
*Адиясын билбей албагын.*
*Минтпей турган болгон соң,*
*Башыңа селде салбагын.*
*Баарысын бирдей кор кылып,*
*Колуңа теспе албагын.*
*Селденин билсең маанисин,*

---

[1] Мурас. Ырлар. – Ф., 1990, 63-б.
[2] Ошондо. 79-б.

*Пайгамбардын таажысы.*
*Жакшылап тутсаң башыңа,*
*Ыйманыңдын дарысы.*[1]

Демек, Молдо Кылыч канчалык дин өкүлдөрүн сынга албасын, адамдын ыйманын сактоочу, жаман жолдон калкалоочу бирден бир өбөлгө дин деп түшүнөт.

Булардын баарын ошол мезгилдин же Молдо Кылычтын өзүнүн түшүнүк, жол-жоболорунун татаалдыгынан гана деп түшүнүүгө болбойт. Ошол татаалдык менен бирге Молдо Кылыч жашаган мезгилде кыргыз турмушу өз алдынча бирдиктүү бир идеологиясы бар мамлекет катары эмес, уруулар биримдиги, феодалдардын башаламан башкаруусундагы өлкө (жерге) катары жашаган. Ошол себептен ырчылардын ырларында сөз болуп жаткан татаалдык кеңири чагылып келген.

Ой жүгүртүү жагынан алганда Молдо Кылыч турмуш-тиричилик философиясынын деңгээлинде кадыресе ойчул катары көрүнөт. Ак-кара, оң-сол, адилеттүүлүк-адилетсиздик, учурдагы менен өткөндөгү деген карама-каршы түшүнүктөрдү дайыма бирдей алып жүрөт. Бул анда салттык дуалисттик ойломдун туруктуу мүнөздө экенин айгинелейт. Муну анын орустарга карата мамилесинен да билүүгө болот. Эң оболу орустар зар замандын негизги күнөөкөрлөрү. Молдо Кылыч дагы бир белгилүү «Чүй баяны» деген чыгармасында XIX кылымдардагы кыргыздардын турмуш-тиричилигин, калың элдин оор абалын сүрөттөп келип, орустарды мындайча сыпаттайт:

*Орус деген калкыңдын*
*Кыйын экен буйругу*
*Малай кылды кыргызды.*

Диний негизде орустардын чочко кармаганын да каапырлыктын белгиси катары эсептейт.

Кантсе да Молдо Кылыч орустардын өкүмчүлдүгүн, буйрукчулдугун, жалпы кыргызды бийлегенин көрүп туруп, айталы, Молдо Ниязча жек көрүү сезимин чыгарган эмес. Албетте, экөө бир эле XIX кылымда жашаса да, экөө эки шартта жашагандыктан, алардын орустарга мамилеси да ар түрдүү деңгээлде болгон.

Молдо Нияз орустардын келе баштащын, аларга каршы мусулмандардын согушун көргөн. Ал эми Молдо Кылыч орустар бийлей баштаган мезгилде жашап, ошол себептен алардын кыянатчылыктарын, мусулманчылыкка туура келбеген үрп-адаттарын сындаса да,

---

[1] Мурас. Ырлар. – Ф., 1990, 80-б.

биротоло жек көрүүдөн алыс болгон. Акырындап орустардын туткан турмуш-тиричилигин, жалпы эле жакшы жактарын көрө баштагандан кийин, казак-кыргыздын көчүп конгон турмушу менен салыштырып, башкача жыйынтык чыгара баштайт. Акындын салыштыруусунан мисал келтирели:

*Күтпөйт экен кебиңди,*
*Аралаш кылды көп элге*
*Кыргыздан көрдүк залимди.*
*Аманат багып курудуң,*
*Алал жыйган малыңды.*
*Пейлиңе болжоп карасаң,*
*Береке журттан тарылды.*
*Эң залимдик мына бу:*
*Билбеди го жардыны.*

. . . . . . . . . . . . . . . . . . .

*Орустун жоктур залалы,*
*Көрүнөт көзгө карааны.*

. . . . . . . . . . . . . . . . . . .

*Каапырлыгы тийбесе,*
*Канакей мунун жаманы.*
*А болбосо кургурдун,*
*Адамга жоктур залалы.*

. . . . . . . . . . . . . . . . . . .

*Тилмечин салат тишине,*
*Закүндү айтат элине.*
*Капырлык кылып адамга,*
*Каршылык кылбайт динине.*
*Колумдан келип турат деп,*
*Өкүмдүк кылбайт элине.*
*Эмне десе кыргыздын,*
*Ишенип алат кебине.*

. . . . . . . . . . . . . . . . . . .

*Орустун пейли кең экен,*
*Ынсап салган неме экен.*

. . . . . . . . . . . . . . . . . . .

*Тарыткан менен жериңди,*
*Арзан баа кылды эгинди.*
*Тындырып койду жайына,*
*Чабышып жаткан элиңди!*[1]

Келтирилген саптардан Молдо Кылычтын ырларынан орустарга жагынуучулукту эмес, көзү менен көрүп баалаган чындыкты жана ишенимди көрөбүз.

«Чүй баянында» Сары-Өзөн Чүйдүн жер-жемиши эгин эгип, мал бакканы, кооз жерлердин көрүнүшү, жан-жаныбар, курт-кумурскаларына чейин чыныгы берилүү менен сүрөттөлөт. Ал эми Токмоктун базарын барчылык менен молчулуктун символу катары баяндайт.

Бул чыгармадагы өз жергесине суктанып, сыймыктануу идеялары акындын «Керме-Тоо» деген ырында улантылат.

«Кол казалы» деген ырында Молдо Кылыч колуна жара чыгып, көпкө чейин ооруткканын, санаага батып, кыйналганын жана ошого байланышкан санаркоо идеяларын чагылтат.

Молдо Кылыч дээринен байкагыч акын болгондуктан, өзү жазып жаткан көрүнүштү мүмкүн болушунча толугураак сүрөттөөгө умтулат. «Канаттуулар» деген ырында ар бир канаттуунун өзгөчөлүгүн,

---

[1] Мурас. Ырлар. – Ф., 1990, 60-61-б.

өз ара мамилелерин өзгөчө ынтаа коюп сүрөттөйт. Бул белгилүү ченде Молдо Кылычтын жандуу дүйнөнү сыпаттап келип, жашоо жөнүндө жараткан ой толгоосу катары туюлат.

«Алдамчы» деген ырында акын жашап жаткан мезгилде жаралган кулк-мүнөздөгү терс көрүнүштөр баяндалат. Алдамчыга мүнөздүү белгилерди ошол мезгилдеги адамдардын жүрүм-турумунун бузулушу деп баалайт Молдо Кылыч.

«Бүркүттүн тою» чыгармасында канаттуулар жөнүндөгү ойлорун адамдардын коомдо алган ордуна ылайыкташтырып, каймана формада чагылтат.

Кыргыз ырчыларында дээрлик туруктуу тема болуп ырдалып келген маселе аккан сууга байланыштуу. Аны бардык эле ырчылар жашоонун негизи катары ырдашкан. Молдо Кылычтын «Жинди суу» деген ырында, тескерисинче, ташкындап аккан суунун жээкти жемирип, мал-жанды агызган коркунучтуу образы түзүлгөн.

Сыягы, жинди суунун образы - адамдардын ар түрдүү табигый кырсыктардан жапа чегип жатканын көрүп туруп, аео сезими жай бербегенден улам жаралган образ.

«Буудайык» Молдо Кылычтын элдик көркөм мурасты баалап, сактап, алардагы идеяларды кийинки муундарга калтыруу зарылдыгынан пайда болгон чыгармасы десек болот. Мында акын нукура элдик жомокту ырга айлантып жазып чыккан да, мурдагы турпатынан да кызыктуу чыгарма жараткан. Бул жагынан алганда «Буудайык» поэмасы - кыргыздарга мүнөздүү байыркы түшүнүктөрдү изилдөөдө орчундуу обьект боло турган чыгарма. Ошондуктан ал - өз алдынча изилдөөгө арзый турган, көп маанилүү чыгарма.

Молдо Кылычтын эң маанилүү жана кеңири белгилүү чыгармасы «Зилзала» поэмасы болуп саналат. Бул ыр - XX кылымдын башында, 1911-жылы Keминде болгон кыйраткыч жер титирөөнүн таасири менен жазылган чыгарма. 1913-жылы аталган чыгарма Казан басмаканасынан «Кысса-и-Зилзала» («Зилзала жөнүндө баян») деген ат менен китеп болуп чыккан.

Ал кезде Россиядагы революциялык кыймылдан чочулаган мусулман өлкөлөрү мусулман динин кармаган элдерди баш коштуруп, революциялык кыймылга каршы коюуга умтулушкан. Ошол максатта ислам динин ыйык тутууга үндөгөн аракеттер арбын болуп, бул багыттагы ар кандай иштер колдоого ээ болгон. Казан шаарында ислам динине байланышкан китептерди, чыгармаларды атайын чыгарып жайылта турган басмакана болгон. Анын бөлүмү Ташкент шаарында жайгашып, ошондой иштерди жүргүзүшкөн. Ошол багыттагы

иштерден улам Молдо Кылычтын китеби да Казандан жарык көргөн. Албетте, анын чыгышына түрткү берген – анын мотиви болуп саналат. Чыгарманын негизги мотиви - жер титирөөнү бүт элдин дин жолун бекем кармабай, каапырлар менен аралашып жашоого кудай таалаанын нааразылыгы жана жиберген жазасы деп түшүндүрүү жана ошол аркылуу мусулмандарды дин жолун бекем тутууга үндөө. Андан ары жагы өзүнөн-өзү түшүнүктүү: диний аң-сезимди бекемдөө менен орустардын революциялык, же бардык элдерди эркиндикке чыгаруу үчүн падышалык бийликке каршы революциялык аракеттерге башка элдерди да тартууга тоскоолдук кылуу.

Чыгармада жер титирөөдөн жапа чеккен адамдар, мал-жан даана сүрөттөлүп, кырсыктын кыйраткыч күчү көптөгөн далилдер менен айкын көрсөтүлгөн. Мына бул саптар ал көрүнүштү толук элестетип турат:

*Өкүмү күчтүү кудайдын,*
*Өткөрө иши чоң болду.*
*Өлүмдү эске түшүрүп,*
*Алланын иши ушундай.*
*Аманат пенде курусун,*
*Акыл жетпес караса.*
*Кудуреттин жумушун,*
*Жер-дүйнөнү түйлатып.*
*Көрдүңбү мындай кылышын!*[1]

Албетте, Молдо Кылычтын китебин өз мүдөөлөрүнө ылайыктап чыгарышса да, кыргыз ырчыларына мүнөздүү байыркы замандан бери келе жаткан гуманизм, адамдарды аео, күнөөсүз күнөө тарткандарга боорукердик кылуу идеялары тереңде жаткан күч катары Молдо Кылычта да айкын сезилет.

Молдо Кылычтын ушундай чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн изилдөөчү-адистер ар түрдүү баалап келишти. Акындын бирде акталып, бирде караланып келгенин жогоруда сөз кылганбыз.

Жыйынтыктап айтканда, Молдо Кылыч - XIX кылымда кыргыздардан чыккан ойчул, гуманист жана чыгармачыл инсандардын бири.

Анын ырларында көркөмдүктүн, куюлушкан уйкаштыктын, чыныгы поэтикалык стиль-нарктын чектелүү экенин байкаган адистер бул ойго макул болушу мүмкүн. Бирок ырчылар деле жандуу адамдар: бирөөнүн таланты көркөм нарк-насилден көрүнсө, дагы бирөөнүкү турмуш көрүнүштөрүн терең иликтеп-баалоодон көрүнөт, демек, алар да өз алдынча дүйнө.

---

[1] Мурас. Ырлар. – Ф., 1990, 92-93-б.

Молдо Кылычтын маанилүү саптарынан келтиребиз:

*1.Замананын белгиси,*
*Жакшы бузду калыбын.*
*2.Замананын шумдугу,*
*Сөздүн кетти чындыгы.*
*3.Тил байланар бир күнү,*
*Тириликке кубанба.*
*Көңүлүңдү алдатып,*
*Бу дүйнөгө жубанба.*
*4.Кайыр-зекет бергениң,*
*Ыйманыңдын канаты.*
*Ар жоруктан сөз кылган,*
*Молдо Кылыч санаты.*
*5.Оодарылган дүнүйө,*
*Орнобогон түбөлүк.*
*6.Анык сырын билбесем,*
*Айта албадым кандайын.*
*Акылым чак болгон соң,*
*Бир кезекте чечермин.*
*Билим тапсам мындан соң,*
*Жер титирейт солкулдап.*
*Кыямат жуук келген соң,*
*Титирейт деп ойлоймун.*
*Жерге күнөө толгон соң,*
*Жазып калсам кокустан.*
*Жараткан өзү колдосун,*
*7.Жан аманат болгон соң.*
*Жакшы кепти сүйлөңүз,*
*Жазыгы жок адамды,*
*Эч бир жаман көрбөңүз.*
*Жаман айтып чагылтып,*
*Жанга азар бербеңиз.*
*8.Падыша болуп жүрсөң да,*
*Бир өтөсүң арманда.*

Акындын жарык көргөн китептери жана чыгармалары:
1.Мурас. Ырлар. – Ф., 1990, 41-182-беттер.
2.Молдо Кылыч. Казалдар. – Б., 1991[1]

## ЭШМАМБЕТ БАЙСЕЙИТ УУЛУ (1870-1926)

Көрүнүктүү кыргыз ырчысы Эшмамбет Таластагы Кырк-Казык айылында 1870-жылы жакырчылыктан башы чыкпаган кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энеси бай-манаптардын эшигинде малай болушкан. Ал кезде Таласка белгилүү инсан Копо ажы Эшмамбеттин атасын, чоң атасын да малай кылып иштетип жүргөн. Ал диндин берилген тарапкери болгондуктан, ар бир учурда аларга өзүнүн таш боордугун көрсөтүп турган. Сегиз жашар Эшмамбетте андай адилетсиздиктер бай-манаптарды жек көрүү сезимин ойготот. Ал эми жек көрүү ырчылык шык талантын жандантып, ырдоо жолуна түшүрөт. Ал кезде

[1] Молдо Кылычтын бул китебинде анын чыгармачылыгын изилдеген атактуу адабиятчы Тазабек Саманчиндин 1948-ж. жарык көргөн «Кылыч жазгыч акын» деген эмгеги да орун алган.

Кетмен-Төбө, Таласта кыргызга белгилүү атактуу ырчылар болгон. Ошолордой болууну эңсеген Эшмамбет тайманбай ырдай баштайт. Талантынын такшалышына Токтогулдун таасири чоң болгон.

Ал экөөнүн эшен-калпаларга карата айтышкан ырларында идеялары менен көз караштарынын гана эмес талант жагынан да бир деңгээлде экендиги байкалып турат. Анын калк арасындагы кадыр-баркы, ырчылык даңазасы да күчтүү болгон. Токтогул менен ырчылык жагынан бир катарда турганын анын санат-насыят ырлары да айгинелеп турат. Токтогул менен Эшмамбеттин калпаларга, эшендерге карата ырдаган ырларында, экөөнүн, айрыкча, Токтогул Сибирден келгенде учурашып ырдаган ырларында куюлушкан уйкаштык, көрк берген тыбыштардын симметриясынан турган аллитерациялык коздуктар да Эшмамбеттин жанда жок чебер экендигинин далили.

Экөөнүн калпаларга карата ырдаган ырында, окуя Суусамырда өткөн сыяктуу Токтогул минтип баштап берип жатат:

*Айгыр кочкор айдаган,*
*Теке менен букасы.*
*Суусамырды жайлаган,*
*Азирети эшендер.*
*Кемиптирби пайдадан?*
*Катте-кичик кошулуп,*
*Кекиртеги созулуп,*
*Кер жорго минип алдында,*
*Келаткан экен озунуп.*
*Келтирип соогат сурачы,*
*Эшмамбет, эки колду куушуруп,*[1]

- дегенде Эшмамбет кезеги келгенче эргип алганбы, Токтогулдан да чебер төгөт:

*Ассалому алейкум,*
*Ак селделүү калпабыз.*
*Ак теңгеге толгон бейм,*
*Асынып келген калтаңыз.*

*Ак шарият пири деп,*
*Алдыңан салам айтабыз.*
*Акындар ырдап келгенде,*
*Аздыр-көптүр байкаңыз.*[2]

---

[1] Токтогул. Чыгармалар. 1-т. – Ф., 1968, 47-б.
[2] Ошондо. 47-б.

Куюлушкан ыргак ырдын көркүнө көрк кошуп, угумдуулугун Токтогулдун саптарынан да жогору көрсөтүп турат.

Токтогул менен Эшмамбетти жакын кылган нерсе - алардын көз караштарынын жакындыгы. Эшен-калпаларга карата алар көп ырдашкан. Көрсө санаалаш ырчыларды баш коштурган аларга карата мамиледе экен.

Муну Токтогулдун төмөнкү саптарынан көрөбүз:

*Кубанып эшен калгандыр,*
*Мал чогултуп бергенге.*
*Ачуум келип түйүнөм,*
*Ушундай ак селдени көргөндө.*
*Аралап келип мал жыйнайт,*
*Ак калпак кыргыз элдерге*
*Ак селдечен эшенден*
*Азап-муңду мен көргөм.*
*Айгыр кочкор жыйнаган,*
*Абийирсиз шермендем.*

*Эшендин кесир саатынан,*
*Эл сизге нечен түнөдүм.*
*Бизди айдаткан эшен пир болчу,*
*Алалбай кегим жүрөмүн.*[1]

Көрсө, Токтогулду жалган жалаа жаап, Сибирге айдатууга дал ошол эшен-калпалар күнөөлүү экени мындан көрүнүп турбайбы.

Эшмамбет да «Манаптарды кордоп ырдаган ырында»:

*Ичи тар манап асылган,*
*Жалгандан ушак жазылган.*
*Токтогулду айдатып,*
*Манаптар көөнү басылган.*

*Эшмамбет менен Токтогул,*
*Кедейлерди жактаган.*
*Ошон үчүн манаптар,*
*Эшмамбет менен Токомду.*
*Жоготууга сактаган,*

- деп алардын эшен-калпалар менен бир экендигин далидейт.

---

[1] Мурас. Ырлар. – Ф., 1990, 335-336-б.

1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнө катышкан деп Токтогулду каматканда, Эшмамбет кайрадан Кең-Колго качат. Бирок андагы манаптар Токтогул менен манаптарды жамандап ырдагансың деп, Наманган түрмөсүнө каматышат. Андан сегиз ай жатып качып чыгат. Токтогулдун камалышы, өзүнүн да түрмөгө түшүшү Эшмамбетти айласыз абалга салып, ырчылык демин кыйла сууткан өңдүү. Анткени анын Токтогул менен бирдей экендигине карабай, ырлары өтө аз. Балким, 1926-жылы Эшмамбет өлгөндөн кийин анын ырларын жыйнаган эч ким болгон эместей. А балким, ал өзү жөн эле ырдабай калгандыр. Канткенде да ошончо талант ээси боло туруп, ырларынын аз болушу табышмак. Ырас, 1933-жылы Токтогул өлгөндөн кийин анын ырларын жыйноо иштери жапатырмак жүргүзүлүп, ага анын шакирттери, акын-жазуучулар, изилдөөчүлөр катышышкан. Эшмамбеттин ырларын көп жылдар бою эч ким жыйнаган эмес. Алтымышынчы жылдары гана Эшмамбет менен Корголдун ырлары эл арасынан жыйнала баштайт.

Эшмамбеттин чакан ырлар жыйнагы Бишкектен 1993-жылы гана жарык көргөн. Жыйнакта классикалык санат ырлары, ар түрдүү ырчылар менен айтыштары, карылык жөнүндөгү арман ырлары орун алган. Жыйнактагы ырлар Эшмамбеттин чыгармачылыгына мүнөздүү касиеттерди чагылтып, көркөм мурасыбызды толуктап турат.

Анын чыгармачылыгын изилдөө иштери мындан нары кеңири изилдене бермекчи.

Эшмамбеттин жаркын идеялуу саптары:

*1. Өмүр жашоо бардыгы,*
*Келбейт экен бүркүмгө.*
*Чын акылың жетишсе,*
*Чыныңды бурба күкүмгө.*
*Бул жашоонун чоң жолу,*
*Сала берет түркүмгө.*

*2. Жер бетинде тирилик,*
*Жайнай берет тирилип.*
*Алда кайда озунат,*
*Аккан дайра ийрилип.*
*Адамзаттын өмүрү,*
*Ага берет киринип.*

*3. Ак куулар канат каккандай,*
*Учуп кетти жашчылык.*

*Кашыма бир конду да,*
*Сызып кетти жашчылык.*

4. *Аска да карыйт, таш карыйт,*
*Агала болуп баш карыйт.*
*Асемдеп кийим кийинген,*
*Айдай болгон жаш карыйт.*

5. *Бир ууч эмес өмүрүң,*
*Бул дүйнөдө ким жарыйт.*
*Дүйүм тамак жесе да,*
*Дүйнөдө бардык жан карыйт.*

Эшмамбеттин жарык көргөн китеби:

1. Эшмамбет. Ырлар. Б., 1993.
2. Эшмамбет. «Мурас» ырлар жыйнагында. – Ф., 1990.

## АЛДАШ МОЛДО ЖЭЭНИКЕ УУЛУ (1874-1930)

Көрүнүктүү жазгыч ырчылардын бири Алдаш Молдо 1874-жылы Жети-Өгүз жергесинде кедей адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Бала кезинен ар кимдин коюн кайтарып күн көргөн. Өсүк деген молдонун эшигинде малай жүрүп, ал кишиден араб тамгасында окуп-жазганды үйрөнүп, сабатсыздыгын жоет. Эрезеге жетип, жыйырма жаштан өткөндө диний билим алууга кызыгып, Пржевальскидеги Шакир молдо ачкан медресеге кирет. Сабатсыздыгынын жоюлушу менен катар ал кадыресе диний түшүнүктөргө, шарыят закондору менен эрежелеринин негизинде нраво-этикалык ишенимдерге ээ болот. Ошол түшүнүктөрү анын эрте ойгонгон ырчылык дарамети менен коштолуп, коомдук өнүгүшкө, бийликке, калың элдин жакыр турмушуна кайдыгер карабаган, анын күнөөкөрлөрүн - манаптарды, бийлик өкүлдөрүн аесуз сындаган инсанга айланат.

Бардык эле жазгыч ырчылар турмуш көрүнүштөрүн ылгабай, иргебей ыр менен жазып калууга умтулушкан. Алдаш Молдо бул жагынан чыгармачылык өз алдынчалыкка жетишип, өзү күбө болуп жаткан окуяларды кадыресе талдап көрсөтүүгө жетишкен.

Заман жөнүндө ой жүгүртүшкөн ырчылар өз мезгилин замандын өзгөчө бир этабы же доору катары карашып, мүнөзүнө жараша аташкан. Маселен, Калыгул өз мезгилинин кемчиликтерин сын көз

менен карап «акыр заман» деп атаса, Арстанбек «тар заман», Молдо Кылыч «зар заман» деп атаган. Алардын чыгармачылык салттары менен тааныш болгон Алдаш Молдо өз мезгилин «хал заман» деп атайт. Анысы арабча «ал-абал» деген сөз болуп, ал-абалыңды, аракетиңди, адамдык касиетиңди баалай турган заман деген маанини билдирген.

Заман көйгөйлөрүн эрте туйган ырчы 1906-жылдары өз айылында мектеп ачып, жаңы муундар илим-билимдүү болсо, социалдык адилетсиздиктер жоюлат деген ишенимде болот.

Алгачкы «Шайлоо» деген поэмасында бий-болуштардын бийликке жетүү үчүн ар кандай айла-амалдарды колдонгонун сыпаттап жазган. Андан кийин чыгармачылыкты адилетсиздикке каршы күрөштүн ыкмасы катары колдонуп, бай-манаптардын, бийлик ээлеринин кулкмүнөзүн мыскылдаган чыгармаларды жазат. Чыгармачылыгы, аңсезими коом жөнүндөгү түшүнүктөрү улам өнүгүп, кеңейип олтурат. Бул багытта «Хал заман» деген поэма жазып, анда орустардын Ысык-Көл кылаасында жүргүзгөн талоончул саясатын айыптаган. Орустар ал кезде кыргыздарды бийлөөнүн жаңы формасын – жерлерин тартып алууну, өздөрүн куугунтуктоону колдоно башташкан.

«1912-жылы болгон бир окуя» деген көлөмдүү ырында бир айылдаш тааныштарынын өз ара мамилелерин, айла-амалдарын сүрөттөйт. Мындан биз ошол кездеги адамдардын түшүнүктөрү, турмуш тиричилиги, умтулуулары жөнүндө маалымат алабыз. Чыгармада белгилүү манасчы «Манас» эпосун С. Орозбаковдон көчүрүп алуучу Ыбрайым Абдрахманов жөнүндө да айтылат.

«1913-1914-жылдарда хуторлор тууралуу» деген ырында кыргыз манаптарынын алдым-жуттумдугу, падышалык Россиянын колонизатордук саясатын колдоп, өз элин бүлгүнгө учураткан аракеттери ачык-айкын мисалдар менен айыпталат. Кедей-кембагалдардын жакырчылык абалында манаптардын боз үйүнүн сыртына чейин жибек, шайы менен жасалгалап жатканы ыймансыздык деп айтылат.

Алдаш Молдо 1916-жылдагы үркүн жөнүндө да көп жазган.

«1916-жылкы үркүндүн алдында» деген ыры Алдаш Молдонун ошол үркүн жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн бай экендигин, падышалык Россиянын баскынчыл саясатын тереңирээк түшүндүрүүгө аракет кылганын көрсөтүп турат. Ырда Кара-Кол уездинин начальниги бир дубандын башчысын чакырып алып, 14 жаштан 42 жашка чейинки эркектердин аскерге (солдаттыкка) бардык жерден алына тургандыгы жөнүндө буйрук билдирет. Акын аны мындайча ырга салат:

*О, калайык калың журт,*
*Уктуңарбы бир шумдук.*
*Кара-Колдун оезу,*
*Чакырып алып өгүнү,*
*Бир дубандын башчысын,*
*Атка минер жакшысын.*
*Кеңсаларга тургузган,*
*Приказ окуп угузган:*
*«Он төрт жаштан өөдөнү,*
*Кырк эки жаштан төмөндү.*
*Ак падышалык кызматка,*
*Бересиң балаң солдатка.*
*Алды менен келесиң,*
*Алдыма менин олтурган,*
*Балаңды силер бересиң,*
*Силерден мурун албасак.*
*Келжиреген кедейлер,*
*Кеп билбеген дөдөйлөр,*
*Бунт чыгарып ийбесин.*
*Алгандан кийин кедейдин,*
*Балаңарды силердин,*
*Мен бошотуп ийемин.*
*Бүгүндөн калбай кайткыла,*
*Элге барып айткыла.*
*Мына падышанын буйругун,*
*Мен силерге угуздум».*

Уезддин начальнигининин буйрук бергенин, өкүмчүлдүгүн Алдаш Молдо ыры менен да таасирдүү жана ишенерлик бере алган. Кыргыз балдарын Россиянын падышасына алуу, аны биринчи дүйнөлүк согушка пайдалануу максаты, анын көйгөйлүү маселелери тарыхчылар тарабынан алда канча мазмундуу изилденген. Бул маселе адабияттын да түрдүү жанрларында чагылтылган. Деги бул темага жаңы кыргыз адабиятында ырчылар да көп кайрылышкан. Бирок алардын ичинде Алдаш Молдонун чыгармалары ошол кездеги кырдаалды тарыхый негизде даректүү баяндаганы менен баалуу.

Алдаш Молдо «Үркүн» поэмасында айласыздан качкын болгон миңдеген кыргыздардын башынан өткөргөн азап-тозокторду кеңири сүрөттөп, эзүүгө дуушар болгондорду аяса да кайдыгер байкоочу катары да эмес, акын мындай кыянатчылыктар жазаланбай калбайт деген үмүт тилегин баяндайт.

Эң кызык жери башка жазгычтарга караганда түрдүү маалыматтарды көп билгендигин айгинелеп, Алдаш Молдо Лениндин революциялык иштерди жүргүзүп жатканын, ал байлардан өч аларын, элибизде болуп жаткан кыянатчылыктарды Маскөөгө барып билдиргиси келгенин айтат.

«Алты шаар» деген ыры да «Үркүн» поэмасынын үзүндүсү. Мында «Үркүн болор алдында», «Үркүн» деген чыгармаларда берилген маалыматтар кеңири географиялык чөлкөмдө баяндалат. Башкача айтканда, эзилгендердин ал-абалын, алардай адамдар башка шаарларда да болуп жатканын көрсөтөт. Мында Турфан, Текес, Кашкар жергесиндеги кыргыз айыл-кыштактарынын тургундарынын оор абалы кеңири чагылтылат.

Акындын белгилүү чыгармаларынын бири «Ормон-Балбай» тарыхый мазмундагы поэмасы. Мында тарыхта болуп өткөн бугу, сарыбагыш урууларынын ортосундагы согуштун чыгышына байланышкан маселелер талданып, көлдүктөрдүн позициясынан баа берилет. Ормон хан Ысык-Көлдүн айланасында жашап жаткан элдерди чаап-талап, жеринен айдап чыгып, ошол чөлкөмдү ээлеп алмакчы болгон баскынчы катары көрсөтүлөт.

Ормондун оюн, умтулушун акын анын ал-абалын сүрөттөөдөн эле билдире алат:

*Оргочордун жонуна,*
*Ормон чыгып олтурду.*
*Ойлоп акыл толтурду.*
*Тескей менен күнгөйдү,*
*Тегерете карады.*
*Жерди байкап сынады:*
*«Бетегелүү Ысык-Көл*
*Менин жерим болсо, - деп,*
*Темир, болот, черикчи*
*Тегерете консо, - деп,*
*Ормон жерге суктанды,*
*Жер алууга ыктанды».*[1]

Бул сүрөт Ормондун чечимге келиши катары таасир этет.

Тилекке каршы, «Мурас» ырлар жыйнагында Алдаш Молдонун поэмаларынан үзүндүлөр гана келтирилген. Ошондуктан акындын чыгармалары жөнүндө толук мазмунда ой айтуу да кыйын.

Жалпысынан алганда, Алдаш Молдонун чыгармачылыгы жазгыч акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн тереңдеп үйрөнүүдө жана алардын кыргыз адабиятынын тарыхында алган ордун аныктоодо маанилүү роль ойнойт.

Алдаш Молдонун канаттуу саптары анын талантынын жазмачылык менен гана чектелбей, классикалык санат-насыят ырларынан да алыс эмес экенин далилдейт.

1. *Кандан дөөлөт кетерде,*
*Калыстыгы жок болот.*
*Зулумдугу көп болот,*
*Адилети жок болот.*
*Калкка мээнет жетээрде,*

---

[1] Мурас. Ырлар. – Ф., 1990, 223-224-б.

*Калабасы көп болот.*
*Кайрылары жок болот.*
*Байдан дөөлөт кетээрде,*
*Сараңдыгы көп болот.*
*Сакабаты жок болот.*
*Элге мээнет жетээрде,*
*Эки жааты көп болот.*
*Ынтымагы жок болот.*

*2. Уккан- жалган, көргөн –чын,*
*Кедейлер-алсыз, байлар-тың.*

*3. Мен айтайын эмкисин,*
*Уруят заман белгисин.*
*Кылычтын өттү «Зар заман»*
*Андан кийин мен жазган*
*А дагы өттү «Хал заман».*
*Үстүндө азыр турабыз,*
*Мына бу турган «Тар заман».*
*Артыкча кыргыз элине*
*Эң эле кор-кар заман.*
*4. Эми болот тең заман,*
*Эң эле зор кең заман.*
*Бай жардыга тең болбойт,*
*Эч кимге кедей жем болбойт.*
*Эркектен аял кем болбойт,*
*Бай-манап сөзү эм болбойт.*

*5. Падыша залим кутурду,*
*Букарасын тең көрбөй.*
*Бузуп журттун мүнөзүн,*
*Бирине бирин тукурду.*
*Талабы качар өкүмөт,*
*Өзүнө казат чуңкурду.*
*Падыша залим Николай,*
*Балекет баскан иттер ай,*
*Билимге качан тең кылды,*
*Артыкча биздин кыргызды.*
*Бирине бирин жем кылды,*
*Билимсизди бий кылды.*

*6. Кабыл болсун тилегим,*
*Калкылдап кагат жүрөгүм.*
*Кабылчудай каймана,*
*Уруят күтүп жүрөмүн.*

Алдаш Молдонун жарыяланган жана сунуш кылынган ырлары:
1. Мурас. Ырлар. – Ф., 1990, 183-227-беттер.

## ЫСАК ШАЙБЕКОВ (1880-1958)

Жазгыч ырчылардын салтын уланткан атактуу акын Ысак Шайбеков 1880-жылы Кеминдин Чоң-Кемин айлында туулган. Жаш кезинен жетим калып, оор турмушту башынан кечирет. Түрдүү байлардын малын багып, малайлыкта күн көрөт.

Ошол азап-тозоктун запкысын көрүп олтуруп, анын ырчылыгы да, инсандык көз караштары да калыптанат.

Адегенден эле таптык сезими ачык болуп, кедей-кембагалдардын оор турмушун кантип оңолтуу керек, ошол турмуштун күнөөкөрлөрү ким, түпкү себеби эмнеде деген суроолорго жооп издетип, чыгармачылыктын жолуна түшүрөт.

Ысак Шайбеков 1900-жылдары Токмокто диний мектепке окууга кирет. Бирок кат сабатсыздыгы жоюлгандан кийин мектепте окуусун таштап, ар түрдүү канцелярдык иштерди аткарып жүрөт. Айрыкча Быстровка кыштагында ата-энелердин өтүнүчү менен балдарды окутат.

1916-жылы кыргыз элинин башына түшкөн үркүндө эл менен кошо Ысак да Кытайга качат. Падышалык бийлик, жергиликтүү бай манаптар чыныгы элдик эзүүчүлөр экендигине биротоло көзү жеткенден кийин Кытайдан кайра келип, Кеңеш өкмөтүн ар тараптан колдоп, анын уюмдарында кызмат кыла баштайт. Ал биринчилерден болуп «Пролетарлардын демократтык союзу» деген алгачкы уюмга мүчө болуп кирет. Анын таасири менен жаш совет бийлигин колдоодо өтө активдүүлүгүн көрсөтүп, Алма-Ата шаарында өткөн Советтердин биринчи сьездине делегат болуп катышат. Ал сьезд совет бийлигин ар тараптуу колдоого, эскинин саркындыларын жоюуга арналган сьезд болуп, ага Орто Азия элдеринен көп делегаттар катышкан. Сьезд иш жүзүндө совет бийлигинин орногонун билдирип, карапайым элдердин таптык сезиминин ойгонушуна алып келген.

Совет бийлигине чыныгы берилгендикти көрсөткөн Ысак Шайбеков 1920-жылы Нарын чөлкөмүндө жаңыдан орногон совет бийлигине каршы бай-манаптар менен ак сөөк орустардын көтөрүлүшүн басууга катышат. Ал эми 1922-1924 - жылдары Быстровка волостунда ревкомдун төрагасы болуп кызмат кылат. Андан кийин көп жылдар бою айыл чарбасынын тармактарында жана жергиликтүү уюмдарда ар түрдүү кызматтарды аткарат.

Чыгармачылыгы жагынан же ырчылык дарамети жагынан жамакчы ырчынын деңгээлинде болсо да Ысак Шайбеков жыйырманчы кылымдын башында болуп өткөн окуялардын таасири менен кыргыздар жашаган коомдун түрдүү жактарын көркөм чагылтууга аракет кылган. Акындын чыгармачылыгында өзөктүү орунду ээлеген окуялар 1911-жылда болгон Кеминдеги жер титирөө жана 1916-жылдагы көтөрүлүштөн улам элдин Кытайга качышы болуп саналат.

Ырас, совет мезгилинде кырк жыл жашап, 1958-жылы дүйнөдөн кайткан Ысак Шайбеков ал мезгилдеги жаркын окуяларды, белгилүү даталарга байланыштуу өзүнүн ой тилектерин көп жазган. Анын чыгармалары акыркы жолу 1975-жылы жарык көргөн «Кайран эл» деген ырлар жыйнагына топтоштурулган.

Совет мезгилинде жазган ырларында партияны, Ленинди, Совет бийлигинин жетишкендиктерин, өзү күбө болгон маанилүү окуяларды, адамдарды, айрыкча Улуу Ата Мекендик согуштан жапа чеккен элибиздин түпкү мүдөөсү болгон тынчтыкты даңазалап ырлар жаз-

ган. Андай багытта акындын ырлары канчалык арбын болсо да профессионалдык жазма адабият пайда болуп, анын мыкты өкүлдөрүнүн өлбөс-өчпөс чыгармалары жаралып жаткан шартта акыл-эсти бийлеп алгандай таасирден алыс болгон, башкача айтканда, жалпы хордун ичинде билинбей калган. Маселенин бул жагын алганда мунун өзү бир эле Ысак Шайбеков эмес, көптөгөн ырчылар дуушар болгон закон ченемдүү шарт эле. Кантсе да Ысак Шайбековдун бүткүл чыгармачылык күчүн, түшүнүк көз караштарын даана чагылтып турган чыгармалары «Зилзала», «Азган эл», «Кайран эл», «Кайткан эл» поэмалары болуп саналат.

Жогоруда белгилегендей, «Зилзала» поэмасы 1911-жылы болгон жер титирөөдөн жапа чеккен элдин оор жана аянычтуу абалы жөнүндө баяндайт.

Ошол жер титирөө жөнүндө Молдо Кылычтын, Калык Акиевдин да чыгармалары бар. Алар да өз түшүнүктөрүнө, чыгармачылык өзгөчөлүгүнө жараша ошол теманы чагылтышкан.

Бирок Ысак Шайбеков өзүнүн «Зилзаласында» бул кырсык элибиз динди бекем тутпай калгандыктан, ошондой эле адилетсиз бийликтин жана элди эзген бай-манаптардын кесепетинен улам чыкты деген түшүнүктө бекем турат:

*Көргөзүп турат зилзала,*
*Калк дининен безгенди.*
*Алы жеткен адамдар,*
*Бечараны эзгенди.*

*Элден жеди жакшысы,*
*Түз жүрбөдү таксыры.*
*Анын үчүн периште,*
*Жер киндигинактыбы.*

Мындайча түшүнүктөр жер титирөөдөн жапа чеккендерди кайдыгер байкап турган кишинин ойлору эмес, ошолорго күйгөндөн келип чыккан ойлор. Андай ойлор - коомду, бийликти, социалдык адилетсиздикти кантип оңдоо керек, кантип бей-бечараларды азаптан куткаруу керек деген чыныгы боорукер демократ ырчынын ойлору. Кезегинде айтылбаса да Ысак Шайбековдун чыгармачылыгына карата анда көркөмдүк поэтикалык талдоо, элестетүү эмес, карандай фактыларды саноо, аларды маани-маңызына, чен өлчөмүнө карабай бир катарга тизе берүү дегендей таасир бар эле. Андай таасирди туура деп кабыл алууга болбойт. Анткени Ысак Шайбеков чыгарма-

чылыгын баштаган мезгилде өзүнүн түшүнүк-туйгусуна, ырчылык дараметине жараша кабыл алган стилдик көркөмдүк жолу ошондой эле. Ал – бардык эле жазгыч ырчыларга мүнөздүү көрүнүш.

Ысак Шайбеков 1916-жылдагы үркүндү да дал ошол зилзаладай кабыл алып, үч бөлүктөн турган же өз алдынча турган үч поэма жазган. Биринчиси «Азган эл» деп аталат да, ошол кезде казак-кыргызда кеңири колдонула баштаган он бир муундук ыр саптары менен жазылган. Демек, Ысак Шайбеков өз идеяларын төгүп ырдоодо колдонулган жети-сегиз муундук ыр саптарын да бирдей колдонот. Чындыгында, кеп муунда деле эмес, кеп өз идеяларын таасын чагылтууда турат.

Поэмада кыргыз элинин каатчылыктан азап чегиши, Николай падышанын залимдигинен деп айтылат да, жергиликтүү бай манаптар да ошол адилетсиз падышага кызмат кылып, азып-тозгондорду андан бетер кыйнап жатат деп айтылат.

Поэмага киришкенде эле акын алдына атайын коюлган максатын билдирет:

*Ат койдум бул ырыма «Азган эл» деп,*
*Икая куруяттан сүйлөйүн кеп.*
*Жазайын Николайдын залимдигин*
*Сөзүмдү уккан адам кылабы эп?*[1]

Акын чыгарманын башынан аягына чейин кедей кембагалдардын укуксуздугун, аянычтуу турмуш-тиричилигин, бийликтегилердин талап- тоногондорун баяндап олтурат. Бирок чыгармада акындын айтайын деген ою кээде эчак эле белгилүү болуп турса да, маселен:

*Чыдабай бул кордукка каршы бастык,*
*Айры, чокмор, найзачан согуш ачтык.*
*Жазалоо отряды кол салганда*
*Чыдабай Кытай жакка кире качтык.*[2] *- деп,*

абалдын оордугун дааналап, көп фактылар менен көрсөтүп, окурмандын көңүлүн буруу үчүн кеңири маалыматтарды берип олтурат.

Акындын айтылуу «Кайран эл» поэмасы ошол эле темада, бирок кыска муундуу ыкмада жазылып, каргашалуу турмуштун көрүнүштөрү мурдагыдан да арбын мисалдар менен толукталып олтурат. Тиричиликтин бештен белгилүү кемчиликтери менен бирге бир эле мезгилде:

---

[1] Мурас. Ырлар. – Ф., 1990, 428-б.
[2] Ошондо. 428-б.

Өз жеринен адашып,
*Арман кылды кайран эл, –*

деп жалпы элдик трагедиядан элес берет.

Үчүнчү чыгарма болуп эсептелген «Кайткан эл» деген поэмада Россиядагы революциядан улам Николай падышанын бийлигинин кулашы жөнүндө жагымдуу кабар угулганын, эл азып-тозсо да өз жерине кайтып келерин мына мындай саптар аркылуу сүрөттөп чагылтат:

*Угулду март айында жакшы кабар,*
*Кубандык качкан, тозгон бечаралар.*
*Болгону ал кабардын анык болсо,*
*Качкан эл жер-жерине кайтып барар.*[1]

Бул чыгармада жалпы элдик оор турмушту өз башынан өткөргөн күндөрү менен бирге сүрөттөп, акын чыгарманын мазмундуу болушуна жетишкен.

Ысак Шайбековдун аталган чыгармалары өз кезегинде Аалы Токомбаев сыяктуу көрүнүктүү инсандардын жогорку баасына ээ болгон.

1916-жылдагы үркүндү, XX кылымдын башындагы кыргыз турмушун изилдеген окумуштуу тарыхчылар, философтор, саясатчылар, экономисттер Ысак Шайбековдун аталган чыгармаларынан көп баалуу маалыматтарды алышкан.

Демек, кыргыздардын коомдук-социалдык өнүгүшүн таанып-билүүдө акындын чыгармалары маанилүү роль ойногон. Тематикалык жактан бул чыгармалар жаңы профессионалдык жазма адабияттын калыптанышында да зор мааниге ээ болгон.

Ысак Шайбековдун эсте каларлык саптарынан мисалдарды келтирели:

1. *Калкты жеди манабы,*
*Акысы бардай санады.*
*Жарды-жалчы кедейге,*
*Күн көрсөтпөй камады.*

2. *Туура жүрбөй молдосу,*
*Элге чыккан кожосу.*
*Кожо, молдо, манаптын,*
*Кедейлер эле олжосу.*

---

1 Мурас. Ырлар. – Ф., 1940, 431-б.

*3. Адил болбойт бийлери,*
*Жардыны жаман ийледи.*
*Дайым бийдин кедейге,*
*Эч пайдасы тийбеди.*

*4. Манаптар салык, акча алат,*
*Жума сайын кол салат.*
*Берген сайын бечара,*
*Каргап шилеп какшанат.*

*5. Баш кошуп чогуу байыр албай,*
*Сайлап жүрөт кайран эл.*
*Азаттыкты эңсешип,*
*Зарлап жүрөт кайран эл.*

*6. Өз жеринен адашып,*
*Арман кылды кайран эл.*

Ысак Шайбековдун жарык көргөн чыгармалары:
1. Ысак Шайбеков Кайран эл. Ырлар. – Ф., 1975
2. Мурас. Ырлар. – Ф., 1990, 417-432-беттер.

## КОРГОЛ ДОСУЕВ (1882-1962)

Көрүнүктүү ырчы 1882-жылы Кетмен-Төбөнүн Токтобек-Сай айылында көркөм өнөрдү аркалаган үй-бүлөдө туулган. Атасы Досу чебер комузчу болуп, комуз күүлөрүнүн маани-маңызын, тарыхын жакшы билип, ири комузчулар менен жакындан тааныш болгондуктан, Корголдун комузчу болушун каалаган. Бул жагынан анын Корголго тийгизген таасири чоң. Ошону менен бирге ал устачылык, дыйканчылык менен бирге күн көрүп, көзгө атар мерген да болгон. Бул да баласынын чыныгы элдик багытта тарбияланышына, демократтык көз караштарынын эрте ойгонушуна шарт түзгөн. Корголдун ырчылык өнөрүнө, талантынын ойгонушуна апасы Ипел (Үпөл?) да түрткү берген. Анткени ал сөз өнөрүнүн кадырын мыкты билген чебер кошокчу болгон.

Корголдун ырчылык-комузчулук чеберчиликке жетишишинде атактуу комузчу Ниязаалы Борош уулунун жана Токтогул баш болгон ырчылардын таасири күчтүү болгон. Бул анын чыгармачылыгы-

нын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн экинчи жана негизги булагы болуп саналат. Муну мындай маалыматтар да далилдеп турат. Маселен, Коргол 14 жашында кадыресе элге таанылып, ырчы, комузчу болуп калат. Бул мезгилде Ниязалы кырк жашта, Токтогул отуз эки жашта болуп, дасыккан чебер, атак-даңктуу инсандар катары бүт кыргыз жергесине таанылып калган эле. Ошондуктан алардын чыгармачылыгы да, атак-даңкы да бала ырчыга таасир этпей койгон эмес. Анын ырчылык, комузчулук өнөрү, чыгармачылык кумары көркөмдүк поэтикалык жана стилдик чеберчилик жагынан да ушул эки улуу инсандардын таасири менен өнүгүү жолуна түшөт.

Даректүү маалыматтар боюнча, отузунчу жылдардын башында бүт кыргыз жергесинен таланттуу өнөрпоздорду борборго чакырып, жаңы маданият мекемелерин - филормония, театрларды түптөө иштери башталат. Кетмен-Төбөдөн Токтогул да чакыртылып, бирок өзүнүн ырында келтирилгендей, аны түшүнбөгөн сокур жана маданиятсыз чиновниктер «карыптырсыз, кетип калыңыз» дешип, шагын сындырышат. Бул адилетсиздик Корголдун да зээнинде капалык сезимин козгоп, кийинчээрек кабыл алынса да, кетип калууга аргасыз кылат. Дагы бир жагдай, атап айтканда, айрыкча филармонияда ырдай баштаган ырчыларды атайын ар учурда көрсөтмө берип ырдатуу, Сталинди мактатуу чыныгы элдик ырчыларга жаккан эмес. Алардын бири Коргол ырчы болгон.

Совет мезгилинде эл арасында жашап, эл мүдөөлөрүн ырдаган өнөрпоздордун мындай чечимге барышы да, бийликтин өз жетекчилерин, саясатын мактап ырдатышы да табигий көрүнүш. Анткени ырчыларда өз багыттарынан, асыл салттарынан баш тартып, «жаңыча» ырдоо жолуна өтүп ырдашы кыйын эле. Ал эми бийлик да өзүнүн идеялогиясын, саясатын бекемдөөгө, бүткүл элди өзүнө тартып, темирдей тартип менен кармоого муктаж эле. Эркин ой жүгүртүү бийакта турсун, партиялык саясатты түшүнбөй калуу, чала түшүнүү, ага каршы чыгуу катары бааланып, репрессия иштери жүргүзүлгөн.

Мындай шарттан улам Бишкекте жашай албай, Кетмен-Төбөгө кетип калган Коргол ырчы чыгармачылык демин бир кыйла басаңдатып, негизинен, мурда билгендерин ырдап, күүлөрүн чертип жүрүү менен чектелет. Анын салыштырмалуу түрдө ырларынын аз болушу да ушуга байланыштуу. Репрессиядан түрдүү айыптоолордон чочулагандык да таасир этпей койгон эмес.

Бул мезгилде Коргол ырчы Токтогулдун ырларын жыйнап, маарекесин өткөрүү иштерине активдүү катышып, улуу устатынын ыр-күүлөрүн жаздыртып, өмүрү жөнүндө маалыматтарды берет.

Оргуган чыгармачылык мурдагыдай болбосо да, кайра жанданып, андан ары бирде күчөп, бирде басаңдап жүрүп олтурат. Коргол өзүнүн устаттарынын нускалуу чыгармаларын жакшы билгендиктен, алардын стилдик-көркөмдүк өзгөчөлүгүн өз чыгармачылыгында сактоого, үлгү катары өздөштүрүүгө умтулган. Айталы, Жеңижоктун зергер чеберчилиги аны дайыма ошондой ырдоого кумарлантып келгендиктен, аны менен биринчи учурашканда эле анын ыкмасына салып ырдайт:

*Ата-тегиң Таластан,*
*Ар санаттан сабатсаң.*
*Ар дубанга жарашкан,*
*Акын болор бекенмин*
*Айтканың угуп жанашсам.*

*Түпкүлүгүң Таластан,*
*Төгүп ырдап олтурсаң,*
*Топ жыйынга жарашкан.*
*Токтолбой ырдар бекенмин,*
*Таалимиң алып жанашсам.*

Ырда андан нары Жеңижокко арзып келгендиги, андан үлгү алып үйрөнүү өмүрлүк максаты катары баяндалат. Бул деле – демейдеги көрүнүш. Биздин айталы дегенибиз Жеңижокко Жеңижоктой ырдай алган Корголдун ырчылык таланты болуп жатат. Байыркы мезгилдерден бери ырчы же комузчу өз устатына, же көксөгөн таланттуу кишисине ырдаганда дал ошонун стилин сактап ырдашы, же күү чертиши салт катары сакталып келген. Устатынын купулуна толуп, аны жактырып баалашына арзый тургандай деңгээлде өзүн көрсөтүү үчүн жаш таланттар дал ошол кишинин ыкмаларын колдонушкан. Бул салтты Коргол да татыктуу колдонуп олтурат. Эң кызыгы Коргол Жеңижокко абдан жагып калгандыктан, ал алкоо сөзүн гана ырдабай, андан нары ырдаганда эмнени ырдоо кызыктуу болорун ырдап, өзүнчө эле ырчылык өнөрдүн программасын сунуш кылат. Жеңижоктой зергер чебердин алкоосуна арзыгандын өзү - Корголдун талантынын жогору бааланышы.

Жеңижоктун Корголго жооп ырында ал Токтогул менен Эшмамбеттин ырларын алып калганын, айтыштарда тартынбай ырда деп, ырчылык өнөрдүн улуу экендигин, байыркы замандардан бери кыргыз эли кастарлап келген өнөр деп белгилейт да, өзүнүн маанилүү ойлорун айтат:

*Он сегиз миң ааламды,*
*Жер үстүндө адамды*
*Кошуп айтсаң бир кызык.*
*Бутактантып көбөйтүп,*
*Элди шаңга бөлөнтүп,*
*Созуп айтсаң бир кызык.*
*Адам Ата, Умайдан,*
*Төгүп айтсаң бир кызык.*
*Жер үстүндө нааданды,*
*Эмгек кылбас адамды*
*Сөгүп айтсаң бир кызык.*
*Аксы менен Таластын,*
*Көкчө менен Манастын,*
*Жөнүн айтсаң бир кызык.*
*«Жаныш-Байыш», «Курманбек»*
*Эрдиктери мында деп,*
*Көбүн айтсаң бир кызык.*

*Ай, жылдызы жаркырап,*
*Нурун төккөн баркырап,*
*Айтар болсоң жылдызды айт.*
*Түпкүлүгүн ойлогон,*
*Тууган жерин коргогон,*
*Түпкү атабыз кыргызды айт.*[1]

Мындагы идеялар - байыркысын айтпасак да, орто кылымдардан бери айтылып келе жаткан, элди эл кылган, улуттук менталитетти түзгөн рухий мурастар. Муну азыркыча айтканда, ырчылык өнөрдүн сапаттык белгилери. Жеңижок дал ушул идеяларды тереңдетип ырдоого Корголдун дарамети бар экендигин көрүп туруп, «тапшырма» берип жаткандай ырдайт.

Чындыгында да, Коргол ырчы Жеңижоктун үмүтүн актап ырдап жүрдү. Жаңы мезгилде шартка жараша ырдаса да, өзүндө калыптанган ырчылык нарк-насилден айныган жок. Чеберчилик жагынан анын ырларында Жеңижоктун таасири байкалса, адилетсиздикке келишкис мамилесин чагылткан ырларында Токтогулдун таасири байкалат.

Албетте, таасири дегенде стиль, ыргак, форма жана мазмун жагынан аларды жолдоп ошондой ыкмада ырдоону гана түшүнүү керек. Ал эми тематикасы, ырдын мазмуну ырчынын жеке чыгармачылыгына, ойломуна жана түшүнүктөрүнө гана байланыштуу чагылат.

---

[1] Жеңижок. Ырлар. – Ф., 1982, 120-б.

Ал көрүнүктүү ырчылардан тартып, атап айтканда, Жеңижок, Токтогул, Эшмамбет, Совет мезгилинде Алымкул, Токтосундар менен да айтышып ырдашкан. Бул айтыштар өлбөс өнөрдүн өчпөс мурасы катары жашап келет. Анткени алар «Айтыштар» деген эки томдук жыйнакка, Токтогулдун, Алымкулдун томдоруна, Корголдун өзүнүн шакирттеринин ырлар жыйнагына кирип, рухий мурастардын төрүнөн орун алган.

Улуу устаты Токтогулдун ырларын жыйнап, басмадан чыгаруу ишине да Коргол өз билгендерин айтып берип, аларды тактап, иликтеп изилдөө иштерине көмөк көрсөткөн. Токтогул менен бирге болуп, чыгармачылыгын жана турмуш тиричилигин жакшы билиши анын ырларын текстологиялык жактан тактоого, демек, Токтогулдун чыныгы элдик ырчы катары таанылышында адис изилдөөчүлөргө жакындан жардам көрсөткөн.

Коргол ырчынын инсан катары чынчылдыгы атайын сөз кылууга арзыйт. Анткени чыгармачылык аны менен шугулданган адамдан аябагандай эмгекти да, тактыкты да талап кылып, жаңыланууга жана жасалмалуулукка тыюу салат. Бирок жаңылбас жаак болбойт дегендей, ырчылар да жаңылышат, окуя фактыларды так билбей же алмаштырып алган учурлар болот. Мындай жаңылыштыктар көп учурда көз жаздымында оңдолбой, түзөлбөй калып кетет. Бул изилдөө иштери үчүн гана эмес, кийинки муундар үчүн да татаал табышмак бойдон кала берет. Андай ырчылар өз жаңылыштыктарын мойнуна алып, учурунда тактап коюну көп учурда каалашпайт, жеке мүнөз уруксат бербейт. Ал эми чыныгы ырчылар өз катасын мойнуна алып, чынчылдыгын билдиришет. Демек, чынчылдык - ырчылык өнөргө тутка болгон негизги принциптердин бири.

Бир кезде Коргол ырчы атактуу Алымкул Үсөнбаев менен айтышкан. Алымкул филормонияга алып барсам, кетип калгансыз деп, аз болсо да айыптап ырдайт. Коргол ырчы жооп берип ырдайт. Бул айтышта изилдөөчүлөр Корголдун ырында өткөнгө өкүнүү мотиви бар дешип, бирок аны чечмелешкен эмес. Коргол айтышында минтип жатпайбы:

*Мастыкбы же жаштыкпы,*
*Бузуктун кирип тилине,*
*Каршы ырдапмын уялбай,*
*Үлгүсүн алган пириме.*
*Кечилбес кайгы салыпмын,*
*Токтогулдун дилине.*
*Жара чыгып калсачы,*

*Жаңылган менин тилиме.*
*Өткөн күндү ойлонуп,*
*Өкүнөм кийин күнүгө.*[1]

Ал эми изилдөөчүлөр жаап жашырган фактыны Алымкул өз ырында чын дилинен ырдап берет. Талдап көрөлү:

*Жуманаалы болуш Токомду*
*Экинчи кармап бергенде,*
*Элден барып бир кабар*
*Кутулуп кайра келгенде,*
*Устатың менен айтышып,*
*Уккан элге кеп болдуң.*
*Кызуусу менен арактын,*
*Тилин алып манаптын*
*Улуу акын Токомо*
*Уялбай Коргол бет болдуң.*
*Айтышканың чын болсо,*
*Атаңдай болгон киши эле*
*Анда сен арбагынан чет болдуң!*[2]

Алымкулдун ырында Корголдун арак иче турган адаты, манаптын тилин алып, Токтогулга каршы ырдаганы жана башка маалыматтар бар.

Эмне деп өз устатына каршы ырдаган, эмне деп айыптаган, Токтогул эмне деп жооп берген, ал айтыштын тексттери кайда, мындай суроолорго эми жооп жок, сыягы, эч качан болбойт. Андай өкүнүчтүү окуяны дагы изилдеп жатышар. Биздин айталы дегенибиз, жогоруда айтылгандай, Корголдун өз жаңылыштыгын мойнуна алып канча жыл өтсө да чын дилден өкүнгөндүгү. Ал дагы өзүнчө бир маселе.

Токтогулга каршы ырдап, аны айыптоосу, филормонияга алып барышса кетип калгандыгы Корголдун чыгармачылыгына чоң зыян кылган деп ойлоого негиз болуп турат. Дал мына ушул фактылар Корголдун совет мезгилинде дээрлик ырдабай калышынын себеби болуу керек. Мына 1963-жылы жарыкка чыккан анын китебине бардыгы болуп 19 гана ыры басылган. Башка ырлары барбы? Ошончо чоң ырчы боло туруп, кандай болгондо да айыл ичинде ырдаган ырлары болуу керек. Албетте, аларды иликтеп табуу демилгечи адистердин иши.

---

[1] Коргол ырчы. – Ф., 1963, 75-б.
[2] Ошондо. 74-75-б.

Биз белгилечү нерсе - ошол бир кездеги жаңылыштыгы тынчтык бербей, бүткүл чыгармачылыгына тоскоолдук кылып, Коргол ырчы ырчылыктын ыйык салты менен чынчыл мамилесин көрсөткөндүгү. Бул да чыгармачылыктын бир жагы катары, ырчылык өнөрдөгү тарыхый салт катары бааланышы керек.

Коргол ырчынын чыгармачылыгы - совет мезгилинде ырчылык өнөр бийликтин идеялогиясына жараша кандайча өзгөрүлгөнүн, ошол шартка ылайык алардын кээ бир салтты сактап, чыгармачылыгын улантса, дагы бирөөлөрү жалаң бийликти даңазалап ырдап калышкандыгынын далили.

Коргол ырчынын чыгармачылыгынын дагы бир жагы же анын инсандык ак ниеттүүлүгү, антсе да Токтогулдун ырларынын көпчүлүгүн иликтөөчү-жыйноочуларга ырдап айтып бергендиги.

Бул жөнүндө Токтогулдун эки томдук ырлар жыйнагындагы түшүндүрмөнү барактап чыксак жетиштүү болот. Анда Токтогулдун 16 ыры Корголдун айтып берүүсү менен жазылып алынган.

Корголдун дагы бир өнөрү - комузчулугу. Кыргыз музыкасынын көрүнүктүү изилдөөчүлөрү Александр Затаевич менен Виктор Виноградовдор Корголдун аткаруусундагы күүлөр, ырлар жөнүндө кеңири жазышкан.

Коргол ырчынын жаркын саптары:

*1. Бирди тапсаң кийип өт,*
*Колуңдан келер иш болсо,*
*Ак күмүш жабдык салдырып,*
*Айтымга жорго минип өт.*

*2. Жаркылдап сары жылдыздай,*
*Жакшынын көркү эл болот.*
*Арканда элиң болбосо,*
*Алтының күлдөй чачылып,*
*Аманат жаның кем болот.*

*3. Теңчилик болду эл оңду,*
*Талашка түшпөй жер оңду.*

*4. Кай пенде тутуп калыптыр,*
*Кызыктуу өмүр чиркинди.*
*Кадырлап дагы ойлоймун*
*Каткырган оюн - күлкүнү.*

*5. От жалындай балалык,*
*Кайсы бир жерге бекиндиң.*
*Он толгонуп эстесем,*
*Ордуңа келбейт шекилдиң.*

*6. Кыйыгы кетип көзүмдүн,*
*Кызыгы кетти сөзүмдүн.*

*7. Кесептер ээлеп жатчу эле,*
*Кесептер кетти - эл калды.*
*Кесептин баарын талкалап.*
*Бириккен кыргыз эл калды.*

*8. Колхоздун малы жайылса,*
*Ала арчасы аркайган.*
*Ак соктосу жайкалган,*
*Жер жакшысы биздики.*
*Көз жетпеген айлампа,*
*Көгөрүп толкун айдаган,*
*Балыгы сансыз жайнаган,*
*Үстүндө ак куу сайраган,*
*Көл жакшысы биздики.*
*Ынтымактуу бир дилдеш,*
*Ырыска жакын бир тилдеш,*
*Орус, кыргыз, өзүбек,*
*Эл жакшысы биздики.*

Коргол ырчынын жарык көргөн китептери:


1. Коргол ырчы. Ырлар. – Ф., 1963.
2. Коргол Досуев. Ырлар жана айтыштар. – Ф., 1981.
3. Мурас. Ырлар. – Ф., 1990, 339 -344 беттер.

## КАЛЫК АКИЕВ (1883-1953)

Көрүнүктүү кыргыз эл ырчысы Калык Акиев 1883-жылы Жумгалдын Кулжыгач айлында жыгач устанын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы устачылык, мергенчилик менен үй-бүлөсүн баккан кембагал кыргыздардан болгон. Ошол турмуштун запкысы Калыктын ырчылык өнөрүнүн эрте ойгонушуна алып келген. Комуз черткенди, элдик ырларды кубулжуган обон менен ырдаганды эрте үйрөнүп, аткаруучулуктан акырындап кошуп ырдаганга өтөт да, 18-19 жашында калк арасында таанылган ырчы болуп калат. Жакырчылык турмуш анын чыгармачылыгында баштапкы темалардан болуп калат. «Жокчулук», «Жер кепеде өткөн күн» деген ырлары да дал ошол темадагы ырларынан. Бул ырлар Калыктын бүткүл чыгармачылыгынын багытын аныктап, карапайым эзилген элдин мүдөө-тилегин ырдаган ырчы болушуна түрткү берет. Калыктын ырчылык чыгармачылыгында жаш курагына карата жаштык, сүйүү, бактылуу үй-бүлө идеялары эмес, социалдык адилетсиздик, революцияга чейинки турмуштун оорчулугу, ошол адилетсиз турмуштун оорчулугу, ошол адилетсиз турмуштан эркиндикке алып чыккан совет бийлиги деген түшүнүктөр негизги мотив болуп калат.

Жаш ырчы болуп таанылгандан кийин эле эл-жер кыдырып, Эсенаман, Жеңижок, Ниязаалы, Токтогулдар менен жолугушуп, биротоло чыгармачылыкка өтөт.

Ырчы - элдик оозеки чыгармачылык менен жазма адабияттын ортосундагы өнөрдүн өкүлү. Ошондуктан ырчылар жандуу чыгармачылыкка ээ болушуп, аткарылма өнөрдү өнүктүрүп келишкен. Аткарылма өнөр болгон соң алар элдик оозеки чыгармаларды, көлөмдүү эпикалык дастандарды да аткарып келишкен. Бул жагынан Калыктын чыгармачылыгы да андан айырмаланбайт. Бирок ар бир адамдын мүнөзү жана ой жүгүртүүсү ар түрдүү болгон сыяктуу эле, ырчы Калык өзүнө гана таандык орошон чыгармачылыкты башынан кечирген. Калыктын чыгармачылыгы революцияга чейин эле башталып, ага Жеңижок, Эшмамбет, Карамырза деген таанымал ырчылар таасир эткен. Бирок ага устаты катары улуу Токтогулдун таасири чоң. Көп жылдар бирге болуп, ал үчүн Калык Жумгалдан Кетмен-Төбөгө көчүп келип, ырдап жүрүшкөн. Кыргыз жергеси чен-өлчөмү чамалуу жер эмеспи, таланттуу ырчылар эл аралап ырдап чыкканда эле бүт кыргызга таанылып калышкан. Бирок мезгил - элек. Ал таланттардын сапатын аныктап, ошого жараша өмүр берип сактаган, башкача айтканда, мезгил элегинен өткөн чыгармалар жана аны жараткан инсандар гана жашап калышкан.

Мезгил Калыкка да мазмундуу чыгармачылык өмүр берди. Ал атактуу «Жаныш-Байыш», «Курманбек» эпосторун, «Ак Мөөр», «Карагул ботом», «Карач дөө», «Бир асыл» атту элдик поэмаларды аткарып жүрүп, жаздырып, алардын китеп формасында жашап калышына, өлбөс-өчпөс мурастардын сабынан орун алышына кызмат кылды.

Жаш кезинде Токтогул менен бирге жүрүп, анын ырларын жаттап алып, аткарып да жүргөн. Ошондуктан Токтогулдун классикалык чыгармасы «Кедейкандан» тартып, көптөгөн ырларын фондуга жазып тапшырган. Токтогулдун улуу демократ ырчы катары таанылып, рухий турмуштан орун алышында Калыктын да изилдөөчүлөрдөн кем эмес салымы бар.

Калык менен Токтогулдун учурашкандагы, бирге жүргөндөгү айтыш ырлары классикалык ырлардан болуп, жаркын идеялары менен да, элестүү саптары менен да, тарыхый маалыматтары менен да көөнөрбөс рухий байлыкты түзөт. Алардын көпчүлүгүн Калык чыныгы адилеттик менен Токтогулдуку экендигин түшүндүрүп, эскерип, далилдеп жүрүп аткарган. Көпчүлүгү экөөнүн катышуусундагы айтыштар. Буга «Короо кайтарган кыз-келин тууралуу», «Торгой менен турумтай» ырлары кирет. Аталган ырларды элдик байыркы короо кайтарган кыз-келиндердин ырларынын, ал эми кийинки ырда боорукердик сезимдерди туюнткан каймана формасындагы тамсилдин жаңыланып олтурган үлгүлөрү десек да болот. Калыктын аткаруусундагы бул ырлар Токтогулдун репертуары, элдик андай ырлар анын идеялык көркөмдүк жактан купулуна толуп, жаккандыгынан кабар берет. Устатынын «Терме», «Насыят» айрыкча «Апакем, аман барсыңбы?» деген ырынын жазылып аткарылышы же сакталып калышынын өзү баа жеткис кызмат. Бул ырлар Токтогулдуку боло туруп, Калыктын да ырчылык дүйнөсү жөнүндө түшүнүк берет. «Тегирменчинин үйүндө», «Бүркүтчү Мамыр», «Айчеке балбан жөнүндө» жана «Калык ырчыга», «Кармышактыкында» жана «Калыкты элге тааныштыруу», «Анжиян тарабында», «Тойдогу айтыш» деген ырларда Калык менен Токтогулдун ата-баладай ынак мамилеси, ал кездеги ырчылардын турмушу жана чыгармачылыгы жөнүндө баяндалат.

Мында Токтогулдун ырчылар арасындагы кадыр-баркынан, кыргыз жергесинин кайсыл жеринен болбосун элдин урмат сыйынан Калык ырчылык өнөрдүн маданиятына, элдин турмушун ырдоого, ырдагы көркөмдүк эстетикалык нарк-насилдерге үйрөнгөн десек туура болот.

Жардылыктан кээде оокаттуу кишилерди мактап ырдап да көрөт. Бирок алар эшик ырчы кылып алуу үчүн ырдатып көрүшкөндө, алардын элдик мүдөөлөргө карама-каршы келген нрава-этикалык түшүнүк-умтулууларынан биротоло кол үзөт. Колунан келишинче аларды жектеп ырдаганга өтөт. Андан улам нечен жолу минген атынан ажырап жөө калат. Бай-манаптардын ач көздүгү, жарды-жарчыларды талап-тоноп жашагандыгы жалпы жакырчылыктын себеби деген түшүнүк ырчыда биротоло калыптанат.

Совет бийлиги кыргыз жергесине орногондон кийин, Калык ырчылык өнөрү менен жаңы турмуштун жарчысы болуп калат. Мындай дегенибиздин себеби ал бүткүл элди жаңы бийликти колдоого жана бекемдөөгө үндөп ырдап, өзү ар кандай чоң жыйындарга катышат. Айталы 1919-жыл Жети-Суу областынын биринчи сьездине Суусамыр болушунан делегат болуп катышып, Алматы (ал кезде Верный шаары) шаарына барып келет. Бул да Калык ырчынын турмушундагы өзгөчө бир учур эле, ырчы трибунадан туруп, делегаттарды куттуктап, Кеңеш өкмөтүнүн орногонун, падышалык бийликтин кулаганын ырдайт.

Ошол кезде «Союз кошчу» деген уюм түзүлүп, ал Россиядагы «Комитет бедноты» деген уюм сыяктуу байлардын мал-мүлкүн кедейлерге алып берип таратуу иштерин жүргүзгөн. !923-жылы ошол уюмдун бир жылдык юбилейи өткөрүлүп, Бишкектен алыс эмес жерде Сокулукта он миңден ашуун эл чогулат. Калык «Баскан жол» аттуу эскерүү китебинде бул жөнүндө Жети-Суу облусунун III сьезди менен Союз Кошчунун биргелешкен юбилейи деп атайт. Ошол жыйынга Жумгалдын Кара-Кече айылынан 18 киши жөнөп, Бишкекке келгенде облусттук жетекчилер Калыкты жыйынга жарчы кылат. Казактар бул жерге жакын болгондуктан, алар да чакырылып, көрүнүктүү казак ырчылары да келишет. Жүздөгөн боз үйлөр тигилип, теңдешсиз маараке башталат. Миңдеген эл эскиче түшүнүк менен уруу ырчылары тытышып ырдашат деп турганда, Калык Кеңеш өкмөтүнүн бийлиги жана жаңы заман жөнүндө ырдап, иш жүзүндө ошол бийликтин орногонун жарыялайт. Кошумча айта турган нерсе, Калыкка казак жетекчилери ат мингизишет. Буга ыза болгон казак ырчылары Үмбеталы Карыбаев менен Кенен Азербаевдер атты талашышат. Калык аларды баш көтөргүс кылып жеңет. Ат жарышта казактардын күлүгү чыгат. Балбандар күрөшүндө Кожомкулга эч ким тең келбейт, кыргыздар биринчи болушат.

Калык ырчы отузунчу жылдары жаңы турмушту ыры менен да, иши менен да колдоп, эң оболу, айыл чарбасынын түрдүү кызматта-

рында иштейт, андан кийин театрга артист болот. Ырчылык өнөрү жогору бааланып, жаңы ачылган филармонияга которулат да, өмүрүнүн акырына чейин ошол кызматта жүрөт.

Совет мезгилиндеги ырчылык чыгармачылыгы да Калыктын коомдук турмушка карата мамилеси менен байланышып, Совет бийлигин, Коммунисттик партияны, жетекчилерди, көрүнүктүү адамдарды, окуяларды ырдоо менен коштолуп жүрүп олтурат. Колхозчулар, коомдук эмгектин алдыңкылары анын ырларынын каармандары болуп калат. Акындын «Үлгүлүү койчу досторго», «Биздин совхоз эпкиндүү», «Москва», «Кремлге киргенде» деген ырлары ушундай мазмунда.

Калыктын негизги темаларынын бири – аялдар теңдиги. Бул теманы ишенимдүү чечмелөө үчүн ал аялдар турмушунун өткөндөгүсү менен азыркысын салыштыруу, же жөн эле өткөндөгү аялдар турмушун чагылтып көрсөтүү ыкмаларын колдонот. Буга Калыктын атактуу «Күлүсүн» поэмасы мисал боло алат. Поэма 1936-жылы китеп болуп чыгып, билим алып окуп жаткан, жаңыны түшүнө баштаган кыргыз аялдарынын сүйүктүү чыгармасына айланат, алардын жаңыча көз караштарынын биротоло калыптанышына таасир этет.

Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы менен Калык бардык ырчылык дем-күчүн адамдарды душманды жеңүүгө үндөп, аларда бекем ишенимди калыптандырат. Ал эми жеңиш үчүн Совет элинин бекем достугу, ынтымактыгы чечүүчү роль ойной тургандыгы анын көптөгөн ырларында негизги мотив катары көрүнөт. Калыктын бул багыттагы ырларынан «Үндөө», «Малчыларга», «Курбума», «Иниме кат», «Күн батыш жолун караймын» деген ырларын бөлүп көрсөтүүгө болот.

Согуштан кийинки мезгилде Калык тынчтык, достук, эл аралык маанидеги темалар жөнүндө көбүрөөк ырдап, партиянын саясатын, элдин умтулууларын, бейпил турмушту, кыргыз жергесинин кооздугун даңазалайт.

Бирге ырдашып жүргөн ырчылардын чеберчилигинин өсүшүнө чоң таасир этет. Анын аткаруусундагы жогоруда аталган эпостор менен элдик поэмалар идеялуулугу жана көркөмдүүлүгү менен айырмаланат.

Айрыкча XIX кылымдын ортосунда Жантай хандын Ак Мөөр сулууга үйлөнүшү сүйүү трагедиясы катары кабыл алынып, азыркы күнгө чейин жаңы- жаңы чыгармалар жаралып келе жатат.

Ошол окуянын негизинде Калык Акыев да өзүнүн поэмасын жаратат. Адис адабиятчылардын баалоосунда профессионал поэзия-

да Сүйүнбай Эралиевдин ошол наамдагы поэмасы эң мыкты деп эсептелсе, Калык жараткан «Ак Мөөр» поэмасы оозеки поэзияда же ырчылык өнөрдө жаралган мыкты чыгарма деп саналат.

Калыктын ырчылык таланты көптөгөн мамлекеттик сыйлыктар, орден-медалдар менен белгиленген. Анын чыгармачылыгын ар түрдүү адабиятчы окумуштуулар изилдешкен.

Калык ырчынын жаркын саптары:

1. *Соргучтун сөзү эм болгон,*
*Баарына кедей жем болгон.*
*Илгерки өткөн бечара,*
*Ар жоруктан кем болгон.*

2. *Кара ниет адамдын,*
*Кадыры болбойт элинде.*
*Канчалык чечен болсо да,*
*Касиети жок кебинде.*

3. *Белсене казып иштесең,*
*Береке жердин боорунда.*
*Күнүмдүккө кыныкпа,*
*Күч-кубат барда колуңда.*

4. *Жетиштирбей жардылык,*
*Жашымдан өттүм малайга.*
*Жаш чемирчек кайрылып,*
*Жан бактым жатып сарайда.*
*Жетимдиктин зарпынан,*
*Жетишпедим далайга.*

5. *Сагынып келдим тууган жер,*
*Кабак Жумгал өзөнүн.*
*Саламат эсен барсыңбы?*
*Сарбагыш, саяк өз элим?!*
*Көргөнү келдим чоңоюп.*
*Туулган жердин өзөгүн!*
*Кабарын уктум алыстан,*
*Өзөндүү Жумгал жеримдин.*
*Борумун көрсөм деп келдим,*
*Боордош саяк элимдин.*

*Жаңы журт сени көргөндө*
*Жаным менен берилдим.*

*6. Ар кимге жаман санабай,*
*Ачык болот эр киши.*
*Адамдын көөнүн калтырбайт,*
*Азамат эрдин белгиси.*

*7. Бой көтөрбө эр жигит,*
*Кичүү менен улууга.*

*8. Душманга кирсең эр жигит,*
*Туйгун куштан алгыр бол.*
*Таза болсо жүрөгүң*
*Туш тарабың даңгыр жол.*

Калык Акыевдин жарык көргөн жыйнактары:

1. Акыев. К. Тандалган чыгармаларынын 1 томдугу. – Ф., 1972.
2. Ак Мөөр. – Ф., 1972.
3. Калык. Баскан жол. (өмүр баян). – Ф., 1964.
4. Мурас. Ырлар жыйнагы. – Ф., 1990. 398-416-беттер.

*Ал жөнүндөгү изилдөөлөр:*

1. Байходжоев С. Эл ырчысы Калык. – Ф., 1960.
2. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф., 1988, 119-139-беттер.

## БАРПЫ АЛЫКУЛОВ (1884-1949)

Атактуу кыргыз ырчысы Барпы Алыкулов 1884-жылы Сузак районундагы Ачы кыштагында кедей кишинин үй-бүлөсүндө туулган. Түштүк кыргыздарда отурукташкан турмуш мурдараак калыптангандыктан, жалданма эмгек, адам күчүн адилетсиз пайдалануу өңдүү эксплуатациянын элементтери кеңири өнүгүп, кедей-кембагалдар малайлыкта жүрүп күн көрүшкөн. Буга байланыштуу балдардан тартып чоңдорго чейин турмуш-тиричиликтин азап-тозогун, социалдык адилетсиздикти эрте сезишип, ал жөнүндө дайыма ой жүгүртүп келишкен. Бул жалпы элдик мүнөздө болгондуктан, ошол өзгөчөлүк фольклорго да, анын ичинде ырчылык өнөргө да таасир эткен.

Барпынын чыгармаларын талдап олтуруп, буга оңой эле ишенүүгө болот. Ырчылык өнөрдүн универсал мыйзамдарынын бири

- жогоруда сөз болгон дискурсивдик жана интуитивдик башталмалар. Барпы бул жагынан да башка ырчылардан алда канча жогору турат. Анткени кийин жарык көргөн анын чыгармаларынын биринчи тобуна кирген ырлары ушундай бүтүм чыгарууга ынандырат. Бул үчүн ырчынын дискурсивдик маалымат дүйнөсүн түзгөн булактарды санап көрүү эле жетишерлик болот. Демек, Барпы төмөнкү булактарды башка ырчылардан көп билип, ошол багытта кеңири ой жүгүртө алган. Маселен:

**1.Ислам дини менен мусурманчылыктын тарыхы, мыйзам – эрежелери, улуу инсандары, алар жөнүндө китептик маалыматтар.** Мында биз ислам дини жана мусулманчылык деп атайын бөлүп көрсөткөнүбүздүн себеби - Барпы диндин өзүн да, кыргыздарда анын колдонулушун да жакшы билет. Ошол себептен ал биринчи кезекте ислам дини бекем туткан нравалык принциптердин берилген талапкери болот да, ошол эле учурда аны чала түшүнүп, туура эмес колдонгон, же кыргыздар туура эмес кабыл алган учурларды инсан катары сынга алып айыптайт. Тактык үчүн айтып коюу керек, мында Барпы динге атеист катары эмес, анын чала сабат, алдамчы, динди өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланган өкүлдөрүнө каршы ырдаган.

**2. Экинчи булак** - кыргыз фольклору менен өлбөс-өчпөс ырчылардын чыгармачылыгында жаралган идеялар, образдар, көркөм мурастар. Мында да бир өзгөчөлүк - турмуштук философиянын ири өкүлү катары Барпы түштүк кыргыздарга, анын ичинде ичкилик урууларына таандык мотивдерди, көркөм фактыларды жакындан билгендиктен, аларды көбүрөөк ырдап, ал эми жалпы кыргыздарга таандык фольклордук эстеликтердин кээ бирлерин аткаруу менен гана чектелген.

**3. Үчүнчү булак** - реалдуу турмуш чындыгы. Барпы да 65 жыл жашап, кыргыз коому башынан кечирген ар кандай социалдык катаклизмдердин күбөсү да, катышуучусу да, андагы адилетсиздиктерден жапа чеккени да болчу. Ал эми совет мезгилинде чыгармачылыгы кеч болсо да бааланып, жыйналып, ырчынын кадыр-баркы көтөрүлүп, ал гана эмес, Жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө да кабыл алынат. Демек, ал жашоо- чыгармачылыгынын бул «булагы» боюнча да алда канча алдыда.

Мына ушул толук эмес саналган булактар бир ырчы үчүн информативдик – коммуникативдик жагын алганда деле океан сыяктуу чексиз. Ал эми ошол чексиздикти өз өнөрүндө «жан киргизип», таанып- билүү, ишеним-ынаным, гуманизм, адеп-ахлак, ай-аалам, адам турмушу жөнүндөгү философиялык идеяларга айлантып ырдоо бар-

дык эле ырчылардын колунан келе берген эмес. Табият андай жөндөмдүүлүктү бербесе ырчыда эмне айып.

Биринчи томундагы ырлар Барпы жөнүндөгү түшүнүктөрдү түп - тамырынан бери өзгөртүп, анын чыныгы ырчылык дүйнөсүн алаканга салгандай көрсөтүп турат десек болот. Мындай дегенибиздин себеби бул томдо биринчи жолу кирген ырлар менен катар көптөгөн ырлар кыянатчылык менен редакцияланган абалынан кайра калыбына келтирилип, томдон орун алган. Булардын баары белгилүү ченде бизди чыныгы Барпы ырчыга кыйла жакындатып, түшүнүк-туйгуларыбызды алда канча кеңейтип олтурат.

Албетте, ар бир ырчы жөнүндө кыскача маалымат берүү максатында жазылган бул барактарда Барпынын чыгармачылыгы тууралуу изилдөө эмес, толугураак маалымат берүү да мүмкүн эмес.

Улуу ырчынын бүткүл чыгармачылыгы менен ой жүгүртүүсүнө негиз болгон ушул үч орошон булак жөнүндө көптөгөн адабиятчылар идеологиялык жетекчиликтен улам айтышкан эмес, балким андай ойлор тааныш эмес болгондур. Канткенде да бул жөнүндө биринчи жолу ой айткан белгилүү адабиятчы Кадыркул Даутов болду.

Сөз учуру келгенде айта кетүү зарыл болуп калды. Барпынын изилденишинде, чыгармаларын басып чыгаруу иштеринде, биздин түшүнүгүбүздө улуу ырчынын «кайра жаралышында» бул окумуштууга өзгөчө роль таандык. Муну бир кезде Медина Богданова, Түмөнбай Байзаков, Жаки Таштемировдор жеткирген деңгээлдин сапаттык жаңы баскычы десек болот.

Эми Барпыга келели. Улуу ырчынын чыгармалары кийинчерээк жыйналып, же жыйналса да ар түрдүү оңдоолор менен окурмандарга кечигип жетсе да, ал өзү эл арасында, аш-тойлордо, базарларда үзбөй ырдап жүргөн. Өзүнө тең келип айтыша турган ырчылар бар чакта алар менен айтышып, ал эми алардын көпчүлүгү чыгармачылык пассивдүүлүккө өтүп, же маданий мекемелерде кызмат кылып калышкан шартта Барпы базарларда, эл чогулган жыйындарда санат-насыят ырларын ырдап, аларга жакшылык каалап, ошону менен күн көрүп жашаптыр. Согуш мезгилинде ар күнү Жалал-Абад вокзалында согушка жөнөп жаткан жоокерлерге кайрылып, алкоо айтып аман-эсен кайтып келишин тилеп ырдап олтурчу экен. Барпынын санат ырларынын көп болушу да ошол ырлардын элге жагып көбүрөөк ырдалышына байланыштуу. Бул жагынан да Барпы ооматы чоң ырчы экен, айрыкча, баалуу, терең маанилүү идеяларга бай ырларынын сакталып калышына шарт түзүлөт.

20-жылдары «Жер ыслааты» деп, жер бөлүштүрүү, чек араларды тактоо иштери жүргүзүлө баштаганда эле Барпы да «Жер өзгөрүшү» деп ырдап чыгыптыр. Башка ырчылар сыяктуу Барпы да совет бийлигинин ашкере үгүтчүсү, чыныгы патриоту катары ырдаптыр.

*Өңчөй турган кембагал,*
*Өгүздүү болуп каласың.*
*Жетинбеген кембагал,*
*Жерлүү болуп каласың.*

*Алы кеткен кембагал,*
*Аттуу болуп каласың.*
*Мындан кийин байларга,*
*Барктуу болуп каласың.*

Чындыгында эле, совет бийлиги эзилгендердин үмүтүн актап, улуттардын теңдигин, биримдигин, илим-билим, маданиятын өнүктүрүп камсыз кылуу жагынан, коопсуздук жагынан албан-албан ийгиликтерге жетишкен. Ошол эле учурда бирдей шарт, бир идеологиялык бийлик, улуттук маданияттардын нукуралыгын, касиеттерин сактап, өнүктүрүүгө залакасын тийгизип кедерги болгону белгилүү.

Ошол шартта ырчыларда партияны, өкмөттү, Ленинди, Сталинди жана башка жетекчилерди ырдап, жалпысынан өкмөт менен партияны шаңданта даңазалоо жолуна өтүшөт. Барпы да адамдык, атуулдук ишеним менен ошол багытта бир топ ырларын ырдайт. Бирок чыныгы элдик ырчыны андай ырлар, канчалык шаңдуу, шардандуу болбосун, канааттандырбайт. Себеби ырдалган обьект да абстракттуу, угуучулар да жактырса деле түшүнүшпөйт.

Мындай шарт Барпыны кайра эле санат ырларды ырдоого, конкреттүү идеяларды ырдоого мажбурлайт. Санат ырлары түбөлүктүү идеялары менен, салттык наркы менен, жагымдуулугу менен искусствонун жаңы түрлөрүнө караганда угуучуларга таасирдүү эле. Ошол себептен Барпы жаңыча мотивдерди да классикалык форма, мазмунда ырдоосун да активдүү улантып, негизинен, салттык мотивдерди арбын ырдай берет. Башка ырчылардан 1918-жылы көз жумган Жеңижокто жана 1933-жылы каза болгон Токтогулда гана болгон классикалык стиль, жанр, мотивдер өзгөрүүсүз сакталып, ал эми совет мезгилиндеги Барпы менен замандаш ырчылардын бардыгы андан дээрлик кол үзүшкөн. Тактап айтканда, Калык, Осмонкул, Алымкул жана андан кийинки муундагы ырчыларда санат-насыят ырлары жана анда-

гы ашкере философиялык идея-мотивдер жокко эсе. Бул жагынан да Барпынын чыгармачылыгы өзгөчө мааниге ээ.

Буга кошумча айта турган маанилүү маселе - Барпынын айтыштары. Айтыштарынын ар бири тарыхый жагынан да, мазмун жагынан да өз алданча изилдөөгө арзый турган деңгээлде. Токтогул менен айтышканы -ырчылык өнөргө үйрөтүүнүн мектеби. Улуу Токтогул бүткүл чыгармачылыгы менен ырчылык өнөрдүн, анын ичинде айтыштын маданиятын бийик көтөргөнү, ырчылардын ынтымактуу болушуна кызмат кылганы белгилүү.

Деги эле ар бир ырчы өзүнүн айтыштарында чыгармачылык жүзүн, идеялык-көркөмдүк дараметин көрсөтө тургандыгы талашсыз.

Бул жагынан Барпы да өзүнө гана таандык касиеттерге ээ. Маселен, ал идеялаш, адамгерчилиги, инсандык касиеттери жакын ырчылар менен дайыма бири-бирин колдошуп, бекем мамиледе болгон. Бирок Барпынын бир өзгөчөлүгү Токтогулду устаты катары терең урматтап, агасындай көрүп айтышса, андан кем эмес таланттуу Жеңижок менен айтышында кызаңдашуу да, сыйлашуу да бар. Демек, Барпы үчүн ар кандай ырчынын бирөөнү кемсинтип ырдашы - адилетсиздик. Ошол эле учурда Барпы жылт эткен жакшылыкты же сый-урматты баалай билет. Бул Барпыда биринчи иретте адилеттүүлүк сезиминин курчтугу.

Адилеттүүлүк үчүн Барпы баарына даяр. Бардык айтыштарында ал бул принципти бекем кармайт. Бул анын ырларындагы идеялардын ачык-айкын, угуучулар үчүн ишенерлик болушун камсыз кылган. Ошол эле учурда анын ырчылык кадыр-баркын көтөрүп, угуучулардын сүйүктүү ырчысына айланткан.

Барпынын чыгармачылыгынын айтыш ырларынан башка эң эле орошон орунду ээлеген бөлүгү - сүйүү ырлары. Сыягы, мында да Барпы элдик философ, ойчул жана гуманист катары ар бир адамды жарык дүйнөгө келген өз алдынча улуулук деп баалап, шыкалган аео сезимдерин чыгарат. Ошондуктан Барпы ар бир сүйүү ырында өзүнүн жеке «Мени» аркылуу кыздын сулуулугуна суктануу ырахатын, ал эмес эротикалык учурларга чейин эргип ырдайт. Бирок ал өзүнүн фонтан сымал оргуштаган сезимдери менен ар бир адамдын бактысын, ырахатын, тунук сезимдерин ырдап, бир жашап өтчү өмүрдө алардын бактылуу болушун каалайт. Бул өзү турмуштук философияда гуманисттик идеялардын чагылышы болуп саналат. Албетте, гуманизм бирин-экин чыгармада чагылуу менен чектелбейт. Чыныгы гуманист инсандарда, эгерде алар чыгармачыл инсандардан болсо, же илим маданият тармагынын өкүлдөрү болсо, алардын бардык чыгармачылыгын-

да, өз иштеринде андай идеялар түрдүү деңгээлде чагыла берет. Барпыда да ошондой. Анын гуманисттик идеялары бир эле сүйүү ырларында эмес, санат-насыят ырларында да, өлүм, өмүр жөнүндөгү ырларында да, ал аткарган элдик поэмаларда да туруктуу мүнөздө чагылып олтурат. Демек, Барпы кайсы жанрда ырдабасын, анын терең маанилүү, жалпы эле адамзат турмушуна мүнөздүү идеялары ошол ырлардын уюткусун түзөт. Сүйүү ырларында да идеялар адамдардын жашоо жыргалы жөнүндө гедонисттик ой жүгүртүүлөр аркылуу берилсе, жашоо, өлүм, өмүр жөнүндөгү ырларында адамдарды ашкере аео мотивдери аркылуу берилет. Ал эми атактуу «Кулмырза менен Аксаткын» поэмасында гуманизм идеясы бардык варианттарынан сыгылып-топтолуп, дал ошол Барпынын вариантында гуманисттик идеялар да, поэманын образдарынын нравалык сулуулугу да, форма менен мазмуну да, өзүнө жараша обону да чыныгы симметриялык кооздукка, көркөм биримдикке жеткен. Эки жаштын трагедиялуу сүйүүсү дүйнөлүк адабиятта, чыгыш адабаятында өлбөс-өчпөс чыгармаларда чагылтылып келген. Ал эми алардын аянычтуу тагдырын баштан аяк мүнөздүү обонго салып аткаруу чанда кездешет. Бул поэманын кошоктогудай муңдуу обону бир гана ушул поэманы аткаруу үчүн жаралган. Түштүк кыргыздарда азап-тозоктуу жашоонун гимни катары жаралган «Бекарстан Тайчи» күүсү азыркыга чейин чыныгы берилгендик менен аткарылып келет. Айтмакчы, улуу Карамолдо да өзүнүн атактуу «Анжыян калкы» деген күүсүн ушул мотивде, ушул күүнүн каражаттары менен жараткан. Белгилүү артист Абдыкерим Мокоев да ушул күүнүн негизинде өзүнүн үч бөлүктөн турган күүсүн чыгарган. Бул мотив айтылуу «Кыз Мактым» элдик поэмасында да өзөк идеяны түзөт.

Биз көп учурда «философ», «гуманист», «ойчул» деген терминдерди илим жараткан же изилдөө иштеринде, ошондой эле жазма адабияттардын тарыхынан көрүнгөн, дегинкиси улуу инсандарга карата колдонобуз да, ал эми стихиялык материализмдин өнүгүшүндө өз орду бар(ал да изилдене элек -П. И) ырчыларга карата этияттанып же колдонбой эле коебуз.

Барпыны Барпы кылган дал ушул философиялык идеяларга тунган ырлары болуп саналат. Бул ырлар аталган I томдо «Аалам», «Адам», «Өмүр», «Өлүм» деп, тематикалык туура бөлүмгө топтоштурулган. Бул Барпынын кредосу, анын генийлиги жана ойчулдугу. Муну түшүнүү үчүн кайра эле өзүбүзгө суроо таштап көрөлү. Барпы мындай түшүнүктөргө кайдан жетишкен? Барпы элдик ырларды ырдап, үйрөнүп, ырчылык өнөргө кызыгуусу менен бирге эле ислам

дининин тарыхы жана мыйзамдары боюнча жазылган китептер менен таанышa баштаган. Буга эки далил ынандырып турат:

1. «Пайгамбарлар жана олуялар кыссасы» жана «Пайгамбарлар жана саабалар тууралуу» деген эки варианттагы ырларында ислам дини жөнүндө жазылган китептерде нечен кылымдардан бери маалымдалып келе жаткан ысымдар, түшүнүктөр ырдалат. Ал маалыматтардын көптүгүнөн, аны санап коюу да мүмкүн эмес. Демек, ошончо аты аталган, айталы, пайгамбарлар менен олуя-саабалардын өзүнө таандык касиеттерине чейин ырга салып ырдап чыгуу, алар жөнүндө үстүртөн же чектелген түрдөгү маалыматтын негизинде ишке ашпайт. Мындан келип Барпы пайгамбарлар жөнүндө китептер менен тереңдеп тааныш болуп, өзүнүн бекем ишеними менен ырдаган. Анын мындагы максаты – дин билбегендерди динге үгүттөө эмес, анын нрава-этикалык асыл идеяларын угуучуларга жеткирүү менен аларга жакшылык каалоо. Экинчиден, Барпынын ырларынан сезилип тургандай, ал өз түшүнүгүн өз ишеними менен гана ырдаган. Дилинде бекем ынанып, баш-оту менен берилбесе, ал ырдабас эле.

2. «Адамга берген өнөр, иле», «Напси», «Мисал үчүн», «Келесоо», «Питина», «Ушакчы», «Бузуку», «Жакшы кыз», «Кыргыз ырынын чечими» деген ырлары жазма поэзияга, классикалык чыгыш адабиятынын поэтикалык стилинде ырдалган. «Ырдалган» дегенибиздин себеби Барпы жазган эмес, ырчылык ойломунун күчтүүлүгүнөн улам ал ар кандай формада анын ичинде он бир муундук ыр менен да ырдай берген.

Барпынын чыгармачылыгын баалоодо кетирилген калпыстыктар жөнүндө айтып келип, К. Даутов мындай дейт: «...Ошол дин китептердин ичинде тарых, маданият, фольклор, адабият, философия, этика, педагогика, эстетика, медицина, укук таануу, гуманизм, жүрүш-туруш, адеп-ахлак, адамдык парз, үй-бүлө күтүү эреже талаптары менен мамлекет башкаруу заң-закондору бар экендиги кимибиздин оюбузга келиптир. Ал эми реалдуу турмушта реалдуу жашап өткөн Барпы акында баары бар экен»[1]. Сынчы атап өткөн түшүнүктөр Барпынын ырчылык таалиминин негизин түзгөндүктөн, анын ырларында жалаң терең маани-маңыз, философиялык ойлом орун алган. Ошол эле себептен жасалмалуулук, эптеп жамактатуу, түшүнбөй туруп ырдоо деген илдеттер анын өнөрүндө жок. Таланты таш жарган ырчылар менен айтышканда да ал ушул билимдүүлүгү, адилеттүүлүгү менен жеңип олтурган.

---

[1] Барпы. Чыгармалар. 1-т. – Б. 1995. К.Даутов. «Барпы кантип изилденет». Баш сөз. 9-б.

Башка улуу ырчылар философиялык чындыктарды факт катары санап ырдаса, Барпы философиялык ойлом (ой жүгүртүү) менен чечмелеп ырдайт.

Ырас, совет мезгилинде Барпы да Ленинди, Сталинди даңазалап ырдап, алардан бүткүл совет элинин эркиндигин, ийгиликтерин уюштурган, же ошого жеткирген акылман инсандарды көрө билген. Андай ырларында деле Барпы аларды Айга, Күнгө теңеп, абстрактуу даңазалагандын ордуна эркиндик алып келгенин, фашисттерди жеңгенин, элдин ынтымагын, коопсуздугун камсыз кылгандыгын ырдайт.

Барпыны гуманист дегенибизде анын жалаң эле адамдарды, алардын кылык-жоруктарын, туйгу-сезимдерин аяган инсан катары кароо менен чектелүүгө болбойт.

Акындын жүрүм-турум, сын-сыпат, адеп-ахлак, адамдардагы оң-терс сапаттар жөнүндө өтө көп ырлары бар. Аларда да Барпыга мүнөздүү ой жүгүртүү, угуучуларды ынандыруу, ырдалып жаткан маселелердин маанилүүлүгүнө, зарылдыгына ишендирүү биринчи орунда турат. Бир эле мезгилде оң сапаттардын жашоодогу зарылдыгы менен терс сапаттардын жашоого кедерги боло тургандыгын баса көрсөтүп ырдайт. Андай түшүнүктөр курулай сентенциялар эмес, бир гана жолу берилген жашоодо кантип жашап өтүү жөнүндөгү ойлордон улам келип чыккан идеялар. Ошондуктан тескери кылык-жорук, жаман адаттар жөнүндө ырдаганда да Барпы адамдардын жашоосун, жашоону айоо, баалоо сыяктуу гуманисттик ойлорду туу тутуп ырдайт.

Барпынын чыгармалары жайналып, изилденип келе жатат. Анын чыгармачылыгы мектептерде, жогорку окуу жайларында окутулат.

Анын чыгармачылыгы буга чейин коомдук илимдердин өнүгүү деңгээлине жараша изилденип келсе, мындан ары жасалмалуулуктан, социалисттик идеологиядан арылгандактын, өзүнө таандык баасын алгандыктын шартында изилденмекчи. Ошол багыттагы изилдөөлөр гана классикалык ырчынын, анын өлбөс-өчпөс идеяларынын ордун аныктап бермекчи.

Барпынын асыл идеяларга толгон канаттуу ырларынан үзүндүлөр:

*1. Адам баарын үйрөтөт*
*Адам баарын сүйлөтөт*
*Адам баарын бүрдөтөт.*
*Адам баарын гүлдөтөт,*

*Аалам менен төрөлүп,*
*Аалам менен бирге өтөт.*

2. *Адам тапкыч- билгенге.*
*Адам ачкыч-билгенге.*

3. *Ажал жетип күн бүтсө,*
*Ачып жерди киребиз.*
*Ага чейин жалганда*
*Адам болуп жүрөбүз.*
*Ак-каранын ичинде,*
*Ар кыл өмүр сүрөбүз.*

4. *Адамдын болот бүркүтү*
*Адамдын бслст үкүсү,*
*Адамдын болот күлүгү,*
*Адамдын болот үлүлү.*
*Адамдын болот сырттаны,*
*Адамдын болот чычканы.*
*Адамдын болот булбулу,*
*Адамдын болот кузгуну.*

5. *Төөсү жокпу адамдын,*
*Тоодой жүгүн артынган?*
*Чөөсү жокпу адамдын,*
*Чөлдө аңдыган артыңдан?*

6. *Адам барда - адам бар,*
*Адам барда - заман бар.*
*Адам барда - эл да бар,*
*Адам барда – мен да бар.*

7. *Күн өмүрү - Жердеги,*
*Күйүп турган от болот.*
*От болбосо жердеги,*
*Орозгериң жок болот.*
*Отсуз адам өмүрү,*
*Оп тартылып жок болот.*

8. *Тирүүлүктүн зыйнаты,*
*Тийип турган Күндө экен.*

9. *Төгөрөктүн төрт бурчу,*
*Тирүүлүктүн тиреги.*
*Амандыкта турбайбы,*
*Ар макулук тилеги.*
*Жерде жашап, Жерде өлөт,*
*Жерди пенде билеби?*

10. *Макулуктун баарынын,*
*Каны сенсиң аккан суу.*
*Айбанат менен куштардын,*
*Жаны сенсиң аккан суу.*

11. *Кышында жүргөн шамалды,*
*Жокчулук десе эп болот.*
*Күзүндө жүргөн шамалды,*
*Токчулук десе эп болот.*
*Жазында жүргөн шамалдын,*
*Ачы менен тогу бар.*
*Жайында жүргөн шамалдын,*
*Жан сергитер оңу бар.*

12. *Бирдин акын бирөөгө,*
*Талаштырдың дүйнө сен,*
*Сени ээрчиген неченди,*
*Адаштырдың дүйнө сен.*

13. *Келериңде дүнүйө,*
*Авадан алтын куйгандай.*
*Сарайыңдын ичинде,*
*Сандаган пулуң тургандай.*
*Кетериңде дүнүйө,*
*Төөнү чымын кыргандай.*
*Келтирип салган сарайың,*
*Чалдыбар болуп тургандай.*

14. *Айды көрдүм асмандан,*
*Айды көрдүм дастандан.*
*Айдын көзүн уялтып,*
*Сизди көрдүм баскандан.*

*15. Жазаир[1] кезип баргым бар,*
*Жалынга түшүп жангым бар.*
*Жан алгыч жанды алса да,*
*Жаниңизда калгым бар.*

*16. Оймоктой ссзун кара,*
*Майин кулгөн.*
*Чолпондой көзүн кара,*
*Таңда куйгөн.*
*Бир күлсө сүйүнчүгө*
*Берер элем.*
*Кетсе да өмүр бою,*
*Тапкан дүйнөм.*

*17. Адам чыкпайт айбандан,*
*Айбан чыгат адамдан.*

Барпы Алыкуловдун жарык көргөн китептери:

1. Тандалмалуу ырлар. - Ф., 1949.
2. Тандалган чыгармалар. - Ф., 1955.
3. Чыгармаларынын бир томдугу. - Ф., 1960; Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы. – Ф., 1970.
1. Барпы. Тандалмалар. – Ф., 1984.
2. Барпы. Чыгармалар. Эки томдук. 1-том. – Б., 1995.

Анын чыгармачылыгы жөнүндө:

1. Таштемиров Ж. Барпы Алыкулов. - Ф., 1957.
2. Байзаков Т. Барпы акын. / Ала-Тоо – 1959. - №1
3. Борбугулов М. Залкар акын Барпы Алыкулов./ Ала-Тоо - 1959. №11
4. Даутов К. Классиктин эстетикалык сабактары. - Ф., 1986.
5. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. - Ф., 1988. 140 - 159-б.
6. Барпы. Изилдөөлөр. Эскерүүлөр. Арноолор. - Б., 1994.

[1] Жазаир – Алжир өлкөсүнүн арабча аты.

## ОСМОНКУЛ БӨЛӨБАЛАЕВ (1888-1967)

Осмонкул Бөлөбалаев - таланттуу ырчы, көп жылдар бою филормонияда артист болуп, эл аралап ырдап жүрүп, Жаңы турмуштун рухий-социалдык өнүгүшүнө өз салымын кошкон инсан. Ал оокаттуу үй-бүлөдөн чыгып, бала кезинен көркөм сөз өнөрүнө, ырчылыкка болгон кызыгуусу калыптанат. Ата-теги оокаттуу үй-бүлөдөн болгондуктан, бала Осмонкулдун ырчылык талантын эл аралап, ар кимди кошуп ырдап, тилемчилик кылган кесип катары түшүнүп, ага кыйла тоскоолдук кылышат. Бирок бир чети казак фольклору менен (акындын энеси казак кызы болгон) Осмонкулдун эрте таанышуусу, экинчиден, элдик эпос- жомокторду жакшы билген атасынын таасири менен анда ырчылык талант эрте ойгонот. Бала кезинен диний мектепте окуп, араб тамгасында окуп-жазганды өздөштүрүп, ошол аркылуу да ырчылык өнөргө, ошол тамгада басылып чыккан казак, татар тилдериндеги жомокторду көп окууга биротоло үйрөнөт. Мындай ичинен калыптанган чыгармачыл күч ырчынын дилине жай бербейт, бирок баланын ырчы болушун каалабаган ата-эненин талабы андан күчтүү, андан таасирдүү. Бул ыңгайлуу учур күткөн же келечекке болжолдонгон чыгармачылык эле.

Ырчы өзүн токтото албай ырдоо үчүн иш жүзүндө эргиткен жагдай, окуя, жаңылык болуу керек. Совет мезгилине чейин төгүп ырдаганга жөндөмдүү, бирок эл аралап ырдай элек Осмонкул Кеңеш өкмөтү, бүт кыргыз жергесинде жаңы турмуштун жапа тырмак башталышы менен чыгармачылык активдүүлүккө өтөт. Бирок бул Осмонкулдун ырчылык өнөрүнүн эл турмушуна аралашып жашай башташы, же алгачкы кадамы десек туура болот. Анткени жаңы бийликти адегенде эле даңазалап ырдап кирүү анын мүдөөлөрүн, багытын, түпкү маңызын аз да болсо билип, түшүнүп алмайынча мүмкүн эмес. Элдин бүтүндөй сабатсыз болушунан улам Осмонкул да бийлик, саясат, заман өзгөрүштөрү жөнүндө түшүнүктөрү, маалыматтары жетиштүү болгон эмес. Ошондуктан эң оболу Осмонкул эл арасында элдик сүйүү ырларын ырдап чыккан. Ал гана эмес топ жыйындарда андай мазмундагы ырларды аткара берил, угуучулар арасында «Осмонкулдун күйгөнү» деген ат менен сүйүү ырлары таралат.

Осмонкул отуз жаштан өтүп калса да, атасынын агасы Сүйүнбай манаптын катуу тыюу салышынан бошоно албайт. Ал киши Меккеге барып ажы болуп келип, өз уруусун бийлеп, ар бир адамга таасири күчтүү эле. Ал жөнүндө Осмонкул ырчы өзүнүн даректүү баяндарында эскерген.

Октябрь революциясынын да таасири, адамдардын аң-сезимин ойготушу күчтүү болгон. Ленин, Кеңеш өкмөтү, большевиктер партиясы 20-жылдардагы кыргыз адабиятынын негизги темалары эле. Осмонкул да эл арасында жалаң эле элдик сүйүү ырларын аткаруу менен чектелбей, акырындап ушул темаларда ырдоого өтөт, Кеңеш өкмөтү эзилген кедей-кембагалдарды эркиндикке чыгарган бийлик экенин түшүнө баштайт.

1918-жылы биринчи жолу Калык ырчы менен жолугушуп, эки даанышман ырчыны чыгармачыл тагдыры кошулат. Алар өз чыгармачылыгы менен элге кызмат кылуу жолуна түшөт.

1923-жылы Бишкектен алыс эмес жерде Союз Кошчунун бир жылдык юбилейинде Калык жарчы болуп ырдайт. Осмонкул да катышат. Калык мында совет бийлиги жөнүндө ырдап, иш жүзүндө аны элге жарыялайт.

1925-жылы Кыргыз автономиялык областынын уюшулганына байланыштуу салтанатта Осмонкул Калык менен бирге ырдашып, ошол эле Кеңеш өкмөтүн, эркиндиктин келгенин даңазалашат.

1926-жылы Осмонкул кыргыз фольклорунун жандуу өкүлү катары Баку шаарында өткөн Түркологдордун эл аралык биринчи сьездине катышып куттуктап ырдаган. Бул окуянын белгилүү ченде символикалык мааниси бар. Анткени биринчи жолу кыргыз ырчысы бөтөн эл, бөтөн журтта ырдап чыккан. Албетте, ырчылык өнөр агылыптөгүлүп турган өнөр болуп, ким кай жерде ырдаганы анча деле мааниге ээ эмес. Логикалык жана учкай фактыларга таянсак, мурдатан эле кыргыз ырчылары коңшу элдердин ырчылары, аскиячылары менен жолугушуп, айтышып, ырдашып келген. Токтогулдун түрмөдөн качып казак жеринде ырдаганы, Юсуп кызык (куудул-аскиячы) менен айтышканы, казак, кыргыз ырчыларынын көптөгөн жолугушуу айтышуулары жөнүндө маалыматтар белгилүү. Бирок официалдуу түрдө улуттун атынан эл аралык масштабда өз элин да, өнөрүн да, тилин да даңазалап ырдап чыгуу биринчи жолу ишке ашырылып жатты. Символикалык маани дегенибиз ушул.

Осмонкулда төкмөлүк өнөр же төгүп ырдоо жөн эле ырдап жаткан кептей куюлушуп турган. Отузунчу жылдары филармониянын ачылган күнүнөн тартып, пенсияга чыкканга чейин кыргыз жергесинин бардык булуң-бурчтарында болуп ырдашы, дайыма Калык, Алымкулдар менен бирге болушу анын ырчылык талантынын улам жаңы сапаттык деңгээлге чыга беришине шарт түзгөн. Жаңы шартта салттык өнөрдү өнүктүрүп келүү да оңой эмес. Себеби жаңы турмушта пайда болгон жаңы маданият, анын түрлөрү салттык өнөрлөрдү да

бир катарга коюп, түрдүү талаптарды аткарууга милдеткер кылды. Ал талаптардын эң негизгиси бийлик идеологиясынын талаптары болгон. Демек, бийликке кызмат кылуу. Ошол себептен Осмонкулда гана эмес, Калыкта да, Алымкулда да алардын шакирттери болгон ырчыларда да санат, насыят, терме ырлары жоголуп, саясатты, жаңы турмуш көрүнүштөрүн ырдап калышкан. Бирок бардык эле ырчылар эмес, мамлекеттик маданий мекемелерде иштеп жаткан ырчылар гана салттык жанрларда ырдаганга анчейин маани беришкен эмес. Бир эле мезгилде эл ичинде ырдап жүргөн Барпы Алыкулов салттык санат-насыят ырларын, философиялык идеялардын деңгээлине жеткирип ырдай берген.

Бул - ошол эки типтеги ырчылардын бири-биринен айырмачылыгын бири-бирине карама-каршы коюу эмес, тек гана ошол фактыларды белгилөө.

Эмне үчүн белгилейбиз? Анын себеби кайрадан эле ырчылык өнөрдүн түпкү касиети аткаруучулук өнөр экендигинде. Экинчиси, аткаруучулук өнөр болсо да, ырчылардын ар бир ырында негизги нерсе – өзөк идеялардын болушу.

Талдап көрөлү. Мына бул эки түшүнүктү катар коюп салыштырабыз. Айталы, Арстанбек, Жеңижок, Токтогул, Барпылардын аалам, адам, өмүр, өлүм жөнүндөгү улуу идеялары - түбөлүктүү идеялык мурастар. Алар ошонусу менен баалуу. Ал ырлар текст боюнча да азыркы окурмандар, изилдөөчүлөр тарабынан жакшы кабыл алынат. Ал эми ар түрдүү салтанаттарда, жолугушууларда, юбилейлерде ашкере шаң, даңазалоо маанайында ырдаган ырчылардын ырлары да дал ошол даңазалоо функциясы менен андан кем эмес мааниге ээ. Айталы белгилүү бир юбилейде же жолугушууда Эстебес Турсуналиев же Замирбек Үсөнбаев ырдап жатат дейли. Алардын ырында юбилей өткөргөн кишинин өрнөктүү өмүрү, эл алдындагы кызматы, кулк-мүнөзү сыяктуу баалуу фактылар жайдары тамашалардын негизинде ырдалат, куттукталат. Ырчылык талантына жараша юбилярдын жаркын образы угуучулар менен көрүүчүлөрдүн алдында сүрөткө тарткандай тартылат. Мунун өзү да биринчи типтеги маанилүү ырларды жараткан ырчылардын өнөрүндөй эле маанилүү. Айрымасы эле тиги орошон маанилүү санат ырлары угасыңбы, окуйсуңбу, изилдейсиңби дайыма таасирдүү да маанилүү да. Ал эми бул ырлар салтанат учурунда бүткүл эл угуп жаткан шартта гана күчтүү таасир этип, ал эми тексти китептерге, басма сөзгө чыкканда окурмандар тарабынан ошол окуяны (салтанатты) эске түшүрүүчү ролду гана аткарып калат. Алардын тексти санат ырларынын ал-

дында анчейин таасирдүү боло албайт. Чындап келгенде ырчылык өнөрдүн жаңы шарттагы бул касиети да өз алдынча изилдөөнү талап кылат.

Осмонкул жаңы турмуш сунуш кылган талап-мүдөөлөрдүн ырчысы болуп, салттык жанрлардан айтыш өнөрүндө өзүнчө бир ырчы катары көрүнө алды. Токтогул маданиятын көтөргөн айтыш өнөрүндө Осмонкул да айтышкан атаандаштарын кемсинтпей, шылдыңдабай, тамаша-юмор менен ырдады. Көп учурда ырдашкан ырчысы менен турмуштагы кемчиликтерди ырдашып, айтыштын жаңы багытта өнүгүшүнө салым кошо алды. Ал бүткүл чыгармачылык турмушунда Ленинди, партияны, жаңы турмушту ырдап өттү. Ал багыттагы ырлары азыр мааниси жоктой сезилгени менен, өз учурунда маанилүү роль ойногон.

Согуш учурунда дагы патриоттук ырлары менен ырчы өз мезгилинин жүгүн артынып, үзүрлүү чыгармачылык ийгиликтерге жетише алды. Жеңиш үчүн күжүрмөн эмгектин канчалык зарыл экендигин туюнтуп, эмгекчилерди эмгектик эрдикке, жеңиш үчүн жан аябаган күрөшкө чакыра алды. Бул мезгилдеги чыгармаларынан «Баатыр Чолпонбай», «Кыраандар атка миништи», «Биз баатырбыз» деген чыгармалары калк арасында кеңири белгилүү болгон.

Осмонкул жаңы мезгилде ырчылык өнөрдүн салттык формаларынан биротоло кол үзгөн эмес. Анын бир нече терме, санат ырлары бар. Бирок аларда ыкма, форма сакталганы менен идея, түбөлүктүү түшүнүктөр, угуучулардын көңүлүн, сезимин, ойлорун дүрбөткөн канаттуу саптар азыраак. Анын ордуна белгилүү чындыктар, түшүнүктүү ойлор кайталанат.

Осмонкул Бөлөбалаевдин бүткүл чыгармачылыгында өзгөчө орунду ээлеген чыгармасы - «Ашымжан» поэмасы. Анда Октябрь революциясынын алдындагы кыргыз жаштарынын турмушу, умтулуулары чагылтылат.

Поэмага атактуу комузчу өнөрпоз Адамкалый Байбатыровдун башынан кечирген турмушу негиз болгон. Аны менен көп жылдар бою филармонияда бирге жүрүп турмуш окуялары менен таанышып, аны негиз кылып чыгарма жазууга бел байлайт. Ырчылык өнөрдүн ички закондору, айталы, эргүү, интуиция, көркөм фантазия, дискурсивдик маалыматтар дилине дүрбөлөң салып, чыгарманын сапаттык жактан жакшы болушуна шарт түзөт. Мындай окуяларга жыш поэманын Осмонкул ырчылык стилде кыска муңдуу, бир формасын пайдаланып чыгарма жаратса да, бул комуздун коштоосу менен ат-

кара турган чыгарма эмес. Бул поэма - мазмуну боюнча жаңы жазма адабияттын үлгүсүндө жазылган чыгарма. Мында жандуу образдар, чиеленишкен окуялар арбын. Акын революцияга чейинки кыргыздардын оор турмушун, алардын умтулууларын ишкерлик менен сүрөттөп көрсөткөн. Бул анын негизги максаты болсо да, поэмада, балким, Осмонкул ырчы этибарга албаган маанилүү маселе чечмеленет. Ал - революция болор алдындагы кыргыз жаштарынын таптык аң-сезиминин өсүп жетилиши. Осмонкул бул маселени деле чагылтууга умтулбаган болуу керек. Бирок аны ырчылык өнөрдүн өкүлү катары элдин революцияга чейинки оор турмушун дааналап көрсөтүү көбүрөөк кызыктырган болуу керек. Чыгарманын мазмуну да муну далилдеп турат. Бирок чыгарманын бүткүл турпаты менен алып караганда баш каарман Ашымжандын азап-тозоктуу турмуштан кантип кутулуу жолун издеп, кагылып-согулуп жүрүп күрөшүү зарылдыгын туюп, ошол жолго аң-сезимдүү түрдө түшүшү, анын бул умтулууларында Иван, Щерба, Андрей, Гүлжамалдардын колдоосу негизги мотив болуп саналат.

Бул чыгарма менен удаа пайда болгон «Баатырдын баяны» деген поэмасы да төгүндөлгүс бир чындыкты - жаңы шартта төгүп ырдаган ырчылар да образдык ойлоого жакындашып, жазма адабиятка мүнөздүү чыгармаларды жарата ала тургандыгын далилдейт. Ырас, Калык, Алымкулдар деле элдик легенда, жомоктордун сюжетине негиздеп чыгармалар жаратышкан. Бирок алардын көпчүлүгүндө чындыктан жасалмалуулук артыгыраак болуп, чыныгы көркөм чыгарма жаралган эмес. Андай чыгармаларда апыртмалуулук, реалдуу чындыктан көрө жомоктогудай лиро-эпикалык элестетүү артыкча.

Бул жагынан алганда да Осмонкул жазгыч акындардын катарында эмес, кадимки реалисттик адабияттын өкүлдөрүнүн катарында турат.

1936-жылы Осмонкулдун ырлар жыйнагы басмадан чыгат. Анын турмушундагы бул окуя анын реалиситтик адабият жакка да ык коюп, үйрөнүп, ой жүгүртүп, чыгарма жаратуу жөндөмүн арттырган. Ошол себептен анын жазгычтыгы, айрыкча «Ашымжан» поэмасы аны көргөнүн көргөндөй «көчүрүп» жазган жазгыч ырчылардан жогору коюп айырмалап турат. Анын китептеринин жыйырма жолу чыгышы да муну далидеп турат.

Осмонкул Бөлөбалаев көптөгөн өкмөттүк сыйлыктарды, орден-медалдарды алууга татыктуу болгон.

Осмонкулдун учкул саптарынан:

*1. Жаш кезиңдин кадырын,*
*Карыганда билесиң.*
*Алыска тез баса албай,*
*Арыганда билесиң.*

*2. Ата-энеңдин кадырын,*
*Айрылганда билерсиң.*
*Ата-энем деп өкүрүп,*
*Кайгырганда билерсиң.*

*3. Эпчил дебейт жигитти,*
*Элдин башын кошпосо.*

*4. Сүйүү эмне экенин,*
*Чын сүйгөндө билерсиң.*
*Күйүү эмне экенин,*
*Чын күйгөндө билерсиң.*

*5. Ден соолуктун кадырын,*
*Ооруганда билерсиң.*
*Эки оору бир келип,*
*Тооруганда билерсиң.*

Осмонкулдун жарык көргөн китептери:
1. Тандалган чыгармалар. – Ф., 1974.
2. Өлбөс адамдар. Эскерүүлөр. – Ф., 1965.
3. Менин өмүрүм. Эскерүүлөр. – Ф., 1968.
4. Осмонкул. Ырлар. – Ф., 1989.
Ал жөнүндө эмгектер:
1. Байкожоев. С. Осмонкул ырчы. – Ф., 1964.
2. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф., 1988, 180 - 199- беттер.
3. Самаганов Ж. Советтик Кыргызстан жазуучулары. – Ф., 1976, 217-220 - беттер.

## АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВ (1894-1963)

Көрүнүктүү кыргыз ырчысы, улуу Токтогулдун шакирти жана окуучусу Алымкул Үсөнбаев 1894-жылы ырчылык өнөрдүн мекени болгон Талас жергесинин Кара-Алча айылында жарды үй-бүлөдө туулган. Атасы жардылыктан башы чыкпаган киши болуп жүрүп дүйнөдөн өтөт. Көп өтпөй энеси да каза болуп, бала Алымкул малайлыктын жолуна түшөт. 14 жашынан байлардын коюн кайтарат. Эртеден кечке кой артында болуу баланы эриккенден комуз чертип, ырдаганга үйрөтөт. Эриккенден эле ырчы болуп кетпейт, бул дээринде эле ырчылыкка аз да болсо шыгы бар адам үчүн ыңгайлуу шарт болуп саналат. Анткени дал ушул шартта чыгармачыл фантазия, көркөм интуиция, эргүү, элестетүү өңдүү ырчылык өнөрдүн калыптанышы үчүн зарыл касиеттер калыптанып олтурат. Ал эми кой артынан жүргөндө адам фантазия, машыгуу, ой жүгүртүү боюнча толук эркиндикте болот. Анын үстүнө Алымкулдун ырчылык өнөрү калыптана баштаган мезгилде бардык кыргыздар жалаң ырчылардын ырлары менен гана рухий азыктанышкан. Ошол шартта Алымкул кой артынан жүрүп, бир гана ырдаганды гана ойлоп, ырдаганга гана машыккан.

Биз ар бир ырчынын кантип ырчы болуп калгандыгы жөнүндө ой жүгүртүп олтуруп, дээрлик бардык учурда дал ушул психологиялык багыт берүүчү точкага дуушар болдук. Мындан кандай жыйынтык чыгарууга болот? Демек, ар кандай багыттагы шыктын ойгонушу үчүн белгилүү бир психологиялык багытточу чекит болуп, анын формалары түрдүүчө көрүнөт. Маселен, кыргыз ырчыларынын практикасында оозуна түкүртүү, түш көрүү, бир гана ошол өнөрдү (же башка тармак) ойлой берүү ж. б. формалары кездешет. Ал точкалар агым сыяктуу же пресстелип турган күч сыяктуу шыкка багыт берип, туруктуу мүнөзгө ээ кылат.

Алымкул Үсөнбаевде ырчылык өнөр дал ушул ыкма менен өнүгүү жолуна түшкөн десек туура болот. Он төрт жашында өзгөчө күчкө ээ болгон анын шыгы 17-18 жашында атырылып чыгууга жол таап, Алымкул бүт Таласка таанылган ырчы болуп калат.

Андан ары реалдуу турмуштун өзүнүн эле стихиялуу закондору менен ырчынын жолу дагы ачыла берет. Анын бактысына Таласка Токтогул барып калат. Бүт кыргызга даңкы чыккан Токтогулга жолугуп, таанышат. Мунун өзү Алымкулдун ырчылык тагдырын аныктаган, аны чоң жолго биротоло чыгарган психологиялык түрткү болуп калат. Токтогул менен учурашып ырдашканы Алымкулдун ыр-

чылык өнөрүн гана эмес, көп жактуу көз караштарын да оң жакка салып, элдик ырчы катары калыптандырган.

Коомдук өнүгүүнүн эң эле жөнөкөй белгилерин түшүнбөй туруп элдик ырчы болуп чыгуу мүмкүн эмес. Эгерде ошол өнүгүү жөнүндө массалык сабатсыздыктын шартында аз да болсо адилет түшүнүк, чынчыл көз караш болсо гана көркөм сөз өнөрүнүн ырчылар сыяктуу өкүлдөрү өздөрүнүн тутунган жол-жоболоруна бекем турушат. Андай болбогондо жогоруда сөз болгон «эшик ырчы», «эл ырчы» деген түшүнүктөрдү алып жүрүүчү ырчылар бири-биринен асман менен жердей айырмаланышып турса да, бири-бирине «өтүп кетиши» оңой. Бул жагынан улуу Токтогулдун жандуу жана жагымдуу таасири менен Алымкул өз түшүнүктөрүндө, демек, «элдик ырчынын» алкагындагы демократтык көз караштарда бекем туруптур. Токтогул менен айтышкан ырларында аны менен бир түшүнүктө болуп, адамдардагы, коомдогу жакшы касиеттерди, баалуу салттарды даңазалап, ошол эле учурда терс көрүнүштөрдү сындап ырдап калыптыр.

Ошол себептен Алымкул жаңы турмуштун салтанат курушун жан дили менен колдоп чыгат. Ленин, партия, совет бийлиги анын ырларынын туруктуу темасы болуп калат. 1931-жылы өз айлында биринчи жолу уюштурулган колхозго мүчө болуп кирет. Ал эми анын ырчылык таланты бүт элге таанылып, Токтогулдун шакирти Алымкул ырчы аталып калган кезде 1936-жылы кыргыз филармониясына артист болуп кабыл алынат. Бул окуя Алымкул Үсөнбаевдин активдүү чыгармачылыгынын, элге кызмат кылышынын башталышы эле.

Ал өмүрүнүн акырына чейин ошол ак кызматын өтөп келди. Чыгармачылык узак сапарында Алымкул Үсөнбаев жаңы турмуштун, адамдык жаңы мамилелердин, аң-сезимдик калыптанышына өз үлүшүн кошо алды. Улуу устаты Токтогулдун чыгармаларын жазып берип, анын чыгармаларын жыйнап топтоодо өзгөчө чоң кызмат кылды. 1939-жылы кыргыз искусствосу менен маданиятынын Москвада өткөрүлгөн декадасында ал албан-албан эмгеги үчүн Кыргыз ССРнин эл артисти деген наамга татыктуу болду.

Атактуу чыгармаларынан «Биринчи бригада» деген поэмасы, «Шайлоо», «Жыргап жатат элибиз», «Таалайлуу эл», «Көңүл толкуганда» деген ырлары эл ичинде кеңири белгилүү.

Согуш мезгилинде Алымкул майдандагы жоокерлерди да, тылдагы эмгекчилерди да шыктандырган ырларын ырдап чыккан. Тылда кайнаган эмгек, алыскы жоокерлерге жардам көрсөтүп жеңишти камсыз кылуу, ал эми согушта болсо Алымкул ырчы Ленинград фрон-

туна, Тихвин шаарына барып, кыргыз жоокерлерине элдик белектерди тапшырып, шыктандырып ырдаганы унутулгус окуя катары элдин да, ырчынын да эсинде калган.

Согуштан кийинки мезгил Алымкул ырчынын чыгармачылгында тынчтык үчүн күрөштүн, кужүрмөн эмгектин мезгили катары чагылды. «Улуу дос», «Тоо булбулу», «Биринчи бригада» сыяктуу ырлар жыйнактары менен поэмалары анын чыгармачылыгында өнүгүүнүн жаңы этабы катары кабыл алынат.

1958-жылы атактуу ырчы «Биринчи бригада» поэмасын жарыялайт. Анда дың жерлерди өздөштүрүп, тамеки өстүргөн таластык эмгекчилердин турмушун чагылткан.

Устаты Токтогулдан баштап, Алымкул көптөгөн ырчылар менен байланышкан. Бирок бардык айтыштарында ырчы бийик маданиятты, жумшак юморду, атаандашын сыйлагандыкты даңазалап, Эстебес Турсуналиев, Токтосун Тыныбеков сыяктуу өзүнөн кийинки муундагыларды тарбиялаган. Айрыкча Осмонкул ырчы менен «Совхоздор жөнүндөгү айтышында» эмгектеги (чарбадагы) кемчиликтерди угуучуларды күлкүгө бөлөгөн юмор менен сындашкан.

Таланттуу ырчынын жыйырмадан ашык китептери жарык көргөн. Ал «Кожожаш», «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи -Бөкөй» элдик эпосторунун аткаруучусу жана сактоочусу да болгон.

Алымкул көптөгөн жолу Жогорку Советтин депутаты болгон, Жазуучулар Союзуна мүчө болуп кабыл алынган. Ал Ленин, Эмгек Кызыл-Туу, «Кызыл Жылдыз» ордендери менен сыйланган.

Алымкулдун эсте калчу саптарынан:

1. *Көк бариктүү токойго,*
   *Конгон Током эсенби?*
   *Гүлдөгөн кыргыз күкүгү,*
   *Болгон Током эсенби?*
   *Күнүгө чыгып байге алган.*
   *Жоргом Током эсенби?*

2. *Ак комузга кыл таккан,*
   *Акындарга сын таккан.*
   *Ала салып мойнуна,*
   *Анда-санда бир чапкан.*
   *Тепкенин жогор жагына,*
   *Тегерек күмүш ак колду.*
   *Тегирмендей чуркаткан,*

*Нээтиң адал киши экен*
*Тегеренип журт тапкан.*

3. *Чертмегине кыл таккан,*
*Чечендерге сын таккан.*
*Черткенде колун чертмекке,*
*Чеберлик менен чуркаткан.*
*Өлкөдөн залим кууса да,*
*Өнөрү менен журт тапкан.*

4. *Даракттын көркү булбул куш,*
*Таңшып сайрайт чынардан.*
*Таасирин угуп олтурса,*
*Таркасын адам кумардан.*
*Кол ойнотуп күү чертип,*
*Комузчу чыкты жаштардан.*
*Коңгуроодой шаңкылдап,*
*Добуштуу чыкты жаштардан.*
*Күн сайын күчөп баратат,*
*Гүлдөгөн жаштык өнөрү.*
*Жашадык, Коргол картайдык,*
*Жаштарга кезек берели.*

5. *Кыргыздын түпкү атасы,*
*Айкөл Манас шер болгон.*
*Саймалуу калпак, сары шым,*
*Санжыргалуу эл болгон.*
*Эшиги ачык меймандос,*
*Колу март, пейли кең болгон.*
*Алтын, күмүш, малга жай,*
*Ала-Тоо конуш жер болгон.*
*Улуу атасы Манастай,*
*Уул-кызы эр болгон.*

6. *Согуш такыр болбосун,*
*Учпасын кандуу коргошун.*
*Адамзат ыйык ар качан,*
*Атомчул канкор ойлосун.*
*Бардык эл сүйөт тынчтыкты,*
*Балдарым шайыр ойносун.*

*Тынчтыкта балдар тилеги,*
*Тынчтык деп согот жүрөгү.*

А. Үсөнбаевдин чыгармалары, китептери:

1. Тандалган чыгармаларынын бир томдук жыйнагы. Ырлар. Поэмалар. Жомоктор. - Ф., 1973.
2. Олжобай менен Кишимжан. - Ф., 1956
3. Кожожаш. - Ф., 1956.
4. Саринжи-Бөкөй. - Ф., 1958.
5. Көзөл шаа. Элдик жомоктор. - Ф., 1958.

Анын чыгармачылыгы жөнүндө:

1. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф., 1988. 200-218-б.
2. Байкожоев С. Алымкул Үсөнбаев. – Ф., 1962.

## ЫСМАЙЫЛ БОРОНЧИЕВ (1910-1978)

Чыгармачылыгы совет мезгилинде, жаңы турмуш шартында калыптанган ырчылардын ичинен эң көрүнүктүүсү Ысмайыл Борончиев 1910-жылы Чүйдөгү Бурана айылында жарды адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Анын чыгармачылыгы жаңы коомдогу жаңы маданияттын таасири менен өнүгүү жолуна түшкөн.

1930-жылдарга чейин элдик ыр-күүлөрдү астейдил аткаруу менен турмуш көрүнүштөрүн өз алдынча ырга кошуп ырдап келген. Анын репертуары жарды болсо да, төгүп ырдоо жөндөмдүүлүгү күчтүү эле. Ошол таланты адилет бааланып, ал 1936-жылы кыргыз филармониясына алынат. Көрүнүктүү ырчылар Калык, Алымкул, Осмонкулдардын катарында ондогон жылдар бою ырдап жүрүп, ырчылык өнөрдүн салттык касиеттерин, айтыш өнөрүн өзгөчө мыкты деңгээлде өздөштүрөт. Атак-даңктуу ал ырчылардын катарында алардай атак-даңкка жетишпесе да, ак кызмат жагынан, үзүрлүү чыгармачылык жагынан алардан кем эмес деңгээлде болгон. Кыргыз жергесинин бардык булуң-бурчтарында болуп, тематика, чеберчилик жагынан чектелбей ырдап келген.

Чыгармачылык орошон өмүрүндө ал жыйырмага жакын ырлар жыйнактарын чыгарган. Ырларында жазма поэзиянын ыкмасы менен жаралган ырлары да көп. Бирок аларда да төгүп ырдоонун жоргодой болгон ыргагы туюлат. Совет мезгилинде акын-жазуучулардын

баары бийликти, анын саясатын ырдап калышкан. Ысмайыл Борончиев мында да өзүнө таандык чыгармачыл жол-жобого ээ болгон. Айрыкча белгилүү ырчы Токтонаалы Шабданбаев менен көп жылдар бою түрдүү шартта, түрдүү багытта айтышып жүрүп, жаңы мезгилдеги айтыш өнөрүнө көзгө көрүнөрлүк салым кошо алган.

Жаңы мезгилдеги айтыш өнөрү да байкалбас өзгөчөлүктөргө ээ. Кай бир көрүнүктүү эле ырчылар, чеберчилиги деле жогору боло туруп, айтышта өзүн анчейин көрсөтө алган эмес. Алардын айтыштарында идеологиядан абайлагандык, туура эмес ырдап коюудан чочулагандык сезилет. Ал эми Ысмайыл Борончиев ошондой эле айтыштарында жаркын юмор, эркин чабыттоо, чыныгы эргүү менен ырдаган. Жогоруда айтылган бир ойду кайра кайталоо зарылдыгы пайда болду. Адатта ырчылардын шаңшыган ыры комузда коштоп, эч бир күч токтото алгыс болуп эргигенде гана төгүлөт. Ошондо гана анын ырынын көркү да, маани-маңызы да ачылат. Ал эми ошол эле ырлар китеп болуп чыкканда нотадагы музыкадай же музыканын нотасындай кабыл алынат. Бул да бир беткей чындык эмес. Маселен, Барпынын санаттарындагы идеялар укканга да, окуганга да бирдей таасирдүү. Же Жеңижоктун ырларындагы көркөмдүк же коoздук ырчылыктын өлбөс-өчпөс касиеттери.

Совет мезгилиндеги ырчыларда андай болбоду. Буга чейин профессионал жазма поэзиянын өкүлдөрү менен бир катарда болуп, чыгармалары да бирдей бааланып жаткандыктан, бул мезгилдеги ырчылар эл алдында кандай ырдашкан болсо, ырларын жыйнак кылып, китеп чыгарганга да, эки ыкманы бирдей колдонуп, тематикалык-даңазалоочу ырларды көбүрөөк жаратканга да абдан кызыгышты. Муну Ысмайыл Борончиевдин алды-артындагы ырчылардын чыгармачылыгынан көрүүгө болот. Сыягы, төгүп ырдаган ырчы Токомбаев менен Осмоновдун деңгээлинде болбосо да, андан жөнөкөйүрөөк сапатта ырлар жазууга жөндөмдүү келет өңдөнөт. Анын үстүнө массалык түрдө же милдеттүү түрдө партияны, Ленинди мактап ыр жазуу эреже катары болгондуктан, ыр китептеринин башталышы жагына ошол мазмундагы ырларынан кийирип койсо эле, андай китептер чыга берген, калем акы да жакшы төлөнгөн.

Мына ушундай ыңгайлуу шартта Ысмайыл Борончиев жулунуп китеп чыгара бергенге умтулбай, ар бир ырында төкмөлүк өнөрдүн салттарын сактоого аракет кылды. Анын ырчылык чеберчилиги кантсе да куюлушкан элдик ырларга жакын.

1942-жылы ырдаган «Зууракан» деген ырында ошол касиет жатканы көрүнүп турат:

*Жандай салып бастырсам,*
*Жарк этип карап астыртан.*
*Жазылбайт беле кумарым,*
*Жайлап – кыштап аз турсам.*

*Кыя салып бастырсам,*
*Кылт этип карап астыртан.*
*Кыйналбайт элек мынчалык,*
*Кыштап-айлап аз турсам.*

Андан мурда 1936-жылы Чүйдүн Кегети айылында жаңы турмуштун душмандары - кулактар активисттерди өлтүрүп кетишет. Анын бири Ысмайыл Борончиев жакшы билген Кочкоров Жунуш болчу. Анын өлүмүнө карата ырчы «Коштошуу» деген ырын чыгарат. Мында чыныгы элдик ырдан фонтандай атылган сезимдер, элдик ырдын стили, эң негизгиси, ошол ыкмадагы таланттын чагылышы кашкайып көрүнүп турат:

*Эшиктеш Солто элине,*
*Эпкиниңиз барды эле.*
*Эрикпей айткан акынга,*
*Эки-үч күндүк аңгеме.*
*Эсил кайран Жукемди,*
*Эстебей турган жан беле.*

Мында жалаң эле элдик ырдын мөлтүр башаты эмес, Ысмайыл Борончиевдин жеке өзүнө гана таандык стилди да байкайбыз. Мында аллитерация, куюлушкан ыргак элдик ырга таандык касиет десек, саптарда камтылган маани-маңыздар, уйкаштыктар - ырчынын өзүнүн табылгалары.

Ысмайыл Борончиевдин ырчылык талантынын дагы бир жагы юморго, тамашага жык толгон көркөм элес түзө билиши. Адатта бул касиет айтыш ырларында, атаандаш же айтышып жаткан ырчынын кулк- мүнөзүн тамашалуу күлкү менен кемсинтип-келекелебей ачып берүүдө көрүнөт. Ысмайыл ырчынын мындай жөндөмдүүлүктөрү айрыкча анын айтылуу ырчы Токтонаалы Шабданбаев менен айтышкан ырларында даана чагылат.

Ысмайылдын чыгармачылыгына мүнөздүү сөз тапкычтык, талант, күлкү-тамаша уламдан-улам өркүндөп өсүп олтурду. Өмүрүнүн акыркы жылдарындагы ырлары буга күбө. Калык, Осмонкул сыяктуу ырчылар менен айтышкан ырларында алар менен тең айтышып, ошолордун деңгээлиндеги чеберчилигин көрсөтө алды.

Ысмайыл Борончиев да колуна келем кармап, жазма ырларды да жаратты. Бирок ал ырларында деле төкмөлүктүн ыргагы, куюлушкан уйкаштыгы, элпектиги сезилип турат.

Ырчы көөнөрбөс таланты менен чыгармачылыгынын бардык этабында чеберчилигин да, идеялуулугун да бөксөртпөй алып жүрдү, өз элине баа жеткис руханий кызмат кылды. Көп жылдар бою филормонияда ырдап жүргөн соң, бүткүл республика ал ырдаган сахнага айланган эле. Ырчы чын ыкласы менен Ат-Башынын малчысын да, Ноокаттын тамекичисин да, Сокулуктун кызылчачысын да бирдей сыймыктануу менен даңазалады. Далай эмгек азаматтары, илим-маданияттын өкүлдөрү анын өлбөс-өчпөс ырларында жандуу элес болуп жашап калды.

Ырас, мында Ысмайыл ырчы эл тарыхы анын эркиндиги үчүн күрөшүүнүн тарыхы дегендей таптык мааниде чыгармаларды да жаратты. Андай чыгармаларында көз караштардын кагылышуулары, калыптанышы ишенимдүү көрсөтүлөт. Бирок Ысмайыл бул жагынан андай чыгарма жараткан акындардын катарында турса да, аны алардан жогору көрсөткөн - анын ырчылык өнөрү. Салттык өнөрдү ал жаңы шартта, идея маалыматтардын фантастикалык чексиздигин түзгөн турмушта да өнүктүрүп, өз көркүндө алып жүрүп олтурду. Ысмайыл Борончиев 1964-жылы атактуу Алымкул Үсөнбаев дүйнөдөн кайтканда кайгылуу кошогун чыгарды. Сыягы, ырчы мурда көз жумган атактуу ырчыларды да эсине түшүрүп, ырдагысы келгенби, айтор кыргыз тарыхында белгилүү ырчыларды да, өзү билген белгисиздерин да эскерип ырдайт:

*Санап-санап олтурсак,*
*Замандар өткөн экен да.*
*Залкар – залкар нечен бир,*
*Адамдар өткөн экен да,*
*Көрбөй калдык далайын.*
*Көп акындар өтүптүр,*
*Көңүлүңөргө салайын,* - деп бүткүл кыргыз жергесинен чыккан ырчыларды эскерип кетет. Демейдеги жөнөкөй эле ыр, бирок өз убакыт өтпөй эле ырчы кай жерге барбасын, угуучулардын өтүнүчү менен бул ырын тынымсыз аткарып жүрдү.

Ырчы ондогон китептерин жарыкка чыгарган. Алар да өз алдынча баалуу. Дайыма ырчынын обон салып ырдаганын көз алдыбызга элестетип турат. Ал китептерди барактап көргөнүбүздө эле

андагы ырлар музыканын нотасы сыяктуу дилибизде ырчынын үнүн, ырдап жаткан учурун жандандырат. Ал эми профессионал поэзиянын узун саптары менен жазган ырларында да ырчы өзүнүн ак ниеттикке жык толгон идеяларын чагылтып, образдарын түзөт. Төгүп ырдаган ырларындай эле эмгектик образдар менен окуялардын жөнөкөйлүгү жагымдуу таасир калтырат. Ал китептер да окурмандардын китеп текчелеринен орун алып жашап келет. Бирок кантсе да Ысмайыл өз элинин жаандай ырын төккөн ак таңдай ырчысы катары эсте калды.

Анын чыгармачылыгы жаңы замандагы ырчылык өнөр катары да, жеке чыгармачылык катары да ашкере изилденүүгө муктаж. Мындай изилдөө жеке гана Ысмайыл Борончиевдин өздүк ырчылык касиеттерин аңдап-билүү үчүн эмес, реалисттик адабият менен бир тутумда жашап калган ырчылык өнөрдүн фольклордук-эстетикалык ой жүгүртүүнүн табиятын теориялык талдап чыгуу үчүн да зарыл.

Кыргыз элинин көркөм сөз өнөрүн өнүктүрүү ишинде сиңирген эмгеги үчүн Ысмайыл ырчы көптөгөн орден-медалдар, ардак грамоталар менен сыйланган.

Ысмайыл Борончиевдин жаркын ыр саптарынан:

***Эскертүү:*** Ырчынын жаркын саптары арбын. Бирок атактуу Мураталы Күрөнкеевге арналган ырында ырчы өзгөчө эргүү менен ырдайт. Муратаалынын чоор, комуз, кыяк, сурнай сыяктуу аспаптарда ойногонун сүрөттөгөн саптары ырчыга мүнөздүү чеберчиликти да, улуу Муратаалынын өлбөс-өчпөс өнөрүн да айкын чагылдырып турат. Ошондуктан ага арнаган саптарынан келтирүүнү эп көрдүк. Ошондой эле башка ырчылар жөнүндөгү ырларынан да келтирдик.

**1. Муратаалы Күрөнкеев жөнүндө:**

*Байлардын пейлин жактырбай,*
*Койчуларга кошулган.*
*Чоорун тартып чогултуп,*
*Короодо далай олтурган.*

*Теңдиги жок дүйнө деп,*
*Мүнөзүн чертчү замандын.*

*Жарыш болгон чагында,*
*Комузга колун кайраган.*
*Комузунун күүлөрү,*
*Кош дабыш чыгып сайраган.*

*Тырп этип бир жан козголбой,*
*Тыңшагың келчү кайрадан.*

*«Жетим кыздын зары» деп,*
*Жетелеп чыгып бир чалга*
*Узатып жаткан чагы деп,*
*Кыякка салчу күүлөрдөн.*
*Кыягынын дабышы,*
*Кыз баладай үндөгөн.*
*Кыякчынын алпы эле,*
*Кыргызга туулуп бир келген.*

*Сурнай күүсүн ойносо,*
*Суу киргендей шар эле.*
*Өзөнү жайык дайрадай,*
*Өнөргө Мукем бай эле.*

*Кыргызга калды күүлөрү,*
*Кыдыра берет дүйнөнү.*
*Артында калды күүлөрү,*
*Аралай берет дүйнөнү.*

**2. Башка ырчылар жөнүндө:**

*Калык деген ким эле,*
*Казып жатса түгөнгүс,*
*Кадамжай болчу тим эле.*
*Осмонкул деген ким эле,*
*Оодарылбас, чайпалбас*
*Океан болчу тим эле.*

*Кош, Алымкул, дүйнөдө*
*Өлүм деген бар экен.*
*Аласасы келгенде*
*Абдан алды тар экен.*
*Алыбыз жетпей ажалга*
*Айрылдык сизден Алыкем.*

*Калкып жаткан дайранын,*
*Каз-өрдөк чардайт сазына.*

*Кузгундар миң жыл жашайт дейт,*
*Куу жыгачтын башында.*
*Кузгунчалык болбогон,*
*Куу дүйнөнү ойлоном.*
*Жакшы адамды жоготпой,*
*Жаш кошуп турса жашына.*
*Же болбосо, чиркин ай,*
*Жаратылыш тилди алса,*
*Андай асыл адамдан,*
*Анда-санда бирди алса.*
*Жалпы журтка керектүү,*
*Жакшы адам өлбөй тим калса.*

Ы. Борончиевдин жарык көргөн китептери жана ырчынын чыгармачылыгы жөнүндө жазылган эмгектер:


1. Айтыштар. – Ф., 1962.
2. Ырчынын өмүрү. – Ф., 1969.
3. Кызыл кырман. – Ф., 1970.
4. Артыкбаев К. Ысмайыл Борончиев./ Ала-Тоо, 1961. №2 72-77-беттер.
5. Маликов К. Ак калпак элдин ак таңдай ырчысы. // Кыргызстан маданияты. - 1970. - 28-октябрь.
6. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. - Ф., 1988.


## ЭСТЕБЕС ТУРСУНАЛИЕВ (1931-ЖЫЛ)

Азыркы учурдагы төкмөчүлөрдүн алдыңкы сабында келе жаткан ырчылык өнөрдүн дасыккан чебери Эстебес Турсуналиев 1931-жылы Таластын Кара-Арча деген айылында жарды үй-бүлөдө туулган. Атасынын комузчулук өнөрү бар эле, энесинин кошокчулдугу куюлуштуруп, ырга айлантып сүйлөгөн чечендиги бар эле. Үй-бүлөлүк ошол жагымдуу шартта Эстебес да эң оболу комуз черткенди чебер өздөштүрөт. Райондук, областтык жана республикалык кароолорго катышып, бала комузчу катары таанылат. Ал кезде Эстебес болгону 5-7 –класстарда окуган окуучу гана болуучу.

1946-жылы 15 жаштагы таланттуу Эстебести атактуу төкмөчү Алымкул Үсөнбаев борборго алып келип, бир жыл жанында алып жүрөт. Ошол жыл Эстебесте ырчылык өнөрдүн ойгонуп калыптанышында өзгөчө роль ойнойт. Анткени зээниндеги ырчылык таланты

жай бербей, «сыртка» чыгарына жол издеп турган чакта ал Калык, Осмонкул, өз абасы Алымкулдардын төкмөлүк өнөрүн, аларга карата элдин мамилесин да өз көзү менен көрө баштайт. Бул жагдай да анын бат эле эл алдында тартынбай ырдап чыгышына көмөк көрсөтөт. Бирок бул али төгүп ырдоодон алыс эле. Ал болгону элдик ырларды жана күүлөрдү гана аткара баштаган. Маселен, ырчы өзү да көп жолу эскерип жүргөндөй, анын аткаруучулук өнөрү айтылуу «Анделек» ырынан башталат. Демек, жөндөмдүүлүгү болсо деле анын ырчылык өнөргө өтүп биротоло төгүп ырдай башташы кечигип келди. Анын да өз алдынча себептери бар. Маселен, Калык, Алымкул, Осмонкулдардын катарында жүргөн балага кезек тийип, ырдап чыгышы дээрлик мүмкүн эмес эле. Анткени атактуу ырчылардын артында Токтонаалы Шабданбаев менен Ысмайыл Борончиевдер бар эле. Алар да береги ырчылар болбой калган учурларда гана ырдап жүрүшкөн. Алардын таасири, сүрү күчтүү болгондуктан, алардан кийинкилер тартынышкан. Бул жөн эле жагдай эмес, ырчылык өнөрдүн психологиясына байланышкан жагдайлар эле. Алар уруксат берип ырдаткан учурда деле мындай абал ырчынын ырынын сапатына да терс таасир этмек. Анткени бүткүл кыргыз жергесинде ошол даңазалуу ырчыларды өзгөчө берилгендик менен угушуп, алардан кийинки муундагы ырчылар анчейин кабыл алынган эмес. Ысмайыл менен Токтонаалы концерттик программаларда, филормония жөнөткөн чөлкөмдөрдө тартынбай ырдашып, калыптана беришсе, Токтосун Тыныбеков менен Эстебес Турсуналиевдин калыптанып, элге чыгуу процесси өтө узакка созулду.

Ага кошумча жагдай - кызыктыруучу жагдай республика боюнча илим-билимге умтулуп, жаңы маданият дүркүрөп өнүгүп жаткан чакта ырчылардын ырына караганда жазма профессионалдык адабият таасирдүү болгондуктан, ырга шыктуу эл экенбиз, экинин бири эле китеп чыгарганга умтулушкан.

Андайлардын сабында Эстебес Турсуналиев жок эле. Анткени комузда өзүн коштоп ырдашы Алымкул, Осмонкулдар тарабынан колдоого алынып, дайыма ырчылардын эркеси катары ырдап жүргөн.

1947-жылы борборго алып барган Алымкул бир күнү филормонияга алып келип, артисттерге тааныштырат да, сахнага чыгарат. 15тен эми өткөн Эстебеске эң эле жооптуу милдет - атактуу ырчы, артисттердин алдында биринчи жолу төгүп ырдоого жөндөмдүүлүгүн көрсөтүү милдети жүктөлөт. Психологиялык жактан аз да болсо өзүн көндүрүп алган Эстебес минтип төгөт:

*Жеринен келдим Манастын,*
*Жээгинен келдим Таластын.*
*Жетелеп келген таекем*
*Жетиле элек канатым.*
*Аламан чалыш, жол жорго,*
*Арбый элек санатым.*
*Кечиргиле, акелер,*
*Кебимдин кетсе чаласын.*
*Оолугуп ырдап жүрөмүн,*
*Он беш жаштан жаңы аштым.*
*Окутса мени чоң акын*
*Ортосунда олтурам*
*Оргуган жалпы талантты н.*

Келтирилген үзүндүдөн телчиге элек темир канат балапандын олдоксон талпынганында, жөнөкөйлүктү да, ошол эле учурда ырчынын талантынын негизги касиеттеринин бири болгон коомдукка, тыбыштардын жагымдуу айкалышына умтулгандыкты да, тереңде жаткан жөндөмдүүлүктү да көрүүгө болот.

Андан кийин бат эле Осмонкул ырчы айыл- кыштактарга артисттер менен кошо алып барып жүрүп телчиктирет.

Эстебестин ырчылык жүзүн, кудуретин өзүнө таандык касиеттери анын шаңкылдап ырдашынан көрүнөт. Ал ырдап жөнөгөндө улам ылдамдап, күүлөнгөн күлүктөй таскагы чыгып, жанда жок темперамент менен ырдайт. Темпераментине жараша үнү да, комузда кол ойнотуп, өзүн коштогону да төп келип, чыныгы жандуу көркөм өнөргө айланат. Ылдам темпи угуучуларга абдан жагат да, жаркын ыр саптары алардын туюмун андан бетер дүүлүктүрүп, угуучулар биротоло анын ырдашынын сыйкырдуу таасиринде болушат, эреркешет, сыймыктанышат, дуулдата кол чабышат.

Мунун өзү, дагы бир жолу кайталап коюу артыкчылык кылбайт, ырчынын талантынын жана жалпы эле чыгармачылыгынын бир канаты. Ал эми текст - ошол касиеттин сакталуу формасы, албетте, кош канат бири-бирисиз учууну камсыз кыла албайт.

Эстебес ырдаганда темпи ушунчалык күчтүү болгондуктан, анын ойлому темпти зарыл саптар менен камсыз кыла албай калат да, Эстебес көркөм-поэтикалык саптардын ордуна «Анткенинин себеби» деген сыяктуу ырдык касиети жок саптарды кошуп жиберет.

Эстебес да оргуштаган төкмөлүк талантына карабай, кеч болсо да китеп чыгарганга кумарланып, бир нече ырлар жыйнактарын окурмандарга тартуулады. Алардын ичинде 1960-жылы «Акындын үнү»,

1964-жылы «Айтыштар» (Токтосун Тыныбеков менен бирге), 1972-жылы «Заман жарчысы», ал эми 1981-жылы «Кайыңды» деген чакан-чакан ыр китептерин чыгарды. Китептеринин ичинен 1975-жылы «Эскерүүлөр» деген китеби өзгөчө орунда турат. Анткени мында ырчы өзүнүн ырчылык өнөрүнүн калыптанышы, окуялары, өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылат. Мунун өзү илим үчүн да чоң мааниге ээ болот.

Жыйынтыктап айтканда, Эстебес Турсуналиев жарым кылымдык чыгармачылык жолунда дасыккан чеберчиликке жетишип, азыркы учурда ырчылык өнөрү бар түркий элдердин ичинде да теңдешсиз бийиктикке көтөрүлдү. Азыр аны менен беттешип ырдаша турган да, бир катарда тең келе турган да башка ырчы жок.

Ал чоң жыйындарда, саясий - мамлекеттик жолугушууларда, ондогон чет өлкөлүк сапарларында кыргыз элин, анын өлбөс-өчпөс өнөрүн даңазалап, алардын бардык учурунда ажарын ачкан шаңдуу кырдаал жаратып келет. Ал жөн эле кырдаал эмес кыргыз элин, кыргыз салтын даңазалап, таанытуу дегендикке жатат. Ошондуктан ал ырчылардан биринчи болуп жана жападан жалгыз СССРдин эл артисти, Токтогул атындагы сыйлыктын ээси деген ардактуу наамдарга татыктуу болгон.

Ар түркүн формадагы ырларында адамдардын кулк мүнөзүндөгү жакшы сапаттарды колдоп, даңазалап, ал эми терс көрүнүштөрдү сынга алып ырдап келе жатат. Анын чыгармаларындагы азыркы турмушка шайкеш идеялар кандай баалуу болсо, ырчынын аткаруучулугу өзүнүн бүткүл жагымдуу сырлары менен андан да баалуу. Ал гана эмес өз алдынча изилденүүгө да татыктуу.

Эстебес ырчынын жаркын саптарынан:

1. *Жыл келет жылдын артынан,*
*Жылдыздай жайнап чалкыган.*
*Жергеге, элге бакыт орноп,*
*Жемиштүү болуп арты улам.*

2. *Жаш карыга карабай,*
*Жалмайт экен шум өлүм.*
*Жалдыраса тилиңди,*
*Албайт экен шум өлүм.*
*Жабышып калса жаныңдан,*
*Калбайт экен шум өлүм.*

3. Элүүгө жашым толгондо,
Эр ортону болгондо,
Эчендер кирет ойлорго.
Элестетсем өткөндү,
Эрбейген бала кезимде,
Ээрчип калдым чоңдорго.
Сакалдуу, салттуу аталар,
Сай күлүк берип үйрөтүп,
Салдырып жүргөн чоң жолго.

4. Устатты шакирт жолдомок,
Улантып жүрдүм жорголоп.
Улуудан уккан ыр-күүнү,
Узартып түрдүү бормолоп.
Өзүңдөн данек чыкпаса,
Акындык чымын болбосо,
Өнөрдү кыйын колдомок.
Алты сөз кураш - чоң жомок,
Ышкысы талант болбосо,
Ыр бербейт эч ким дорболоп.
Таланттын түрдүү жагы бар,
Табышмак сырлуу жол болот.
Талпынып кээ бир таланттар,
Тай кезде чыгат ойдолоп.
Кай бир талант көз ачып,
Жайыраак туруп ойгонот.
Ардактап багып өстүрсө,
Арымы кеңип чоң болот.
Ак таңдай акын, төкмө деп,
Атагы, даңкы зор болот.
Жетпесе кадыр баркына,
Жемиши соолуп, кор болот.
Ырчы да дыйкан сыяктуу,
Жайнаса ыр деп ойлонот.

5. Башымды ийем, ийилем,
Элүүгө жашым барганга,
Эч болбойм эми арманда.
Эмгекти иштээр ушул кез,
Эми мен кирдим дарманга.

*Көңүлүн элдин ачканга,*
*Көмөкөй тилди чапканга.*
*Комузум чертип үн салып,*
*Кумарын калктын жазганга.*
*Кутмандуу өскөн эл-жерди,*
*Кубанам шаңдап айтканга.*

Эстебес Турсуналиевдин сунуш кылынган китептери:

1. Акындын үнү. - Ф., 1960.
2. Айтыштар. (Ырлар). - Ф., 1964.
3. Заман жарчысы. - Ф., 1972.
4. Эскерүүлөр. - Ф., 1975.
5. Ыр-өмүрүм. - Ф., 1978.
6. Кайыңды. - Ф., 1981.

Анын чыгармачылыгы жөнүндө:

1. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. - Ф., 1988. 277-287-беттер.

2. Асаналиев К. Эстебестин өнөрү. // Кыргызстан маданияты. - 1974. - 19-ноябрь

3. Укаев К. Ыр нөшөрү. // Советтик Кыргызстан. - 1970. - 17-февраль

4. Токтогул К. Шаңдуу турмуш жарчысы. // Кыргызстан маданияты - 1975. - 27-февраль

5. Самаганов Ж. Советтик Кыргызстандын жазуучулары. – Ф., - 1976. 602-603-б.

# КОРУТУНДУ

## (Жыйынтык ойлор. Түшүндүрмөлөр. Эскертүүлөр)

Илгери Ленин: «Бир проблеманын чечилгени экинчи проблеманы пайда кылат», - деп айткан экен. Анын сыңарындай, мына биз да китептин аягына чыгып, алда канча ойлорго кабылып олтурабыз. Ошол себептен корутунду сөзүбүздө эмнени айтып, эмнени айта албай калдык, канчалык деңгээлде канааттандык да, канчалык деңгээлде канааттанбай калдык? Бул сыяктуу суроолорго так жана кыска жооп болушу үчүн корутунду сөздөрдүн ошол маселелерди иреттеп, санап чыкмай формасы ылайык келип турат.

**Эмнеге жетише алдык?**

1. Кыргыз тили менен адабият адистигин тандап алган студенттер үчүн жупуну болсо да эмгек жазып, алардын кыргыз адабиятынын узак тарыхында опол тоодой орду бар ырчылык өнөр жөнүндө баяндап бердик.

2. Ишибизден кыргыз адабиятчылары менен фольклор изилдөөчүлөрү жараткан эмгекке таянып, алардын ойлорун жана идеяларын андан ары улантууга аракет кылдык.

3. Ырчылык өнөр же ырчылар чыгармачылыгы профессионал жазма адабияттын изилдөө ыкмалары жана теориясынан башкача изилденүүсү, атап айтканда, аларда ырчынын ырчылык, инсандык психологиялык ой жүгүртүүсү, таланты менен алардын ырларындагы идеялары бир тутумда изилдениши зарыл экендигин далилдөөгө умтулдук.

4. Ошол эле ырчылардын чыгармачылык психологиясын, ой жүгүртүүсүн, дискурсивдик жана интуитивдик касиеттерин, философиялык идеялары менен түшүнүктөрүн алар жараткан поэзиянын көркөм нарк-насилин сыпаттап жазганга аракеттендик.

5. Болжолдуу түрдө болсо да ырчылык өнөрдүн өнүгүү доорлорун белгиледик. Болжолдуу дегенибиздин себеби кыргыз тарыхы менен кыргыз фольклорунун өнүгүү диалектикасын аңдап-билүү же ошол багыттагы маалыматтарды талдоо менен гана өз оюбузду айт-

тык. Жазылып калган маалыматтар же илимий эмгектер жок деп олтура берген менен, качандыр бир кезде бирөө ошону жазыш керек эле. Айталы дегенибиз, ошол доорлорду так ачып берүү эмес, ал жөнүндө ой айтып, сөз козгоо бүгүнкү күндө канча маанилүү.

6.Кыргыз ырчыларынын кыргыз элинин рухий-социалдык өнүгүшүндө алган ордун алардын чыгармачылыгынын функционалдык өнүгүшүн талдоо менен көрсөтүүгө аракет кылдык.

7.Эгемендүүлүктүн шартында ырчылык өнөргө, көрүнүктүү ырчылардын чыгармачылыгына кыргыздарда байыркы замандардан бери өнүгүп келген гуманизм, демократия, адилеттүүлүк идеяларынын негизинде баа берүүгө басым жасадык.

**Эмнелерге жетише албадык?**

1.Бул окуу китеби 1997-жылы биз чыгарган ырчылар чыгармачылыгы боюнча студенттер үчүн түзүлгөн программанын негизинде жазылгандыктан, ошол алкак менен чектелүүгө туура келди.

2.Кээ бир ырчылар жөнүндө чыгармачылыгына байланыштуу маалымат берилгенде жупуну ойлордон алыс боло албадык. Анын үстүнө студенттерге окулган лекция же окуу китеби таанып-билүү жана илимий түшүнүк жагынан багыт берүүчү милдет аткаргандыктан, бардык маселелерди толук чечмелеп чыгууга мүмкүн эмес. Мындайда студенттердин практикалык сабактарда жана лекцияларда сунуш кылынган адабияттардын негизинде өз алдынча даярданышы ошол кенемтени толуктап олтурат.

3.Көркөм чыгармачылыктын жандуу психологиясына байланышкан илимий эмгектер аз болгондуктан, айрыкча, ырчылар чыгармачылыгынын мындай меселери жөнүндө али сөз боло электигинен улам ал жөнүндөгү сөзүбүз жупуну, кыска жана ырааттуу түрдө болбой калганын моюнга алабыз.

4.Мындай көлөмдөгү жана көп проблемалуу ишти жазууда анын бирдей деңгээлде, студенттер үчүн түшүнүктүү стилде болушун камсыз кылуу да ойдогудай болбоду: кайталоолорго, узун сүйлөмдөргө, татаал түшүнүктөргө жол берилди. Бул тажрыйбасыздыкка байланыштуу деп ойлойбуз.

5.Программада сунуш кылынган ырчылардын курамын өзгөртүүгө, толуктоого жана кээ бирин алмаштырууга болор эле. Бирок ага мүмкүнчүлүк бербеген негизги себеп - киргизилген ырчылар кыргыз коомчулугунда, тарыхында, рухий турмушта таанылган инсандар. Ал эми азыркы шарттарга ылайык жазгыч ырчылардын да, төкмөчүлөрдүн да ырчылык өнөрдүн тарыхынан алган орду аныкталган, белгилүү роль ойногон өкүлдөрүн алуу менен чектелдик. Маселен, атактуу Балык-

ооз манасчы, ырчы, айтыштын чебери болгон. Анын чыгармалары Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып турат. «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктеринде» ошол фондудагы маалыматтардын негизинде мазмундуу маалыматтар берилген. Бирок чыгармалары өз алдынча жарык көрө элек. Ошол себептен ал ырчыны кенен изилдеп, атактуу ырчылардын сабына тургузуу, чыгармаларын окутуу, изилдөө иштери алды жакта.

Боогачы жөнүндө да ушундай эле пикирди айтууга болот.

Айтылуу Казыбек казалчынын чыгармачылык тагдыры да татаал болгон. Жакынкы эле мезгилдерде ал жалаң гана көөлөнүп жазылып, совет бийлигинин душманы катары бааланып, ал эмес Англиянын тыңчысы болгон, ошол себептен туура камалган делинип келип, эгемендүүлүк орногондон кийин адилетсиз жапа чеккен деген бүтүмдөр менен ырлары жарык көрө баштады. Азырка учурда Казыбек ырчынын мурдагы көөлөнгөн мезгили, күнөөлөрү биротоло «жоюлуп», азыр ал адилетсиздиктин курманы катары «калыптанды». Башкача айтканда, түрмөдө жатып чыгарган муң-кайгыга толгон ырлары, идея-көз караштары чыныгы изилдөөнүн объектисине айлана элек. Тагыраак айтканда, Казыбектин чыгармачылыгы жана идеялары совет бийлигинен жапа чеккендиктен аны жек көрүп, түрмөгө түшкөн, же адилет ойлору үчүн куугунтукталган деген формулировкадан чыга элек. Анын өзү Казыбектин чыгармачылыгы жөнүндө ой айтып, ырчылардын катарына тургузуу алды жакта дегендикке жатат. Анын үстүнө ал жөнүндө сөз кылган адабиятчылар да анын чыгармачылыгын кенен изилдөөгө мындан ары гана киришмекчи.

Жазгыч ырчылар дегенде алардын чыгармачылыгын изилдеп-баалоодо да бийликтин идеологиясы катуу таасир эткен. Айталы, Абылкасым Жутакеев, Токтораалы Талканбаев сыяктуу жазгыч ырчылар мүмкүн болушунча совет бийлигин, партияны, Ленинди, Кызыл Армияны ырдап жүрүшүп, атак-даңк алышкан. Азыркыга чейин белгилүү болгон маалыматтарга караганда, алардын башка темадагы ырлары дээрлик болбоптур. Ал эми совет бийлиги жашап турганда алар жазгыч акын катары жогору бааланып, даңазаланышкан.

Мындан ары алардын башка чыгармаларын да таап, изилдеп, чыныгы чыгармачылык ордун аныктоо керек. Жогорку окуу жайларында алардын кайсыл чыгармаларын окутуу керек, кандай идеяларын талдап-аныктоо зарыл деген суроолорго мындан ары жооп болмокчу. Ошол өзгөчөлүктөрдү эске алып, китепке киргизбедик. Ал эми жаңы мезгилде көп жактуу чыгармачылыгы менен көрүнгөн Ток-

тосун Тыныбеков да кирген жок. Себеби совет мезгилиндеги төкмөчүлөрдүн, айрыкча, соңку муундагы ырчылардын чыгармачылыгы, негизинен, алардын жаңы шарттагы өзгөчөлүгү катары каралгандыктан, бардык эле ырчыларды кийире берүү мүмкүн эмес. Кандай болгондо да окуу китебине жана окуу программаларына ылгап-тандап, чыгармачылыгынын маани-маңызына жараша баалап киргизүү принциптери белгилүү. Ошого жараша бирөө кирет, дагы бирөө кирбей калат. Чындыгында, мында бирөөнүн окуу китебине кирбей калышынан чоң өзгөрүү деле болбойт. Ар бир ырчынын чыгармачылыгы жөнүндө ой-пикирлердин топтолушуна жана зарылдыгына жараша окутула берери талашсыз.

6. Ырчылардын өзгөчө типтерин түзгөн куудулдар, чечендер, манасчылар өз алдынча чыгармачыл инсандар катары китепке кирген жок. Анткени алардын чыгармачылыгы да фольклорго, көркөм сөз өнөрүнүн тарыхына байланыштуу изилденип жүрөт.

Жогорку окуу жайынын студенттери - орто билим алуунун алкагынан чыгып, илимий ой жүгүрткөнгө үйрөнүп жаткан жаштар. Ошого байланыштуу алардын кабылдоосу, түшүнүктөрү эске алынып, багыт берүүчү негиз болуп берди.

Албетте, ошондо деле оош-кыйыштар, ар түрдүү калпыстыктар болушу мүмкүн. Эң негизгиси – студенттерибиз аз да болсо, ырчылык өнөр боюнча түшүнүк алышып, улуттук көркөм сөз өнөрүнүн тарыхына жана маанилүү маселелерине кызыга башташса, биз милдетибизди аткарган болоор элек.

**Эскертүү:** ***Ушул эле максат менен китепке кирген ар бир ырчынын чыгармачылыгы жөнүндө илимий - көркөм очерк, алардын чыгармачылыгына мүнөздүү жаркын жана маанилүү ыр саптарынан үзүндү мисалдар келтирдик.***

Ага кошумча ырчылык өнөрдө кеңири кездешкен терминдерге да түшүндүрмө жана аныктамалар берилди.

Акырында айта турган сөз: ыңгайына карап, «Ырчылар чыгармачылыгы» жана «Ырчылык өнөр» деген аталыштар да кеңири колдонулду. Анткени, биринчи учурда сөз белгилүү бир ырчынын бүткүл чыгармачылыгы жөнүндө болсо, экинчи учурда анын таланты, ойлому, аткаруучулугу эске алынды.

## ЫРЧЫЛЫК ӨНӨРДӨ КЕҢИРИ КЕЗДЕШКЕН ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨСҮ

**1.** ***Абаз, обон, үн*** - ырчынын ырдоо же аткаруу талантына таандык касиет. Ырчынын вокалдык жөндөмдүүлүгү. Үнүнүн тунуктугу жагынан, ырдын темасына төп келтире аткарганы жагынан Жеңижок, Токтогул, Боогачы, Атай жөнүндө аңыз сөздөр айтылып келген.

**2.** ***Агартуучу*** - XIX кылымдын экинчи жарымында жазгыч ырчылардын арасынан таалим-тарбия, окуу, билимди жогору баалап ырдаган ырчылар.

**3.** ***Айтыш*** - ырчылык өнөрдүн жанры. Ал элдик адат-салт айтыштары жана ырчылар айтышы болуп, эки чоң топко бөлүнөт. Элдик айтыш ырлары оюн-зооктордо, жөндөмдүүлүктү көрсөтүү максатында пайда болуп, көптөгөн түрлөрү келип чыккан. Элдик айтыштар түздөн-түз ырчылар айтышынын пайда болушуна алып келген. Уруулук доорлордо уруу ырчыларынын калыптанышы менен алардын арасынан кыйындын кыйынын аныктоо үчүн пайда болгон. Анын көптөгөн түрлөрү жаралган.

Акындар айтышында айлана-чөйрөгө, коомдун өнүгүшүнө, тартип-таалимге байланышкан түшүнүктөр орун алган.

Айтыш жанры маанилүү тексттери, идеялары жана маалыматтары менен гана эмес, чыгармачыл психология, көркөм интуиция жагынан да таанып-билүү, изилдөө иштери үчүн өтө маанилүү.

***4. Акын*** - ыр жаратуучу, ырдоочу өнөрпоз. Ырчылык өнөрдүн тарыхында «ырчы» деген термин менен бирдей эле колдонулуп келген. Бирок академик К.К.Юдахиндин аныктамасы боюнча кыргыздарга жазма тексттер аркылуу XIX кылымда кеңири колдонула баштаган. Окумуштуу аны Кытайдагы уйгурлардын «эл башчысы», «эл урматтаган билимдүү» деген мааниде колдонулуп келген «акун» термини менен байланыштырат. Бирок кыргыз ырларында «Эп келтирип ырдаса, ырдын кени акында» деген сыяктуу саптар көп. Ага караганда «ырчы» маанисинде деле кеңири колдонулуп келген.

К.К.Юдахин бул терминдин колдонулушунун алты түрүн келтирет.[1]

***5. Алым сабак*** - акындар айтышынын бир түрү. Этимологиясы боюнча араб тилинде « билимдүүнүн (же билимдүүлөрдүн) сабагы, айтышы» дегенди билдирет. Айтыштын бул түрүндө ырчылар бирибиринин ырдаганын ошол нукта улантуу боюнча мелдешип ырдашкан.

Жазмасы өнүгүп келген Чыгыш элдеринде илим, дин жана айааламдын сырлары боюнча билимдүү адамдар мелдешип келишкен. Ал эми кыргыздар ошол сыяктуу түшүнүктөрдү ырдашуу (айтышуу) менен билдиришкен.

***6. Апыз*** - иран, араб тилдериндеги «хафиз», «хафез» деген сөз. Таланттуу, ойчул ырчыларды кыргыздар ушинтип аташкан.

***7. Вульгардык ыкма, багыт*** - ырчылык өнүрдүн тарыхында орун алып, өнүгүп келген багыт, ыкма. Сыягы ыкма катары ырчылардын катуу эрегишип айтышкан учурларында узак тарыхтан колдонулуп келген. Айрыкча өз уруусунун атынан чыгып ырдаганда, жеңилип калбас үчүн вульгардык ыкманы колдонушкан. Бул ыкманы колдонгон ырчылар өз атаандашын уят сөздөрдү колдонуп, же сөккөн сөздөр менен ырдап, «жеңишке» жетишкен. Айтыке, Найманбай, Курман, Барпы ырчылардын айтыштарында кездешет. Токтогулдун таасири жана түздөн-түз кийлигишүүсү менен колдонулбай калган.

***8. Гедонизм*** - жашоо жыргалы жөнүндөгү идеялар. Байыркы гректердин эпикалык поэзиясында өнүгүп келген. Ырчылар чыгармачылыгында кыргыз элинин турмуш-тиричилигине, салт-санаасына байланыштуу көрүнүктүү ырчылар тарабынан өнүгүп келген. Ырчылардын «Турбайбы», «Эмне кызык», «Жакшы экен», «Чери жазылат» ж.б. темадагы ырларында кеңири чагылтылган. Таалим-тарбия темасындагы санат-насыят ырларына караганда ырчылар мындай мазмундагы ырларда «Кантип жашоо керек?» деген проблеманын айланасында ой жүгүртүшкөн.

***9. Дастан*** - эпикалык фольклордук чыгарма. Иран тилинде «эпос» деген маанини билдирет. Иран - араб жазма адабиятынан кыргыз тилине кирген. Жазма, окуу, дин салты бар түштүк регионунда кенен колдонулуп келген. Азыркы учурда сейрек колдонулат. Кыргызча эпос айтуучулар айтып келген «жомок» деген маанини туюнтат. Бирок бул термин көбүрөөк «эпос» деген сөз менен маанилеш болуп, активдүү колдонууда.

***10. Демократ ырчы*** - ырчылык өнөрдүн тарыхында эл жөнүндө, анын мүдөө-тилектери, умтулуулары, жашоо проблемалары жөнүндө

---

[1] *К.К.Юдахин. Киргизско-русский словарь. – Ф., 1985,42-б.*

көбүрөөк ырдаган ырчылардын аталышы. Заман өзгөрүштөрүнө жараша бул багытта ырдаган ырчылар активдешип, же тескерисинче, пассивдешип өнүккөн. Орто кылымдарда Караханийлер доорунда жана Чыңгызхан бийлеген мезгилде элдин турмушунун оордошуна байланыштуу, социалдык адилетсиздиктин күчөшү менен бул багытта ырдаган ырчылар көбөйгөн.

XIX кылымда Кокон хандыгы менен орус колонизаторлорунун талоончул саясатынын негизинде демократ ырчылар оор абалды, адилетсиз бийликти айыптап ырдашкан.

***11. Динамикалык*** - фольклордук чыгармалардагы туруктуу образдарды, түшүнүктөрдү, сюжеттик формулаларды ырчылардын андан ары өнүктүрүшү. Ырчылар жеке чыгармачылыкка ээ болгон инсандар катары аларды белгилүү бир кызыкчылыктардан улам же өз талантына ылайык байытып, өзгөртүп, жаңылап келишкен. Фольклордогу сюжет-образдар статикалык же туруктуу мүнөзгө ээ болсо, ырчылардын ой жүгүртүүсү жана ырдашы жандуу, динамикалык мүнөзгө ээ.

***12. Дискурсия, дискурсивдик*** - чыгармачыл инсандын (ырчы, жомокчу ж.б.) эс тутумундагы түшүнүктөрдүн, сюжеттик-образдык курулмалардын, түркүн маалыматтардын казынасы, кору же мол экендиги. Дискурсивдик маалыматтар интуитивдик жол менен «ырга айланып», ырчынын талант деңгээлин аныктайт. Ал «билим» канчалык мол болсо, ырчынын төгүп ырдашы ошончолук таланттуу, ыргактуу, жеңил жана идеялык - көркөмдүк касиеттерге бай болот.

***13. Жазгыч ырчы*** - өз чыгармачылыгында жазманы кеңири колдонгон ырчылар. Алар дээринде жамакчы сыяктуу төгүп ырдоого жөндөмдүү болуп, жазманы пайдалануу менен ырларын жазып алып сакташкан жана окуп берүү менен жаратышкан.

Жазгыч ырчылардын түрлөрү көп. Мисалы: Молдо Нияз өмүр бою төгүп ырдап жүрүп, ырларын улам көчүрүп жазып алып жүргөн болсо, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо ж.б. акындар көчүрүп алгандарын окуп беришкен. Бирок алардын туруктуу аныктамасы тактала элек. Айталы, төкмөчүлөр Калык Акиев, Осмонкул Бөлөбалаев, Алымкул Үсөнбаевдер жазманы пайдаланып, өз алдынча чыгармалар жаратышкан. Мисалы, Осмонкул Бөлөбалаевдин «Ашымжан» поэмасы.

Калык Акиев менен Алымкул Үсөнбаевдер да элдик сюжеттердин негизинде поэмалар жазышкан. Бирок ийгиликтүү чыккан эмес.

Бул термин боюнча кыргыз адабият таануу илиминде негизинен Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Абылкасым Жутакеевдерди түшүнүшкөн.

***14. Жамак*** - төгүп ырдоо жөндөмдүүлүгү. Ырчынын таланты катары жогору бааланган. Мисалы:

*1. Алты жыл айтсам түгөнбөйт*
*Кызыл тилде жамагым.*

*2. Жамак деген, жарандар,*
*Тоодон улкөн кен экен.*
*Сузуп алса түгөнбөс,*
*Дарыя чалкар көл экен.*

***15. Жамакчы*** - төгүп ырдоого жөндөмдүү ырчы (импровизатор). Ал негизинен мактоо, кордоо сыяктуу майда жанрларды ырдап, көлөмдүү эпикалык ырларды жана санат ырларын ырдаган эмес. Бирок алар деле эпостордон үзүндүлөрдү, кээде санат ырларын ырдай беришкен. Бирок алардын чыгармачылыгына мүнөздүү жалпы белги - алардын негизинен жамактатып ырдап, майда жанрларды ырдагандыгы.

Жамактатып ырдоо адатта нускоочу ырчылардын терең маанилүү санат ырдоосуна караганда төмөн бааланган.

***16. Жомок*** - мурда кыргыздар эпосту ушинтип аташкан. Эпикалык мазмундагы көлөмдүү чыгарманын аталышы.

***17. Жомокчу*** - баатырдык эпосторду айтуучу ырчы. Байыркы кыргыздардын түшүнүгүндө алар сыйкырдуу талантка ээ болуп, эпикалык дастандарды бир нече күндөп же айлап аткарышкан. Атактуу Каюм Мифтаков күндөлүктөрүнүн биринде минтип жазат: 1928-30-жылдар ичинде Ы.Абдырахманов экөө Сагымбай Орозбаковдон «Манасты» жазып ала башташат. Бир күнү улуу манасчыдан эми канчасы калды дегенде ал толтура буудай салынган ала капты көрсөтүп, ошондон бир кочуштайын айттым деген экен.

Дээрлик бардыгынын айтымында сыйкырдуу түш көрүүдөн кийин эпосту аткарып калышкан.

Эпосту аткарып жатып, андагы ситуацияларга жана окуяларга жараша ар түрдүү абалда болушкан. Анын натыйжасында угуучулар эпостун сыйкырдуу таасиринде болушкан. Мунун өзү эпосту аңдап-билүүдө, изилдөөдө, мазмун-идеяларын түшүнүүдө чоң роль ойногон.

***18. Заманачыл ырчы***- коомдук өнүгүштүн көрүнүштөрүн, бийликти, анын салыштырмалуу абалын ырдаган ырчы. Андай ырчылар бийликтин адилетсиздигин, эл турмушундагы терс көрүнүштөрдү ырдоо менен замандын ал-абалын баалашкан.

Замандын абалын ырдоо орто кылымда жашаган ырчыларда деле болгон. Бирок алардын көпчүлүгү диндеги, коомдогу, адамдардын жүрүм-турумундагы жалпы эрежелерге кайчылаш келген көрүнүштөрдү акыр замандын белгилери катары эсептешкен жана ошол мазмунда ырлар жазышкан. Сыягы алардын (Ахмед Ясави, Сулайман Бакыргани) ыр китептери түрк тилдүү элдерде кеңири белгилүү болуп, кыргыз ырчыларына да жеткен.

Кыргыз ырчылары да заман, коом жана адам жашоосундагы көйгөйлүү маселелер жөнүндө ырдап келишкен. Бирок совет мезгилинде Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч сыяктуу ырчыларды «заманчыл ырчылар», «замана агымынын» өкүлдөрү деп, эски заманды эңсегендер катары айыпташкан.

Эгемендүүлүктүн шартында алардын ырлары кайрадан чыгарылып, адилет изилдене баштады.

***19. Импровизация*** – алдын-ала даярданбай туруп, төгүп ырдоо жөндөмдүүлүгү. Бул жөндөмдүүлүк ырчынын психологиясына, темпераментине да байланышып, чукугандай сөз тапкан тактык менен тездикти да туюнтат.

Ырчылардан башка музыканттарда, аткаруучуларда да кездешет.

***20. Интуиция (интуитивдик)*** - ырчынын эс тутумундагы дискурсивдик маалыматтардын ыр формасында өтө тездик менен берилиши, ылайыктуу ыр саптарын таба билиши. Көркөм-поэтикалык интуиция ой жүгүртүүгө байланышып, ар бир ырчыда өз алдынча чагылат. Ырчыларда, чечендик өнөрдө өнүгүп келген.

***21. Казал*** - чыгыш поэзиясында кеңири колдонулган «газель» жанрынын кыргызча аталышы. Бирок кыргыздар жазгыч ырчыларды «Казалчы» деп, алардын ырларын «казал» деп атап калышкан.

***22. Кайым, кайымдашуу*** - айтыш жанрында кездешкен түр. Бул элдик айтыш ырларында, акындар айтышында да кеңири өнүккөн. Мааниси боюнча эрегишип, атаандашып ырдашуу дегенди билдирет.

***23. Кара ыр*** - үзгүлтүксүз же токтобой төгүп ырдоо. Мааниси боюнча «импровизацияга» жакын. Ырдоонун ылдамдыгына, формасына карата чыккан.

***24. Кордоо*** - ырчылардын кордошуп айтышуусу. Мында атаандашын жеңүү үчүн ырчылар вульгардык ыкмаларды да коллдонушкан. Бирок элдик (демократ) ырчылар гана кордоонун ордуна төгүндөлгүс аргументтер менен ырдашкан.

***25. Куудул*** - сатира-юморду, артистизмди, ырчылыкта кеңири колдонуп, элди күлдүрүү максатын көздөгөн инсандар. Алар тур-

муштагы, адам мүнөзүндөгү терс көрүнүштөрдү сындап ырдоо менен алдыңкы көз караштарды бекемдөөгө умтулушкан.

***26. Лирик*** - лирикалык багытта ырдаган ырчы. Ырчылар өз чыгармачылыгында чектелишпей түрдүү жанрларда, түркүн темада ырдай беришкен. Бирок Боогачы сыяктуу ырчылар ашынган лирик, чебер вокалисттерден болушкан.

***27. Мактоо ырлары*** - ырчылар чыгармачылыгында кеңири ырдалып келген ырлар. Эшик ырчылары өз кожоюнун, ал эми кээ бир ырчылар аш-той ээлерин мактап ырдашса, чыныгы элдик ырчылар (Барпы) акыл-эсти, жагымдуу мүнөздөрдү, жакшы касиеттерди даңазалап ырдашкан.

***28. Манасчы*** - «Манас» эпосун аткарган көрүнүктүү ырчылар.

***29. Насыят*** - тартип-таалим, тарбия темасындагы ырлар.

***30. Нускоочу*** - терең маанилүү санат ырларын ырдаган ырчылар.

***31. Саламдашуу*** - ырчылар чыгармачылыгында философиялык мазмундагы, көп маанилүү ырлар. Бардык эле ырчы бул багытта ырдай алган эмес. Терең маанилүү ыр саптарынан турган санат ырларында ай-аалам, жашоо, адам, заман жөнүндөгү идеялар орун алган.

***32. Сармерден айтышы*** - элдик жана ырчылар айтышынын бир түрү. Мында чогуу отургандар кезектешип, негизинен, сүйүү темасында ырдашкан. Ырдай албагандарды «уйча мөөрө» ж.б. деп шылдыңдашкан.

***33. Статикалык*** - элдик ырларда кездешчү туруктуу түшүнүктөр жана ыкмалар. Аларды ырчылар жаңыртып ырдап, идеяларды динамикалык абалга жеткиришкен.

***34. Санат*** - ырчылар чыгармачылыгында философиялык мазмундагы, көп маанилүү ырлар. Бардык эле ырчы бул багытта ырдай алган эмес. Терең маанилүү ыр саптарынан турган санат ырларында ай-аалам, жашоо, адам, заман жөнүндөгү идеялар орун алган.

***35. Суроо - жооп айтышы*** - ырчылардын бири-бирине татаал суроолорду берип айтышканы. Мында жооп бере албай калган ырчы жеңилген.

***36. Табышмактуу айтыш*** - таланттуу ырчылар жогоруда айтылгандай, эс тутумунда дискурсивдик маалыматы бай болгондуктан, айтышкан учурларда атаандашын түйүндүү маселелерди чечип берүүгө чакырып ырдашкан. Маселен, «он сегиз миң аалам кантип жаралган», «Күндүн батар жери кай жер?», «Бүт дүйнө, жан-жаныбарларды ким жараткан?» деген сыяктуу чечүүгө татаал суроолорду беришкен.

Ар кандай ырчынын дискурсивдик «билими» чектелүү болгондуктан, мындай айтыштардын туруктуу тексттери пайда болгон да, аны билген ырчылар өз айтыштарында колдоно беришкен.

***37. Терме*** - белгилүү темасы жок эле турмуш көрүнүштөрүн, ар түрдүү чындыктарды терип ырдоо. Кийинки учурларда так темалар боюнча да термелер пайда болуп жатат. Мисалы: «Жер жөнүндө терме», «Аялдар жөнүндө терме» ж.б.

***38. Үлгү ырлар*** - ырчылардын насыят темасына байланышкан ырлары. Ырчылар мында жаштарга же жалпы эле адамдарга жашоодогу жакшылыктар, үлгүлүү жүрүм-турум, тарбия жөнүндө ырдашкан.

***39. Функционалдык өнүгүш*** - ырчылык өнөрдүн коом алдында белгилүү бир «кызмат аткарышы», маанилүү идеяларды чагылтып, түрдүү багыттарды чагылтышы. Маселен, ырчылык өнөрдүн тарыхынан:

а) Таанып-билүү
б) Көркөмдүк - концептуалдык
в) Тарбиялык
г) Гедонисттик
д) Аң - сезимди калыптандыруучу
ж) Эстетикалык
жана башка функцияларды көрүүгө болот.

***40. Ырлардын цикли*** - ырчынын же ырчылардын белгилүү бир тема же багыттагы ырлары. Ырчынын чыгармачылыгында андай ырлардын цикли маанилүү роль ойноп, анын идеяларын ачып берүүгө көмөк көрсөтөт.

***41. Ырчы*** - эл арасында төгүп ырдаган ырчы. К.К. Юдахин: «Ырчы үчкө бөлүнөт: жамакчы, жомокчу, нускоочу» деп жазат. (Жогоруда аталган эмгек. 2 т. 439-б.)

***42. Ыр*** - ырдалуучу чыгарма - ырдын тексти, төгүп ырдоо учуру - ыр.

***43. Чечендик өнөр*** - орто кылымдарда коомдук өнүгүшкө байланыштуу ырчылык өнөрдө түрдүү типтер пайда болгон. Маселен, ырчы, сынчы, чечен ж.б. Чечендер улуулар ортосундагы чыр-чатактарды жалгаштыруу, күнөөлүүлөрдү уяткаруу жагынан чебер инсандар болуп, чыгармачылыгында макал-ылакаптарды, айтым сөздөрдү, үчкул ыр саптарын кеңири колдонушкан. Уруулар ортосунда чечендик айтыштар болуп турган. Сөз тапкычтыгы, ойчулдугу жагынан айырмаланышкан таланттуу инсандар болушкан.

***44. Экстаз*** - ырчынын ырдап жаткан учурда төгүп ырдоонун өзгөчө психологиялык точкасына жетиши. Мындай учурда ал өзүн унуткан деңгээлде төгүп ырдай берет. Айрыкча, эпос аткарган жомокчуларда кеңири белгилүү болгон.

***45. Эл ырчы*** - көбүнчө эл турмушу жөнүндө демократтык мазмунда ырдаган ырчылар. Жеке кызыкчылыктан эл кызыкчылыгын жогору коюп ырдашкан. Баалуу идеяларды, маанилүү түшүнүктөрдү чагылтышкан.

***46. Эпикалык ой жүгүртүү*** - турмуш көрүнүштөрүн чектен ашкан чен-өлчөмдөрдө көрө билүү. Муну «Манасты» изилдеген окумуштуулар (Э.Абдылдаев) «эпикалык доор» деп да аташкан.

Эпикалык ой жүгүртүү ири-ири уруулук биримдиктер пайда болуп, ар бир уруу (алардын чыгармачыл инсандары) өз тарыхы, рухий мурастары, миф - легендалары жөнүндө бай маалыматтарды билдиришип (аткарышып), рухий маалыматтар интеграциялана баштаганда пайда болгон.

Ири эпикалык эстеликтердин жаралышында, кыргыз фольклорунун ченемсиз масштабда өнүгүшүндө чоң роль ойногон.

***47. Эргүү*** - ырчынын угуучулар алдына чыгып ырдар алдындагы психологиялык абалы. Эргүү ар түрдүү жагдайлардан турат. Эргүүнүн пайда болушуна түрткү берген жагдайлар болбосо, чыгармачыл эргүү пайда болбойт. Ал эми эргүүсүз ырдоо чыныгы чыгармаларды жарата албайт. Бул маселе азырынча изилдене элек.

***48. Эшик ырчы*** - бай-манаптардын, бийлик өкүлдөрүнүн үйүндө жүрүп ырдаган ырчылар. Алар, негизинен, өз кожоюнунун байлыгын, мал-мүлкүн, жүргөн-турганын мактап ырдоо менен чектелишкен. Ошол эле учурда алардын да ашынган чеберлери болуп, бирок кожоюнуна көз каранды болгондуктан, эркин ырдай алышкан эмес.

## ПАЙДАЛАНУУГА СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАР:

1. Абрамзон С. М. Киргизы и их этно-генетические и историко-культурные связи. -Л., 1971.
2. Адабият терминдеринин сөздүгү. -Ф., 1987.
3. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. -Ф., 1988.
4. Аманалиев Б. Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголок Молдо. -Ф., 1963.
5. Аманалиев Б. Из истории философской мысли кыргызского народа. -Ф., 1963.
6. Артыкбаев К. Ар түрдүү издер. -Ф., 1968.
7. Артыкбаев К. Мезгил элестери. –Ф., 1979.
8. Байжигитов К. Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары. -Ф., 1985.
9. Байкожоев С. Жазгыч акындар. -Ф., 1959.
10. Байкожоев С. Эл ырчысы Калык. -Ф., 1960.
11. Байкожоев С. Алымкул Үсөнбаев. -Ф., 1962.
12. Байкожоев С. Осмонкул ырчы. -Ф., 1964.
13. Барпы. Эскерүүлөр. Изилдөөлөр. Арноолор. -Б., 1995.
14. Бахтин М. М. Эстетика словесного творчества. -М., 1968.
15. Бессознательное. Природа, функции, методы, исследования. –Тбилиси, 1978.
16. Бобулов К. Фольклор жана адабият. –Ф., 1980.
17. Богданова М. И. Токтогул Сатылганов. -М., 1959.
18. Борбугулов М. Адабият теориясы. -Б., 1999.
19. Борев Ю. Эстетика. -М., 1975.
20. Баеворут К. Мусульманские династии. -М., 1971.
21. Буганов В. И. Куликовская битва. -М., 1985.
22. Валиханов Ч. Ч. Собр. соч. 1-5 томдуктар. -А-А,. 1984.
23. Виноградов В. Киргизкая народная музыка. -Ф., 1958
24. Виноградов В. Токтогул Сатылганов и кыргызские акыны. -М-Л., 1952.

25. Виноградов В. Киргизкие народные певцы и музыканты. -М., 1974.
26. Выготский А. С. Психология и искусство. -М., 1965.
27. Громов Е. С. Художественное творчество. -М., 1970.
28. Гусев В. Е. Эстетика фольклора. -Л., 1967.
29. Даутов К. Сөз өнөрүнүн эстетикасы. -Ф., 1980.
30. Даутов К. Классиктин эстетикалык сабактары. -Ф., 1986.
31. Даутов К. Таланттар жана тагдырлар. -Ф., 1988.
32. Дмитриева Н. А. , Виноградова Н. А. Искусство древного мира. -М., 1986.
33. Закиров С. Эл чыгармачылыгы- эл кенчи. -Ф., 1981.
34. Закиров С. Кыргыз санжырасы. –Ф., 1999.
35. Исмайилов Е. Акындар. -Алма-Ата, 1958.
36. Ирисов П. Жанровые особенности кыргызских айтышей. -Ф., 1971. (Автореферат. кан. дисс.)
37. Ирисов П. Айтыш жана акындык ойлоо. «Кырг. мад.» 1969. 22-апрель.
38. Ирисов П. Ырчылар поэзиясын жогорку окуу жайларында окутуу жөнүндө. Макала. / Актуальные вопросы методики преподавания национального языка и литературы в школе и в ВУЗе. Илимий конференциянын материалдары. -Ф., 1982.
39. Ирисов П. Матеморфозы с терминами. Макала. Материалы международной конференции «Компьютерный фонд терминов туркиских языков» -Чимкент, 1995.
40. Кебекова Б. Кыргыз-казак акындарынын чыгармачылык байланышы. – Ф., 1985.
41. Кудайбергенов К. Эл дастандары жана акын. -Ф., 1970.
42. Кыдырбаева Р. З. Сказительское мастерство манасчи. -Ф., 1980.
43. Кыргыздар. Тарых. Санжыра. 1-3 томдуктар. -Б., 1993.
44. Кыргызстандын тарыхы. -Ф., 1984.
45. Кыргыз совет энциклопедиясы. 1-6 том-р. -Ф., 1975-83.
46. Лук А. Н. Мышление и творчество. -М., 1976.
47. Маликов К. Замандаштарым жана калемдештерим. -Ф., 1985.
48. Молдобаев К. Принцип народности в творчестве акынов-демократов. -Ф., 1958.
49. Петров С. Тайны творчества. –М., 1964.
50. Потебня А. А. Эстетика и поэтика. -М., 1976.
51. Проблемы фольклора. Статьи. -М., 1975.
52. Пропп В. Я. Фольклор и действительность. -М., 1976.
53. Психология мышления. Сборник статьей. -М., 1965.

54. Путилов Б. Н. Методология сравнительно-исторического изучения фольклора. -Л., 1976.
55. Радлов В. В. Кодекс Куманикус.-М., 1947.
56. Рейтман У. Познание и мышление. -М., 1968.
57. Русский фольклор. Ежегодник. 10-том. Специфика фольклорных жанров. Ушул томдо: Аникин В. П. Возникновение жанров в фольклоре. Статья. -М-Л.: Наука 1966.
58. Саманчин Т. Кылыч жазгыч акын. Китепте: Молдо Кылыч. Казалдар. -Б., 1991.
59. Стеблева И. В. Поэзия тюрков. 6-8 в. в. -М., 1965.
60. Стеблева И. В Поэтика древно-тюркской литературы и ее трансформация в ранне-классический период. –М., 1976.
61. Тэйлор. Э. Б. Первобытная культура. -М., 1989.
62. Таштемиров Ж. Тоголок Молдонун чыгармачылык жолу. -Ф., 1955.
63. Таштемиров Ж. Барпы Алыкулов. -Ф., 1957.
64. Таштемиров Ж. Токтогул жана кыргыз адабияты. –Ф., 1964.
65. Таштемиров Ж. Токтогулдун акындык чеберчилиги. -Ф., 1975.
66. Таштемиров Ж. Токтогул жана акындык поэзия. -Ф., 1980.
67. Таштемиров Ж. Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүгү. -Ф., 1989.
68. Урустанбеков Б. Чороев Т. Кыргыз тарыхы. -Ф., 1980.
69. Үмөталиев Ш. Токтогул. -Ф., 1975.
70. Хильми. Г. Ф. Поэзия науки. -М., 1970.
71. Чанышев А. Н. Начало философии. –М., 1982.
72. Юдахин К. К. О киргизком термине «акын». Китепте: «Академику Гордлевскому В. К его 70-летию». Сб. ст. -М., 1953.
73. Юдахин К. К. Киргизско-русский словарь. -М., 1964.

## КӨРКӨМ ТЕКСТТЕР


1. Айтыштар. 1-2 т. -Ф., 1972.
2. Алымкул Үсөнбаев. Чыгармалар. -Ф., 1977.
3. Арстанбек. Ырлар. -Б., 1994.
4. Барпы Алыкулов. Чыгармалар. -Ф., 1971.
5. Барпы. Тандалмалар.-Ф., 1984.
6. Барпы. Чыгармалар. -Ф., 1971.
7. Жеңижок. Ырлар. -Ф., 1982.
8. Казыбек. Казалдар. -Ф., 1997.
9. Калыгул Бай уулу. Ырлар. -Б., 1992.
10. Калык Акиев. Чыгармалар. -Ф., 1973.
11. Коргол Досуев. Ырлар. -Ф., 1963; 1981.
12. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. 1-т. -Ф., 1984.
13. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. 1-т. -Б., 1999.
14. Кыргыз элинин санат-насыят терме ырлары. -Ф., 1973.
15. Молдо Кылыч. Казалдар.- Б., 1991.
16. Молдо Нияз. Санат дигаресттер. -Б., 1995.
17. Мурас. Ырчылардын чыгармалары. -Ф., 1990.
18. Осмонкул Бөлөбалаев. Чыгармалар. -Ф., 1973.
19. Осмонкул. Ырлар. -Ф., 1988.
20. Тоголок Молдо. Чыгармалар. 1-2 т.- Ф., 1973.
21. Токтогул. Чыгармалар. 1-2 т. -Ф., 1968.
22. Ысмайыл Борончиев. Кызыл кырман. -Ф., 1970.
23. Ысак Шайбеков. Кайран эл. -Ф., 1975.
24. Элдик поэмалар. -Ф., 1973.
25. Эл ичи - өнөр кенчи. / Түзгөн Ж. Мукамбаев. -Б., 1990.
26. Эл казынасы. / Түзгөн К. Карымбаев. -Ф., 1981.
27. Эл ырчылары. Жыйнак. / Түзгөн С. Каипов. -Ф., 1981.
28. Эстебес Турсуналиев. Заман жарчысы. -Ф., 1972.
29. Э. Турсуналиев Ыр өмүрүм. -Ф., 1978.
30. Эшмамбет Байсейитов. Ырлар. -Ф., 1993.

# Мазмуну

**Киришүү** .......... 3
Ырчылык өнөрдүн өзгөчөлүктөрү .......... 13
Ырчылык өнөрдүн тарыхый өнүгүшү жана психологиясы .......... 21
Ырчылык өнөрдүн функционалдык өнүгүшү .......... 53
1. Ырчылык өнөрдүн таанып-билүү функциясы .......... 53
2. Ырчылык өнөрдүн коомдук-социалдык функциясы .......... 56
3. Ырчылык өнөрдүн философиялык функциясы .......... 60
4. Ырчылык өнөрдүн информациялык -коммуникативдик функциясы .......... 66
5. Ырчылык өнөрдүн тарбиялык функциясы .......... 68

Ырчылык өнөрдүн жанрлары .......... 73
Ырчылар чыгармачылыгынын изилдениши .......... 79
**Көрүнүктүү кыргыз ырчылары** .......... 82

Калыгул Бай уулу (1785-1855) .......... 82
Молдо Нияз (1823-1896) .......... 88
Арстанбек Буйлаш уулу (1824-1882) .......... 96
Жеңижок Көкө уулу (1860 – 1918) .......... 104
Тоголок Молдо (Байымбет Абдрахманов) (1860-1942) .......... 111
Токтогул Сатылганов (1864-1933) .......... 117
Молдо Кылыч Шамыркан уулу (1866-1917) .......... 127
Эшмамбет Байсейит уулу (1870-1926) .......... 136
Алдаш Молдо Жээнике уулу (1874-1930) .......... 140
Ысак Шайбеков (1880-1958) .......... 144
Коргол Досуев (1882-1962) .......... 149
Калык Акиев (1883-1953) .......... 157
Барпы Алыкулов (1884-1949) .......... 162
Осмонкул Бөлөбалаев (1888-1967) .......... 173
Алымкул Үсөнбаев (1894-1963) .......... 179
Ысмайыл Борончиев (1910-1978) .......... 183
Эстебес Турсуналиев (1931-жыл) .......... 189

**Корутунду** .......... 195
Ырчылык өнөрдө кеңири кездешкен терминдердин түшүндүрмөсү .......... 199
Пайдаланууга сунуш кылынган адабияттар: .......... 207

Окуу китеби

Ирисов Пайзилда

**ЫРЧЫЛАР ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ**

*Оңдолуп, экинчи басылышы*

Жооптуу редактору Ж. Шериев
Корректору Улан Дүйшөналы
Компьютердик калыптоочу Жаныазаков Табылды

Форматы 60x84 1/16. Көлөмү 13,25 б.т.
Заказа № 38. Нускасы 1000 даана.

Бишкек шаары,
Киев көчөсү, 77
«Бийиктик» басмасы,
Тел.: 90-04-79

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
ИНВ № 100 е